КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН АППАРАТЫ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ АЛДЫНДАГЫ БАШКАРУУ АКАДЕМИЯСЫ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА УЛУТТУК АГЕНТТИГИ
ХАННС ЗАЙДЕЛЬ ФОНДУ (ГЕРМАНИЯ)

ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ УЧУН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УКУКТУК ЧЕНЕМДИК АКТЫЛАРЫ

Бишкек-2010

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН АППАРАТЫ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН АЛДЫНДАГЫ БАШКАРУУ АКАДЕМИЯСЫ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА УЛУТТУК АГЕНТТИГИ
ХАННС ЗАЙДЕЛЬ ФОНДУ (ГЕРМАНИЯ)

ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ УЧУН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УКУКТУК ЧЕНЕМДИК АКТЫЛАРЫ

Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын жетекчиси К.Т. Жороевтин
Редакциясы боюнча

Түзгөндөр:
А.Ф. Султанбеков, Б..А. Фаттахов, А.О. Мамытова, С.К. Мурзаев

Ханнс Зайдель Фондунун жардамы менен чыгарылды (Германия)

Бишкек-2010

УДК 352:34 (575.2)

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары учун Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылары. / Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын жетекчиси К.Т. Жороевтин Редакциясы астында. Түзгөндөр: А.Ф. Султанбеков, Б..А. Фаттахов, А.О. Мамытова, С.К. Мурзаев Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы башкаруу Академиясы. Бишкек 2010 ж. -272 бет.

Ханнс Зайдель Фондунун (Германия) колдоосунда басылды

Берилген колдонмо Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы башкаруу Академиясы Кыргыз Республикасынын Президентининн Аппараты Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча улуттук агенттиги менен бирдикте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларына жардам көрсөтүүгө даярдалды.

Колдонмодо жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу -тескөөчү жана окулчулуктүү органдарынын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун негизги ченемдик укуктук актылары камтылган.

Кыргыз Республикасынын январь 2010- жылдагы мыйзамдары киргизилди

УДК 352:34 (575.2)

© Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы башкаруу Академиясы
© Ханнс Зайдель Фонду

МАЗМУНУ:

I. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫ

БИРИНЧИ ГЛАВА. Конституциялык түзүлүштүн негиздери…….… 6

БЕШИНЧИ ГЛАВА. Кыргыз республикасынын аткаруу бийлиги. Экинчи бөлүм. Жергиликтүү мамлекеттик администрация……..… 6

СЕГИЗИНЧИ ГЛАВА. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу…… 6

II. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫ

Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө»……..... 9

Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө»……...…….. 52

Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө»…….. 64

Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы- экономикалык негиздери жөнүндө»…….. 97

Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө»..103

Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу жөнүндө»……..122

Кыргыз Республикасынын Мыйзамы « Жайыттар жөнүндө»……...……131

Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Муииципалдык кызмат жөнүндө»……..138

Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Аксакалдар соттору жөнүндө»……154

Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Жааматар жөнүндө»……166.

Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Турак жайдын менчик ээлеринин шериктиктери жөнүндө»……..175

Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Кыргыз Республикасынын администрациялык-аймактык тузулушу тууралуу»…….....192

Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө»……200

Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө»……208

III. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ЖАРЛЫКТАРЫ

Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын карамагындагы маалыматтарга ээ болуу жөнүндө»……229

Айылдык округдардын, поселкалардын жана райондук маанидеги шаарлардын башчыларын көрсөтүүнүн жана шайлоону өткөрүүнүн тартиби жөнүндө ЖОБО…..300.

IV. ТОКТОМДОР

Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу ТИПТҮҮ ЖОБО……..234

Жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участокторун берүүнүн тартиби жөнүндө ЖОБО……..257

Кыргыз Республикасынын республикалык, облустук маанидеги шаардык кеңештеринин жана райондук кеңештеринин аппараттарынын типтүү түзүмдөрүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө……..259

Республикалык маанидеги шаарлардын шаардык кеңештеринин аппараттарынын ТИПТҮҮ ТҮЗҮМҮ ЖАНА ШТАТТЫК САНЫ……260

Облустук маанидеги шаарлардын шаардык кеңештеринин аппараттарынын ТИПТҮҮ ТҮЗҮМҮ ЖАНА ШТАТТЫК САНЫ…….261

Райондук кеңештердин аппараттарынын ТИПТҮҮ ТҮЗҮМҮ ЖАНА ШТАТТЫК САНЫ……..262

"Жайыттар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу……..262

Жайыттардын чек араларын белгилөө боюнча мамлекеттик комиссиянын КУРАМЫ…….263

Жайыт билетинин ТИПТҮҮ ФОРМАСЫ……264

Жайыттардын чек араларын белгилөө боюнча облустук жумушчу топтор жана жергиликтүү (райондук) комиссиялар жөнүндө ЖОБО…….265

Жайыттарды пайдалануу үчүн акы белгилөө тартиби жөнүндө ТИПТҮҮ ЖОБО...267

Түрткү берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен каржылоонун тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу…….270

I. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫ

БИРИНЧИ ГЛАВА. Конституциялык түзүлүштүн негиздери

7-берене.

Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик:

бүткүл эл тарабынан шайланган мамлекет башчысы - Кыргыз Республикасынын Президенти өкүл болгон жана камсыз кылган элдик бийликтин үстөмдүгүнүн;

мамлекеттик бийликти мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бутактарына бөлүштүрүүнүн, алардын макулдашып иштешинин жана эриш-аркак аракеттенишинин;

мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын эл алдындагы жоопкерчилигинин жана элдин таламдарында алардын өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруусунун;

мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын милдеттерин жана ыйгарым укуктарын так бөлүштүрүүнүн принциптерине негизденет.

БЕШИНЧИ ГЛАВА. Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлиги.
Экинчи бөлүм. Жергиликтүү мамлекеттик администрация

75-берене.

1. Тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиктин аймагында аткаруу бийлигин жергиликтүү мамлекеттик администрация ишке ашырат.

2. Мамлекеттик администрациянын ыйгарым укуктары, ишин уюштуруу жана иштөө тартиби мыйзам менен аныкталат.

76-берене.

1. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар Конституциянын, мыйзамдардын, Президенттин жана Өкмөттүн ченемдик укуктук актыларынын негизинде иштейт.

2. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын, анын өзүнүн компетенциясынын чегинде кабыл алынган чечимдери тийиштүү аймакта милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.

СЕГИЗИНЧИ ГЛАВА. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу

93-берене.

1. Кыргыз Республикасында жергиликтүү өзалдынча башкаруу жергиликтүү жамааттар тарабынан жүргүзүлөт жана калк тарабынан жергиликтүү маанидеги маселелерди өзалдынча чечүүнү камсыз кылат.

2. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу түздөн-түз жарандардын өздөрү же башка жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына шайлоо аркылуу жүзөгө ашырылат.

3. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары муниципалдык менчикти өзалдынча башкарат, жергиликтүү бюджетти түзөт, бекитет жана аткарат,

жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды киргизет, коомдук тартипти сактоого көмөк көрсөтөт, ошондой эле жергиликтүү маанидеги башка маселелерди чечет.

4. Жергиликтүү өзалдынча башкарууну финансылоо тийиштүү жергиликтүү бюджеттен камсыз кылынат.

94-берене.

1. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары менен белгиленген өз ыйгарым укуктарынын чегинде алардын аймагында милдеттүү түрдө аткарыла турган актыларды кабыл алат.

2. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын жана кызмат адамдарынын системасын төмөнкүлөр түзөт:

- айылдык округдардын, поселканын жана райондук маанидеги шаардын башчылары, шаарлардын мэрлери;
- жергиликтүү кеңештер - жергиликтүү өзалдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары;
- айыл өкмөтү, шаардык жана поселкалык башкармалары, мэриялар жергиликтүү өзалдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдары;
- башка кызмат адамдары жана органдары.

95-берене.

1. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысынын сунушу боюнча мыйзамда белгиленген тартипте айылдык округдардын, поселканын жана райондук маанидеги шаардын башчылары жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан шайланат. Шаарлардын мэрлери Президенттин сунушу боюнча тийиштүү жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан шайланат.

2. Жергиликтүү кеңештин депутаттары тийиштүү администрациялык-аймактык бирдиктин аймагында жашаган жарандар тарабынан мыйзамда белгиленген тартипте шайланат.

3. Жергиликтүү кеңештер мыйзамга ылайык:

- жергиликтүү бюджеттерди бекитет, алардын аткарылышына контролдук кылат, ошондой эле жергиликтүү маанидеги башка маселелерди чечет;
- жергиликтүү жамаатты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларын бекитет;
- мыйзамга ылайык жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды киргизет, ошондой эле мыйзамда каралган учурларда жана тартипте алар боюнча жеңилдиктерди белгилейт.

96-берене.

1. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктар, аларды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык, финансылык жана башка каражаттар өткөрүлүп берүү менен ыйгарылышы мүмкүн. Мамлекеттик ыйгарым укуктар жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына мыйзамдын негизинде өткөрүлүп берилиши мүмкүн. Өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктар боюнча жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары мамлекеттик органдарга отчет беришет.

2. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын мамлекет жана анын органдары алдында мыйзамдардын сакталышы жана аткарылышы үчүн, жергиликтүү жамааттын алдында - өз ишинин натыйжасы үчүн жоопкерчиликтүү болушат.

3. Мамлекеттик органдар, мыйзамда каралган учурлардан тышкары жергиликтүү өзалдынча башкаруунун ишине кийлигишүүгө акысыз.

97-берене.

1. Мамлекет жергиликтүү өзалдынча башкарууга колдоо көрсөтөт.

2. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары өздөрүнүн укуктарынын бузулушуна байланыштуу соттук коргоого кайрылууга укуктуу.

II. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫ

.

Бишкек шаары
2008-жылдын 29-майы N 99

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ
Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана
жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө

(Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 26-январындагы N 27,
2009-жылдын 15-июнундагы N 183, 2009-жылдын 20-июлундагы N 237,
2009-жылдын 25-декабрындагы N 317, 2010-жылдын 13-январындагы N 1
Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

I бөлүм. Жалпы жоболор
1-глава. Жергиликтүү өзалдынча башкаруунун түзүмү жана уюштуруу негиздери
2-глава. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелери жана мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү
3-глава. Жергиликтүү кеңештердин ишинин уюштуруу-укуктук негиздери
4-глава. Республикалык жана облустук маанидеги шаардын мэри, мэриясы
5-глава. Райондук маанидеги шаардын шаардык башкаруусу жана поселкалык башкаруу
6-глава. Айыл өкмөтү
7-глава. Аймактык коомдук өзалдынча башкаруу
8-глава. Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн өз эркин түздөн-түз билдирүүсүнүн формалары
9-глава. Жергиликтүү өзалдынча башкаруунун финансылык-экономикалык негиздери
III бөлүм. Жергиликтүү мамлекеттик администрация
IV бөлүм. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын Жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишинин укуктук кепилдиктери

I бөлүм. Жалпы жоболор

1-берене. Ушул Мыйзам менен жөнгө салынуучу мамилелер

1. Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык бирдиктеринин деңгээлинде жергиликтүү бийликти уюштуруунун принциптерин белгилейт, жергиликтүү өзалдынча башкаруунун жана жергиликтүү мамлекеттик администрациянын жалпы элдик бийликти жүзөгө ашыруудагы ролун аныктайт, алардын ишинин уюштуруучулук жана укуктук негиздерин бекемдейт, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары менен жергиликтүү мамлекеттик администрациянын

компетенциясын жана өзара мамилелеринин принциптерин, жергиликтүү жамааттардын өзалдынча башкаруу укуктарынын мамлекеттик кепилдиктерин белгилейт.

2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын башка ыйгарым укуктары белгилениши мүмкүн.

2-берене. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

1. Ушул Мыйзамда төмөндөгүдөй түшүнүктөр жана терминдер колдонулат:

жергиликтүү жамааттар - айылдык округдун, поселканын, шаардын аймагында туруктуу жашаган жана жергиликтүү маанидеги маселелерди өздөрүнүн өкүлчүлүктүү, аткаруучу-тескөөчү жана башка органдары аркылуу өз жоопкерчилиги астында чечүү үчүн жалпы таламдары боюнча бириккен Кыргыз Республикасынын жарандары;

жергиликтүү жамааттын мүчөсү - административдик-аймактык бирдиктин аймагында туруктуу жашаган, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жалпы кызыкчылыктары жергиликтүү жамаат менен байланышкан Кыргыз Республикасынын жараны;

айылдык округ - чегараларында жергиликтүү жамаат жергиликтүү өзалдынча башкарууну жүзөгө ашыруучу административдик-аймактык бирдик. Айылдык округ бир же андан көп айылдардан турушу мүмкүн;

муниципалдык менчик - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында, пайдалануусунда, тескөөсүндө турган, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кирешелерин алуучу булак катары кызмат кылуучу жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иш-милдеттерин жүзөгө ашырууга зарыл жергиликтүү жамааттардын менчиги;

муниципалдык кызмат - жарандардын жергиликтүү өзалдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруучу-тескөөчү органдарындагы кесиптик жана акы төлөнүүчү негизде жүзөгө ашырылуучу иши;

жергиликтүү маанидеги маселелер - жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан, ошондой эле жарандардын өз эркин түз билдирүү аркылуу тиешелүү аймактын калкынын жашоо-турмушун камсыз кылуу үчүн чечиле турган маселелер;

жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары - жергиликтүү маанидеги иштерди чечүүнү камсыз кылган өкүлчүлүктүү, аткаруучу-тескөөчү жана башка органдар;

жергиликтүү өзалдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы - тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин калкы тарабынан түздөн-түз шайлануучу жана жергиликтүү маанидеги иштерди чечүүгө ыйгарым укук берилген жергиликтүү өзалдынча башкаруунун шайлануучу коллегиалдуу органы. Айылдык округдарда, поселкаларда, шаарларда жана райондордо жергиликтүү өзалдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары болуп жергиликтүү кеңештер саналат;

жергиликтүү өзалдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органы - жергиликтүү өзалдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын чечимдерин даярдоону жана аткарууну камсыз кылуу үчүн түзүлгөн орган. Мэрия, айыл өкмөтү, шаардык жана поселкалык башкармалар жергиликтүү өзалдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү

органдары болуп саналат;

жергиликтүү өзалдынча башкаруунун шайлануучу кызмат адамы түздөн-түз калк же жергиликтүү кеңеш тарабынан шайланган жаран;

райондук маанидеги шаардын башчысы - шайлануучу кызмат адамы, шаар башкармасынын жетекчиси;

поселканын башчысы - шайлануучу кызмат адамы, поселкалык башкарманын жетекчиси;

айылдык округдун башчысы - шайлануучу кызмат адамы, айыл өкмөтүнүн жетекчиси;

айыл башчысы - айыл өкмөтүнүн чечими менен ыйгарылган функцияларды аткаруучу, дайындалуучу кызмат адамы;

мэр - республикалык же облустук маанидеги шаарларда шайлануучу кызмат адамы, жергиликтүү өзалдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органынын жетекчиси;

мэрия - шаарда жергиликтүү өзалдынча башкаруунун аткаруу органынын функцияларын жүзөгө ашыруу боюнча мэрдин ишин камсыз кылуу үчүн түзүлгөн жергиликтүү өзалдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органы. Шаардын мэриясынын курамына түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөр кирет.

жергиликтүү мамлекеттик администрация - облустун, райондун аймагындагы мамлекеттик аткаруу бийлигинин органы;

жарандардын жыйыны - бир көчөнүн, бир кварталдын, кичи райондун же айылдын аймагында жашаган жарандардын чогулуштарында жергиликтүү маанидеги иштерди талкуулоо, ал боюнча жергиликтүү жамааттардын уставына ылайык сунуштар менен чечимдерди кабыл алуу аркылуу калктын башкарууга катышуусунун тике формасы;

курултай - жалпы кызыкчылыкты билдирген маселелерди талкуулоо максатында жергиликтүү жамааттардын өкүлдөрүнүн чогулушу;

мамлекет тарабынан берилген ыйгарым укуктар - жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына ушул Мыйзамда белгиленген тартипте берилген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктар;

жергиликтүү жамааттын уставы - жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү жамааттардын ишин жөнгө салган, мыйзамга ылайык иштелип чыккан жана кабыл алынган жергиликтүү жамааттын негизги укуктук актысы;

функция - мамлекеттик бийлик органдарынын жана/же жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын калкка кызмат көрсөтүүгө байланышкан ишинин чөйрөсү;

компетенция - мамлекеттик органдын же жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын юридикалык жактан бекемделген укуктарынын жана милдеттеринин жыйындысы;

ыйгарым укук - мамлекеттик бийлик органдарынын же жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын аларга тагылган функцияларды аткарууга багытталган белгилүү иштерди жүзөгө ашыруудагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган укугу.

(КР 2009-жылдын 15-июундагы N 183 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

II бөлүк. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу

1-глава. Жергиликтүү өзалдынча башкаруунун түзүмү жана уюштуруу негиздери

3-берене. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу

1. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу - Конституцияга, ушул Мыйзамга жана башка мыйзамдарга ылайык жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдөгү жергиликтүү жамааттардын Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен кепилдикке алынган укугу жана чыныгы жөндөмдүүлүгү.

2. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу жергиликтүү жамааттар тарабынан айылдык округдун, поселканын жана шаардын аймагында жергиликтүү өзалдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруучу-тескөөчү органдары аркылуу, ошондой эле жарандардын түздөн-түз катышуусу менен жүргүзүлөт.

4-берене. Жарандардын жергиликтүү өзалдынча башкарууну жүзөгө ашыруу укугу

1. Жарандар жынысына, расасына, улутуна, тилине, тегине, мүлктүк жана кызмат абалына, динге болгон мамилесине, коомдук бирикмелерге таандык болгонуна карабастан жергиликтүү өзалдынча башкарууну түздөн-түз да, ошондой эле өзүнүн өкүлдөрү аркылуу да жүзөгө ашырууга бирдей укуктарга ээ.

2. Жарандар жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына шайлоого жана шайлануунга, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына кайрылууга, ошондой эле мыйзамга ылайык жергиликтүү өзалдынча башкаруунун иши жөнүндө маалымат алууга укуктуу.

5-берене. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу тутуму

Жергиликтүү өзалдынча башкаруунун тутумуна жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары жана кызмат адамдары, анын ичинде жергиликтүү кеңештер, айылдык округдардын, райондук маанидеги поселкалар менен шаарлардын башчылары, мэрлер, жергиликтүү өзалдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдары, ошондой эле калктын өзү, курултайлар жана жарандардын жыйындары тарабынан түзүлө турган аймактык коомдук өзалдынча башкаруунун ар кандай түрлөрү кирет.

6-берене. Жергиликтүү өзалдынча башкарууну жүзөгө ашыруунун формалары

1. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өзалдынча башкарууга өкүлчүлүктүү жана түздөн-түз катышуусунун формаларында жүзөгө ашырылат.

2. Жергиликтүү өзалдынча башкарууну жүзөгө ашырууга жергиликтүү жамааттын өкүлчүлүктүү катышуусу жергиликтүү кеңештер аркылуу жүргүзүлөт.

3. Жергиликтүү өзалдынча башкарууну жүзөгө ашырууга жергиликтүү

жамааттын түздөн-түз катышуусу жергиликтүү маанидеги бардык маанилүү маселелерди жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрүнүн жыйындарында, чогулуштарында жана башка формаларда талкуулоо, ошондой эле жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо аркылуу жүргүзүлөт.

7-берене. Муниципалдык кызмат

1. Жарандардын Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына ылайык жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарында түзүлгөн жана ушул органдардын ыйгарым укуктарын аткарууга байланыштуу кесиптик иши муниципалдык кызмат болуп саналат.

2. Кыргыз Республикасынын жарандары жынысына, расасына, улутуна, тилине, тегине, мүлктүк жана кызматтык абалына, жашаган жерине, динге карата мамилесине, ынанымдарына карабастан муниципалдык кызматка карата бирдей мүмкүндүккө ээ болот.

3. Муниципалдык кызматты уюштуруу жана аны өтөө тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынат.

8-берене. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу жаатындагы мамлекеттик саясат

1. Мамлекеттик бийлик органдары жергиликтүү өзалдынча башкаруунун калыптанышы жана өнүгүшү үчүн зарыл болгон укуктук, уюштуруучулук, материалдык-финансылык шарттарды түзөт жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу укугун жүзөгө ашырууда калкка көмөк көрсөтөт.

2. Жергиликтүү жамааттардын таламдарына түздөн-түз тиешеси бар маселелер боюнча чечимдерди даярдоодо жана кабыл алууда мамлекеттик бийлик органдары мыйзамда белгиленген тартипте жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары менен консультацияларды өткөрөт.

3. Жергиликтүү жамааттардын таламдарына түздөн-түз тиешеси бар маселелер боюнча жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик бийлик органдарына жөнөтүлүүчү расмий кайрылуулар аларда коюлган маселелердин маңызы боюнча милдеттүү түрдө каралууга тийиш.

4. Мамлекеттик бийлик органдары жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын ишинин мыйзамдуулугуна ченемдик укуктук актыларда белгиленген тартипте контролдукту жүзөгө ашырат.

9-берене. Мамлекеттик бийлик органдарынын жергиликтүү өзалдынча башкаруу жаатындагы ыйгарым укуктары

1. Мамлекеттик бийлик органдарынын жергиликтүү өзалдынча башкаруу жаатындагы ыйгарым укуктарына төмөндөгүлөр кирет:

1) жергиликтүү өзалдынча башкаруу жаатында мыйзамдарды кабыл алуу жана алардын сакталышына контролдук кылуу;

2) жергиликтүү өзалдынча башкарууну өнүктүрүүнүн мамлекеттик программаларын кабыл алуу;

3) жергиликтүү өзалдынча башкаруу жаатында мамлекеттин Конституцияда жана мыйзамдарда белгиленген милдеттерин жүзөгө ашыруунун кепилдиктерин камсыз кылуу;

4) мамлекеттик менчик объекттерди муниципалдык менчикке өткөрүп берүүнүн тартибин мыйзамдарга ылайык жөнгө салуу;

5) жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына тиешелүү мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү, ошондой эле аларга мыйзамдарга ылайык мамлекеттик айрым ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына аталган мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык жана финансылык каражаттарды өткөрүп берүү, өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын жана каражаттардын ишке ашырылышына контролдук кылуу;

6) мамлекеттик эң төмөнкү социалдык ченемдерди белгилөө жана камсыз кылуу;

7) мектепке чейинки, мектептик жана кесиптик билим берүүнү мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык келтирүүнү камсыз кылуу;

8) саламаттыкты сактоо тармагын мамлекеттик стандартка ылайык келтирүүнү камсыз кылуу;

9) республикалык жана жергиликтүү бюджеттин ортосундагы катыштарды жөнгө салуу, эң төмөнкү бюджеттик камсыздоонун ченемдеринин негизинде жергиликтүү бюджеттердин балансаланганын камсыз кылуу;

10) жергиликтүү өзалдынча башкаруунун мамлекеттик бийлик органдары тарабынан кабыл алынган чечимдердин натыйжасында келип чыккан кошумча чыгымдарын компенсациялоо;

11) жергиликтүү өзалдынча башкаруунун финансылык өз алдынчалыгынын мамлекеттик кепилдиктерин камсыз кылуу;

12) административдик-аймактык бирдиктерди түзүүнүн, бириктирүүнүн, кайра уюштуруунун же жоюунун тартибин белгилөө жана өзгөртүү, мамлекеттин административдик-аймактык түзүлүшүн эске алуу менен алардын чегараларын, ошондой эле алардын аталыштарын өзгөртүү;

13) мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын, ошондой эле жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын, анын ичинде ар кандай аймактык деңгээлдеги органдардын ортосундагы ыйгарым укуктарды чектөөнүн жана аны жүргүзүү предметтерин чектөөнүн тартибин белгилөө;

14) жарандардын өзалдынча башкарууну жүзөгө ашырууга болгон укуктарын камсыз кылуу жана коргоо;

15) жергиликтүү шайлоолорду өткөрүүнүн тартибин жана аларды өткөрүүдөгү жарандардын шайлоо укуктарынын мамлекеттик кепилдиктерин белгилөө;

16) соттук коргоонун тартибин белгилөө жана жергиликтүү өзалдынча башкаруунун укуктарын соттук коргоо;

17) жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жоопкерчилигин белгилөө жана жөнгө салуу;

18) жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишинде мыйзамдуулуктун сакталышына прокурордук көзөмөлдү жүзөгө ашыруу;

19) мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылуу зарылдыгы менен шартталган өзгөчө статустагы аймактардагы жергиликтүү өзалдынча башкарууну уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн мыйзамга ылайык жөнгө салуу;

20) тиешелүү тарыхый жана башка жергиликтүү каада-салттар менен шартталган айрым аймактарда жергиликтүү өзалдынча башкарууну уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн мыйзамдарга, ошондой эле ушул Мыйзамга ылайык жөнгө салуу;

21) жергиликтүү өзалдынча башкарууну жүзөгө ашырууга байланыштуу маселелер боюнча административдик укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарды кабыл алуу жана өзгөртүү;

22) жергиликтүү жамааттардын уставдарын каттоонун тартибин белгилөө;

23) материалдык, акчалай жана башка мамлекеттик жана гуманитардык жардамдардын бөлүштүрүлүшүн уюштуруу;

24) ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин, чарба жүргүзүүчү башка субъекттердин айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө мыйзамдарды аткаруу боюнча ишине, жерлерди жана жаратылыш ресурстарын пайдаланышына, шаар куруунун жана архитектуранын ченемдерин жана эрежелерин, санитардык ченемдердин сакташына, мыйзамдарда белгиленген тартипте экологиялык иш-чараларды өткөрүшүнө контролдук жүргүзүү;

25) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу.

(КР 2009-жылдын 20-июлундагы N 237 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

10-берене. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын токтото туруу

1. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына, Президенттин, Жогорку Кеңештин жана Өкмөттүн актыларына ылайык келбеген актыларды чыгарууга, ошондой эле жарандардын эркиндиктерин жана укуктарын чектеген, коомдук коопсуздукту жана тартипти, аймактык бүтүндүктү жана мамлекеттин конституциялык түзүлүшүн бузган аракеттерди жасоого укуксуз.

2. Укук коргоо органдары тарабынан жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары ушул беренеде белгиленген бузууларды жасагандыгы аныкталса, Президент Өкмөттүн сунушу боюнча жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын ишин токтото турууга жана тийиштүү аймакта тикелей мамлекеттик башкарууну киргизүүгө укуктуу.

Мамлекеттик тикелей башкарууну киргизүүнүн тартибин Президент аныктайт.

3. Мамлекеттик тикелей башкарууну киргизүү менен Өкмөт аны аткарууну камсыз кылат жана зарыл болгон учурда жергиликтүү өзалдынча башкаруунун тийиштүү органынын туура эмес актыларын алып салуу үчүн сот органдарына кайрылат.

4. Жергиликтүү өзалдынча башкаруунун тийиштүү органынын туура эмес актысын алып салуу жөнүндө белгилеген процесстик тартипте соттук чечим чыгарылса Президент аларды таркатат жана аларда мөөнөтүнөн мурда шайлоолорду жарыялайт.

11-берене. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын өздөрү кабыл алган чечимдери үчүн жоопкерчилиги

1. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары кабыл алган чечимдеринин мыйзамдуулугу үчүн жоопкерчилик тартат.

2. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын аракетинин же аракетсиздигинин натыйжасында келип чыккан жеке жана юридикалык жактардын бузулган укуктарын калыбына келтирүү, ошондой эле келтирилген зыяндын ордун толтуруу боюнча талаштар сотто чечилет.

12-берене. Коомдук бирикмелер, ассоциациялар жана жергиликтүү жамааттардын союздары

1. Жергиликтүү жамааттар өзара жардамдашуу, социалдык, экономикалык жана маданий милдеттерди биргелешип чечүү, өздөрүнүн укуктары менен таламдарын кыйла натыйжалуу жүзөгө ашыруу максатында өз ишин координациялоо үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жана формаларда коммерциялык эмес уюмдарды түзүүгө укуктуу.

2. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын тутумуна кирбеген уюмдарга жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары өткөрүп берилбейт.

3. Жергиликтүү жамааттар эларалык союздарга жана жергиликтүү жамааттардын ассоциацияларына кирүүгө укуктуу, бирок мында мамлекеттин атынан чыга албайт.

13-берене. Элдик укук жаратуу демилгеси

Калк жергиликтүү маанидеги иштерде укук жаратуу демилгесине укуктуу. Аталган укукту жүзөгө ашыруу тартиби мыйзамга ылайык жергиликтүү жамааттын уставы менен аныкталат. Жергиликтүү маанидеги иштер боюнча жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына калк тарабынан элдик укук жаратуу демилгесинин чегинде киргизилген укуктук актылардын долбоорлору тийиштүү аймактын калкынын өкүлдөрүнүн милдеттүү катышуусу менен каралууга тийиш.

14-берене. Жергиликтүү өзалдынча башкаруунун принциптери

1. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу төмөндөгүдөй принциптерде жүзөгө ашырылат:

- мыйзамдуулуктун жана социалдык адилеттүүлүктүн;
- өзүн-өзү камсыз кылуунун, өзүн-өзү жөнгө салуунун жана өзүн-өзү финансылоонун;
- мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын функциялары менен ыйгарым укуктарынын так ажырашынын;
- жарандардын жергиликтүү кеңештер жана аткаруучу-тескөөчү органдар, ошондой эле жарандардын жыйындары аркылуу эрк билдирүүсүнүн;
- жергиликтүү жамааттардын укуктарын жана мыйзам менен корголгон таламдарын коргоонун;
- маалымдуулуктун жана коомдук пикирди эске алуунун;

- тийиштүү маселелерди чечүүдө коллегиялуулуктун, аларды эркин талкуулоонун;

- жергиликтүү кеңештердин өз компетенциясындагы маселелерди чечүүдөгү көзкарандысыздыгынын.

2. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары мамлекеттик бийлик органдары менен тыгыз өзара аракеттенүүдө иштейт, Кыргыз Республикасынын жарандарынын мамлекеттик жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышууга болгон конституциялык укуктарын жүзөгө ашыруу үчүн шарт түзөт.

15-берене. Жергиликтүү жамааттардын уставдары

1. Жергиликтүү жамааттардын уставдары, ошондой эле аларга өзгөртүүлөр жана толуктоолор тийиштүү жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн биринин сунушу боюнча кабыл алынат.

2. Жергиликтүү жамааттардын уставдары, ошондой эле аларга өзгөртүүлөр жана толуктоолор депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

3. Ушул Мыйзамда белгиленген чектерде депутаттардын саны поселкалык кеңештер, шаардык кеңештер, айылдык округдардын кеңештери, жергиликтүү кеңеш менен аткаруучу-тескөөчү органдын өзара мамилелеринин тартиби жана ушул Мыйзам менен жөнгө салынбаган жергиликтүү өзалдынча башкаруунун ишинин башка маселелери жергиликтүү жамааттардын уставдары менен аныкталат.

4. Жергиликтүү жамааттардын уставдары, аларга өзгөртүүлөр жана толуктоолор юстиция органынын корутундусунан кийин жергиликтүү кеңеш тарабынан кабыл алынат.

5. Жергиликтүү жамааттардын уставдары юстиция органдарында каттоодон өткөрүлөт.

(КР 2009-жылдын 20-июлундагы N 237 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

2-глава. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелери Жана мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү

16-берене. Жергиликтүү маанидеги маселелерди белгилөөнүн принциптери, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын башка функциялары жана ыйгарым укуктары

Жергиликтүү маанидеги маселелер, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын башка функциялары менен ыйгарым укуктары төмөндөгүдөй принциптердин негизинде белгиленет:

- мындай кызмат көрсөтүүлөрдү натыйжалуу берүүгө жөндөмдүү болгон башкаруунун мүмкүн болушунча төмөн турган деңгээлине кызмат көрсөтүү;

- көрсөтүлүп жаткан кызматтардын сапатын камсыз кылуу максатында функцияларды жана ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууда натыйжалуулук жана максатка ылайыктуулук;

- жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын аймактык, экономикалык жана башка өзгөчөлүктөрүнө жараша жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын функциялары менен ыйгарым укуктарынын дифференцияланышы;

- функцияларды аткарууда жана ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууда жергиликтүү кызыкчылыктын болушу;

- жалпы мамлекеттик жана жергиликтүү таламдарды айкалыштыруу;

- ачыктык жана коллегиялуулук;

- ченемдик укуктук актыларда мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын функциялары менен ыйгарым укуктарын так ажыратуу.

17-берене. Жергиликтүү маанидеги маселелерди белгилөөнүн Жана чечүүнүн тартиби

1. Жергиликтүү маанидеги маселелер ушул Мыйзам жана жергиликтүү жамааттардын Уставы менен белгиленет, өзгөртүлөт жана токтотулат.

2. Мамлекет жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн зарыл болгон мүлктү мамлекеттик менчиктен муниципалдык менчикке өткөрүп берет.

3. Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын өзара мамилелеринин тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамы, башка ченемдик укуктук актылары, ошондой эле жергиликтүү жамааттын Уставы менен белгиленет.

4. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн натыйжалары боюнча тийиштүү аймактын жергиликтүү жамаатына отчет берет.

18-берене. Жергиликтүү маанидеги маселелер

Аймактын жашоо тиричилигин камсыз кылуу системасынын иштешин уюштуруу жана өнүктүрүү, социалдык-экономикалык пландаштыруу жана калкка социалдык жана маданий кызмат көрсөтүү үчүн жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын карамагына жергиликтүү маанидеги төмөнкү маселелер берилет:

1) тийиштүү аймакты экономикалык жактан өнүктүрүүнү камсыз кылуу;

2) муниципалдык менчикти башкаруу;

3) жергиликтүү бюджетти түзүү, бекитүү жана аткаруу;

4) калкты ичүүчү суу менен жабдуу;

5) калктуу конуштарда канализация жана тазалоо курулуштар системасынын ишин камсыз кылуу;

6) калктуу конуштарда муниципалдык жолдордун иштешин камсыз кылуу;

7) жалпы пайдалануудагы жерлерде жарык берүүнү уюштуруу;

8) көрүстөндөрдүн иштешин камсыз кылуу жана ырым-жырым кызматтарын көрсөтүү;

9) жалпы пайдалануудагы жерлерди ыңгайлаштыруу жана жашылдандыруу;

10) парктардын, спорттук курулуштардын жана эс алуу жайлардын иштешин камсыз кылуу;

11) тиричилик таштандыларын чогултууну, ташып чыгарууну жана жок кылууну уюштуруу;

12) муниципалдык транспорттун иштешин камсыз кылуу жана калктуу конуштардын чегараларында коомдук транспорттун ишин жөнгө салуу;

13) жергиликтүү маанидеги маданий жана тарыхый ажайып жайларды коргоо;

14) жергиликтүү маанидеги китепканаларды уюштуруу жана иштешин камсыз кылуу;

15) калктуу конуштун тийиштүү аймагында жерди пайдалануу жана курулуш куруу эрежелерин белгилөө;

16) тийиштүү калктуу конуштун аймагында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жарнамаларды жайгаштыруу;

17) коомдук тартипти сактоого көмөк көрсөтүү;

18) элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн шарт түзүү;

19) эс алууну уюштуруу үчүн шарт түзүү;

20) балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды жүргүзүүнү уюштуруу;

21) дене тарбиясын жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шартты камсыз кылуу;

22) өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана анын залалдарын жоюуга көмөк көрсөтүү;

23) тийиштүү аймакта жылуулук менен камсыз кылууну уюштуруу;

24) аларга даректүү социалдык коргоону уюштуруу максатында жакыр үй-бүлөлөрдү табуу;

25) айыл жериндеги балдары бар аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө ай сайын берилүүчү жөлөкпулдарга муктаждык даражасын Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте баштапкы аныктоо.

(КР 2009-жылдын 25-декабрындагы N 317 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

19-берене. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына жергиликтүү маанидеги маселелерди өткөрүп берүүнүн тартиби

1. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары жергиликтүү маанидеги айрым маселелерди аткарууну юридикалык жана жеке жактарга бир эле учурда жергиликтүү маанидеги өткөрүлүп берилип жаткан маселелерди аткаруу үчүн каражаттарды же финансылоо булактарын аныктоо жана берүү менен өткөрүп берүүгө укуктуу.

2. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү маанидеги айрым маселелерди аткарууну өткөрүп берүү, андай өткөрүп берүү бюджеттик каражаттарды кыйла натыйжалуу пайдалануу үчүн максатка ылайыктуу болгон учурда жүргүзүлөт.

3. Жергиликтүү маанидеги айрым маселелерди аткарууну өткөрүп берүү жөнүндө чечим жергиликтүү кеңештин макулдугу менен жергиликтүү өзалдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органы тарабынан кабыл алынат.

20-берене. Мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү

1. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктар берилиши мүмкүн.

2. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү мыйзамдын негизинде бир эле учурда өткөрүлүп берилип жаткан ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруунун шарттарын белгиленген тартипте

мамлекеттик камсыз кылуу үчүн зарыл болгон материалдык жана финансылык каражаттарды берүү менен жүргүзүлөт.

3. Мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү мамлекет бир эле учурда мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү менен жергиликтүү бюджетке республикалык бюджеттен максаттуу трансферттерди караган же өткөрүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон башка финансы булактарын аныктаган учурда гана жол берилет.

4. Өткөрүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары мамлекеттик бийликтин ыйгарым укуктуу органына отчет берет.

5. Мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө мыйзам төмөндөгүлөрдү кароого тийиш:

1) жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына өткөрүп берилип жаткан мамлекеттик ыйгарым укуктарды;

2) өткөрүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары жүзөгө ашырууда мамлекеттик бийлик органдарына усулдук, уюштуруу, консультациялык жана башка көмөк көрсөтүү формалары;

3) отчеттуулукка болгон талап;

4) мамлекет тарабынан өткөрүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга контролдук кылуу механизми.

6. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органына өткөрүлүп берилиши мүмкүн болгон негизги мамлекеттик ыйгарым укуктарга төмөндөгүлөр кирет:

1) калктын иш менен камсыз болуу жана миграциясынын программаларын иштеп чыгуу жана аткаруу;

2) (КР 2009-жылдын 25-декабрындагы N 317 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)

3) жарандарды эсептик каттоого алуу, паспорт режиминин эрежелеринин аткарылышына контролдук кылуу, белгиленген тартипте жарандардын каттоого туруу жана чыгуусун жүргүзүү, шайлоочулардын тизмесин түзүү;

4) Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык жарандык абалдын актыларын каттоо;

5) мектептик жана кесиптик билим берүү жана саламаттыкты сактоо чөйрөсүндө, ошондой эле мектептик жана кесиптик билим берүү чөйрөсүндө кызмат көрсөтүү үчүн имараттар жана башка объекттер менен камсыз кылуу;

6) мектепке чейинки билим берүү чөйрөсүндө кызмат көрсөтүү;

7) Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык нотариалдык аракеттерди жасоо;

8) жарандарга ким экендигин күбөлөндүргөн, үй-бүлөлүк, мүлктүк абалы жөнүндө документтерди жана мыйзамда каралган башка документтерди берүү;

9) аскерге милдеттүүлөрдүн жана чакырылуучулардын баштапкы эсебин жүргүзүү, аларды аскердик каттоого алуу жана каттоодон чыгаруу, аскердик кызматка чакырууну уюштурууга көмөк көрсөтүү;

10) айылчарба жерлерин кайра бөлүштүрүү Фондунун жерлерин бөлүштүрүү жана пайдалануу;

11) айылчарба өндүрүшүн келечектүү өнүктүрүү боюнча материалдарды

жалпылоо, айылчарба продукцияларын өндүрүү боюнча экономикалык божомолдорду түзүү;

12) малчарбасында ветеринардык-санитардык, эпизоотияга каршы иш-чараларды жана селекциялык-асыл тукум иштерин уюштурууга, өз убагында өткөрүүгө көмөк көрсөтүү;

13) айылчарба өсүмдүктөрү эгилген айдоолордун отоо басып кетишине каршы күрөшүү боюнча тиешелүү чараларды көрүү, өстүрүлгөн түшүмдү, токой тилкелерин жана токой массивдерин сактоону камсыз кылуу;

14) салыктарды, алымдарды жана айылдык товар өндүрүүчүлөргө чегерилүүчү камсыздандыруу төлөмдөрүн жыйноо;

15) курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу;

16) керектөөчүлөрдүн укугун коргоону камсыз кылуу;

17) мыйзам менен белгиленген башка ыйгарым укуктар.

(КР 2009-жылдын 26-январындагы N 27, 2009-жылдын 20-июлундагы N

237, 2009-жылдын 25-декабрындагы N 317 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

3-глава. Жергиликтүү кеңештердин ишинин уюштуруу-укуктук негиздери

21-берене. Жергиликтүү кеңештер

1. Жергиликтүү кеңештер - жергиликтүү өзалдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары, алар ушул Мыйзамда, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө жана алардын статусу жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте төрт жылга түзүлөт.

2. Кыргыз Республикасында төмөндөгүдөй жергиликтүү кеңештер белгиленет:

- айылдык округдардын кеңештери;
- поселкалык кеңештер;
- шаардык кеңештер;
- райондук кеңештер.

3. Жергиликтүү кеңештер жашыруун добуш берүү менен жалпы, тең жана тике шайлоо укугунун негизинде шайланган депутаттардан турат. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүү тартиби Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодекс менен аныкталат.

4. Жергиликтүү кеңештер юридикалык жак болуп саналат жана мыйзам тарабынан алардын компетенциясына кирген ар кандай маселелерди өзалдынча чечүүгө укуктуу. Жергиликтүү кеңештердин чечимдери Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына карама-каршы келген учурда аларды жокко чыгаруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

22-берене. Жергиликтүү кеңештердин сандык курамы

1. Кыргыз Республикасында тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин калкынын санын эске алуу менен жергиликтүү кеңештердин төмөндөгүдөй болжолдуу сандык курамы белгиленет:

- республикалык маанидеги шаарлардын кеңештери - 30-45 депутат;
- облустук маанидеги шаарлардын кеңештери - 25-35 депутат;
- райондук кеңештер - 25-30 депутат;
- райондук маанидеги шаарлардын кеңештери - 15-25 депутат;
- поселкалык кеңештер жана айылдык округдардын кеңештери - 9-21 депутат.

2. Поселкалык, шаардык кеңештин жана айылдык округдун кеңешинин сандык курамы жергиликтүү жамааттын уставы менен белгиленет, ал эми райондук кеңештин сандык курамы тийиштүү райондук кеңештин чечими менен белгиленет. Жергиликтүү кеңештердин сандык курамы ушул берененин биринчи бөлүгүнө ылайык белгиленет.

(КР 2009-жылдын 20-июлундагы N 237 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

23-берене. Жергиликтүү кеңештердин мамлекеттик бийлик органдары менен өзара мамилелери

1. Жергиликтүү кеңештердин мамлекеттик бийлик органдары менен өзара мамилелери функцияларды так аныктоо, кеңешке жана жергиликтүү мамлекеттик администрацияга өздөрүнө мүнөздүү жана мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарды берүү принцибинин негизинде түзүлөт.

2. Мамлекеттик бийлик органдары жергиликтүү кеңештердин компетенциясына кирген маселелерди чечүүгө кийлигишүүгө укуксуз.

3. Жергиликтүү кеңештер жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын компетенциясына кирген маселелерди чечүүгө кийлигишүүгө укуксуз.

4. Аймактардын таламдарын козгогон маселелер боюнча жергиликтүү кеңеш сессиянын ишине, туруктуу комиссиялардын жыйналыштарына катышуу үчүн тиешелүү министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, административдик ведомстволордун жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын органдарынын өкүлдөрүн чакыра алат.

5. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар консультацияларды туруктуу жүргүзөт жана аймакты өнүктүрүүнүн өтө маанилүү маселелери боюнча өз чечимдерин жергиликтүү кеңештер менен макулдашат.

24-берене. Жергиликтүү кеңештин сессиясы

1. Жергиликтүү кеңештердин ишинин негизги уюштуруу-укуктук формасы болуп алардын сессиялары саналат. Сессияларды өткөрүүнүн тартиби жана мезгилдүүлүгү жергиликтүү кеңештин регламенти менен аныкталат.

2. Жаңыдан шайланган кеңештин биринчи сессиясын мурдагы чакырылыштагы кеңештин төрагасы жергиликтүү кеңештердин депутаттары шайлангандан кийин эки жумалык мөөнөттөн кечиктирбестен чакырат. Жергиликтүү кеңештин биринчи сессиясын тиешелүү жергиликтүү кеңештин курагы боюнча эң улуу депутаты ачат.

3. Жергиликтүү кеңештердин сессиялары ачык, кварталына бир жолудан кем эмес жана жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн биринин талабы боюнча өткөрүлөт.

25-берене. Жаңыдан түзүлгөн административдик-аймактык бирдиктеги жергиликтүү кеңештин биринчи сессиясы

1. Жаңыдан түзүлгөн райондо, шаарда, поселкада жана айылдык округда шаардык, поселкалык, райондук кеңештердин жана айылдык округдун кеңешинин биринчи сессиясын Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы тиешелүү кеңешке шайлоо күнүнөн тартын эки жумалык мөөнөттөн кечиктирбестен чакырат.

2. Жергиликтүү кеңештин биринчи сессиясынын күн тартибине кеңештин төрагасын жана анын орунбасарын шайлоо маселелери, кеңештин ишин уюштуруунун башка маанилүү маселелери киргизилет.

26-берене. Жергиликтүү кеңештин ишинин ачыктыгы

1. Жергиликтүү кеңештин сессиялары коомчулук үчүн ачык. Ар бир жаран сессияларга жергиликтүү кеңеш бекиткен регламентке ылайык катышууга укуктуу.

2. Эгерде каралып жаткан маселе мыйзамдарга ылайык мамлекеттик сырга кирсе, жергиликтүү кеңеш жабык сессияны өткөрүү жөнүндө чечим кабыл ала алат.

3. Жергиликтүү кеңеш сессиялардын датасы жана күн тартиби жөнүндө жарандарга алдын ала кабарлоо боюнча бардык чараларды керүүгө, алардын сессияларга кириши үчүн шарттарды түзүүгө, ошондой эле кабыл алынган чечимдер жөнүндө жергиликтүү жамаатка жеткирүүгө милдеттүү.

27-берене. Жергиликтүү кеңештин компетенциясы

1. Жергиликтүү кеңеш Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген ыйгарым укуктардын чектеринде маселелерди кароого жана алар боюнча чечимдерди кабыл алууга укуктуу.

2. Шаардык, поселкалык, кеңештин жана айылдык округдардын кеңешинин сессияларында төмөндөгүдөй маселелер чечилет:

1) жергиликтүү маанидеги маселелерди башкаруу тартибин белгилөө;

2) жергиликтүү бюджетти жана анын аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү, ошондой эле бюджетти аткаруунун жана бюджеттен тышкаркы фонддорду пайдалануунун жүрүшү жөнүндө маалыматты угуу;

3) аймактарды социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларын бекитүү жана алардын аткарылышына контролдук кылуу;

4) жергиликтүү салыктарды, жыйымдарды жана алар боюнча жеңилдиктерди киргизүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда алар боюнча ставкаларды белгилөө;

5) жергиликтүү жамааттын муниципалдык менчигин пайдалануу жана тескөө тартибин белгилөө, анын ичинде муниципалдык менчик объекттерин менчиктештирүү программасын бекитүү жолу менен белгилөө, муниципалдык менчиктин пайдаланылышына контролдукту жүзөгө ашыруу;

6) жергиликтүү өзалдынча башкаруунун тиешелүү аткаруучу-тескөөчү органынын иши жөнүндө отчетту угуу;

7) мыйзамдарда белгиленген учурларда депутаттардын ыйгарым укуктарын

мөөнөтүнөн мурда токтотуу;

8) депутаттар тарабынан мэрге, райондук маанидеги шаардын жана поселканын башчысына же айылдык округдун башчысына ишеним көрсөтпөө;

9) жергиликтүү жамааттын уставын бекитүү;

10) административдик-аймактык түзүлүш боюнча сунуштарды тиешелүү мамлекеттик бийлик органдарына киргизүү максатында аларды иштеп чыгуу;

11) төраганы жана анын орунбасарын шайлоо, аларды кызматынан бошотуу, кеңештин төрагасынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келген чечимдерин жокко чыгаруу;

12) жергиликтүү кеңештин регламентин кабыл алуу;

13) өз чечимдеринин аткарылышына контролдук кылуу;

14) Өкмөт аныктаган типтүү ченемдердин негизинде мэрдин, шаардык башкаруунун, поселкалык башкаруунун жана айылдык округдун башчысынын сунушу боюнча жергиликтүү өзалдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органынын структурасын жана штаттык санын бекитүү;

15) муздак сууну, канализацияны, жылуулук жабдууларын пайдалануу үчүн, ошондой эле турмуш-тиричиликтин катуу калдыктарын чогултуу, ташып чыгаруу жана жок кылуу үчүн тарифтерди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бекитүү;

16) жергиликтүү жамааттын уставына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка маселелерди чечүү.

3. Республикалык, облустук жана райондук маанидеги шаарлардын кеңештеринин сессияларында тийиштүүлүгүнө жараша кошумча төмөндөгүдөй маселелер чечилет:

- шаардын мэрин шайлоо;
- райондук маанидеги шаардын башчысын шайлоо;
- мыйзам менен белгиленген шаардык жерлерге салыктын базалык ставкаларынын чектеринде шаардык жерлерге салыктын дифференцияланган ставкаларын белгилөө.

4. Поселкалык кеңештердин, айылдык округдардын кеңештеринин сессияларында тийиштүүлүгүнө жараша кошумча төмөндөгүдөй маселелер чечилет:

- поселканын башчысын шайлоо;
- айылдык округдун башчысын шайлоо;
- тиешелүү район үчүн мыйзамда бекитилген базалык ставканын базасында эсептелген айыл, поселка үчүн белгиленген жер салыгынын жалпы суммасынын чектеринде кыртыштын бонитетинин баллдарын эске алуу менен айылчарба жерлерин пайдалануу үчүн салыктын дифференцияланган ставкаларын белгилөө;
- Кайра бөлүштүрүү фондунун айылчарба жерлерин, чабындыларды ижарага тапшыруу тартибин аныктоо.

5. Райондук кеңештин компетенциясына төмөндөгүлөр кирет:

1) аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларын бекитүү жана алардын аткарылышына контролдук кылуу;

2) райондук бюджетти жана анын аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү, ошондой эле бюджеттин аткарылышы жөнүндө маалыматты угуу;

3) талап кылынбаган жана пайдаланылбай жаткан жайыттарды пайдалануу маселелери;

4) райондук борбордо райондук маанидеги социалдык-маданий объекттердин күтүлүшүнө контролдук кылуу;

5) райондук мамлекеттик администрациянын башчысынын тиешелүү аймактагы иштердин абалы жөнүндө маалыматын жылына бир жолудан кем эмес угуу;

6) райондук мамлекеттик администрациянын башчысы өз милдеттерин аткарбагандыгы же ойдогудай эмес аткаргандыгы үчүн ага райондук кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн эки добушу менен ишеним көрсөтпөө.

(КР 2009-жылдын 26-январындагы N 27, 2009-жылдын 20-июлундагы N 237 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

28-берене. Жергиликтүү кеңештин туруктуу жана убактылуу комиссиялары

1. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары кеңештин карамагына кирген маселелерди алдын ала карап чыгуу жана даярдоо үчүн, ошондой эле кеңештин чечимдерин жүзөгө ашырууга катышуу, бул чечимдерди ага караштуу аймакта жайгашкан мекемелер менен уюмдардын аткарышына контролдук кылуу үчүн түзүлөт. Кеңеш ошондой эле убактылуу комиссияларды түзө алат.

2. Комиссиялардын тизмесин, алардын сандык курамын жана шайлоо тартибин жергиликтүү кеңеш аныктайт. Ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнүн ичинде кеңеш, зарылчылык болгон учурда, жаңы туруктуу комиссияларды түзүүгө, мурда түзүлгөндөрүн жоюуга же өзгөртүп түзүүгө, алардын курамына өзгөртүүлөрдү киргизүүгө акылуу.

3. Туруктуу комиссиялар тиешелүү жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ичинен түзүлөт. Жергиликтүү кеңештердин туруктуу комиссияларынын курамына кеңештин төрагасы жана анын орунбасары шайланбайт.

4. Туруктуу комиссиялар төраганы шайлайт. Комиссиялар өз ишинин негизги багыттары боюнча чакан комиссияларды түзө алат.

5. Кеңештин туруктуу комиссиясынын жана төрагасынын сунушу боюнча тиешелүү кеңеш туруктуу комиссиялардын курамына өзгөртүүлөрдү киргизет.

6. Комиссиянын мүчөсүнүн ыйгарым укуктары анын өтүнүчү боюнча, ошондой эле ал өз милдеттерин аткарышына мүмкүнчүлүк бербеген кырдаалдарга байланыштуу кеңеш тарабынан мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн.

7. Жергиликтүү кеңештердин туруктуу комиссияларынын укуктары, милдеттери, аларды уюштуруунун жана ишинин тартиби ушул Мыйзам, жергиликтүү кеңештин регламенти жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзам актылары менен аныкталат.

8. Жергиликтүү кеңештердин туруктуу комиссиялары өз ишинё илимпоздорду, адистерди, практикалык кызматкерлерди жана башка адамдарды тартууга укуктуу.

9. Жергиликтүү кеңештердин туруктуу комиссиялары өздөрүнүн компетенциясына кирген маселелер боюнча тиешелүү чечимдерди кабыл алат.

10. Жергиликтүү кеңештердин туруктуу комиссиялары аларга караштуу аймакта жайгашкан уюмдар менен мекемелердин оперативдүү-чарбалык ишине кийлигишүүгө укуксуз.

29-берене. Туруктуу комиссиялардын ыйгарым укуктары

1. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары:

1) тиешелүү аймакты экономикалык, социалдык жана улуттук-маданий өнүктүрүү менен байланышкан, кеңештин кароосуна киргизилүүчү маселелерди даярдоого катышат;

2) тиешелүү аймакта социалдык-маданий жана өндүрүштүк инфраструктураны өнүктүрүү, жергиликтүү өзалдынча башкаруунун экономикалык негиздерин чыңдоо маселелери боюнча сунуштарды кеңешке киргизет;

3) өз аймагын экономикалык жактан өнүктүрүүнүн пландарынын жана бюджеттин долбоорлорун, пландарды аткаруу жана бюджетти аткаруу жөнүндө отчетторду алдын ала карайт, алар боюнча өзүнүн сын-пикирлерин даярдайт, зарылчылык болгон учурда аларды кеңешке сунуш кылат;

4) жергиликтүү кеңеш кабыл алган чечимдердин аткарылышына жана уставдын талаптарын аткаруунун сакталышына контролдукту жүзөгө ашырат;

5) аларга Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана тиешелүү кеңештин регламенти тарабынан берилген башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

2. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары өздөрүнүн карамагына кирген маселелер боюнча жергиликтүү мамлекеттик администрациянын органдарынын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын, тиешелүү аймакта жайгашкан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын жетекчилерин жана адистерин угууга укуктуу.

30-берене. Туруктуу комиссиялардын жыйналыштары

1. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссияларынын жыйналыштары комиссиянын ишинин планына ылайык чакырылат.

2. Туруктуу комиссиялардын жыйналыштарына бул комиссиялардын мүчөсү болуп саналбаган тиешелүү кеңештин кеңеш берүүчү добуш укугу бар депутаттары катыша алат.

3. Бир нече туруктуу комиссиялардын карамагына кирген маселелер комиссиялардын демилгеси боюнча, ошондой эле жергиликтүү кеңештин тапшыруусу боюнча даярдалышы жана комиссиялар тарабынан биргелешип каралышы мүмкүн.

4. Туруктуу комиссиялардын бардык мүчөлөрү тең укуктарга ээ.

31-берене. Жергиликтүү кеңештердин ишин уюштуруучулук жактан камсыз кылуу

1. Жергиликтүү кеңештердин ишин уюштуруучулук жактан камсыз кылуу, туруктуу комиссияларга жана депутаттарга жардам көрсөтүү, зарыл материалдарды даярдоо үчүн республикалык, облустук маанидеги шаарлардын кеңештери жана райондук кеңештер Өкмөт тарабынан аныкталган типтүү ченемдердин негизинде өз аппараттарын түзүүгө укуктуу.

2. Райондук маанидеги шаарлардын кеңештеринин, поселкалык кеңештердин

жана айылдык округдардын кеңештеринин ишин уюштуруучулук жактан камсыз кылуу шаардык башкаруунун, поселкалык башкаруунун жана айыл өкмөтүнүн аппараттарына жүктөлөт.

3. Жергиликтүү кеңештердин аппараттарынын ишин материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдарына, ал эми райондук деңгээлде - тиешелүү райондун жергиликтүү мамлекеттик администрациясына жүктөлөт.

32-берене. Жергиликтүү кеңештин ченемдик укуктук актылары

1. Мыйзамдарда башка тартип каралган учурларды кошпогондо, жергиликтүү кеңештин өзүнүн карамагына таандык кылынган маселелер боюнча чечимдери шайланган депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Кеңештин чечимдери токтом формасында чыгарылат жана ага кеңештин төрагасы кол коет.

2. Жергиликтүү кеңештердин өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чектеринде кабыл алган чечимдери тиешелүү аймакта жашаган бардык жарандар, мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун аймактык органдары, ошондой эле менчигинин формасына карабастан ишканалар, уюмдар жана мекемелер тарабынан мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктардын чектеринде милдеттүү түрдө аткарылат.

3. Эгерде мыйзамдарда башкасы белгиленбесе, жергиликтүү кеңештердин адамдын жана жарандын укуктарына, эркиндиктерине жана милдеттерине тиешеси бар ченемдик укуктук актылары юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлүүгө тийиш жана алар жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланган күндөн тартып тиешелүү аймакта күчүнө кирет.

4. Жергиликтүү кеңештин чечимдери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жокко чыгарылышы, болбосо күчүн жоготту деп табылышы мүмкүн.

33-берене. Жергиликтүү кеңештин төрагасы

1. Жергиликтүү кеңештердин төрагалары тийиштүү кеңештин сессиясында жашыруун добуш берүү менен депутаттардын ичинен кеңештин ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнө шайланат.

2. Тиешелүү жергиликтүү кеңештин төрагасынын кызмат ордуна талапкерлерди көрсөтүү тартиби жана шайлоонун башка жол-жобо маселелери тиешелүү жергиликтүү кеңештин регламенти менен аныкталат.

3. Өзүнүн милдеттерин аткарбаган же ойдогудай эмес аткарган учурда жергиликтүү кеңештин төрагасы ээлеген кызматынан шайланган депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын үчтөн биринин демилгеси боюнча мөөнөтүнөн мурда бошотулушу мүмкүн.

4. Республикалык жана облустук маанидеги шаарлардын кеңештеринин жана райондук кеңештердин төрагалары акы төлөнүүчү кандай болбосун башка кызматтарды ээлөөгө укуксуз.

5. Райондук маанидеги шаарлардын кеңештеринин, поселкалык кеңештердин

жана айылдык округдардын кеңештеринин төрагалары өз милдеттерин коомдук башталыштарда аткарат, бирок жергиликтүү кеңештин сессиясынын ишинин мезгилинде бир жолку компенсацияны алат.

6. Жергиликтүү кеңештин төрагасы:

- жергиликтүү кеңештин сессияларын чакырат;
- сессияларда төрагалык кылат;
- жергиликтүү кеңештин чечимдерине кол коет;
- жергиликтүү кеңеш жүктөгөн башка милдеттерди аткарат.

7. Жергиликтүү кеңештердин төрагалары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйлоо, Кыргыз Республикасынын ардактуу наамдарын берүү жөнүндө өтүнүч кылат.

34-берене. Жергиликтүү кеңештин төрагасынын орунбасары

1. Жергиликтүү кеңештин төрагасынын орунбасары сессияда депутаттардын ичинен шайланат.

2. Кеңештин төрагасынын орунбасары кеңештин төрагасынын тапшырмаларын аткарат, ал жокто же өзүнүн милдеттерин аткара албаган учурда анын милдеттерин аткарат.

3. Төраганын орунбасары ээлеген кызматынан шайланган депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын үчтөн биринин демилгеси боюнча бошотулушу мүмкүн.

4. Жергиликтүү кеңештин төрагасынын орунбасарлары өз ишин коомдук башталыштарда жүзөгө ашырат.

35-берене. Жергиликтүү кеңештердин ыйгарым укуктарын токтотуу

1. Поселкалык, шаардык, райондук кеңештердин жана айылдык округдардын кеңештеринин ыйгарым укуктары кеңештин жаңы курамынын түзүлүшүнө (калыптанышына); кеңешти мөөнөтүнөн мурда таратууга байланыштуу токтотулат.

2. Поселкалык, шаардык, райондук кеңештер жана айылдык округдардын кеңештери тиешелүү жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экисинин көпчүлүк добушу менен кабыл алынган чечим боюнча, болбосо ушул Мыйзамдын 10-беренесинде каралган негиздер боюнча Президент тарабынан, же тиешелүү административдик аймактык бирдиктин шайлоочуларынын жарымынан көбүнүн сунушу боюнча мөөнөтүнөн мурда таркатылышы мүмкүн.

4-глава. Республикалык жана облустук маанидеги шаардын мэри, мэриясы

36-берене. Республикалык жана облустук маанидеги шаардын мэри, мэриясы

1. Республикалык жана облустук маанидеги шаарда жергиликтүү өзалдынча башкаруунун аткаруу бийлигин мэр жана мэрия аткарат.

2. Мэр - шаардын жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын системасындагы шайлануучу кызмат адамы, жергиликтүү өзалдынча башкаруунун

аткаруучу-тескөөчү органынын жетекчиси, шаарда мамлекеттик саясатты жүргүзүү жана ага мамлекет берген ыйгарым укуктардын алкагында аткаруучу бийликтин функцияларын жүзөгө ашыруу үчүн жооптуу адам.

3. Мэрия - шаарда жергиликтүү өзалдынча башкаруунун аткаруу органынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын ишке ашыруу боюнча мэрдин ишин камсыз кылуу үчүн түзүлгөн жергиликтүү өзалдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органы. Шаардын мэриясынын курамына түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөр кирет.

37-берене. Республикалык жана облустук маанидеги шаардын мэринин ыйгарым укуктары

1. Республикалык жана облустук маанидеги шаардын мэри:

1) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын, Президенттин жана Өкмөттүн актыларынын, ошондой эле шаардын уставынын, өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде кабыл алынган шаардык кеңештин чечимдеринин сакталышын жана аткарылышын уюштурат;

2) шаардын жашоо-турмушун камсыз кылуу боюнча мэриянын, муниципалдык уюмдардын жана мекемелердин ишине жетекчилик кылат, бул иштин натыйжасы үчүн жооп берет;

3) мамлекеттик бийлик органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн ишин координациялайт, алардын жетекчилерин дайындоого макулдук берет, буга судьялар, прокурорлор, улуттук коопсуздуктун мамлекеттик органынын жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик статистика органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилеринен башка жогоруда көрсөтүлгөн аймактык бөлүмдөрдүн кызмат адамдары өздөрүнүн милдеттерин талаптагыдай эмес аткарган учурда аларды кызматтан четтетүү жөнүндө маселе коюуга укуктуу;

4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык шаардын вице-мэрлерин, түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилерин, ошондой эле мэриянын аппаратынын кызматерлерин дайындайт жана кызматтан бошотот;

5) жергиликтүү маанидеги маселелерди, ошондой эле өткөрүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды башкарууну жүзөгө ашырат, буга жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктарына тиешелүү маселелер кирбейт;

6) өткөрүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды ойдогудай аткарууну уюштуруу үчүн түздөн-түз жооп берет;

7) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарында, өкмөттүк эмес, коомдук жана башка уюмдарында жана чет өлкөлөрдө шаардын атынын иш алып барат;

8) кызматка киришкенден үч айдан кечиктирбестен шаардын социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын долбоорун иштеп чыгууну камсыз кылат жана аны бекитүү үчүн шаардык кеңешке сунуш кылат;

9) шаардык кеңешке шаардык бюджеттин долбоорун сунуш кылат, шаар-

дагы иштердин жалпы абалы, бюджеттин аткарылышы, муниципалдык менчикти жана бюджеттен тышкары фонддун каражаттарын пайдалануу, шаардын социалдык-экономикалык өнүгүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын аткарылышы жөнүндө шаардык кеңештин алдында жылына эки жолудан кем эмес

отчет берет;

10) шаардык курултайда калкка өз ишинин натыйжасы жөнүндө эки жылда бир жолудан кем эмес маалымат берет;

11) мыйзамга ылайык жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды киргизүү боюнча шаардык кеңешке сунуш киргизет;

12) шаардык кеңештин сессиясын чакыруу жөнүндө сунуш киргизет, анын ишине катышат;

13) мамлекеттик сыйлыктар менен сыйлоо жөнүндө Президентке белгиленген тартипте өтүнүч кылат;

14) Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

2. Республикалык маанидеги шаарлардагы жергиликтүү өзалдынча башкаруунун ишин уюштуруунун өзгөчөлүктөрү алардын статусу тууралуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен аныкталат.

38-берене. Республикалык жана облустук маанидеги шаардын мэринин кызматка киришүүсүнүн жана аны кызматтан бошотуунун тартиби

1. Республикалык жана облустук маанидеги шаардын мэрин шайлоо Президент сунуш кылган талапкерлердин ичинен эреже түрүндө альтернативалык негизде төрт жылдык мөөнөткө жашыруун добуш берүү жолу менен шаардык кеңештин депутаттары тарабынан жүзөгө ашырылат.

2. Шаардын мэрин шайлоо Президент тарабынан дайындалат.

Республикалык жана облустук маанидеги шаардын мэрин шайлоону өткөрүү тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен белгиленет.

Эгерде шаардын мэрин шайлоого шаардык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экиси катышса, шайлоо болуп өттү деп эсептелет. Тиешелүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушун алган талапкер шайланды деп эсептелет.

Шаардын мэринин кызмат ордуна шайланган адам тийиштүү күбөлүктү берүү менен Президенттин Жарлыгы менен бекитилет.

3. Шаардын мэри төмөндөгүдөй учурларда Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулушу мүмкүн:

- жеке арызынын негизинде;
- мыйзамдарды, Президенттин жана Өкмөттүн ченемдик укуктук актыларын, өткөрүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу боюнча
- шаардык кеңештин сессиясынын макулдугу менен Премьер-министрдин сунушу боюнча;
- соттун күчүнө кирген айыптоочу өкүмүнүн негизинде;
- ал сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп табылган учурда;
- аны өлгөн, дайынсыз жоголгон деп жарыялоо жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө кирген, ошондой эле каза болгон учурда;
- Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашоочу жерине кеткен учурда;

- Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыккан, Кыргыз Республикасынын жарандыгын жоготкон же чет мамлекеттин жарандыгын кабыл алган учурда;

- эмгекке биротоло жарамсыздыгынын натыйжасында кызматтык милдеттерин аткарууга мүмкүн болбой калган учурда;

- шаардык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экиси тарабынан ишеним көрсөтүлбөгөн учурда;

- тараптардын эркине байланышпаган кырдаалдар боюнча (тиешелүү мыйзамды кабыл алуу, мыйзамдарда каралган башка кырдаалдар).

4. Шаардык кеңеш мэрге ишеним көрсөтпөй койгон учурда Президент аны мөөнөтүнөн мурда кызматынан бошотуу жөнүндө чечим кабыл алууга же шаардык кеңештин чечимине макулдук бербөөгө укуктуу.

5. Шаардык кеңештин депутаттары мэрге кайталап ишеним көрсөтпөй койгон учурда Президент аны ээлеген кызматынан бошотот.

6. Мэр кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулган учурда жаңы мэрди шайлоо өткөрүлгөнгө чейин Президент өзүнүн актысы менен мэрдин милдеттерин аткаруучуну төрт айга чейинки мөөнөткө дайындай алат.

39-берене. Республикалык жана облустук маанидеги шаардын мэринин компетенциясы

Шаардын мэриясы:

1) шаардын жашоо-турмушун камсыз кылуучу тутумдардын иштөөсүн жана өнүгүүсүн, шаардыктарга социалдык жана маданий кызматтарды көрсөтүүнү уюштурат;

2) шаар бюджетинин долбоорун иштеп чыгат жана шаардык кеңеште бекитилгенден кийин аны аткарат;

3) шаардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн, калкты социалдык жактан коргоонун программаларынын долбоорлорун иштеп чыгат жана шаардык кеңеште бекитилгенден кийин алардын аткарылышын камсыз кылат;

4) шаардын өнүгүшү үчүн инвестицияларды жана гранттарды тартат;

5) тарых, архитектура жана маданият эстеликтерин коргоо боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат;

6) шаар жерлерин жана муниципалдык менчик объекттерин сарамжалдуу пайдалануу боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана алар шаардык кеңеште бекитилгенден кийин аларды жүзөгө ашырат;

7) ишканаларды менчиктештирүүгө жана тийиштүү орган менен макулдашуу боюнча социалдык-маданий, тиричилик жана чарбалык багыттардагы объекттерди, ошондой эле алардын иштөөсү үчүн зарыл болгон жабдууларды баланска алууга катышат;

8) турак жай фондун, турак жай-коммуналдык чарбаны өнүктүрүү жана ыңгайлаштыруу боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат;

9) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык шаар курулушунун башкы планын иштеп чыгат жана турмушка ашырат, архитектуранын жана шаар курулушунун ченемдери менен эрежелеринин сакталышына контролдукту жүзөгө ашырат;

10) табигый кырсыктардын, өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана аларды болтурбоо, алардын кесепеттерин жоюу боюнча мобилизациялык жана уюштуруучулук-иштиктүү иш-чараларды жүзөгө ашырат;

11) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

40-берене. Республикалык жана облустук маанидеги шаардын вице-мэрлери

1. Республикалык жана облустук маанидеги шаардын вице-мэри (биринчи) мэр жок учурда аны алмаштырат жана шаардын мэри жүктөгөн милдеттерди аткарат.

2. Республикалык жана облустук маанидеги шаардын вице-мэрлери шаардын мэринин алдында алар аткара турган функциялар үчүн жооп берет.

5-глава. Райондук маанидеги шаардын шаардык башкаруусу жана поселкалык башкаруу

41-берене. Райондук маанидеги шаардын башчысынын жана поселканын башчысынын кызматка киришүүсүнүн жана аларды кызматтан бошотуунун тартиби

1. Райондук маанидеги шаарда жана поселкада жергиликтүү өзалдынча башкаруунун аткаруу бийлигин жүзөгө ашыруу үчүн тийиштүүлүгүнө жараша шаардык жана поселкалык башкаруу түзүлөт.

2. Райондук маанидеги шаардын башчысы жана поселканын башчысы жергиликтүү өзалдынча башкаруу маселелери боюнча тиешелүү жергиликтүү кеңешке, ал эми өткөрүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча мамлекеттик бийликтин жогору турган органдарына отчет берет.

3. Райондук маанидеги шаардын башчысы жана поселканын башчысы облустук мамлекеттик администрация башчысы-губернатор жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен макулдашуу боюнча, эреже катары альтернативдүү негизде райондук мамлекеттик администрация башчысы-аким тарабынан сунуш кылынуучу талапкерлердин ичинен жашыруун добуш берүү жолу менен тиешелүү жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан торт жылдык мөөнөткө шайланат.

4. Райондук маанидеги шаардын башчысын жана поселканын башчысын шайлоо Президент тарабынан дайындалат.

Райондук маанидеги шаардын башчысын жана поселканын башчысын шайлоону өткөрүү тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленет.

5. Тиешелүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушун алган талапкер шайланды деп эсептелет. Эгерде райондук маанидеги шаардын башчысын жана поселканын башчысын шайлоого тиешелүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экиси катышса, ал болуп өттү деп эсептелет.

6. Райондук маанидеги шаардын башчысы жана поселканын башчысы шайланбай калган учурда райондук мамлекеттик администрация башчысы-аким тиешелүү жергиликтүү кеңешке ошол эле же башка талапкерлерди кайрадан сунуш кылууга укуктуу.

7. Сунуш кылынган талапкерлерди жергиликтүү кеңештин депутаттары кайрадан шайлабаган учурда облустун мамлекеттик администрациясынын башчысы - губернатору менен макулдашуу боюнча райондун мамлекеттик администрациясынын башчысы - акими тиешелүү жергиликтүү кеңешке мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө Президентке өтүнүч берет.

8. Райондук маанидеги шаардын башчысынын жана поселканын башчысынын кызмат ордуна жогорку билими жана мамлекеттик же муниципалдык кызматта кеминде эки жылдык иш стажы бар Кыргыз Республикасынын эмгекке жарамдуу жараны талапкер боло алат.

Кылмыш жасагандыгы үчүн соттуулугу мыйзамда белгиленген тартипте жоюлбаган же алып салынбаган Кыргыз Республикасынын жараны райондук маанидеги шаардын башчысы жана поселканын башчысы болуп шайлана албайт.

9. Райондук маанидеги шаардын башчысы жана поселканын башчысы облустун мамлекеттик администрациясынын башчысы - губернатору менен макулдашуу боюнча райондун мамлекеттик администрациясынын башчысы - акими тарабынан төмөндөгүлөрдүн негизинде ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулушу мүмкүн:

- жеке арызынын негизинде;
- соттун күчүнө кирген айыптоо өкүмүнүн негизинде;
- сот аны эмгекке жарамсыз деп тапкан учурда;
- аны өлгөн, дайынсыз жоголгон деп жарыялоо жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө кирген, ошондой эле каза болгон учурда;
- Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жакка туруктуу жашоочу жерине кеткен учурда;
- Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыккан же Кыргыз Республикасынын жарандыгын жоготкон учурда;
- эмгекке биротоло жарамсыздыгынын натыйжасында кызматтык милдеттерин аткарууга мүмкүн болбой калган учурда;
- шаардык же поселкалык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экиси тарабынан ишеним көрсөтүлбөгөн учурда;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка кырдаалдар боюнча.

10. Райондук маанидеги шаардын башчысы жана поселканын башчысы мыйзамдарды, Президенттин жана Өкмөттүн ченемдик укуктук актыларын, өткөрүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарбагандыгы же ойдогудай эмес аткаргандыгы үчүн депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен шаардык же поселкалык кеңештин сессиясынын макулдугу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамле-

кеттик орган менен макулдашуу аркылуу райондун мамлекеттик администрациясынын башчысы - акими тарабынан мөөнөтүнөн мурда бошотулушу мүмкүн.

11. Райондук маанидеги шаардын башчысына же поселканын башчысына тиешелүү жергиликтүү кеңештин депутаттары ишеним көрсөтпөгөн учурда райондун мамлекеттик администрациясынын башчысы - акими аны ээлеген кызматынан бошотуу жөнүндө чечим кабыл алууга же жергиликтүү кеңештин чечими менен макул болбоого укуктуу.

12. Райондук маанидеги шаардын башчысына же поселканын башчысына тиешелүү жергиликтүү кеңештин депутаттары кайталап ишеним көрсөтпөгөн учурда

райондун мамлекеттик администрациясынын башчысы - акими аны ээлеген кызматынан бошотот жана райондук маанидеги шаардын башчысын же поселканын башчысын жаңыдан шайлоону дайындоо жөнүндө Президентке өтүнүч берет.

13. Райондук маанидеги шаардын башчысы жана поселканын башчысы кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулган учурда, жаңы башчы шайланганга чейин, анын милдетин тиешелүү түрдө райондук маанидеги шаардын же поселканын башчысынын орунбасары аткарат.

42-берене. Шаардык жана поселкалык башкаруунун компетенциясы

Шаардык жана поселкалык башкаруу:

1) шаардын, поселканын жашоо-турмушун камсыз кылуучу тутумдардын иштөөсүн жана өнүгүүсүн, калкка социалдык жана маданий кызматтарды көрсөтүүнү уюштурат;

2) аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн программаларынын долбоорлорун иштеп чыгат жана тиешелүү жергиликтүү кеңеш бекиткенден кийин алардын аткарылышын камсыз кылат;

3) жергиликтүү бюджеттин долбоорун иштеп чыгат жана тиешелүү жергиликтүү кеңеш бекиткенден кийин аны аткарат;

4) тарых, архитектура жана маданият эстеликтерин коргоо боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат;

5) жерлерди, муниципалдык менчик объекттерин сарамжалдуу пайдалануу боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана тиешелүү жергиликтүү кеңеш бекиткенден кийин аларды жүзөгө ашырат;

6) ишканаларды менчиктештирүүгө жана тийиштүү органдар менен макулдашуу боюнча социалдык-маданий, тиричилик жана чарбалык багыттардагы объекттерди, ошондой эле алардын иштөөсү үчүн зарыл болгон жабдууларды баланска кабыл алууга катышат;

7) турак жай фондун, турак жай-коммуналдык чарбаны өнүктүрүү жана ыңгайлаштыруу боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат;

8) аймактардын курулушунун башкы планын иштеп чыгат жана ишке ашырат, архитектура жана шаар курулушунун ченемдери менен эрежелеринин сакталышына контролдукту жүзөгө ашырат;

9) табигый кырсыктардын, өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана болтурбоо, алардын кесепеттерин жоюу боюнча мобилизациялык жана уюштуруучулук-иштиктүү иш-чараларды жүзөгө ашырат;

10) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

43-берене. Райондук маанидеги шаардын башчысынын жана поселканын башчысынын ыйгарым укуктары

Райондук маанидеги шаардын башчысы жана поселканын башчысы:

1) шаардык башкарууга жана поселкалык башкарууга тийиштүүлүгүнө жараша жетекчилик кылат жана алардын ишинин натыйжасы үчүн белгиленген тартипте жооп берет;

2) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын,

Президенттин жана Өкмөттүн актыларынын, шаардык кеңештин ыйгарым укуктарынын чегинде кабыл алынган анын чечимдеринин аткарылышын камсыз кылат;

3) өткөрүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын ойдогудай аткарылышын уюштуруу үчүн жеке жооп берет;

4) мамлекеттик бийлик жана өзалдынча башкаруу органдарында, Кыргыз Республикасынын коомдук жана башка уюмдарында, ошондой эле чет өлкөлөрдө тийиштүүлүгүнө жараша шаардын, поселканын атынан иш алып барат;

5) кызматка киришкен күндөн тартып үч айдан кечиктирбестен аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасынын долбоорун жергиликтүү кеңештин бекитүүсүнө сунуш кылат;

6) жергиликтүү кеңешке шаар бюджетинин долбоорун бекитүүгө сунуш кылат, иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы жана муниципалдык менчикти пайдалануу, аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын аткарылышы жөнүндө жергиликтүү кеңештин алдында жарым жылда бир жолудан кем эмес отчет берет;

7) тиешелүү курултайда өзүнүн ишинин натыйжалары жөнүндө калкка эки жылда бир жолудан кем эмес отчет берет;

8) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды киргизүү боюнча сунуштарды жергиликтүү кеңешке киргизет;

9) райондук маанидеги мекемелерди кошпогондо, тиешелүү аймактык мамлекеттик мекемелердин жетекчилерин дайындоого макулдук берет;

10) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык райондук маанидеги шаардын башчысынын орунбасарын жана поселканын башчысынын орунбасарын, шаардык жана поселкалык башкаруунун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилерин жана аппараттардын кызматкерлерин дайындайт жана кызматтан бошотот;

11) жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктарына кирген ыйгарым укуктарды кошпогондо, жергиликтүү маанидеги маселелерди, ошондой эле өткөрүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды чечүү боюнча ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат;

12) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка маселелерди чечет.

44-берене. Райондук маанидеги шаардын башчысынын жана поселканын башчысынын орунбасарлары

1. Райондук маанидеги шаардын башчысынын орунбасары жана поселканын башчысынын орунбасары тийиштүүлүгүнө жараша райондук маанидеги шаардын башчысын жана поселканын башчысынын милдетин алар жок мезгилде аткарат.

2. Райондук маанидеги шаардын башчысынын орунбасары жана поселканын башчысынын орунбасары райондук маанидеги шаардын башчысынын жана поселканын башчысынын алдында өздөрү аткарган ыйгарым укуктар үчүн жооп берет.

6-глава. Айыл өкмөтү

45-берене. Айыл өкмөтү

1. Аткаруу бийлигин жүзөгө ашыруу үчүн айылдык округда айыл өкмөтү иштейт.

2. Айыл өкмөтүнүн аппараты айылдык округдун кеңешинин депутаттарына өздөрүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда, шайлоочулардын алдында отчетторун даярдоодо жана өткөрүүдө көмөк көрсөтөт.

3. Айыл өкмөтү өзүнүн ишинде айылдык округдун тийиштүү кеңешине, ал эми өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча - тийиштүү мамлекеттик органдарга отчет берет.

4. Айыл өкмөтү өзүнүн компетенциясына кирген маселелер боюнча кабыл алган чечимдерге айылдык округдун башчысы кол коет.

5. Айыл өкмөтүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде чыгарган актылары тийиштүү аймакта милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.

6. Жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарына жана милдеттерине тиешелүү айыл өкмөтүнүн ченемдик укуктук актылары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык алар Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөн учурдан тартып күчүнө кирет.

46-берене. Айыл өкмөтүнүн компетенциясы

Айыл өкмөтү:

1) аймактын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн жана калкты социалдык жактан коргоонун программаларынын долбоорлорун иштеп чыгат жана аларды аткарат;

2) жергиликтүү бюджеттин долбоорлорун иштеп чыгат жана айылдык округдун кеңештеринде бекитилгенден кийин аларды аткарат;

3) тарых, архитектура жана маданият эстеликтерин коргоо боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат;

4) жаңы жумушчу орундарын түзүү боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат;

5) ишканаларды менчиктештирүүдө жана социалдык-маданий, тиричилик жана чарбалык багыттардагы объекттерди жана алардын иштөөсү үчүн зарыл болгон жабдууларды айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүп берүүгө катышат;

6) турак жай фондун өнүктүрүү боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат;

7) муниципалдык менчикте турган, ошондой эле Айылчарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин сарамжалдуу пайдалануу боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат;

8) табигый кырсыктардын, өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу, алардын кесепеттерин жоюу боюнча мобилизациялык жана уюштуруучулук-иштиктүү иш-чараларга көмөк көрсөтөт;

9) экономикалык, социалдык жана укуктук чөйрөлөрдүн өзара аракеттенүүсүнө өбөлгө түзөт;

10) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

47-берене. Айылдык округдун башчысынын кызматка киришинин жана кызматтан бошотулушунун тартиби

1. Айылдык округдун башчысы облустун мамлекеттик администрациясынын башчысы - губернатору жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча райондун мамлекеттик администрациясынын башчысы - акими тарабынан альтернативалык негизде сунуш кылынуучу талапкерлердин ичинен жашыруун добуш берүү аркылуу айылдык кеңештин депутаттары тарабынан төрт жылдык мөөнөткө шайланат.

2. Айылдык округдун башчысын шайлоо Президент тарабынан дайындалат.

Айылдык округдардын башчыларын шайлоону өткөрүү тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленет.

3. Айылдык округдун башчысын шайлоого тиешелүү жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экиси катышса, шайлоо болуп өттү деп эсептелет. Тийиштүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушун алган талапкер шайланды деп эсептелет.

4. Кеңештин депутаттары айылдык округдун башчысын шайлабай койгон учурда райондун мамлекеттик администрациясынын башчысы - акими айылдык округдун кеңешине кайталап ошол эле же башка талапкерлерди сунуш кылууга укуктуу.

5. Жергиликтүү кеңештин депутаттары айылдык округдун башчысын кайрадан шайлабай койгон учурда райондун мамлекеттик администрациясынын башчысы - акими облустун мамлекеттик администрациясынын башчысы-губернатору менен макулдашуу боюнча тиешелүү жергиликтүү кеңешке мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө Президентке өтүнүч билдирет.

6. Жергиликтүү кеңештин депутаты болуп саналган адам айылдык округдун башчысы болуп шайланган учурда, ал жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын токтотууга милдеттүү.

7. Айылдык округдун башчысынын кызмат ордуна жогорку билими, мамлекеттик же муниципалдык кызматта кеминде эки жылдык иш стажы бар Кыргыз Республикасынын эмгекке жарамдуу жараны талапкер боло алат.

Кылмыш жасагандыгы үчүн соттуулугу мыйзамда белгиленген тартипте жоюлбаган же алып салынбаган Кыргыз Республикасынын жараны айылдын округдун башчысы болуп шайлана албайт.

8. Айылдык округдун башчысы облустун мамлекеттик администрациясынын башчысы - губернатору жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча райондун мамлекеттик администрациясынын башчысы - акими тарабынан төмөндөгүлөрдүн негизинде ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулушу мүмкүн:

- жекече арызынын негизинде;

- мыйзамдарды, Президенттин жана Өкмөттүн ченемдик укуктук актыларын аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен айылдык округдун жергиликтүү кеңешинин сессиясынын макулдугу менен;

- соттун айып коюлган өкүмүнүн күчүнө киришинин негизинде;

- ал сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп табылган учурда;

- аны өлгөн, дайынсыз жоголгон деп жарыялоо жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө кирген, ошондой эле каза болгон учурда;

- Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашоочу жерине кеткен учурда;

- Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыккан, Кыргыз Республикасынын жарандыгын жоготкон учурда;

- эмгекке биротоло жарамсыздыгынын натыйжасында кызматтык милдеттерин аткарууга мүмкүн болбой калган учурда;

- айылдык округдун кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экиси ишеним көрсөтпөгөн учурда райондук мамлекеттик администрация башчысы - акими тарабынан ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулушу мүмкүн.

9. Айылдык округдун башчысына айылдык округдун кеңешинин депутаттары ишеним көрсөтпөгөн учурда райондун мамлекеттик администрациясынын башчысы - акими аны ээлеген кызматынан бошотуу жөнүндө чечим кабыл алууга же жергиликтүү кеңештин чечими менен макул болбоого укуктуу.

10. Айылдык округдун башчысына айылдык округдун кеңешинин депутаттары кайталап ишеним көрсөтпөгөн учурда райондун мамлекеттик администрациясынын башчысы - акими аны ээлеген кызматынан бошотот жана айылдык округдун башчысын жаңыдан шайлоону дайындоо жөнүндө Президентке өтүнүч берет.

11. Айылдык округдун башчысы кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулгам учурда, жаңы башчы шайланганга чейин анын милдетин айылдык округдун башчысынын орунбасары аткарат.

48-берене. Айылдык округдун башчысынын ыйгарым укуктары

Айылдык округдун башчысы:

1) айыл өкмөтүнүн ишин жетектейт жана анын натыйжасы үчүн жоопкерчилик тартат;

2) айылдык округдун кеңешине жергиликтүү бюджеттин долбоорун сунуш кылат, айылдык округдагы иштин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы жана муниципалдык менчикти пайдалануу, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн программасынын аткарылышы жана калкты социалдык жактан коргоо жөнүндө кеңешке жарым жылда бир жолудан кем эмес отчет берет;

3) өзүнүн ишинин натыйжасы жөнүндө жергиликтүү жамааттын курултайында калкка жылына бир жолудан кем эмес отчет берет;

4) өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын талаптагыдай аткарылышын уюштуруу үчүн жекече жоопкерчилик тартат;

5) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды киргизүү боюнча жергиликтүү кеңешке сунуштарды киргизет;

6) мамлекеттик мекемелердин жана уюмдардын тийиштүү аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилери өз милдеттерин талаптагыдай аткарбаган учурда аларды кызматтан четтетүү жөнүндө маселелерди коюуга укуктуу;

7) тийиштүү мамлекеттик аймактык мекемелердин жетекчилерин дайындоого макулдук берет;

8) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык айылдык округдун башчысынын орунбасарын, айыл өкмөтүнүн аппаратынын кызматкерлерин дайындайт жана бошотот;

9) жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча ыйгарым укуктарды, ошондой эле жергиликтүү кеңешке тиешелүүлөрдөн тышкары өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашырат;

10) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка маселелерди чечет.

49-берене. Айылдык округдун башчысынын орунбасарлары

1. Айылдык округдун башчысынын орунбасары айылдык округдун башчысы жок болгон мезгилде анын ордун алмаштырат жана айылдык округдун башчысына жүктөлгөн милдеттерди аткарат.

2. Айылдык округдун башчысынын орунбасары аткарган иш милдеттери үчүн айылдык округдун башчысынын алдында жоопкерчилик тартат.

50-берене. Айыл башчысы

1. Өзүнчө жашашкан калктуу конуштардын жергиликтүү маанидеги маселелерин оперативдүү чечүүнү уюштуруу максатында айылдык округдардын кеңешинин чечими боюнча айыл башчысынын (айыл старостасы) кызмат орду киргизилиши мүмкүн.

2. Айын башчысы айыл өкмөтүнүн чечими менен ага өткөрүлүп берилген милдеттерди калктуу конуштун аймактык өзгөчөлүктөрүнө, калыптанып калган үрп-адаттары менен салттарына жараша аткарат.

3. Айын башчысы айылдык округдун башчысы тарабынан тийиштүү аймактын тургундарынын чогулушунун макулдугу менен дайындалат жана муниципалдык кызматчы болуп саналат.

7-глава. Аймактык коомдук өзалдынча башкаруу

51-берене. Аймактык коомдук өзалдынча башкаруу

1. Аймактык коомдук өзалдынча башкаруу органдары катары айылдын, поселканын, шаардын аймагынын бөлүгүндө жашаган жерлери боюнча жергиликтүү маанидеги маселелерди өзалдынча чечүү жана өздөрүнүн демилгелерин өз жоопкерчилиги менен жүзөгө ашыруу үчүн жарандардын өзүнчө уюму түшүнүлөт.

2. Аймактык коомдук өзалдынча башкаруу кичи райондордун кеңештери жана комитеттери, тоакжай комплекстери, үй, көчө, кварталдык комитеттер, жамааттар формасында жана Конституцияга, ушул Мыйзамга жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка формаларда ишке ашырылат.

3. Аймактык коомдук өзалдынча башкаруунун ишинин аймагынын чектери тургундардын сунуштарын эске алуу менен тийиштүү жергиликтүү кеңештер тарабынан белгиленет.

4. Аймактык коомдук өзалдынча башкаруунун түрдүү формалары өзүнүн статусун алар жергиликтүү кеңеште эсептик катталган учурдан тартып алат. Аймактык коомдук өзалдынча башкаруу ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте юридикалык жактын статусун алууга укуктуу.

5. Аймактык коомдук өзалдынча башкаруунун бардык формалары өздөрүнүн ишинде аларды шайлаган жарандардын чогулушуна жана аларды каттаган

жергиликтүү кеңешке отчет беришет.

6. Калктын жергиликтүү өзалдынча башкарууга катышуусунун ушул Мыйзамда каралган формалары менен бирге эле жарандар Конституцияга, ушул Мыйзамга жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарына каршы келбеген башка формаларда жергиликтүү өзалдынча башкарууну жүзөгө ашырууга катышууга укуктуу.

52-берене. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары менен аймактык коомдук өзалдынча башкаруунун өзара мамилелери

Аймактык коомдук өзалдынча башкарууга ушул Мыйзамда каралган тартипте келишимдик негизде жергиликтүү маанидеги айрым маселелер өткөрүп берилиши мүмкүн.

Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары аларга чарбалык объекттерди, туракжай жана туракжай эмес фонддорду, ошондой эле өздөрүнүн материалдык жана башка ресурстарын менчикке өткөрүп бериши мүмкүн.

53-берене. Аймактык коомдук өзалдынча башкаруу укугу

1. Аймактык коомдук өзалдынча башкаруу өздөрүнүн ыйгарым укуктуу органдары же өкүлдөрү аркылуу төмөндөгүлөргө укуктуу:

1) ушул аймактын маселелерин талкуулоодо жергиликтүү кеңештердин иштерине катышууга;

2) аймактарды көрктөндүрүү, ремонттоо, санитардык тазалоо боюнча иштерге катышууга;

3) жергиликтүү кеңештердин, алардын аткаруучу-тескөөчү органдарынын чечимдерин аткарууга көмөктөшүүгө;

4) курултайлардын жана жарандардын жыйындарынын чечимдерин аткарууну уюштурууга.

2. Юридикалык жак формасында аймактык коомдук өзалдынча башкарууну ишке ашырууда төмөндөгүлөргө укуктуу:

1) банк мекемелеринде эсеп ачууга;

2) тийиштүү жергиликтүү кеңештер жана аткаруучу-тескөөчү органдар, ошондой эле ишканалар, мекемелер, уюмдар, кооперативдер жана башка чарба субъекттер менен келишимдик негизде өзара иштөөгө;

3) жергиликтүү бюджеттин ушул максатка каралган каражаттарын жана жеке финансылык ресурстарды пайдалануу менен өз аймагын көрктөндүрүү, турак жай фондун жана социалдык-маданий, тиричилик жана чарбалык багыттагы объекттерди куруу жана оңдоо боюнча иштерди аткарууга заказчы катары чыгууга;

4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка ыйгарым укуктарды аткарууга.

8-глава. Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн өз эркин түздөн-түз билдирүүсүнүн формалары

54-берене. Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн өз эркин түздөн-түз билдирүүсүнүн формалары

Жамааттын мүчөлөрүнүн талкуунун талап кылган жергиликтүү маанидеги эң маанилүү маселелер боюнча чечим кабыл алуу үчүн жергиликтүү жамааттар чогулуштарды (жыйналыштарды) жана өз эркин түздөн-түз билдирүүнүн башка формаларын өткөрө алышат.

55-берене. Жергиликтүү жамааттын курултайлары

1. Коомдук пикирдин кеңири катмарын эсепке алуу жана жашоо-турмуштук маанилүү маселелерди чечүүгө калкты катыштырууну уюштуруу максатында жергиликтүү жамааттардын курултайлары өткөрүлүшү мүмкүн.

2. Курултайга аймактын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн, жергиликтүү бюджетти түзүүнүн, муниципалдык менчикти пайдалануунун жана өнүктүрүүнүн маселелери коюлушу мүмкүн. Курултайдын чечими тийиштүү жергиликтүү кеңеш үчүн сунуш мүнөзүндө болот жана жергиликтүү кеңеш жана жергиликтүү өзалдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органынын башчысы тарабынан каралат.

3. Курултайлардын делегаттарынын өкүлчүлүгүнүн саны, аларды өткөрүүнүн жана курултайлардын чечимдерин ишке ашыруунун тартиби Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык жергиликтүү жамааттын уставы менен белгиленет.

9-глава. Жергиликтүү өзалдынча башкаруунун финансылык-экономикалык негиздери

56-берене. Жергиликтүү өзалдынча башкаруунун финансылык-экономикалык негиздери

1. Жергиликтүү өзалдынча башкаруунун финансылык-экономикалык негизин Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жергиликтүү жамааттарга бекитилип берилген салыктык жана салыктык эмес кирешелердин булактары, муниципалдык менчикти пайдалануудан түшкөн кирешелер, кредиттик жана башка финансылык ресурстар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте жергиликтүү өзалдынча башкаруунун карамагына өткөрүлүп берилген жана жергиликтүү жамааттын кызыкчылыгын жана муктаждыктарын канааттандыруу үчүн жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын аймагынын чегинде алар пайдаланган кыймылсыз жана кыймылдуу муниципалдык мүлк, баалуу кагаздар, табигый ресурстар, ошондой эле тийиштүү аймакта ишин жүзөгө ашыруучу ишканалар, уюмдар жана мекемелер түзөт.

2. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик органдар, жергиликтүү өзалдынча башкаруунун башка органдары, юридикалык жана жеке жактар менен финансылык жана экономикалык мамилелери, ошондой эле жергиликтүү бюджетти жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын бюджеттен тышкаркы фонддорун түзүү жана аткаруу тартиби жана принциптери Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынат.

57-берене. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын чарбалык субъекттерди түзүү укугу

Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чарбалык иштерди жүзөгө ашыруу үчүн чарба жүргүзүүчү субъекттерди түзүүгө, аларды кайра уюштуруунун жана жоюунун маселелерин чечүүгө укуктуу.

III бөлүм. Жергиликтүү мамлекеттик администрация

10-глава. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын тутуму, түзүмү жана ишинин уюштуруучулук негиздери

58-берене. Жергиликтүү мамлекеттик администрация

1. Тийиштүү административдик-аймактык бирдиктин аймагында аткаруу бийлигин жергиликтүү мамлекеттик администрация жүзөгө ашырат.

2. Жергиликтүү мамлекеттик администрация тиешелүү аймакта Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, административдик ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн макулдашылган иш-аракетин камсыздайт.

3. Жергиликтүү мамлекеттик администрация өз ишинде Президентке жана Өкмөткө отчет берет.

4. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын түзүмү жана штатынын саны Өкмөт тарабынан бекитилет.

5. Жергиликтүү мамлекеттик администрация юридикалык жак болуп саналат жана ушул Мыйзам жана башка ченемдик укуктук актылар менен өз компетенциясына таандык кылынган маселелерди өзалдынча чечүүгө укуктуу.

59-берене. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын ишин укуктук жөнгө салуу

Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын ишин укуктук жөнгө салуу Конституциянын, Кыргыз Республикасынын ушул Мыйзамынын жана башка ченемдик укуктук актыларынын негизинде жүзөгө ашырылат.

60-берене. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын ишинин принциптери

1. Жергиликтүү мамлекеттик администрация өз ишин төмөндөгүдөй принциптерде жүзөгө ашырат:

- мыйзамдуулуктун жана социалдык адилеттиктин;
- жарандардын укуктарын жана мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарын коргоонун;
- жалпы мамлекеттик жана жергиликтүү кызыкчылыктарды айкалыштыруунун;
-маселелерди чечүүдө ачыктыктын жана маалымдуулуктун;
- өз ишинин натыйжалары үчүн мамлекеттин жана калктын алдында

жоопкерчиликтин;

- мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өзалдынча башкаруунун иш милдеттерин жана ыйгарым укуктарын так аныктоонун.

2. Жергиликтүү мамлекеттик администрация өз ишин жарандардын мамлекеттик жана жергиликтүү маанидеги маселелерди башкарууга катышуусунун конституциялык укугун ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүп, тиешелүү аймактын жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары менен тыгыз өзара аракетте жүзөгө ашырат.

3. Аткаруучулук-тескөөчүлүк иштин эң маанилүү маселелерин кароо үчүн жергиликтүү мамлекеттик администрацияда консультациялык-кеңешүүчүлүк орган - коллегия түзүлөт. Коллегиянын курамына жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысы, анын орунбасарлары жана мамлекеттик башкаруу органдарынын башка кызмат адамдары кирет.

11-глава. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын компетенциясы

61-берене. Облустун мамлекеттик администрациясынын компетенциясы

Облустун мамлекеттик администрациясы:

1) тиешелүү аймакта аткаруу бийлигин жүзөгө ашырат;

2) аймактын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн жана калкты социалдык жактан коргоонун программаларынын долбоорлорун түзөт, алардын аткарылышын уюштурат;

3) мамлекеттик саясатты жүзөгө ашырат жана облустун аймагында башкаруу органдарынын ишин координациялайт;

4) эларалык жана региондор аралык кызматташтыкты өнүктүрөт;

5) аймакты өнүктүрүү үчүн инвестицияларды жана гранттарды тартууга көмөк көрсөтөт;

6) инвестициялык программаларды иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат;

7) өзгөчө кырдаалдарды, табигый кырсыктарды болтурбоо жана алардын кесепеттерин жоюу боюнча иш-чараларды координациялайт жана жүзөгө ашырат;

8) жарандардын, анын ичинде жашы жете электердин укуктарын сактоо боюнча контролдукту жүзөгө ашырат;

9) жергиликтүү деңгээлдеги мамлекеттик программаларды башкарууну жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары менен коомдук уюмдардын программалардын чектеринде өзара аракеттенүүлөрүн камсыз кылат;

10) тийиштүү аймакта иштеп жаткан коомдук жана эларалык уюмдардын ишине мониторинг жүргүзөт;

11) аймактык шайлоо комиссияларына алардын ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда уюштуруучулук, маалыматтык жана материалдык-техникалык көмөк көрсөтөт;

12) Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары менен каралган башка иш милдеттерди жана ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

62-берене. Райондун мамлекеттик администрациясынын компетенциясы

Райондун мамлекеттик администрациясы:

1) тиешелүү аймакта аткаруу бийлигин жүзөгө ашырат;

2) аймактын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн жана калкты социалдык жактан коргоонун программаларын иштеп чыгат жана кабыл алат, алардын аткарылышын уюштурат;

3) райондук бюджеттин долбоорун иштеп чыгып, райондук кеңеш тарабынан бекитилгенден кийин анын аткарылышын уюштурат;

4) республикалык бюджеттин каражаттарынын жана стратегиялык багыттагы каражаттардын натыйжалуу жана максаттуу пайдаланылышын контролдоону жүзөгө ашырат;

5) аймакты өнүктүрүү үчүн инвестицияларды жана гранттарды тартат;

6) райондун аймагында мамлекеттик менчикти натыйжалуу башкарууну камсыз кылат;

7) кечиктирилгис социалдык-экономикалык, экологиялык жана башка маселелерди чечүү үчүн колдо бар ресурстарды тартууну уюштурат;

8) өзгөчө кырдаалдарды, табигый кырсыктарды болтурбоо жана алардын кесепеттерин жоюу боюнча иш-чараларды координациялайт жана жүзөгө ашырат;

9) жарандардын, анын ичинде жашы жете электердин укуктарын сактоо боюнча контролдукту жүзөгө ашырат;

10) жергиликтүү деңгээлдеги мамлекеттик программаларды башкарууну жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары менен коомдук уюмдардын программалардын чектеринде өзара аракеттенүүлөрүн камсыз кылат;

11) тийиштүү аймакта иштеп жаткан коомдук жана эларалык уюмдардын ишине мониторинг жүргүзөт;

12) аймактык шайлоо комиссияларына алардын ыйгарым укуктарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте жүзөгө ашырууда уюштуруучулук жана материалдык-техникалык көмөк көрсөтөт;

13) калкты укуктук, социалдык-маданий, чарбалык жана тиричилик жактан тейлөөнү уюштурат;

14) жергиликтүү коммуникациялардын бардык түрлөрүн, көчөлөрдү, жолдорду жана башка объекттерди тиешелүү абалда кармоо боюнча иш-чаралар менен программаларды иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат;

15) Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары менен каралган башка иш милдеттерди жана ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

63-берене. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысы

1. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын ишине төмөндөгүдөй жеке башкаруу принцибинде жетекчилик кылат:

- облустун мамлекеттик администрациясынын башчысы - губернатору;

- райондук мамлекеттик администрациянын башчысы - акими.

2. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысы Президент тарабынан Премьер-министр менен кеңешүү боюнча дайындалат.

Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысы Президент тарабынан

өзалдынча же Премьер-министрдин сунушу боюнча кызматынан бошотулат.

3. Облустун мамлекеттик администрациясынын башчысы - губернатору облустун аймагында, ал эми райондук мамлекеттик администрациянын башчысы - акими райондун аймагында башкы мамлекеттик кызматчы адам болуп саналат.

4. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысы ведомствонун карамагындагы аймактын социалдык-экономикалык өнүгүшү үчүн Президенттин жана Өкмөттүн алдында, ал эми райондук мамлекеттик администрациянын башчысы - акими облустун мамлекеттик администрациясынын башчысынын алдында жеке жоопкерчилик тартат.

5. Тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин аймагында социалдык-экономикалык жана коомдук-саясий кырдаалдын начарлашына, мыйзамдуулуктун бузулушуна алып келген өзүнүн кызматтык милдеттерин талаптагыдай аткарбаган, ошондой эле жаманатты кылган жосунду жасаган учурда, жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысы Президент тарабынан өзалдынча же Премьер-министрдин сунушу боюнча ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулушу мүмкүн.

64-берене. Облустун мамлекеттик администрациясынын башчысынын - губернаторунун ыйгарым укуктары

1. Облустун мамлекеттик администрациясынын башчысы - губернатору.

1) облустун мамлекеттик администрациясынын ишин уюштурат жана анын натыйжалары үчүн белгиленген тартипте жооп берет;

2) судьялардан, прокурорлордон, улуттук коопсуздуктун мамлекеттик органынын аймактык бөлүмдөрүнүн, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик статистика органдарынын жетекчилеринен бөлөк, мамлекеттик бийлик органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн ишин координациялайт, алардын жетекчилерин кызматка дайындоого жана кызматынан бошотууга макулдук берет, ошондой эле алар өз милдеттерин талаптагыдай аткарбаган учурда, жогоруда көрсөтүлгөн кызмат адамдарын кызматынан четтетүү жөнүндө маселе коюуга укуктуу;

3) мамлекеттик саясатты жүзөгө ашырат;

4) облустун аймагында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, Президенттин жарлыктарынын жана буйруктарынын, Жогорку Кеңештин токтомдорунун, Өкмөттүн токтомдорунун жана буйруктарынын аткарылышын, улуттук жана мамлекеттик программалардын ишке ашырылышын контролдойт.

5) ведомствонун карамагындагы аймакта укуктук тартипти жана коопсуздукту камсыз кылуу, ошондой эле мамлекеттик чегараны кайтаруу боюнча укук коргоо органдарынын ишин координациялайт жана контролдойт;

6) облустун экономикасына инвестицияларды тартат, инвестициялык программаларды иштеп чыгат жана ишке ашырат, эларалык жана региондор аралык кызматташтыкты өнүктүрөт;

7) жарандарга мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын сактоону контролдойт;

8) жарандардын укугун коргоо боюнча иштерди, жарандардын арыздары жана кайрылуулары боюнча иштерди жүргүзөт;

9) жогору турган мамлекеттик органдар менен мамилелерде, эларалык

мамилелерде тиешелүү аймактын өкүлү болот;

10) облустун мамлекеттик администрациясынын аппаратынын кызматкерлерин дайындайт жана кызматынан бошотот, аларга карага тартип жаза чараларын көрөт жана сыйлыктар менен сыйлайт;

11) аймактык бөлүмдөрдүн жетекчилери өз милдеттерин талаптагыдай аткарбаган учурда аларды кызматтан четтетүү жөнүндө маселелерди коюуга укуктуу;

12) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жана өзүнө Президент, Өкмөт жана Премьер-министр жүктөгөн башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

2. Райондук мамлекеттик администрациянын башчысы - акими Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Президенттин жана Өкмөттүн ченемдик укуктук актыларын аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда облустун мамлекеттик администрациясынын башчысы - губернатору аны ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө Президентке сунушун берүүгө укуктуу.

3. Облустун мамлекеттик администрациясынын башчысы белгиленген тартипте Президентке Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйлоо жана ардак наамдарын ыйгаруу жөнүндө кат менен кайрылат.

4. Облустун мамлекеттик администрациясынын башчысы райондун мамлекеттик администрациясынын башчысы тарабынан мыйзамдарга каршы келген ченемдик укуктук актылар чыгарылган учурда аларды токтото турууга укуктуу.

65-берене. Райондук мамлекеттик администрациянын башчысынын - акимдин ыйгарым укуктары

1. Райондук мамлекеттик администрациянын башчысы - аким:

1) райондун аймагында мамлекеттик администрациянын ишин уюштурат жана анын натыйжалары үчүн белгиленген тартипте жооп берет;

2) судьялардан, прокурорлордон, улуттук коопсуздуктун мамлекеттик органынын аймактык бөлүмдөрүнүн, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик статистика органдарынын жетекчилеринен бөлөк, мамлекеттик бийлик органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн ишин координациялайт, алардын жетекчилерин кызматка дайындоого жана кызматынан бошотууга макулдук берет, ошондой эле алар өз милдеттерин талаптагыдай аткарбаган учурда, жогоруда көрсөтүлгөн кызмат адамдарын кызматынан четтетүү жөнүндө маселе коюуга укуктуу;

3) райондун мамлекеттик администрациясынын аппаратынын кызматкерлерин дайындайт жана кызматынан бошотот, аларга карата тартип жаза чараларын көрөт жана сыйлыктар менен сыйлайт;

4) жылына кеминде бир жолу тиешелүү аймактагы иштердин абалы жөнүндө райондук кеңешке баяндама жасайт;

5) аймактын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн жана калкты социалдык жактан коргоонун программаларынын долбоорлорун райондук кеңештин бекитүүсүнө сунуш кылат, ал программалардын аткарылышы жөнүндө жергиликтүү кеңешке маалымдайт, ошондой эле кеминде эки жылда бир ирет тиешелүү аймактын курултайына отчет берет;

6) тиешелүү аймактын бюджетинин долбоорун райондук кеңештин бекитүүсүнө сунуш кылат, анын аткарылышы жөнүндө отчетту райондук кеңешке бекитүү үчүн берет;

7) кыйла маанилүү маселелерди райондук кеңештин кароосуна киргизет, ошондой эле жергиликтүү кеңештин сессиясын чакыруу жөнүндө маселени коюуга жана анын ишине кеңеш берүүчү добуш укугу менен катышууга укуктуу;

8) жогору турган мамлекеттик органдар менен мамилелерде, эларалык мамилелерде тиешелүү аймактын өкүлү болот;

9) мамлекеттин менчигиндеги жер участокторун берүү жөнүндө чечимдерди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чыгарат;

10) мамлекеттик социалдык (пенсиялык, камсыздандыруу) фонддорго төлөмдөрдү эсептөөгө жана толук жыйноого көмөк көрсөтөт;

11) салык кызматтарына салык төлөөчүлөрдү эсепке алууда жана салыктарды жыйноодо көмөк көрсөтөт;

12) ушул Мыйзам менен белгиленген учурларда айылдык округдун башчысын, райондук маанидеги шаардын башчысын жана поселканын башчысын ээлеген кызматынан бошотот;

13) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жана өзүнө Президент, Өкмөт жана Премьер-министр жүктөгөн башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

2. Райондун мамлекеттик администрациясынын башчысы карамагындагы аймакта аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын аймактык бөлүмдөрү, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары, менчигинин түрүнө карабастан ишканалар, мекемелер жана уюмдар тарабынан мыйзамдардын, Президенттин жана Өкмөттүн актыларынын аткарылышына мамлекеттик контролду жүзөгө ашырат. Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын аймактык бөлүмдөрү, болбосо өзалдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдары тарабынан мыйзамдарга, Президенттин жана Өкмөттүн актыларына ылайык келбеген чечимдер чыгарылган учурларда райондун мамлекеттик администрациясынын башчысы бир эле учурда бул жөнүндө прокуратура органдарына, башкаруунун тиешелүү жогору турган мамлекеттик органдарына же тиешелүү жергиликтүү кеңештерге билдирүү менен мындай чечимдердин аткарылышын алар тарабынан зарыл чаралар көрүлгөнгө чейин токтото турууга укуктуу.

3. Райондун мамлекеттик администрациясынын башчысы белгиленген тартипте облустун мамлекеттик администрациясынын башчысына Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйлоо жана ардак наамдарын ыйгаруу жөнүндө кат менен кайрылат.

66-берене. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысынын ченемдик укуктук актылары

1. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысы өз компетенциясынын чектеринде буйруктарды чыгарат, ошондой эле токтом түрүндөгү ченемдик укуктук акт чыгарышы жана алардын аткарылышын контролдошу мүмкүн.

2. Облустун, райондун мамлекеттик администрациясынын башчысы тарабынан чыгарылган ченемдик укуктук актылардын күчүн убактылуу токтотуу же жокко чыгаруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

67-берене. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысынын

биринчи орун басары жана орун басарлары

Облустун мамлекеттик администрациясынын башчысынын биринчи орун басары жана орун басарлары облустун мамлекеттик администрациясынын башчысынын - губернаторунун сунушу же өз демилгеси боюнча Президент тарабынан дайындалат жана бошотулат.

Райондун жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын башчысынын биринчи орун басары жана орун басарлары райондун жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын башчысынын - акиминин сунушу боюнча облустун мамлекеттик администрациясынын башчысы - губернатору тарабынан дайындалат жана бошотулат.

Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысы жок болгон, өз милдеттерин аткаруу мүмкүнчүлүгү болбогон же ээлеген кызмат ордунан бошотулган учурда жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысынын милдеттерин жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысынын биринчи орун басары аткарат.

(КР 2010-жылдын 13-январындагы N 1 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

68-берене. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысынын ишин чектөө

1. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысы жана анын орунбасарлары Жогорку Кеңештин же жергиликтүү кеңештердин депутаттары боло албайт.

2. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысы жана анын орунбасарлары, жергиликтүү мамлекеттик администрациянын органдарынын жана түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери төмөндөгүлөргө укуксуз:

1) педагогдук, илимий жана башка чыгармачылык иштен тышкары бөлөк акы төлөнүүчү иш иштөөгө;

2) өзү же ортомчулар аркылуу ишкердик жасоого, ошондой эле өзүнүн кызмат абалын ар кандай түрдө бул үчүн сыйлык алуу менен жеке жана юридикалык жактарга алардын ишкердик жасоосун жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтүүгө;

3) жергиликтүү мамлекеттик администрацияда же өзүнө түздөн-түз баш ийген же отчет берген органга үчүнчү жактардын иштери боюнча өкүл болууга;

4) материалдык-техникалык, каржылык жана маалыматтык камсыз кылуу каражаттарын, кызматтык автотранспорт каражаттарын, башка мамлекеттик мүлктү жана кызматтык маалыматты кызматка тиешеси жок максатта пайдалануу;

5) жеке жана юридикалык жактардан кызматтык ыйгарым укуктарды аткарууга байланыштуу аракеттерди же аракетсиздикти жүзөгө ашыргандык үчүн белектер, акча жана кызмат көрсөтүү түрүндөгү сыйлыктарды алууга;

6) шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө шайлоо комиссияларынын ишине, ошондой эле референдумдарды өткөрүү боюнча шайлоо комиссияларынын ишине кийлигишүүгө;

7) иш таштоолорго, манифестацияларга катышууга жана башка аракеттери менен мамлекеттик органдардын ишине тоскоолдук кылууга;

8) саясий партиялардын жана диний уюмдардын ишине өзүнүн кызматтык

ишине байланыштуу катышууга;

9) өзүнө түздөн-түз баш ийген кызматтарга жакын туугандарын (ата-энеси, жубайы, ага-инилери, эже-карындаштары жана балдары) дайындоого.

3. Көрсөтүлгөн кызмат адамдары тарабынан бул талаптардын бузулушу ээлеген кызматынан бошотууга чейинки тартиптик жоопкерчиликке алып келет.

4. Ушул берене жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзам актылары менен белгиленген чек коюулар жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башка кызмат адамдарына да жайылтылат.

IV бөлүм. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишинин укуктук кепилдиктери

69-берене. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү мамлекеттик администрациянын ченемдик укуктук актыларынын милдеттүүлүгү

1. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары өз ишин ошол аймактын калкынын атынан жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде жүзөгө ашырат.

2. Жергиликтүү кеңештердин, өзалдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдарынын, курултайлардын, жарандардын жыйындарынын, аймактык коомдук өзалдынча башкаруу органдарынын чечимдери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбөөгө тийиш.

3. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын өз компетенциясынын чектеринде кабыл алынган чечимдери менчигинин түрүнө карабастан тиешелүү аймакта жайгашкан бардык ишканалар, уюмдар, мекемелер, ошондой эле кызмат адамдары, коомдук бирикмелер жана жарандар тарабынан аткарылууга милдеттүү.

4. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын ушул Мыйзамы жана мыйзамдары менен жергиликтүү мамлекеттик администрациянын карамагына тиешелүү маселелерди кароого кабыл алууга укуксуз.

5. Жергиликтүү мамлекеттик администрация Кыргыз Республикасынын ушул Мыйзамы жана мыйзамдары менен жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын карамагына тиешелүү маселелерди кароого кабыл алууга укуксуз.

6. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын чечимдерин, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын актыларын аткарбагандыгы үчүн кызмат адамдары жана жарандар белгиленген тартипте мыйзам алдында жоопкерчилик тартат.

70-берене. Жергиликтүү өзалдынча башкаруунун жана жергиликтүү мамлекеттик администрациянын укуктарын коргоо

1. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчылары мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарынын жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузган чечимдерин жокко чыгаруу же токтото туруу жөнүндө

өтүнүч менен жогору турган мамлекеттик бийлик органдарына кайрылууга укуктуу.

2. Кыргыз Республикасынын жогору турган мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдары өз ишинде жергиликтүү мамлекеттик администрациянын сунуштарын кароого жана эске алууга, аларга кароонун натыйжалары жөнүндө мыйзам менен белгиленген тартипте кабарлоого милдеттүү.

71-берене. Жергиликтүү өзалдынча башкарууга жана жергиликтүү мамлекеттик администрацияга келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик

1. Ишканалар (бирикмелер), уюмдар жана мекемелер, жарандар жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү мамлекеттик администрациянын алдында жоопкерчиликтүү, анын ичинде алар өз аракеттери же аракетсиздиги менен калктын мүдөөлөрүнө, жергиликтүү чарбага, курчап турган чөйрөгө келтирген зыяндын, ошондой эле жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү мамлекеттик администрациянын чечимдерин аткарбагандыктын натыйжасында келтирилген чыгымдарды толук көлөмдө төлөп берүү менен мүлктүк жоопкерчилик да тартышат.

2. Жергиликтүү өзалдынча башкаруунун жана жергиликтүү мамлекеттик администрациянын мыйзамдуу таламдарын коргоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сот тарабынан камсыз кылынат.

72-берене. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын Жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги

1. Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары кабыл алынган чечимдеринин мыйзамдуулугу үчүн жоопкерчилик тартат.

2. Менчигинин түрүнө карабастан ишканалардын (бирикмелердин), уюмдардын, мекемелердин жана жарандардын жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү мамлекеттик администрациянын аракетинин же аракетсиздигинин натыйжасында келип чыккан бузулган укуктарын калыбына келтирүү боюнча талаштар, ошондой эле укукка сыйбаган аракеттердин натыйжасында келтирилген чыгымдын ордун толтуруу боюнча талаштар сотто чечилет.

73-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө киришинин тартиби

1. Ушул Мыйзам жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

2. Төмөндөгүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

- "Жергиликтүү өзалдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 2002-жыл, N 1, 10-ст.);

- "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-статьясы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 2004-жыл, N 2, 66-ст.);

- "Жергиликтүү өзалдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик

администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоолор киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы ("Эркинтоо" гезити, 2005-жылдын 4-февралы, N 11);

-"Жергиликтүү өзалдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 2005-жыл, N 4, 243-ст);

- "Жергиликтүү өзалдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 2005-жыл, N 11, 866-ст);

- "Жергиликтүү өзалдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация" жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-статьясы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 2006-жыл, N 2, 142-ст.);

- "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүү жана толуктоо киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-статьясы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 2006-жыл, N 10, 853-ст.);

- "Жергиликтүү өзалдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 2007-жыл, N 1, 5-ст).

3. Төмөндөгүлөр белгиленсин:

- ушул Мыйзам күчүнө киргенге чейин шайланган шаар мэрлери, райондук маанидеги шаарлардын шаардык башкарууларынын башчылары жана айыл өкмөтүнүн башчылары ушул Мыйзам күчүнө кирген учурдан тартып өздөрү шайланган мөөнөтүнүн аякташына чейин өздөрүнүн ыйгарым укуктарын сакташат;

- ушул Мыйзам күчүнө киргенге чейин шайланган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын сандык курамы алардын ыйгарым укуктарынын аякташына чейин сакталат;

- иштеп жаткан райондук кеңештердин ыйгарым укуктары ушул Мыйзамга ылайык райондук кеңештердин жаңы курамы түзүлгөнгө чейин сакталат.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар:

- ушул Мыйзамды ишке ашыруу боюнча тиешелүү чараларды көрсүн;

- өз чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

Бишкек шаары
2000-жылдын 13-январы N 3

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ
Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө

(КР 2003-жылдын 5-августундагы N 189 Мыйзамынын, 2004-жылдын 15-октябрындагы N 182 Мыйзамынын, 2006-жылдын 6-февралындагы N 34 Мыйзамынын, 2007-жылдын 27-февралындагы N 27 Мыйзамынын, 2008-жылдын 5-августундагы N 195 Мыйзамынын редакцияларына ылайык)

1-Бөлүм. Жалпы жоболор
2-Бөлүм. Депутаттын жергиликтүү кеңештин Жана анын органдарындагы иши
3-Бөлүм. Жергиликтүү кеңештин депутатынын шайлоо округундагы иши
4-Бөлүм. Шайлоочулардын сунуш-талаптары менен иштөөнү уюштуруу
5-Бөлүм. Депутаттык иштин негизги кепилдиктери

1-Бөлүм. Жалпы жоболор

1-статья. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө мыйзамдар

Жергиликтүү кеңештин депутатынын статусу Кыргыз Республикасынын Конституциясы, "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана ушул Мыйзам менен аныкталат.

(КР 2004-жылдын 15-октябрындагы N 182 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

2-статья. Жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктары жана алардын мөөнөтү

Жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнүн ыйгарым укуктарына жалпы, тең жана тике шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү аркылуу төрт жылдык мөөнөткө жергиликтүү кеңешке шайлануусунун натыйжасында ээ болот.

Депутаттын ыйгарым укуктары тийиштүү кеңештин биринчи сессиясы ачылган күндөн тартып башталат жана кийинки шайланган кеңештин биринчи сессиясы ачылган күнү бүтөт.

Чыгып калган депутаттын ордуна шайланган депутаттын ыйгарым укуктары кеңештин депутат шайлангандан кийинки кезектеги сессиясынын күнүнөн тартып башталат.

Кеңешке шайлоолордун натыйжалары жөнүндөгү маселе кеңештин кароосуна тийиштүү аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан маалымат берүү иретинде киргизилет жана кеңеш тарабынан эске алынат. Депутаттардын ыйгарым укуктарына тийиштүү талаш маселелер сот тартибинде чечилет.

Депутаттын ыйгарым укуктары ага берилген депутаттын күбөлүгү жана төш белгиси менен ырасталат. Депутаттын күбөлүгүнүн жана төш белгисинин үлгүлөрү,

ошондой эле алар жөнүндөгү Жобо мыйзам аркылуу бекитилет.

Депутаттын ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн.

(КР 2004-жылдын 15-октябрындагы N 182 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

3-статья. Жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнөн мурда токтотулушу

Жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктары төмөнкү учурларда:

депутат Кыргыз Республикасынын жарандыгын жоготкондо;

депутаттын мыйзам боюнча депутаттык ыйгарым укуктарды аткарууга ылайык келбеген кызмат ордуна шайланганда же дайындалганда;

ал башка кеңештин депутаттыгына шайланганда, , буга ушул Мыйзамда жана "Жергиликтүү өзалдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган учурлар кирбейт;

депутат сот тарабынан аракетке жөндөмсүз же дайыны жок деп табылганда, ошондой эле өлгөндө;

депутат адамды эркиндигинен ажыратуу жөнүндө соттун айыптоочу өкүмү күчүнө киргенде мөөнөтүнөн мурда токтотулат;

Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашоочу жерге кеткенде;

жергиликтүү кеңеш таркатылганда.

Жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктары ошондой эле тийиштүү кеңештин чечими боюнча төмөндөгүлөргө байланыштуу:

соттун депутатты эркиндигинен ажыратууга байланышпаган жазага соттогон айыптоочу өкүмү күчүнө киргенде;

тийиштүү кеңештин аймагынын чектеринен тышкары туруктуу жашап тургандыгына байланыштуу анда иштөөсүн токтотконду; (шаардын аймагында иштешкен жана жашашкан, шаардык кеңештин райондук депутаттарынан бөлөктөр);

өзүнүн депутаттык ыйгарым укуктарын алып салуу жөнүндө депутаттын жекече арызы берилгенде да мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн.

Бир жыл ичинде жергиликтүү кеңештин сессияларына жүйөлүү себепсиз дайыма катышпагандыгы үчүн, ошондой эле жергиликтүү кеңештин чечимдерин жана тапшырмаларын аткарбагандыгы үчүн жергиликтүү кеңештин депутаттары алардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен тиешелүү кеңештин депутатын чакыртып алуу жөнүндөгү маселени козгоого укуктуу. Депутатты чакыртып алуу тартиби Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынат.

(КР 2004-жылдын 15-октябрындагы N 182 Мыйзамынын, 2006-жылдын 6-февралындагы N 34 Мыйзамынын редакцияларыына ылайык)

4-статья. Депутаттык ишти өндүрүштүк же кызматтык милдеттерди аткаруу менен айкалыштыруу

Жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнүн ыйгарым укуктарын өндүрүштүк же кызматтык ишинен кол үзбөй туруп жүзөгө ашырат.

5-статья. Жергиликтүү кеңештин депутатынын статусунун кээ бир кызматтар жана иш түрлөрү менен шайкешсиздиги

Жергиликтүү кеңештин депутаты мамлекеттик кызматта же муниципалдык кызматта тура албайт.

Жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнүн депутаттык мандатын депутаттык ишке байланышпаган максаттарда пайдалана албайт.

Бир эле адам бир гана айылдык, шаарчалык, райондук же шаардык кеңештин депутаты боло алат.

(КР 2004-жылдын 15-октябрындагы N 182 Мыйзамынын, 2006-жылдын 6-февралындагы N 34 Мыйзамынын, 2007-жылдын 27-февралындагы N 27 Мыйзамынын, 2008-жылдын 5-августундагы N 195 Мыйзамынын редакцияларыына ылайык)

6-статья. Депутаттын шайлоочулар менен өз ара мамилеси

Жергиликтүү кеңештин депутаты шайлоочулар, өзүн депутаттыкка талапкерликке көрсөткөн жамааттар жана жарандардын бирикмелери, ошондой эле өзүнүн шайлоо округунун аймагында жайгашкан башка ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жамааттары, мамлекеттик органдар, өз алдынча башкаруу органдары жана жарандардын бирикмелеринин органдары менен байланышта болуп турат.

Шайлоочулар өздөрүнүн депутаттарына сунуш-талап бере алышат. Депутат өзүнүн шайлоо округунун шайлоочуларынын алдында жоопкер жана аларга отчет берип турат.

7-статья. Депутаттын өзү шайланган жергиликтүү кеңеш жана анын органдары менен өз ара мамилеси

Жергиликтүү кеңештин депутаты жергиликтүү кеңештин, өзү курамына кирген анын туруктуу комиссияларынын жана башка органдарынын ишине катышууга, алардын чечимдерин ишке ашырууга ар тараптуу көмөк көрсөтүүгө, кеңештин жана анын органдарынын тапшырмаларын аткарууга милдеттүү.

Жергиликтүү кеңеш жана анын органдары тийиштүү шарттарды түзүү, депутаттарды документтер, маалымат-кабардык жана депутаттык ыйгарым укуктарды натыйжалуу жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон башка материалдар менен камсыз кылуу жолу менен депутаттардын ишине көмөк көрсөтөт, депутаттардын колдонуудагы мыйзамдарды, жергиликтүү кеңештердин иш тажрыйбасын окуп-үйрөнүүсүн уюштурушат.

Депутат шайланган жергиликтүү кеңеш жергиликтүү кеңештин чечимдерин жана тапшырмаларын аткаруусу жөнүндө анын отчетторун угууга укуктуу.

Депутат жергиликтүү кеңеште жана анын органдарында өзүнүн милдеттерин аткарбаган, алардын ишинин белгиленген тартибин дайыма бузган учурда, жергиликтүү кеңеш мандаттык комиссиянын, депутаттык иш жана этика маселелери боюнча комиссиянын алдын ала корутундусу боюнча аны белгилүү бир мезгилге

депутат катары төлөнүүчү төлөөлөрдөн жарым - жартылай же толук ажыратуу, депутаттын өзүнүн милдеттерине карата мамилеси тууралу шайлоочуларга кабарлоо жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн.

8-статья. Администрациялык-аймактык бөлүнүштөгү өзгөрүүлөргө байланыштуу депутаттын статусунун өзгөрүшү же ыйгарым укуктарынын токтотулушу

Тийиштүү аймактын администрациялык - аймактык бөлүнүшүндөгү өзгөрүүлөргө байланыштуу депутаттын статусу ал шайланган жергиликтүү кеңешинин статусунун өзгөрүшүнө ылайык өзгөрөт.

Калктуу конуштар республикалык же областтык баш ийүүдөгү шаарлар категориясына киргизилгенде, алардын аймагында бул калктуу конуш баш ийген жергиликтүү кеңештин депутаттарынын ыйгарым укуктары токтотулат.

Жаңы түзүлгөн жергиликтүү кеңештерге мурдагы иштеп келген жергиликтүү кеңештердин базасында шайлоолор өткөрүүдө, бул жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктары токтотулат.

2-Бөлүм. Депутаттын жергиликтүү кеңештин Жана анын органдарындагы иши

9-статья. Депутаттын жергиликтүү кеңештин сессияларына катышуусу

Жергиликтүү кеңештин сессияларында жергиликтүү кеңештин депутаттары жамааттык жана эркин талкуулоонун негизинде, ошол жергиликтүү кеңештин тескөөсүнө таандык маселелерди карашат жана чечишет.

Депутат жергиликтүү кеңештин регламентин, жергиликтүү кеңештин, анын органдарынын ишинин тартибин аныктоочу башка ченемдик актыларды сактоого, жергиликтүү кеңештин сессияларына, өзү курамына кирген туруктуу комиссиянын жана башка органдардын заседаниелерине катышууга милдеттүү. Заседаниеде болууга мүмкүнчүлүк болбогон учурда, депутат бул жөнүндө тийиштүү органдын жетекчисине маалымдайт.

10-статья. Депутаттын жергиликтүү кеңештеги жана анын органдарындагы укуктары

Жергиликтүү кеңештин депутаты жергиликтүү кеңештин жана өзү курамына кирген анын органдарынын заседаниелеринде каралуучу бардык маселелер боюнча чечүүчү добуш укугунан пайдаланат. Ар бир депутат жергиликтүү кеңеште жана өзү курамына кирген анын органдарында бир добушка ээ болот. Жергиликтүү кеңештин кайсы бир органынын курамына кирбеген депутат анын ишине кеңеш берүүчү добуш укугу менен катыша алат.

Жергиликтүү кеңештин депутаты:

1) тийиштүү жергиликтүү кеңештин органына шайлоого жана шайлануага;

2) жергиликтүү кеңештин жана анын органдарынын кароосу үчүн маселелерди сунуш кылууга;

3) жергиликтүү кеңештин жана анын органдарынын заседаниесинин күн тартиби, талкууланууучу маселелерди кароонун тартиби жана алардын маани -маңызы боюнча сунуштар жана сын-пикирлер киргизүүгө;

4) чечимдердин долбоорлорун, жергиликтүү кеңеш же анын органы кабыл алуучу башка документтерди, аларга карата түзөтүүлөрдү кароо үчүн киргизүүгө;

5) жергиликтүү кеңеш түзүүчү органдардын жекече курамы жана жергиликтүү кеңеш тарабынан шайлануучу, дайындалуучу же бекитилүүчү кызмат адамдарынын талапкерлери боюнча ой-пикирин айтууга;

6) жергиликтүү кеңеш түзгөн органдарга, алардын курамына кирген адамдарга, ошондой эле жергиликтүү кеңеш шайлаган, дайындаган же бекиткен адамдарга ишенич көрсөтпөө жөнүндө маселе коюуга;

7) талаш-тартыштарга катышууга, суроо-талаптар менен кайрылууга, баяндамачыларга, кошумча баяндамачыларга, заседаниеге төрагалык кылуучуга суроолор берүүгө;

8) жергиликтүү кеңештин сессиясында жергиликтүү кеңешке отчеттуу, болбосо анын контролдугу астындагы ар кандай органдын же кызмат адамынын, ошондой эле тийиштүү жергиликтүү кеңештин кызмат өтөшүнө кирген маселелер боюнча анын аймагында иштеген башка органдардын жана кызмат адамдарынын отчетун же маалыматын угуу жөнүндө сунуштар киргизүүгө;

9) өзүнүн сунуштарын негиздөө менен жана добуш берүүнүн жүйө - себептери боюнча чыгып сүйлөөгө, маалыматтар берүүгө;

10) жергиликтүү кеңештин жана органдарынын заседаниелеринде, эгерде алар коомдук мааниге ээ болсо, жарандардын же алардын бирикмелеринин кайрылууларынын, арыздарынын, резолюцияларынын, петицияларынын тексттерин жергиликтүү кеңеш белгилеген тартипте жарыялоого укуктуу.

Депутат жергиликтүү кеңештин сессиясында талкууланган маселе боюнча өзүнүн жарыя айтылбаган сөзүнүн, сунуштарынын жана сын - пикирлеринин текстин, жергиликтүү кеңештин же өзү катышкан анын органынын заседаниесинин протоколуна киргизүү үчүн төрагалык кылуучуга бере алат.

Депутаттын жергиликтүү кеңештин сессиясында айткан жана заседаниесинде төрагалык кылуучуга кат түрүндө берилген сунуштары менен сын-пикирлери жергиликтүү кеңеш тарабынан, болбосо анын тапшыруусу боюнча жергиликтүү кеңештин комиссиялары тарабынан каралат же тийиштүү органдардын жана кызмат адамдарынын кароосуна жөнөтүлөт, алар бул сунуштарды жана сын-пикирлерди, эгерде жергиликтүү кеңеш тарабынан башка мөөнөт белгиленбесе, бир айлык мөөнөттөн кечиктирбей кароого жана кароонун натыйжалары тууралу сунуштар киргизген жана сын-пикирлерин айткан депутаттардын тикелей өздөрүнө, ошондой эле жергиликтүү кеңештин төрагасына билдирүүгө милдеттүү.

Пленардык заседаниелеринде, туруктуу жана убактылуу комиссиялардын заседаниелеринде депутаттарга жергиликтүү кеңеш кабыл алган чечимдердин аткарылышынын, депутаттар киргизген сунуштардын жана сын-пикирлердин, шайлоочулардын сунуш-талаптарынын ишке ашырылышынын жүрүшү жөнүндө, ошондой эле жергиликтүү кеңештин жана анын органдарынын ишинин маанилүү маселелери боюнча мезгил-мезгили менен маалымат берилип турат.

Депутаттар жергиликтүү кеңеште жергиликтүү кеңештин регламентине ылайык

түзүлгөн жана иш жүргүзгөн депутаттык топторго бириге алышат.

Депутаттардын белгиленген укуктарын ишке ашыруунун тартиби жергиликтүү кеңештин жана алардын органдарынын ишин жөнгө салуучу ушул Мыйзам, Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдык актылары, ошондой эле тийиштүү кеңештин регламенти менен аныкталат.

(КР 2004-жылдын 15-октябрындагы N 182 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

11-статья. Депутаттык суроо-талап жана депутаттык суроо

Депутаттык суроо-талап - бул депутаттын алдын ала же жергиликтүү кеңештин сессиясында жергиликтүү кеңештин төрагасына, төраганын орун басарына, аткаруучу комитетке, аткаруучу комитеттин бөлүмдөрүнүн, башкармаларынын жана башка органдарынын жетекчилерине, менчигинин түрүнө карабастан, жергиликтүү кеңештин аймагында жайгашкан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын жетекчилерине, ошондой эле тийиштүү жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысына, анын орун басарына, жергиликтүү мамлекеттик администрациянын бөлүмдөрүнүн, башкармаларынын жана башка кызматтарынын жетекчилерине билдирген маселени чечүү, коомдук маниге ээ болгон жана жергиликтүү кеңештин тескөөсүнө кирген маселелер боюнча расмий түшүндүрмө берүү же көз карашын баяндоо талабы.

Суроо-талап депутат же депутаттар тобу тарабынан жазуу жүзүндө же оозеки түрдө киргизилиши мүмкүн, суроо-талап жергиликтүү кеңештин сессиясынын күн тартибине киргизилүүгө тийиш, ал боюнча талкуулоо жүргүзүлүшү жана чечим кабыл алынышы мүмкүн.

Жергиликтүү кеңештин төрагасы суроо-талаптын текстин, ал коюлган тийиштүү органга же кызмат адамына жеткирет.

Суроо-талап коюлган орган же кызмат адамы жергиликтүү кеңеш белгилеген мөөнөттө ага оозеки же жазуу жүзүндө жооп берүүгө тийиш. Суроо талапка жооп жергиликтүү кеңештин сессиясында каралат.

Депутаттык суроо - бул, кайсы бир же башка маселе боюнча депутаттын маалымат алуу жолу. Суроого жооп жергиликтүү кеңештин сессиясында жарыяланышы же депутаттын өзүнө берилиши мүмкүн. Суроо сессиялардын күн тартибине киргизилбейт, талкууланбайт жана ал боюнча чечим кабыл алынбайт.

12-статья. Депутаттын ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын иштерин текшерүү жөнүндө маселе коюу укугу

Жергиликтүү кеңештин депутаты жергиликтүү кеңешке жана анын органдарына анын аймагында жайгашкан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын ишин менчигинин түрүнө карабастан, ошондой эле финансы-чарбалык иштен тышкары мамлекеттик органдарды жана граждандардын бирикмелеринин органдарынын ишин текшерүү зарылдыгы жөнүндө маселе коюуга укуктуу.

Жергиликтүү кеңеш ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга депутат баяндаган фактылар боюнча текшерүү жүргүзүүнү сунуштоого укуктуу. Мында текшерүү колдонулуп жаткан мыйзамдарга ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган текшерүүнүн натыйжасы жана ал боюнча сунуштарды жергиликтүү кеңешке же текшерүү жүргүзүүнү сунуштаган анын органына билдирет.

Текшерүүнүн натыйжасы боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана иши текшерилген органдардын жетекчилерине (менчик ээлерине), ошондой эле жогору турган органдарга кетирилген кемчиликтерди жана бузууларды жоюу боюнча сунуш киргизет, жоопко тартуу тууралу маселе коет.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары бузулгандыгы аныкталган учурда, депутат ал боюнча тийиштүү мамлекеттик органдарга кайрыла алат.

(КР 2003-жылдын 5-августундагы N 189 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

3-Бөлүм. Жергиликтүү кеңештин депутатынын шайлоо округундагы иши

13-статья. Депутаттын шайлоо округунун калкы менен байланышы

Жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнүн шайлоочулары менен дайыма байланышта болуп, жергиликтүү кеңештин иши, экономикалык жана социалдык өнүгүүнүн пландарынын жана программаларынын, жергиликтүү экологиялык программалардын, жергиликтүү кеңештин чечимдеринин жана шайлоочулардын суроо - талаптарынын аткарылышы жөнүндө аларга үзбөй маалымат берип турат, мыйзамдарды, жергиликтүү кеңештин жана анын органдарынын чечимдерин аткарууну уюштурууга, шайлоо округунун аймагында өткөрүлгөн массалык иш-чараларга катышат, коомдук ой-пикирди, калктын керектөөлөрүн

иликтейт, алар тууралу жергиликтүү кеңешке маалымдайт, жарандардын жамааттык муктаждыктарын жана мыйзамдуу талаптарын канааттандыруу боюнча башка чараларды көрөт.

Шайлоо округундагы өзүнүн ишинде депутат коомдук комитеттердин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, эмгек жамааттарынын, жарандардын бирикмелеринин органдарынын жардамына таянат.

14-статья. Депутаттын жарандардын сунуштарын, арыздарын жана даттанууларын кароосу

Жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнө түшкөн сунуштарды, арыздарды жана даттанууларды карап чыгат, аларды туура жана өз убагында чечүүгө карата чара көрөт, жарандарды кабыл алат.

Депутат өзүнө түшкөн сунуштарды, арыздарды жана даттанууларды тийиштүү органдарга, ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга жөнөтө алат, алар бул сунуштарды, арыздарды жана даттанууларду колдонуудагы мыйзамга ылайык карап чыгууга жана натыйжалары жөнүндө арыз ээсине, ошондой эле депутатка маалымдайт.

Депутат даттануулардын чыгышынын себептерин иликтейт жана аларды жоюу боюнча өз сунуштарын өзү шайланган жергиликтүү кеңешке, мамлекеттик органдарга, жарандардын бирикмелеринин органдарына, ишканаларына, мекемелерге жана уюмдарга киргизет.

15-статья. Депутаттын шайлоочулардын алдындагы отчету

Жергиликтүү кеңештин депутаты шайлоочулардын алдында жана аны депутаттыкка талапкерликке көрсөткөн жарандардын жамааттарынын жана бирикмелеринин алдында өзүнүн иши жана өзү шайланган жергиликтүү кеңештин иши жөнүндө мезгил-мезгили менен, бирок жылына бир жолудан кемитпей отчет берип турууга тийиш.

Депутаттын отчету, аны депутаттыкка талапкерликке көрсөткөн жарандардын жамаатынын же бирикмесинин талабы боюнча, ошондой эле шайлоочулардын чогулушунун талабына ылайык каалаган убакта өткөрүлүшү мүмкүн.

Депутаттын отчету тийиштүү шайлоо округунун шайлоочуларынын чогулуштарында, ошондой эле аны депутаттыкка талапкерликке көрсөткөн эмгек жамааттарынын, жарандардын бирикмелеринин чогулуштарында (конференцияларда) өткөрүлөт. Отчет берүүнү өткөрүү жөнүндө депутат жергиликтүү кеңешке же белгиленген тартипте анын органдарына кабарлайт.

16-статья. Депутатка отчет берүүлөрдү жана шайлоочулар менен жолугушууларды өткөрүүгө көмөк көрсөтүү

Депутатка отчеттор берүү жана шайлоочулар менен жолугушуулар өткөрүү үчүн зарыл шарттар камсыз кылынат.

Жергиликтүү кеңеш депутаттардын шайлоочулар алдында отчеттор берүүсүнүн болжолдуу мөөнөтүн аныктайт, аларды отчет үчүн зарыл болгон маалымат жана кабар материалары менен өз убагында камсыз кылат.

Депутаттын отчету өткөрүлгөн жергиликтүү кеңештин аткаруучу комитеттери, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын администрациясы чогулуштар өткөрүү үчүн имарат-жай бөлүп беришет, алар өткөрүлүүчү убакыт жа-

на жер жөнүндө шайлоочуларга кабарлайт, ошондой эле депутатка анын шайлоо округундагы ишин илгерилетүүчү башка чараларды көрөт.

Депутаттардын отчеттору жана шайлоочулар менен жолугушуулары массалык маалымат каражаттарында чагылдырылат.

Депутаттардын шайлоочулар алдындагы отчетторун өткөрүүгө байланышкан чыгымдар тийиштүү жергиликтүү бюджеттердин эсебинен алынат.

17-статья. Депутаттын башка жергиликтүү кеңештердин сессияларына жана ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жамааттарынын жана жарандардын жашаган жериндеги чогулуштарына катышуусу

Жергиликтүү кеңештин депутаты өзү шайланган жергиликтүү кеңештин аймагында, кеңеш берүүчү добуш укугу менен башка жергиликтүү кеңештердин жана алардын органдарынын ишине катыша алат. Депутат өзүнүн шайлоо округунда кеңеш берүүчү добуш укугу менен ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жамааттарынын чогулуштарына, ошондой эле коомдук комитеттердин, өз алдынча башкаруунун кеңештеринин заседаниелерине жана жарандардын жашаган жерлериндеги чогулуштарына катышышы мүмкүн.

18-статья. Депутаттын кайрылуусу

Жергиликтүү кеңештин депутаты бардык мамлекеттик органдарга, өз алдынча башкаруу органдарына, жарандардын бирикмелерине, менчигинин түрүнө карабастан, ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга, кызмат адамдарына депутаттык ишке байланышкан маселелер боюнча кайрылууга жана коюлган маселелерди кароого катышууга укуктуу. Көрсөтүлгөн органдар жана кызмат адамдары анын кайрылуусун карап чыгуута жана создуктурбай жооп берүүгө, ал эми кошумча иликтөө же текшерүү зарыл болгон учурда бир айлык мөөнөттөн кечиктирбестен жооп берүүгө милдеттүү.

19-статья. Депутаттын кызмат адамы тарабынан токтотпой кабыл алынуусу, зарыл болгон маалыматты алуу укугу

Депутаттык иштин маселелери боюнча жергиликтүү кеңештин депутаты тийиштүү жергиликтүү кеңештин аймагындагы мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана жарандардын бирикмелерине, менчигинин түрүнө карабастан ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга токтоосуз кирүү укугунан, ошондой эле алардын жетекчилеринин жана башка кызмат адамдарынын токтотпой кабыл алуу укугунан пайдаланат.

Тийиштүү жергиликтүү кеңештин аймагында жайгашкан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын жетекчилери депутаттын өтүнүчү боюнча ага депутаттык ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон маалыматтык материалдарды жана башка маалыматты беришет.

Депутаттын иши мамлекеттик сырга же мыйзам менен корголгон башка жашыруун сырга байланышкан ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга келип - кетүү тартиби тийиштүү мыйзам актылары менен белгиленет.

20-статья. Депутаттын мыйзамдуулуктун бузулушун жоюуну талап кылуу укугу

Жарандардын укуктарын бузулушу же башка мыйзам бузуулардын бети ачылганда депутат укук бузууну токтотууну талап кылууга, ал эми зарыл болгон учурларда укуктун бузулушуна бөгөт коюу талабы менен тийиштүү органдарга жана кызмат адамдарына кайрылууга милдеттүү.

Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жарандардын бирикмелеринин кызмат адамдары, менчигинин түрүнө карабастан, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын администрациясы, ошондой эле депутаттын талабы багытталган милиция кызматкерлери укук бузууларды жоюуга карата токтоосуз чаралар көрүүгө, ал эми зарыл болсо - бул жөнүндө кийин депутатка маалымдоо менен күнөөлүүлөрдү жоопко тартууга чаралар көрүүгө милдеттүү. Чаралар көрүлбөгөн учурда депутат кайрылган кызмат адамдары мыйзамда белгиленген тартипте тартиптик, администрациялык же жазыктык жоопкерчилик тартышат.

21-статья. Депутаттык топтор

Шайлоо округдарында жана эмгек жамааттарында депутаттык ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу боюнча, биргелешип иштөө үчүн, депутаттар өз ара макулдашуу менен депутаттык топторго бириге алышат. Депутаттык топтун

курамына жергиликтүү кеңештин ар кандай бирикмелеринин депутаттары кириши мүмкүн. Депутаттык топ үчтөн кем эмес депутаттардан турат.

Депутаттык топ, ошол шайланган жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнүн ичинде, бардык мезгилде анын курамына кирүүнү каалагандарын билдирген депутаттардын чогулушунун чечими боюнча уюштурулушу мүмкүн. Депутаттык топтун курамына кирген депутаттар депутаттык топтун жетекчисин шайлашат. Топтун жетекчисинин сунушу боюнча депутаттык топ тийиштүү түрдө айылдык, шаарчалык, шаардык (районго бөлүнбөгөн шаарлар), шаардагы райондук жергиликтүү кеңеште катталат.

Депутаттык топтун иши, эгерде айрым депутаттар чыккан учурда, анын курамында үчтөн аз депутат калса, анын курамына кирген депутаттар тийиштүү чечим кабыл алганда, ошондой эле ошол шайлануудагы жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктары бүткөндө токтотулат.

Жергиликтүү кеңеш катталган депутаттык топтордун ишине көмөк көрсөтөт, алардын ишин жөнгө салат жана алардын иши жөнүндө билдирүүлөрдү угушу мүмкүн.

4-Бөлүм. Шайлоочулардын сунуш-талаптары менен иштөөнү уюштуруу

22-статья. Шайлоочулардын сунуш-талаптары

Шайлоочулардын сунуш-талаптары - бул, коомдук маниге ээ болгон жана депутатка талапкерге шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшүндө шайлоочулар менен жолугушуулар убагында тийиштүү шайлоо округунун шайлоочуларынын чогулушунда берилген тапшырма.

Аткарылышы тийиштүү жергиликтүү кеңештин жана анын органдарынын тескөөсүнө кирген тапшырмалар сунуш-талаптар деп эсептелет.

Депутаттыкка талапкер, эгерде сунуш анын шайлоо алдындагы программасына каршы келсе, шайлоочулар чогулушу киргизген сунушту сунуш-талап катары кабыл албоого укуктуу.

Шайлоонун натыйжасында депутаттыкка шайланбай калган депутаттыкка талапкерлерге берилген сунуш-талаптар шайлоочулардын сунуштары катары эске алынат, жергиликтүү кеңештин тийиштуу органдары тарабынан топтоштурулат жана жергиликтүү кеңештин төрагасы тарабынан чара көрүү үчүн тийиштүү органдарга жана кызмат адамдарына жөнөтүлөт.

23-статья. Шайлоочулардын сунуш-талаптарын аткарууну уюштуруу

Шайлочулардын депутаттарга берген сунуш-талаптарын топтоштуруу жана алдын ала кароо тийиштүү жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары, аткаруучу комитеттери же секретариаты тарабынан тийиштүү жергиликтүү мамлекеттик администрация менен бирге жүзөгө ашырылат. Шайлоочулардын сунуш-талаптарын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планынын алар даярдаган долбоору жергиликтүү кеңештин кароосуна коюлат.

Жергиликтүү кеңеш шайлоочулардын сунуш-талаптарынын алынгандыгы

жөнүндө чечим кабыл алат жана аларды ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планын бекитет. Жергиликтүү кеңеш айрым сунуш-талаптардын аткарылышынын максатка ылайык эместиги жөнүндө жүйөлөштүрүлгөн чечим кабыл алууга укуктуу. Шайлоочулардын сунуш-талаптарына карата жергиликтүү кеңештин чечими жергиликтүү кеңеш жана депутаттар тарабынан тийиштүү аймактын калкына маалымдалат.

Шайлоочулардын сунуш-талаптары тийиштүү аймактын экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн пландарын жана программаларын, жергиликтүү экономикалык программаларды иштеп чыгууда, бюджетти түзүүдө, ошондой эле башка маселелер боюнча чечимдерди даярдоодо эске алынат.

Жергиликтүү кеңеш аткарууга алган шайлоочулардын сунуш-талаптарын ишке ашырууну анын аткаруучу органдары же колдонуудагы мыйзамдарга ылайык аткаруучу-тескөөчү мүнөздөгү, аларга жергиликтүү кеңеш тарабынан берилген милдеттерди жүзөгө ашырган башка органдар камсыз кылышат. Сунуш-талаптарды ишке ашырууга жергиликтүү кеңештин аймагында жайгашкан ишканалар, мекемелер жана уюмдар, жергиликтүү кеңеш өзүнүн ыйгарымдуу укуктарынын чегинде берген тапшырмаларга ылайык катышышат.

Сунуш-талаптардын аткарылышына контролдук жүргүзүү тийиштүү жергиликтүү кеңештер, алардын органдары жана депутаттар тарабынан жүзөгө ашырылат. Шайлоочулардын сунуш-талаптарын ишке ашырууну камсыз кылуучу органдар жергиликтүү кеңештер аныктаган мөөнөттө, бирок жылына бир жолудан кем эмес, алардын аткарылышынын жүрүшү тууралу жергиликтүү кеңештерге баяндап турушат. Депутаттар өздөрүнүн шайлоо округдарынын шайлоочуларына алар берген сунуш-талаптардын акарылышынын жүрүшү жөнүндө такай маалымдап турушат. Шайлоочулардын сунуш-талаптарын депутаттын аткарышынын жүрүшү массалык маалымат каражаттарында чагылдырылат.

5-Бөлүм. Депутаттык иштин негизги кепилдиктери

24-статья. Депутаттын ыйгарым укуктарынын бузулгустугу. Аларды жүзөгө ашыруу үчүн шарттарды камсыздоо

Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана колдонуудагы мыйзамдарында каралган учурлардан тышкарыда, жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын эч ким чектөөгө укуксуз.

Тийиштүү жергиликтүү кеңештер жана алардын органдары депутаттар өз ыйгарым укуктарын натыйжалуу жүзөгө ашыруусу үчүн зарыл шарттарды камсыз кылышат. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана жарандардын бирикмелеринин органдары, ишканалар, мекемелер, уюмдар, алардын кызмат адамдары депутаттардын ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруусуна көмөк көрсөтүүгө милдеттүү.

25-статья. Депутаттын эмгектик жана башка укуктарын коргоо

Жергиликтүү кеңештин депутаты, менчигинин түрүнө карабастан ишка-

налардын, мекемелердин, уюмдардын администрациясынын демилгеси боюнча жумуштан бошотулууга (ишкана, мекеме, уюм толук жоюлган учурларды кошпогондо), ошондой эле тийиштүү жергиликтүү кеңеш менен, ал эми жергиликтүү кеңештин сессияларынын аралыгында - жергиликтүү кеңештин төрагасы менен алдын-ала макулдашуусуз жана мандат комиссиясынын, депутаттык ишмердик жана этика боюнча комиссиясынын корутундусуз тартиптик жаза иретинде төмөн акы төлөнүүчү ишке (кызматка) которулууга тийиш эмес.

Жергиликтүү кеңеште шайлануучу кызматка шайланган депутаттын ыйгарым укуктары бүткөндөн кийин аны ишке орноштурууну тийиштүү жергиликтүү кеңеш камсыз кылат.

Депутаттын жергиликтүү кеңештеги шайлануучу кызматта иштеген мезгили депутаттын ишинин жалпы жана үзгүлтүксүз стажына, ошондой эле жергиликтүү кеңештин шайлануучу кызматынын иш (кызмат) стажына кошулуп эсептелет. Тийиштүү ишкананын, мекеменин, уюмдун кызматкерлери пайдаланган укуктар жана жеңилдиктер депутат үчүн сакталып калат.

(Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 5-августундагы N 195 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

26-статья. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши

Ушул Мыйзам жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Бишкек шаары
1998-жылдын 11-июну N 78

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ
Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө

(КР 1999-жылдын 13-июлундагы N 69, 2002-жылдын 9-августундагы N 138, 2003-жылдын 12-июлунун N 125, 2003-жылдын 25-сентябрынын N 216, 2004-жылдын 20-июлундагы N 93, 2004-жылдын 17-сентябрындагы N 169, 2006-жылдын 15-июлундагы N 110, 2008-жылдын 14-февралындагы N 14, 2008-жылдын 17-октябрындагы N 226, 2009-жылдын 17-февралындагы N 54, 2009-жылдын 18-майындагы N 157, 2009-жылдын 15-июнундагы N 184, 2009-жылдын 17-июлундагы N 232 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

I бөлүм. Жалпы жоболор
II бөлүм. Кыргыз Республикасынын бюджетинин кирешелеринин курамы
III бөлүм. Кыргыз Республикасындагы трансферттер тутуму
IV бөлүм. Бюджеттердин ортосунда чыгымдар боюнча милдеттердин бөлүштүрүлүшү
V бөлүм. Кыргыз Республикасынын Республикалык бюджетин түзүү жана аткаруу боюнча иштерди уюштуруу
VI бөлүм. Жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу боюнча иштерди уюштуруу

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин жана жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнүн жана аткарылышынын негизги принциптерин аныктайт.

I бөлүм. Жалпы жоболор

1-статья. Бюджет тутумунун курамы жана бюджеттердин өз алдынчалыгы

Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутуму - укуктук ченем менен регламенттелүүчү Кыргыз Республикасынын экономикалык мамилелерине жана мамлекеттик түзүлүшүнө негизделген республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди, бюджеттен тышкаркы фонддорду түзүү, кароо, бекитүү жана аткаруу боюнча мамилелердин тутуму.

Бюджет тутумунун бардык бөлүктөрүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген өздөрүнүн киреше булактарынын болушу бюджеттердин өз алдынчалыгынын негизи болуп саналат.

Мамлекеттик бийлик органдары жалпы мамлекеттик салыктардан жана башка кирешелерден чегерүүлөрдүн жергиликтүү бюджеттик ченемдерин, ошондой эле трансферттердин өлчөмдөрүн сактабоо менен байланышкан учурлардан тышкары, жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана бекитүү процесстерине кийлигишүүгө жол берилбейт.

Ушул Мыйзамда каралгандан башка учурларда, мамлекеттик бийлик органдары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдарынын жергиликтүү бюджеттеринин аткарылышынын процессине кийлигишүүгө жол берилбейт.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93, 2009-жылдын 17-июлундагы N 232 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

2-статья. Бюджет процесси

Республикалык бюджет жана жергиликтүү бюджет үч жылдык мөөнөткө кезектеги бюджеттик жылга жана андан кийинки болжол кылынуучу эки жылга түзүлөт жана бекитилет.

Республикалык бюджет Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, жергиликтүү бюджеттер - жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдары тарабынан түзүлөт жана аткарылат. Республикалык бюджет Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, жергиликтүү бюджеттер - айылдык, шаарча, шаардык жана райондук кеңештер тарабынан каралат жана бекитилет.

Сот бийлигинин бюджети сот бийлиги тарабынан өз алдынча түзүлөт жана аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийлиги менен макулдашуу боюнча республикалык бюджетке кошулат жана анын курамдык бөлүгү болуп саналат.

Республикалык бюджетти түзүү, кароо, бекитүү жана аткаруу тартиби ушул Мыйзам менен, ал эми жергиликтүү бюджеттер - ушул Мыйзам, "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык-экономикалык негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдары жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде айылдык, шаарча, шаардык жана райондук кеңештердин чечимдери менен аныкталат.

Республикалык бюджет жөнүндө мыйзамга өзгөртүүлөр, салыктарды киргизүү же жокко чыгаруу жөнүндө, аларды төлөөдөн бошотуу, мамлекеттин финансылык милдеттенмелерин өзгөртүү тууралу мыйзамдардын долбоорлору, мамлекеттик бюджеттин эсебинен жабылуучу чыгымдарды көбөйтүүнү, болбосо анын киреше бөлүгүн азайтууну кароочу башка мыйзамдардын долбоорлору Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн макулдугу менен гана кабыл алынышы мүмкүн.

(КР 1999-жылдын 13-июлундагы N 69, 2004-жылдын 20-июлундагы N 93,

2008-жылдын 17-октябрындагы N 226, 2009-жылдын 18-майындагы N 157 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

3-статья. Мамлекеттик (консолидацияланган) бюджет

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жыл сайын Кыргыз Республикасынын мамлекеттик (консолидацияланган) бюджетинин кезектеги бюджеттик жылга жана андан кийинки болжол кылынуучу эки жылга ирилештирилген прогноздук көрсөткүчтөрүнүн эсеп-кысабын алат, ошондой эле мамлекеттик (консолидацияланган) жылдык бюджетти жана Кыргыз Республикасынын бюджет тутумуна кирген, белгиленген тартипте бекитилген бюджеттерди кошуу жолу менен анын аткарылышы жөнүндө жылдык отчетту жана

алардын аткарылышы жөнүндө жылдык отчетторду түзөт.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик (консолидацияланган) бюджети мамлекеттин ички дүң продуктусунун (ИДП) бир бөлүгүн өзүнө топтойт, анын акча каражаттар фондун түзүүчү жана пайдалануучу негизги финансылык план болуп саналат жана тийиштүү мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кирешелер жана чыгымдар сметасы болуп эсептелет.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93, 2008-жылдын 17-октябрындагы N 226 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

4-статья. Бюджет жана мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары

Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жөнүндөгү мыйзам Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына сарптоолорго жана милдеттенмелерди кабыл алууга ыйгарым укук берет.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

5-статья. Бюджеттик жөнгө салуу жана бюджет-финансы саясаты

Бюджеттик жөнгө салуу жана болжолдоо Кыргыз Республикасынын экономикасын жөнгө салуунун жана анын экономикалык-социалдык өнүгүшүн алдын-ала эсептөөнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бирдиктүү бюджет-финансы саясатын жүргүзөт.

Кыргыз Республикасы мамлекеттер аралык макулдашуулардын жана эл аралык келишимдердин алкагында республиканын бюджет-финансы саясатын башка мамлекеттер менен координациялайт.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

6-статья. Бюджеттер аралык мамилелер

Бюджеттик укуктук мамилелерди жөнгө салуу маселелери, ошондой эле бюджеттик процесстерди уюштуруу жана жүзөгө ашыруу боюнча мамлекеттик башкаруу органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы мамилелердин жыйындысы бюджеттер аралык мамилелер болуп саналат.

Бюджеттер аралык мамилелер мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы иш милдеттерди жана ыйгарым укуктарды так ажыратууга, республикалык жана жергиликтүү бюджеттин ортосунда кирешелерди жана чыгымдарды бирдиктүү бөлүштүрүүгө, бюджеттик жөнгө салуунун бирдиктүү методологиясына негизделет.

Республикалык бюджеттин жана жергиликтүү бюджеттердин ортосундагы өз ара мамилелер ушул Мыйзам, "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынат.

Бекитилген киреше булактарынын айрым түрлөрүн бюджеттин бир деңгээлинен

бюджеттин башка деңгээлине берүүгө жол берилбейт.

Бюджеттер аралык мамилелер төмөнкү принциптерге негизделет:

- Кыргыз Республикасынын бюджет тутумундагы ар бир бюджетке кирешелерди бөлүштүрүү жана бекитүү;

- мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгымдар боюнча ыйгарым укуктарын туруктуу же узак мөөнөттүү негизде ажыратуу;

- бюджеттердин ортосунда жалпы мамлекеттик жана башка кирешелерди бөлүштүрүү нормативдерин туруктуу же узак мөөнөттүү негизде аныктоо;

- жергиликтүү бюджеттердин минималдуу бюджеттик камсыз кылуу деңгээлдерин теңдештирүү;

- чыгымдар боюнча ыйгарым укуктарды берүү же кошумча чыгымдарды талап кылган же бюджеттик кирешелерди жоготууга алып келген чечимдерди кабыл алууга байланышкан чыгымдардын ордун толтуруу;

Республикалык бюджеттин жана жергиликтүү бюджеттердин ортосундагы өз ара мамилелер жалпы мамлекеттик кирешелерден жана трансферттерден чегерүү нормативдерин белгилөө аркылуу жөнгө салынат.

Трансферттер тутумуна төмөнкүлөр кирет:

- теңдештирүүчү гранттар;

- дем берүүчү гранттар;

- категориялык гранттар;

- өз ара эсептешүү боюнча бир бюджеттен башка бюджетке берилүүчү каражаттар;

- бюджеттик ссудалар.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93, 2009-жылдын 17-июлундагы N 232 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

7-статья. Мыйзам жана ченемдик актыларды макулдашуу

Бюджетке тиешеси бар республикалык маселелерди камтыган мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын долбоорлору Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен алдын ала макулдашылат.

Бюджетке жана финансыга тиешелүү маселелер жагынан Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары ушул Мыйзамга, "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык-экономикалык негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана республикалык бюджет жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык келүүгө тийиш.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

8-статья. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Макроэкономикалык жана инвестициялык саясат боюнча координациялык кеңеш

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Макроэкономикалык жана инвестициялык саясат боюнча координациялык кеңеш (мындан ары - Координациялык кеңеш) экономикалык саясатты ишке ашыруу боюнча негизги

министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин жана администациялык ведомстволордун иш-аракеттерин координациялоону камсыз кылуучу кеңеш берүүчү орган болуп эсептелет.

Координациялык кеңештин курамын Кыргыз Республикасынын Президенти аныктайт. Кеңешти Кыргыз Республикасынын Премьер-министри башкарат.

Координациялык кеңеш аткаруу бийлигинин башка органдарынын жетекчилерин өз заседаниелерине катышуу үчүн тартууга укуктуу.

Бюджеттин долбоорун кароодо Координациялык кеңештин курамына Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары - тармактык комитетинин мүчөлөрү кирет.

(КР 2004-жылдын 17-сентябрындагы N 169 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

9-статья. Бюджеттин орточо мөөнөттүү прогнозу

Бюджеттин орточо мөөнөттүү прогнозу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жалпысынан жана ар бир тармак боюнча алдыда боло турган чыгымдарды пландаштыруу максатында келечектеги ресурстардын көлөмү жөнүндө түшүнүк берүүчү, мамлекет ишинин артыкчылыктуу багыттарын, өзгөчө артыкчылыктуу инвестициялык долбоорлор жагындагы багытын так аныктоого мүмкүндүк бере турган мамлекеттик финансыны башкаруунун куралы болуп саналат.

Бюджеттин орточо мөөнөттүү прогнозу үстүдөгү жылдан кийинки үч жылга түзүлөт жана үстүдөгү бюджеттик жылдын жана кийинки үч жылдын көрсөткүчтөрүн чагылдырууга тийиш.

Орточо мөөнөттүү прогнозду иштеп чыгуу экономикалык прогнозунун көрсөткүчтөрүнүн негизинде жүзөгө ашырылат.

Бюджеттин орточо мөөнөттүү прогнозу төмөнкүдөй көрсөткүчтөрдөн турууга тийиш:

а) салыктын негизги түрлөрүн жана башка кирешелерди бөлүп көрсөтүү менен бюджеттин кирешеси;

б) учурдагы чыгымдарды, өнүгүүнүн бюджетин (анын ичинде капиталдык салымдар, геологиялык чалгындоо иштери, илим ж.б.) бөлүп көрсөтүү менен чыгымдардын негизги тобундагы бюджеттин чыгымдары;

в) бюджеттин тартыштыгы жана аны жабуунун булактары.

Бюджеттин орточо мөөнөттүү божомолу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан Координациялык кеңешке учурдагы жылдын 1-майынан кечиктирилбестен берилет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Макроэкономикалык жана инвестициялык саясат боюнча координациялык кеңеш бюджеттин орточо мөөнөттүү прогнозун 15-майга чейин карайт да, министрликтер, мамлекеттик комитеттер, администрациялык ведомстволор, мамлекеттик комиссиялар, сот системасынан тышкаркы бюджеттен каржылануучу башка органдар боюнча чыгымдардын максималдуу өлчөмдөрүн чектеп, негизги принциптерди иштеп чыгууну аяктайт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Макроэкономикалык жана инвестициялык саясат боюнча координациялык кеңеш бекиткен бюджеттин орточо мөөнөттүү прогнозунун көрсөткүчтөрү контролдук цифралар түрүндө Кыргыз

Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан министрликтерге, мамлекеттик комитеттерге, администрациялык ведомстволорго, мамлекеттик комиссияларга, сот системасынан тышкаркы бюджеттен каржыланган республикалык башка органдарга жеткирилет.

Бюджеттин орточо мөөнөттүү прогнозу салык жана бюджет саясаты жана экономикалык кырдаал өзгөргөн учурда жарым жылда кеминде бир жолу кайра каралат.

Прогноздун көрсөткүчтөрү келерки жылга бюджеттин киреше жана чыгым бөлүгүн аныктоо үчүн пайдаланылат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Макроэкономикалык жана инвестициялык саясат боюнча координациялык кеңеш бюджеттин орточо мөөнөттүү прогнозун иштеп чыккандан кийин аны Кыргыз Республикасынын Президентинин жактыруусуна коет.

(КР 2003-жылдын 25-сентябрынын N 216, 2004-жылдын 20-июлундагы N

93, 2004-жылдын 17-сентябрындагы N 169, 2009-жылдын 18-майындагы N 157 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

10-статья. Бюджетти кассалык аткаруу

Бюджетти кассалык аткаруу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыначылыгы жана анын региондук бөлүмдөрү тарабынан агент-банктар аркылуу жүргүзүлөт.

Кызмат көрсөтүү үчүн комиссиялык акы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыначылыгы тарабынан конкурстук негизде аныкталат.

11-статья. Бюджеттик жыл

Кыргыз Республикасынын аймагында бюджеттик жыл деп 1-январдан 31-декабрды кошо алган убакыттын аралыгы саналат. Эсептөө мезгилине финансы жылы жана ал аяктагандан кийинки мезгил кирет, ал бир айдан ашпоого тийиш, анын ичинде отчеттук жыл үчүн бюджеттин аткарылышынын чегинде кабыл алынган милдеттенмелер боюнча операциялар бүткөрүлөт.

Бюджет боюнча операцияларды аяктоонун конкреттүү мөөнөтү жыл сайын Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан аныкталат.

12-статья. Бюджеттик процесстин айкындуулугу

Республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди кароо жана бекитүү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, айылдык, шаарча, шаардык жана райондук кеңештер тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен мамлекеттик сырлардын категориясына киргизилген, аларды таркатуу мамлекеттик кызыкчылыктарга, эгемендикке, экономикалык жана мамлекеттик коопсуздукка зыян келтириши мүмкүн болгон маселелерди кароодон тышкарыда, айкындуу жана ачык жүргүзүлөт.

Республикалык бюджетти аткаруу жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, жергиликтүү бюджеттерди аткаруу жөнүндөгү - айылдык,

шаарча, шаардык жана райондук кеңештердин отчеттору боюнча токтомдор, республикалык бюджет жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана кезектеги бюджеттик жылга жана андан кийинки болжол кылынуучу эки жылга жергиликтүү бюджеттер жөнүндө кеңештердин чечимдери айылдык, шаарча, шаардык жана райондук массалык маалымат каражаттарында жарыялануууга тийиш.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93, 2008-жылдын 17-октябрындагы N 226 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

13-статья. Мамлекеттик (бириккен) бюджетти жана анын аткарылышы жөнүндөгү отчетторду берүүнүн мөөнөттөрү

Үстүдөгү жылга жана андан кийинки болжол кылынуучу эки жылга мамлекеттик (консолидацияланган) бюджет Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жергиликтүү бюджеттер бекитилгенден кийин, ал эми анын аткарылышы жөнүндө жылдык отчет отчеттук жылдан кийинки жылдын 20-майына чейин берилет. Бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетко ошондой эле Мамлекеттик инвестициялар программасын ишке ашыруу тууралу маалымат киргизилет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү мамлекеттик (консолидацияланган) бюджетти Кыргыз Республикасынын Президентине жергиликтүү бюджеттер бекитилгенден кийин, ал эми анын аткарылгандыгы тууралу жылдык отчетту отчеттук мезгилден кийин келген жылдын 15-июнунан кечиктирбей киргизет.

Кыргыз Республикасынын финансы министри мамлекеттик бюджеттин талаптагыдай түзүлүшүн жана аткарылышын камсыз кылат.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93, 2008-жылдын 17-октябрындагы N 226 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

14-статья. Бюджеттик классификация

Кыргыз Республикасында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги бекитүүчү республикалык жана жергиликтүү бюджеттер үчүн бюджеттин кирешесинин жана чыгымынын бирдиктүү классификациясы пайдаланылат.

Бюджеттик классификация бюджеттик статистиканын формаларын бир түргө салууну жана эл аралык практикага салыштырмалуулугун камсыз кылууга тийиш.

Республикалык бюджеттин долбоору бюджеттик классификацияга ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин бекитүүсүнө сунуш кылынат, ал өзүнө (министрликтер, мамлекеттик комитеттер, администрациялык ведомстволор, мамлекеттик комиссиялар, агентстволор жана башка аткаруу бийлик органдары боюнча) уюштуруу (администрациялык) классификациясын камтыйт.

15-статья. Мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик ыйгарым укуктары

Бюджетти аткаруу процессинде жүргүзүлгөн бюджеттин чыгымдары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, айылдык, шаарча, шаардык жана райондук кеңештер бекиткен бюджеттерде каралган өлчөмдүн чегинен ашпоого тийиш.

Бекитилген бюджеттин көрсөткүчтөрүн кирешелер жана чыгымдар боюнча жалпысынан, ошондой эле кирешелердин бөлүмдөрү, главалары, кичине главалары жана чыгымдардын негизги топтору, топтору, кичине топтору боюнча өзгөртүүлөр Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жана айылдык, шаарча, шаардык жана райондук кеңештер тарабынан кошумча чыгымдарды жабуунун жана түшүүчү кирешелердин конкреттүү, негиздүү булактары болгондо гана кабыл алынышы мүмкүн.

Министрликтерге, мамлекеттик комитеттерге, администрациялык ведомстволорго, мамлекеттик комиссияларга, башка борбордук аткаруу бийлик органдарына, менчигинин түрүнө карабастан ишканаларга жана чарба субъекттерине республикалык бюджеттен бюджеттик ссуда берүү чечими Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши бекиткен тийиштүү жылдын бюджетинде көрсөтүлгөн максаттар үчүн каралган каражаттардын чегинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан кабыл алынат.

Ишканаларга, уюмдарга жана башка чарба субъекттерине республикалык бюджеттен берилүүчү ссудалар жана кредиттер алар мурда берилген кредиттерди жабууга зарыл пайыздарды жана суммаларды төлөп берем деген милдеттенмелерин аткарса гана берилет. Финансы министрлиги мамлекеттик ишканаларда жана акциялары мамлекеттик үлүштөгү, бюджеттик ссудаларды кайтаруу боюнча мөөнөтү өткөн карыздары бар акционердик коомдордо тышкы башкаруу киргизүүгө укуктуу.

Жергиликтүү бюджеттерге бюджеттик ссудаларды берүү чечимдери аларда бюджетти аткаруу процессинде биринчи кезектеги чыгымдарды каржылоодо кыйынчылыктар болсо, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан кабыл алынат.

Эгерде республикалык бюджеттен берилген бюджеттик ссудалар бюджеттик жылдын аягына чейин жоюлбаган учурда, жоюлбаган ссуда жергиликтүү бюджеттерге чегерилүүчү жалпы мамлекеттик кирешелердин чегерүүлөрүнүн эсебинен республикалык бюджетке өндүрүлүп алынат.

Жергиликтүү бюджеттерден ссудаларды берүү тийиштүү келишим жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынат.

Муниципалдык ишканаларга жана мекемелерге, бирдей деңгээлдеги бюджеттерге жергиликтүү бюджеттен ссуда берүү жөнүндөгү чечимди жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдары кабыл алат жана жергиликтүү бюджетте көрсөтүлгөн максаттарга каралган каражаттардын чектеринде айылдык, шаарча, шаардык жана райондук кеңештер тарабынан бекитилет.

Жергиликтүү бюджеттердин, ошондой эле чарбакер субъекттердин республикалык бюджеттен берилген ссудалар боюнча береселерин кечүү жөнүндө чечимдерди Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү кабыл алат, ал эми жергиликтүү бюджеттерден берилген ссудалар боюнча береселерин кечүү жөнүндө чечимдерди жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдары айылдык, шаарча шаардык жана райондук кеңештер менен макулдашуу боюнча кабыл алышат. Республикалык бюджеттен берилген ссудалар боюнча береселерди төлөөнүн шарттарын өзгөртүү жөнүндө чечимдерди Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, ал эми жергиликтүү бюджеттерден берилген ссудаларды төлөөнүн шарттарын өзгөртүү жөнүндө

чечимдерди жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдары айылдык, шаарча, шаардык жана райондук кеңештер менен макулдашуу боюнча кабыл алышат.

Юридикалык жак банкроттукка байланыштуу жоюлган учурда Кыргыз Республикасынын Гражданд ык кодексинде жана "Банкроттук (кудуретсиздик) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган тартипте кредитордун талаптары аткарылат.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги бюджетти аткаруу процессинде чыгымдардын корголгон статьяларын (эмгек акыны, акчалай акы төлөөнү, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондго чегеримдерди, дары-дармек жана таңуучу каражаттарды, тамак-аш, стипендия, пенсия жана пособие, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондго дотацияларды) азайтпастан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши бекиткен мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-милдеттеринин классификациясына тиешелүү чыгымдардын негизги топтору, топтору жана кичине топтору боюнча жалпы чыгымдардын чегинде, ошондой эле тийиштүү жылга республикалык бюджет жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген министрлик, мамлекеттик комитет, администрациялык ведомство, мамлекеттик комиссия жана башка борбордук аткаруу бийлик органы боюнча жалпы каражаттардын чегинде чыгымдардын статьяларынын ортосунда каражаттарды кайра бөлүштүрүүгө укуктуу.

Министрликтер, мамлекеттик комитеттер, администрациялык ведомстволор, мамлекеттик комиссиялар, башка борбордук аткаруу бийлик органдары жана кредиттин башка тескөөчүлөрү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен макулдашуу боюнча өздөрүнө караштуу бюджеттик мекемелер менен уюмдардын сметасындагы чыгымдардын статьялары боюнча (корголгон статьяларга чыгымды азайтпастан) тийиштүү жылга республикалык бюджет жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген жалпы каражаттардын чегинде бюджетти аткаруу процессинде каражаттарды тактоого укуктуу.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жогоруда белгиленген эрежелерди ишке ашыруу жана ушундай эрежелерден ар кандай чыгарып салууларды аныктоо үчүн толук нускама чыгарууга укуктуу.

Белгиленген тартипте бекитилген республикалык жана айылдык, шаарча, шаардык жана райондук бюджеттердин көрсөткүчтөрүн кирешелердин негизги бөлүмдөрү, главалары, кичине главалары боюнча, чыгымдардын негизги топтору, топтору жана кичине топтору боюнча, чыгымдардын корголгон статьялары боюнча, ошондой эле бюджеттин тартыштыгынын (профицитинин) өлчөмү боюнча өзгөртүүлөр Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жана жергиликтүү кеңештер тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жүйөлүү жана негиздүү сунуштарынын негизинде өзгөчө жагдайларда гана киргизилиши мүмкүн.

Бекитилген бюджетке өзгөртүүлөр жана толуктоолор үстүдөгү жылдын бюджеттик көрсөткүчтөрүнө, кийинки болжол кылынуучу жылдардын бюджетинин параметрлерин өзгөртпөстөн киргизилет.

Финансы министри Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тышкы жана ички

карыз алынуучу каражаттарды тартуу, кредиттерди жана гарантияларды берүү боюнча бирден бир агенти катары чыгат.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93, 2004-жылдын 17-сентябрындагы N 169, 2006-жылдын 15-июлундагы N 110, 2008-жылдын 17-октябрындагы N 226, 2009-жылдын 17-июлундагы N 232 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

16-статья. Бюджеттердин ортосунда өз ара эсептешүү жүргүзүүнүн тартиби

Бюджет бекитилгенден кийин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши же Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жергиликтүү бюджеттердин чыгымдары көбөйүп же кирешелери азая турган ченемдик актылар кабыл алынса, тийиштүү суммалар республикалык бюджеттен алып коюлат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө өндүрүштүн (иштин, кызмат көрсөтүүнүн) көлөмүнүн, баанын деңгээлинин, инфляциянын темпинин өзгөргөндүгү жана республиканын экономикасында болгон башка процесстерден улам жалпы мамлекеттик жөнгө салынуучу салыктардын контингенти жана башка кирешелер боюнча көрсөткүчтөрдү тактоого байланыштуу квартал аяктаганга кеминде 30 күн калганда жергиликтүү бюджеттери менен республикалык бюджеттин өз ара эсептешүү ишине тактоо киргизүүгө укук берилет.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

17-статья. Чыгымдардан ашкан кирешелерди пайдалануу боюнча мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары

Республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди аткарууда кошумча алынган, Жогорку Кеңеш тарабынан бекитилген чегерүүлөрдүн ченемдиктери боюнча бөлүштүрүлүүчү кирешелер, ошондой эле жыл аягында кирешени ашык аткаруудан же чыгымды үнөмдөөнүн натыйжасында түзүлгөн кирешенин чыгымдан ашкан суммасы тийиштүү түрдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында калат, алып коюлбайт жана Өкмөттүн жана айылдык, шаарча, шаардык жана райондук кеңештердин кароосу боюнча республикалык жана жергиликтүү бюджеттин чыгымдарын тийиштүүлүгүнө жараша финансылоого пайдаланылат. Ушул Мыйзамдын 31-статьясында көрсөтүлгөн жалпы мамлекеттик салык же киреше боюнча (мурдагы жылдагы салык калдыгын төлөө боюнча планды эске алуу менен) пландуу көрсөткүчтөр ашыгы менен аткарылган учурда ошол жалпы мамлекеттик салык же киреше боюнча пландуу көрсөткүчтөрдүн ашык аткарылган суммасы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши белгилеген ченемдер боюнча ашык аткарылган суммада жергиликтүү бюджетке чегерилет.

Айрым учурларда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин чечими боюнча отчеттук финансы жылынын акырында топтолгон каражаттын эркин калдыгы (кассалык накталай акчаны жүгүртүүнү алып таштагандан кийин ушул Мыйзамдын 23-статьясына ылайык түзүлгөн кирешенин чыгымдан ашышы) республикалык бюджетти аткаруу процессинде Кыргыз Республикасынын ички мамлекеттик карызын толугу менен (же жарым-жартылай) жабууга жумшалышы мүмкүн.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

18-статья. Бюджетти бекитүүгө чейин жумшалган чыгымдар

Эгер бюджеттин долбоору үстүдөгү жылдын аягына чейин бекитилбесе, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ал бекитилгенге чейин Кыргыз Реслубликасынын Өкмөтү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдары - айылдык, поселкалык жана шаардык кеңештердин кароосуна киргизген бюджет долбоорунда каралган чыгымдардын жылдык суммасынын он экиден бир бөлүгүнүн чегинде ай сайын сарптоо жүргүзүүгө укуктуу.

(КР 2008-жылдын 17-октябрындагы N 226 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

19-статья. Бюджеттин кирешелери

Бюджеттин кирешелери негизинен тике жана кыйыр салыктардан салыктык эмес жана Кыргыз Республикасынын Салык кодексинде жана мыйзамдарында белгиленген башка кирешелердин эсебинен түзүлөт.

Бюджетке түшкөн кирешелер республикалык бюджет жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамына жана жергиликтүү бюджет жөнүндө айылдык, шаарча, шаардык жана райондук кеңештердин ченемдик укуктук актыларына ылайык бюджеттин чыгымдарын каржылаш үчүн колдонулат. Киреше булактарын чыгымдардын конкреттүү статьяларына бекитүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ишке ашырылат.

Салык эмес кирешелер - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жыйымдар, төлөмдөр жана башка салык эмес кирешелер түрүндө Кыргыз Республикасынын республикалык жана жергиликтүү бюджетке түшкөн акча каражаттары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кызмат көрсөтүүдөн жана иш аткаруудан түшкөн акча каражаттары.

Бюджеттин финансылык тартыштыгын каржылоонун ички жана тышкы булактары бюджеттин киреше бөлүгүндө көрсөтүлбөйт.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

20-статья. Бюджеттин чыгымдары

Тийиштүү жылдын бюджетинде ошол жылы аткаруу белгиленген иш-чараларга чыгымдар каралат.

Пландаштырылган жылы кийинки жылдары да кыйла өлчөмдөгү бюджеттик каражаттарды сарптоону талап кылган иш-чараларды өткөрүүдө министрликтерге, мамлекеттик комитеттерге, администрациялык ведомстволорго, мамлекеттик комиссияларга жана башка борбордук аткаруу бийлик органдарына аталган каражаттарды мамлекеттин финансылык мүмкүнчүлүктөрүнүн чегинде бөлүү каралат.

Республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди түзүүдө мамлекет менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу функцияларын жана милдеттерин аткаруудан келип чыккан чыгымдар гана кабыл алынат. Ушул максатта чыгымдардын

зарылчылыгына баа берилип, долбоорлордун бар экендиги жана чыгымдардын сметасына эсептердин негиздүүлүгү текшерилет.

Бюджеттердин сарптоо бөлүгү өзгөчө учурларда мамлекеттин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иш милдеттерин жана милдеттерин аткарууну камсыз кылуу үчүн юридикалык жактарга субсидияларды камтышы мүмкүн.

Өнүгүү боюнча программаны кабыл алуу үчүн салыктардын экономикалык майнаптуулугун изилдөөлөр жүргүзүлөт. Зарыл болгон учурда салым жумшоонун максатка ылайыктуулугун ырастоочу көз каранды эмес эксперттердин корутундусу пайдаланылат.

Бюджеттин чыгым бөлүгүнө иштеп жаткан жана жаңы ачылган ишканалар үчүн капиталдык салымдарына бөлүнгөн акча каражаттары киргизилет.

Республикалык бюджеттен капиталдык салымдарды пландаштыруу Кыргыз Республикасынын финансы министрлиги, ал эми жергиликтүү бюджеттен капиталдык салымдарды пландаштыруу - жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдары тарабынан жүзөгө ашырылат. Орточо мөөнөттүү бюджеттин жана пландаштырылган тийиштүү жылга бюджеттин көрсөткүчтөрүнө киргизилген капиталдык салымдардын көлөмдөрү түздөн-түз ишканалар менен уюмдарга кредит же грант түрүндө берилген каражаттардан куралчу капиталдык салымдардын көлөмүн кошо алганда каржылоонун бардык булактарынын (ички жана тышкы) эсебинен каржылануучу капиталдык салымдардын көлөмдөрүн, ошондой эле тышкы булактардан каржылануучу бардык инвестициялык долбоорлор боюнча капиталдык салымдардын көлөмүн кошууга тийиш.

Өнөр жай-өндүрүштүк багыттагы объектилердин курулушуна бөлүнгөн каражат кайтарып берүү мүнөзүнө ээ жана пайыздарды төлөө менен берилет. Бюджеттин чыгым бөлүгүнө министрликтерге, мамлекеттик комитеттерге, администрациялык ведомстволорго, мамлекеттик комиссияларга жана башка борбордук аткаруу бийлик органдарына, ишканаларга жана чарба субъекттерине ссуда үчүн берилген каражат да кошулат.

Бюджеттин чыгым бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Социалдык фондго бөлүнгөн дотациялар жана башка каражаттар да көрсөтүлөт. Өз ишин бюджеттен тышкары жүргүзгөн Кыргыз Республикасынын Социалдык фонд Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдында бюджеттен алынуучу бюджеттик каражаттарды пайдалангандыгы үчүн отчет берет.

Чыгымдардын көрсөткүчтөрү бюджетте учурдагы чыгымдарды жана өнүгүү бюджетин, ошондой эле бюджеттин кирешеси менен чыгымынын классификациясына ылайык чыгымдардын негизги түрлөрүн жана статьяларын бөлүп көрсөтүү менен чагылдырылат.

Бюджеттин тартыштыгын каржылоо ички жана тышкы булактардан алынган кредиттердин негизги суммасын жабуу менен байланышкан чыгымдар бюджеттин чыгым бөлүгүндө көрсөтүлбөйт да, "Бюджеттин тартыштыгын жабуу булактары" бөлүмүндөгү анын балансында көрсөтүлөт.

Бюджеттин чыгашалар бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Медициналык камсыздандыруу фондуна Мамлекеттик гарантиялар программасын аткаруу үчүн бөлүнүүчү каражаттар көрсөтүлөт. Кыргыз Республикасынын Медициналык камсыздандыруу фонду саламаттык сактоо уюмдарын менчигинин формасына

карабастан мамлекеттик бюджеттин каражаттары менен келишимдик негизде каржылайт. Кыргыз Республикасынын Медициналык камсыздандыруу фонду бюджеттен алынган бюджеттик ассигнованиелерди пайдаланганы үчүн Саламаттык сактоону реформалоо жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча Байкоочулар кеңешине отчет берет.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93, 2009-жылдын 17-февралындагы N 54 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

21-статья. Резервдик фонддор

Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинде Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетин бекитүүдө каралышы мүмкүн болбогон экономикалык, социалдык-маданий жана башка иш-чаралар боюнча күтүүсүз чыгымдарды жабуу үчүн ар бир резервдик фонд (көрсөтүлгөн резервдик фонддорду эсепке албай) боюнча бюджеттин чыгымдарынын көлөмүнө карата 1 пайызга чейинки чектерде Кыргыз Республикасынын Президентинин резервдик фонду жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн резервдик фонду жана ошондой эле мамлекеттик администрация башчыларынын резервдик фонддору түзүлөт.

Жергиликтүү бюджеттерде чыгымдардын көлөмүнө карата 1 пайызга чейинки чекте (резервдик фонддорду эсепке албастан) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын резервдик фонддору түзүлөт.

Кошумча финансылык ресурстарды топтоо жана аларды өлкөнүн экономикасы жана бюджеттик системасы үчүн жагымсыз мезгилдерде сарамжалдуу пайдалануу, ошондой эле социалдык маанилүү иш-чараларды финансылык жактан камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Резервдик фонду түзүлөт. Кыргыз Республикасынын Резервдик фондун түзүүнүн жана пайдалануунун тартиби Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан аныкталат.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93, 2008-жылдын 14-февралындагы N 14, 2009-жылдын 15-июнундагы N 184 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

22-статья. Мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджетинин баланташпагандыгы, ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин бюджетти талаптагыдай аткарбагандыгы жана финансы тартибин бузгандыгы үчүн жоопкерчилиги

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тийиштүү бюджеттин баланташпагандыгына байланыштуу келип чыккан милдеттенмелер боюнча өз алдынча жооп беришет.

Министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, администрациялык ведомстволордун, мамлекеттик комиссиялардын, башка борбордук аткаруу бийлик органдарынын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери жана бюджеттик каражаттарды чыгымдоо үчүн жооптуу кызматчылары финансы тартибин бузгандык жана бюджетти аткарууга байланыштуу милдеттерди орундатпагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жекече жоопкерчилик тартат.

Мамлекеттик финансылык фактылары аныкталганда Финансы министрлиги мамлекеттик администрациялардын, министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, ведомстволордун көрсөтүлгөн укук бузууларга күнөөлүү болгон жетекчилерин ээлеген кызматынан бошотуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуш киргизет.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

23-статья. Жүгүртүүдөгү кассалык накталай акча

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, айылдык, шаарча, шаардык жана райондук кеңештер бюджеттин курамына жаңы финансылык жылдын башталышында тийиштүү бюджет боюнча калган каражаттардын эсебинен каралган чыгымдардан тышкары жүгүртүүдөгү кассалык накталай акчанын көлөмүн бекитет. Жүгүртүүдөгү кассалык накталай акча жыл ичинде убактылуу кассалык үзгүлтүктөрдү жабууга пайдаланылышы мүмкүн жана ошол эле жылы бюджетти бекитүүдө белгиленген өлчөмгө чейин калыбына келтирилүүгө тийиш.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

24-статья. Бюджеттин профицити жана тартыштыгы түшүнүгү

Мамлекеттик кирешелердин чыгымдардан ашып кетиши - бюджеттин профицитин, мамлекеттик чыгымдардын кирешелерден ашып кетиши - бюджеттин тартыштыгын түзөт.

25-статья. Республикалык бюджеттин тартыштыгынын жогорку өлчөмү

Республикалык бюджеттин тартыштыгынын жогорку өлчөмү жыл сайын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилет.

26-статья. Бюджеттин тартыштыгын жабуунун булактары

Бюджеттин тартыштыгын жабуу үчүн каражат тартуунун негизги түрү болуп тийиштүү пайыздарды төлөө менен кайтарыла турган мүнөздөгү ыктыярдуу заемдордун негизинде мамлекеттик карыздарды калыптандыруу саналат.

Бюджеттин тартыштыгын жабууга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө чет өлкөлүк инвесторлор, эл аралык уюмдар кредит же грант түрүндө берилүүчү каржылоонун тышкы булактары да тартылышы мүмкүн.

Бюджеттин тартыштыгын жабуунун ички жана тышкы булактары "Бюджеттин тартыштыгын жабуу булактары" бөлүмүндөгү анын балансында көрсөтүлөт.

27-статья. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди түзүүнү жана аткарууну текшерүү

Республикалык жана жергиликтүү бюджетти түзүүнү жана аткарууну текшерүү Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан жүргүзүлөт. Эсептөө

палатасынын талабы боюнча мамлекеттик жана жергиликтүү финансы органдары бюджетти түзүү жана текшерүү үчүн зарыл болгон документтердин көчүрмөлөрүн берүүгө милдеттүү. Эсептөө палатасы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине текшерүүнүн жыйынтыктары жөнүндө отчет берет.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыначылыгынын жана анын региондук бөлүмдөрүнүн ишине контролдук кылуу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ички аудит башкармасы жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан жүргүзүлөт.

(КР 2002-жылдын 9-августундагы N 138, 2008-жылдын 17-октябрындагы N 226 Мыйзамдарынын редакциясына ылайык)

28-статья. Өзгөчө бюджет

Республикада же анын айрым жерлеринде өзгөчө абал киргизилгенде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши өзгөчө кырдаал менен байланышкан иш-чараларды каржылоо багытындагы кошумча өзгөчө бюджетти бекитиши мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтому менен өзгөчө бюджет боюнча чыгымдарды каржылоо үчүн кирешенин булактары аныкталат. Өзгөчө бюджеттин чыгымдарын каржылоо үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин чечими менен кошумча салыктар, кошумча акылар, жыйымдар, төлөмдөр киргизилет.

29-статья. Республикалык бюджеттин чыгымдарынын секвестр түшүнүгү

Чыгымдардын секвестри деп бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылбай калышы күтүлгөн шартта, ошондой эле бюджеттик чөйрөнүн кызматкерлерине пенсия жана эмгек акы төлөп берүү боюнча карыздардын топтолушун болтурбоо максатында республикалык бюджеттин чыгымдар статьясын белгиленген пропорцияларда кыскартуу түшүндүрүлөт. Учурдагы бюджеттик жылга секвестр киргизүү чечими республикалык бюджеттин кварталдагы иш жүзүндө аткарылышын талдоонун жана бюджеттик жылдын акырына чейин кирешенин аткарылышын баамдоонун негизинде кабыл алынат. Республикалык бюджеттин чыгымдарынын секвестри Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилет.

Секвестрлештирүүгө жаткан статьялардын тизмеси, ошондой эле кыскартуунун өлчөмү бирдиктүү ставка боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Макроэкономикалык жана инвестициялык саясат боюнча координациялык кеңеш тарабынан белгиленет. Чыгымдардын айрым статьялары боюнча секвестрдин жеңилдетилген режими белгилениши мүмкүн.

Үстүдөгү финансы жылында Кыргыз Республикасынын сот системасын финансылоого мыйзам менен каралган бюджеттик каражаттарды Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин макулдугу менен гана секвестеризациялоого жол берилет.

(КР 2009-жылдын 18-майындагы N 157 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

30-статья. Бюджеттен тышкаркы фонддор

Кыргыз Республикасынын Социалдык фонддон, Кыргыз Республикасынын Медициналык камсыздандыруу фондунун, ошондой эле ыктыярдуу кайрымдуулук акчаларынан жана взностордун эсебинен түзүлгөн бюджеттен тышкаркы фонддордон башка министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, администрациялык ведомстволордун, мамлекеттик комиссиялардын жана башка борбордук аткаруу бийлик органдарынын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттен тышкаркы фонддорун түзүүгө тыюу салынат.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93, 2004-жылдын 17-сентябрындагы N 169, 2009-жылдын 17-февралындагы N 54 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

II бөлүм. Кыргыз Республикасынын бюджетинин кирешелеринин курамы

31-статья. Жалпы мамлекеттик салыктар жана башка кирешелер

Ставкалары, салык салуу объекттери жана субъекттери, ошондой эле салык салуу усулдары Кыргыз Республикасынын Салык кодексинде аныкталган жана анын бардык аймагында алынган салыктар жалпы мамлекеттик салыктар болуп саналат. Жалпы мамлекеттик салыктарга жана башка кирешелерге төмөнкүлөр кирет:

а) менчигинин түрүнө карабастан юридикалык жактардын пайдасынан алынуучу салык;

б) ички (жергиликтүү) продукцияга акциздик салык;

в) жеке жактардан алынуучу киреше салыгы;

г) чакан ишкердиктин субъектилери үчүн бирдиктүү салык;

д) милдеттүү патент берүүдөн түшкөн кирешелер;

Бөлүк Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамына ылайык "г" жана "д" пункттар менен толукталган

г) чакан ишкердик субъекттери үчүн бирдиктүү салык;

д) милдеттүү патенттөөдөн кирешелер;

Бөлүк Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 17-сентябрындагы N 169 Мыйзамына ылайык "г" жана "д" пункттар менен толукталган

е) мыйзам тартибинде белгиленүүчү жалпы мамлекеттик башка салыктар жана кирешелер.

Салык эмес кирешелерге төмөндөгүлөр кирет:

а) мамлекеттик же муниципалдык менчикте турган мүлктү пайдалануудан түшкөн кирешелер;

б) мамлекеттик же муниципалдык менчикте турган мүлктү сатуудан же башка

акы төлөнүп менчиктен ажыратуудан түшкөн кирешелер;

в) мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бюджеттик мекемелерге, аткаруу бийлигинин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ведомствого караштуу органдарына акы төлөтүп кызмат көрсөтүүдөн жана иш аткаруудан түшкөн кирешелер;

г) материалдык, администрациялык жана кылмыш жаза жоопкерчилигинин чаралары, атап айтканда: айып салууну конфискациялоону, компенсациялоону колдонуунун натыйжасында түшкөн каражаттар;

д) Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган салык эмес башка каражаттар.

Жалпы мамлекеттик салыктар жана башка кирешелер республикалык да, жергиликтүү бюджеттерге да төгүлүшү мүмкүн.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамынын, 2004-жылдын 17-сентябрындагы N 169 Мыйзамынын редакцияларына ылайык)

32-статья. Республикалык бюджеттин кирешелери

Республикалык бюджетке төмөндөгүлөрдөн киреше түшөт:

а) жалпы мамлекеттик салыктардан жана башка кирешелерден чегерүүлөр;

б) кошумча нарк салыгы;

в) импорттук продукцияга акциздик салык;

г) автомобиль жолдорун пайдалангандыгы үчүн юридикалык жактардан алынуучу салык;

д) импорттук жана экспорттук бажы алымдары;

е) өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана жоюу үчүн чегерүүлөр;

е) минералдык-чийки зат базасын өнүктүрүүгө жана кайталап өндүрүүгө чегерүүлөр;

ж) республикалык бюджеттен берилүүчү кредиттер (ссудалар) боюнча пайыздар;

з) адиске баалуу кагаздар менен операцияларды жүргүзүү укугуна күбөлүк бергендиги үчүн жыйым;

и) баалуу кагаздардын эмиссияларын каттагандыгы үчүн комиссиондук жыйым;

к) күрөөнү каттагандык, Бирдиктүү мамлекеттик реестрден көчүрмө алгандык жана курөө боюнча кошумча кабар бергендик үчүн жыйымдар;

л) транспорт каражаттарын каттоодон өткөргөндүгү (кайра каттагандыгы) үчүн жыйымдар;

м) консулдук жыйымдар;

н) туристтик жана альпинисттик ишти жүзөгө ашыргандыгы үчүн жыйымдар жана чегерүүлөр;

о) мыйзамсыз, анын ичинен лицензиялык тартип менен белгиленген ишти лицензиясы жок жүзөгө ашыруудан тушкөн кирешелер;

п) республикалык лотереяларды (лоторея боюнча ишти жүзөгө ашырууга укук бергендиги үчүн төлөө) өткөрүүдөн түшкөн кирешелер;

р) баалуу мателлдардан жасалган зергер (турмуш-тиричилик) буюмдарын сыныктан өткөргөндүк жана энтамга баскандыгы үчүн төлөө;

с) мамлекеттик менчикте турган объектилерди ижарага берүүдөн жана менчиктештирүүдөн түшкөн кирешелер;

т) концессиондук (чет өлкөлүк инвесторго мүлктү, жерди жана анын кен байлыктарын ижарага берүүдө) кирешелер жана роялти;

у) айлана чөйрөнү (булгоочу заттардын агындылары, саркындылары жана калдыктарды таштоочу жай үчүн төлөөлөрдү кошо алганда) булгагандык үчүн төлөө;

ф) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен реестрге ылайык мамлекеттик уюмдарга акы төлөтүп кызмат көрсөтүүдөн жана иш аткаруудан түшкөн кирешелер;

х) альтернативалуу (аскердик эмес) кызмат өтөөдөн түшкөн кирешелер;

ц) жаратылыш ресурстарын жана кен байлыктарды пайдалануудан түшкөн кирешелер;

ч) конфискацияланган мүлктү, белгиленген тартипте мамлекеттин менчигине биротоло өткөн мүлктү, анын ичинен бажы режиминде мамлекеттин пайдасына баш тартуу жол-жоболоштурулган товарларды жана транспорт каражаттарын сатып өткөрүүдөн түшкөн кирешелер;

ш) Кыргыз Республикасынын улуттук банкынын пайдасынан түшкөн кирешелер;

щ) акциялардын мамлекеттик пакетине дивиденддерден түшкөн кирешелер;

ы) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык республикалык бюджетке алынуучу мамлекеттик алым;

э) жазык - аткаруу инспекцияларынын кирешелери;

ю) материалдык булактардын уурдалышына жана кем чыгышына күнөөлүү адамдан төлөтүлүп алынуучу суммалар, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган мамлекеттик органдардан жана алардын аймактык бөлүмдөрүнөн алынуучу администрациялык айыптар жана санкциялар;

я) Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган башка салык эмес, бөлөк кирешелер.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

33-статья. Жергиликтүү бюджеттин кирешелери

Айылдын, шаарчанын жана шаардын жергиликтүү бюджетине төмөндөгүлөр:

а) жалпы мамлекеттик салыктардан жана башка кирешелерден чегерүүлөр;

б) муниципалдык мүлктү башкаруудан жана тескөөдөн түшкөн кирешелер;

в) жер салыгы;

г) айыл чарбасына жарактуу жерлерди кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлерин пайдалануу укугу үчүн алынуучу жер үчүн ижара акысы;

д) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү бюджетке алынуучу мамлекеттик алым;

е) Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин "Жергиликтүү салыктар жана жыйымдар" деген VIII бөлүмүнө ылайык жергиликтүү салыктар жана жыйымдар;

е) айылдык, поселкалык жана шаардык кеңештер бекиткен реестрге ылайык кызмат көрсөтүүлөргө жана аткарылган иштерге акы төлөгөндүгү үчүн муниципалдык мекемелердин кирешелери;

ж) администрациялык айыптар жана башка санкциялар;

з) гранттар, трансферттер, ыктыярдуу төлөмдөр;

и) Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган башка салык эмес жана бөлөк кирешелер түшөт.

Райондордун жергиликтүү бюджетине:

а) жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөр;

б) райондогу мүлктү башкаруудан жана тескөөдөн түшкөн кирешелер;

в) райондук мекемелердин акы алып көрсөтө турган кызматтарынан жана райондук кеңеш тарабынан бекитилүүчү реестрге ылайык аткарылуучу кызматтарынан кирешелери;

г) администрациялык айыптар жана башка санкциялар;

д) гранттар, трансферттер, ыктыярдуу төлөмдөр келип түшөт.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамынын, 2008-жылдын 14-февралындагы N 14 Мыйзамынын редакцияларына ылайык)

34-статья. Жалпы мамлекеттик салыктардан жана башка кирешелерден жергиликтүү бюджеттерге киреше чегерүү тартиби

Жергиликтүү бюджеттерге кирешелер мамлекеттик салыктардын жана башка кирешелерден, ошондой эле салыктын ушул түрлөрү жана башка кирешелер боюнча салык органдары тарабынан алынуучу айыптардан, туумдардан жана башка санкциялардан бирдиктүү ченемдиктер боюнча чегерилет.

Жалпы мамлекеттик салыктардан жана башка кирешелерден чегерүүлөрдүн ченемдери Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилет. Жалпы мамлекеттик салыктардан жана башка кирешелерден түшкөн каражаттарды республикалар аралык жана жергиликтүү бюджеттерге бөлүштүрүү республикалык бюджет жөнүндөгү мыйзам тарабынан белгиленет.

Кыргыз Республикасынын финансы министрлиги бекиткен жалпы мамлекеттик салыктардан жана башка кирешелерден чегерүүлөрдүн ченемдери жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жиберилет.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93, 2009-жылдын 15-июнундагы N 184 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

III бөлүм. Кыргыз Республикасындагы трансферттер тутуму

(Бөлүмдүн аталышы КР 2009-жылдын 17-июлундагы N 232 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

35-статья. Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумдагы трансферттер

(Статьянын аталышы КР 2009-жылдын 17-июлундагы N 232 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

Категориялык гранттар - мамлекет тарабынан кепилдик берилген жергиликтүү бюджеттин чыгымдарынын айрым түрлөрүн финансылоо үчүн акысыз жана кайтарымсыз негизде республикалык бюджеттен берилүүчү трансферттер.

Категориялык гранттар жергиликтүү деңгээлдеги мамлекеттик программаларды финансылоонун керектөөлөрүнө эсептелген формуланын негизинде жергиликтүү өз

алдынча башкаруу органына республикалык бюджеттен берилет. Категориялык гранттарды эсептөөнүн ыкмалары жана формуласы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

Саламаттык сактоо жана билим берүү үчүн өз-өзүнчө категориялык гранттын өлчөмдөрүн конкреттештирүүдө жыл сайын тармактык минималдуу социалдык стандарттарды аткарууну камсыз кылуу үчүн зарыл көлөмдөрдө белгиленет.

Категориялык гранттар белгиленген ыкмага жана формулага ылайык жергиликтүү бюджеттен Кыргыз Республикасынын финансы министрлиги тарабынан бөлүштүрүлөт.

Теңдештирүүчү гранттар - стабилдүү социалдык экономикалык абалга колдоо көрсөтүү максатында минималдуу мамлекеттик социалдык стандарттарга ылайык жергиликтүү бюджеттердин чыгымдарын финансылоону камсыз кылуу үчүн республикалык бюджеттен берилүүчү трансферттер.

Теңдештирүүчү гранттар жергиликтүү коомдоштуктун чыгымдарын финансылоодо кирешелердин потенциалынын жана жергиликтүү бюджеттин керектүүлөрүнүн ортосундагы финансылык ажырымды эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен формуланын негизинде эсептелинет жана бөлүштүрүлөт.

Теңдештирүүчү гранттар белгиленген ыкма жана формулага ылайык жергиликтүү бюджетке Кыргыз Республикасынын финансы министрлиги тарабынан бөлүштүрүлөт.

Үлүштүк (дем берүүчү) гранттар - бюджеттик каражаттарды, мамлекеттик артыкчылыктуу программалардын жана долбоорлордун каражаттарын натыйжалуу чыгымдоого дем берүү, жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин көбөйтүү жана жергиликтүү кирешелердин булактарын кыйла толугу менен мобилизациялоо максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына республикалык бюджеттен берилүүчү трансферттер.

Үлүштүк (дем берүүчү) гранттар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына конкурстук негизде берилет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен шарттарга ылайык үлүштүк (дем берүүчү) гранттарды алууга талаптама берүүгө укуктуу.

Гранттардын өлчөмдөрү жана алардын тизмеси республикалык бюджет жөнүндөгү мыйзамда жыл сайын каралып турушу мүмкүн. Гранттарды берүүнүн ыкмасы, эсептөө формуласы жана шарттары үч жыл боюу өзгөртүлүүгө тийиш эмес.

Өз ара эсептешүү боюнча бир бюджеттен башка бюджетке берилүүчү каражаттар ушул Мыйзамдын 16-статьясына ылайык өткөрүп берилет.

Бюджеттик ссудалар-кайтаруу, тез жана пайызсыз негизде башка бюджетке берилүүчү каражаттар. Бюджеттик ссудалар бюджеттик жылдын алкагында 12 айга чейинки мөөнөткө берилет. Бюджеттик ссудалар ушул Мыйзамдын 15-статьясына ылайык берилет.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93, 2004-жылдын 17-сентябрындагы N 169, 2009-жылдын 17-июлундагы N 232 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

36-статья. Жалпы мамлекеттик салыктардан жана башка кирешелерден чегерүүлөрдүн ченемдиктери, ошондой эле трансферттер өлчөмү

сакталбагандыгы үчүн санкциялар
(Статьянын аталышы КР 2009-жылдын 17-июлундагы N 232 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жалпы мамлекеттик салыктардын, салык эмес жана бюджеттердин ортосундагы башка кирешелердин туура бөлүштүрүлүшүнө, трансферттердин туура эсеп кылынышына жана максаттуу пайдаланылышына контролдукту жүзөгө ашырат.

Жалпы мамлекеттик салыктарды, салык эмес жана башка кирешелерди эсептөө тартиби жана алардын өлчөмү бузулган, трансферттер максатына жараша пайдаланылбаган учурда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жогору турган аймактык деңгээлдеги жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары региондун аймагында ишке ашырылып жаткан жалпы мамлекеттик программаларды жана иш-чараларды, бардык түрдөгү трансферттердин берилишин, ошондой эле бюджеттик ссудалар жана өз ара эсептешүүлөр боюнча каражаттардын берилишин токтотуп коюуга укугу бар.

Трансферттерди эсептөөнүн тартибине жоопкер мамлекеттик бийлик органдарынын кызмат адамдары анын туура эсептелишине жеке жоопкерчилик тартат.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93, 2009-жылдын 17-июлундагы N 232 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

IV бөлүм. Бюджеттердин ортосунда чыгымдар боюнча милдеттердин бөлүштүрүлүшү

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

37-статья. Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы чыгымдар боюнча милдеттердин структурасы

Кыргыз Республикасында бюджеттик ыйгарым укуктар боюнча милдеттерди бөлүштүрүүнүн төмөнкүдөй структурасы белгиленет:

1) Өкмөттүн милдеттери - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн республикалык бюджеттен каржылануучу чыгымдар боюнча милдеттенмеси;

2) аралаш милдеттер - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден трансферттер аркылуу каржылануучу чыгымдар боюнча милдеттенмеси;

3) жергиликтүү милдеттер - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү бюджеттерден каржылануучу чыгымдарынын милдеттенмеси.

Республикалык бюджеттен жалпы мамлекеттик мааниге ээ болгон жана алар боюнча жоопкерчилик толугу менен тиешелүү мамлекеттик башкаруу органдары аркылуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жүктөлүүчү иш-чаралар каржыланат. Бул категорияга төмөнкү чыгымдар киргизилет:

- аткаруу жана мыйзам чыгаруу органдарга мамлекеттик бийликке, финансылык жана салык-бюджеттик иш-аракетке (жергиликтүү органдардын аппараттары менен кошо), тышкы саясий иштерге, фундаменталдуу илимий изилдөөлөргө, план жана

статистика кызматтарына, мамлекеттик жана мобилизациялык резервди түзүүгө, жалпы арналыштагы башка мамлекеттик тейлөө кызматтарына;

- коргонууга, коомдук тартипти жана коопсуздукту сактоого;

- билим берүүнүн, саламаттык сактоонун, социалдык жактан камсыздандыруунун жана социалдык жактан камсыздоонун, дене тарбиянын, телекөрсөтүүнүн, радиоуктуруунун, басмалардын, турак-жай-коммуналдык, айыл, суу, токой чарбаларынын, балык уулоонун жана аңчылыктын, тоо-кен өнөр жайынын жана минералдык ресурстардын (отундан тышкары), кайра иштетүүчү өнөр жайдын жана курулуштун мамлекеттик ишкана, мекеме күтүүгө;

- отун-энергетика комплексине;

- транспорт жана байланышка;

- экономикалык иш-аракетке (соода, туризм, стандартташтыруу жана метрология, геодезия жана картография, гидрометеорология жана башка) байланыштуу башка тейлөө кызматтарына;

- негизги топторго кирбеген башка иш-чараларга (мамлекеттик карыз милдеттенмелери боюнча операциялар, жергиликтүү бюджеттерге гранттар, республикалык бюджеттин эсебинен жумшалуучу негизги топтор боюнча классификацияланбаган башка чыгымдар), ошондой эле бюджеттик ссудаларды берүүгө жана тындырууга, мамлекеттик акцияларды сатып алууга, мамлекеттик менчикти жеке менчиктештирүүгө байланыштуу операцияларды эске алуучу башка чыгымдарга;

- жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, регионалдык архивдердин аппараттарын күтүүгө.

Каржылоо боюнча жоопкерчиликти Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бөлүшкөн иш-чаралар ушул Мыйзамдын 35-статьясына ылайык белгиленүүчү гранттар аркылуу республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каржыланат.

Жергиликтүү бюджеттердин каражаттары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (райондук, шаардык, шаарчалык жана айылдык) жергиликтүү маанидеги иштерин бүткөрүүгө багытталат.

Бул категорияга төмөнкү чыгымдар киргизилет:

- аймактардын жашоо турмушун камсыз кылуу тутумунун иштешин жана өнүгүшүн уюштурууга;

- муниципалдык билим берүүнүн, саламаттык сактоонун, маданият, социалдык жактан камсыздандыруунун жана социалдык жактан камсыздоонун, дене тарбиянын, телекөрсөтүүнүн, радиоуктуруунун, басмалардын, турак-жай-коммуналдык, айыл, суу, токой чарбаларынын, балык уулоонун жана аңчылыктын ишкана, мекеме күтүүгө;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында болгон транспортко;

- мыйзам же жергиликтүү бюджеттен финансылануунга тийиш болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик укуктук актылары менен аныкталган башка иш-чараларга, ошондой эле бюджеттик ссудаларды берүүгө жана тындырууга, мамлекеттик акцияларды сатып алууга, муниципалдык менчикти жеке менчиктештирүүгө байланыштуу операцияларды эске алуучу башка чыгымдарга.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93, 2008-жылдын 14-февралындагы N 14,

2009-жылдын 17-июлундагы N 232 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

38-статья. Бюджеттик милдеттенмелерди бөлүштүрүү тутумунун туруктуулугу жана кошумча каржылоону талап кылуучу бюджеттик программаларды аныктоо тартиби

Ушул Мыйзамдын 37-статьясында белгиленген мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосунда бюджеттик чыгымдар боюнча милдеттенмелерди кайра бөлүштүрүүгө, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин чечими менен аныкталуучу өзгөчө учурлардан тышкарыда жол берилбейт. Мындай учурларда ушундай милдеттенмени берип жаткан орган ал милдеттенмени кабыл алып жаткан органга тийиштүү бюджеттик компенсация берүүгө милдеттүү.

Бюджеттик жыл ичинде же бюджеттик жылдардын ортосунда тиешелүү финансылык каржылоо булагы болбой туруп (компенсациясыз) чыгымдардын көбөйүшүнө алып келүүчү ар кандай программаларды же иш-чараларды ишке ашыруу боюнча мамлекеттик бийлик органдарынын иш-аракеттерине тыюу салынат.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

V бөлүм. Кыргыз Республикасынын Республикалык бюджетин түзүү жана аткаруу боюнча иштерди уюштуруу

39-статья. Чыгымдардын эң чоң өлчөмү

Чыгымдардын эң чоң өлчөмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Макроэкономикалык жана инвестициялык саясат боюнча координациялык кеңеши тарабынан мамлекеттин финансы мүмкүнчүлүктөрүнөн келип чыгуу менен, ар бир министрлик, мамлекеттик комитет, администрациялык ведомство, мамлекеттик комиссия, башка борбордук аткаруу бийлик органы боюнча анык эмес жана жогорулатылган суроо-талаптарга жол бербөө максатында бюджеттин орто мөөнөттүү прогнозунда белгиленген ар бир негизги топ боюнча жалпы чыгымдардын чектеринде белгиленет.

Чыгымдардын эң чоң өлчөмү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн органдарга Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген календардык планга ылайык кезектеги бюджеттик жылга жана андан кийинки болжол кылынуучу эки жылга бюджетти түзүү жөнүндөгү нускамалык көрсөтмөлөр менен бирге жеткирилет.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93, 2008-жылдын 17-октябрындагы N 226 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

40-статья. Республикалык бюджетти түзүү

Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин долбоорун түзүү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекитүүчү календардык планга ылайык республиканын социалдык-

экономикалык өнүгүшүнүн прогноздорунун негизинде ишке ашырылат.

Министрликтер, мамлекеттик комитеттер, администрациялык ведомстволор, мамлекеттик комиссиялар, фонддор жана башка аткаруу бийлик органдары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө баш ийген мамлекеттик уюмдар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Макроэкономикалык жана инвестициялык саясат боюнча координациялык кеңеш бекиткен контролдук сандардын негизинде республикалык бюджеттен каржылануучу мекемелердин чыгымдарынын жыйынды сметасынын долбоорлорун, атайын каражаттар боюнча кирешелердин жана чыгымдардын сметаларынын долбоорлорун түзүшөт жана тийиштүү финансы жылы башталганга кеминде 6 ай калганга чейин Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине беришет.

Кыргыз Республикасынын судьялар Кеңеши Кыргыз Республикасынын Конституциялык Сотунун, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун, Кыргыз Республикасынын Сот департаментинин, (жергиликтүү соттордун бюджеттерин кошкондо) Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна караштуу судьялардын Окуу борборунун кезектеги бюджеттик жылга жана кийинки пландаштырылган эки жылга бюджеттеринин долбоорун карайт, аларды жалпылайт, соттордун бюджеттеринин бирдиктүү долбоору катары кийинки финансы жылы башталганга чейин 8 айдан кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө макулдашууга жиберет. Кайчы пикирлер келип чыккан учурда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү соттордун бюджеттеринин бирдиктүү долбоорун макулдашуу үчүн Атайын комиссияны түзөт. Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Атайын комиссиясынын өкүлдөрү кийинки финансы жыл башталганга чейин 6 айдан кечиктирбестен макулдашуу жол-жобосун жүргүзүүгө жана аяктоого милдеттүү. Кайчы пикирлер келип чыккан учурда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жибериле турган республикалык бюджеттин долбооруна Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин сунушун өзгөртүүсүз кошот жана өзүнүн корутундусун тиркейт.

Тийиштүү жылга бюджетти түзүүдө сот системасынын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн көлөмү Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин макулдугу менен гана мурдагы жылдын бекитилген көрсөткүчтөрүнөн төмөн болушу мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги бюджеттик мекемелердин чыгымдарынын сметасынын долбоорлорун, атайын каражаттар боюнча кирешелердин жана чыгымдардын сметаларынын долбоорлорун аталган органдардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен карап чыгат, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Бюджеттик комиссиясы белгилеген чыгымдардын эң чоң өлчөмүнүн сакталышын текшерет, зарылдыгына карай тийиштүү түзөтүүлөрдү киргизет, республикалык бюджеттин долбоорун түзөт жана аны тийиштүү финансы жылы башталганга кеминде 4,5 ай калганга чейин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө бюджеттин кирешелери менен чыгымдарынын статьяларын майда-баратына чейин баяндоону камтыган түшүндүрмө кат, ошондой эле келерки бюджеттик жылга жана андан кийинки болжол кылынуучу эки жылга карата республикалык бюджет жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору менен бирге берет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү республикалык бюджеттин долбоорун, алардын эскертүүлөрүн карап чыгат жана аны тийиштүү финансы жылы башталганга

кеминде 4 ай калганга чейин Кыргыз Республикасынын кезектеги бюджеттик жылга жана андан кийинки болжол кылынуучу эки жылга карата республикалык бюджети жөнүндөгү мыйзамынын долбоорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине берет, ал долбоорго төмөнкү көрсөткүчтөр киргизилет:

1) республикалык бюджеттин долбоору - кирешелердин жалпы суммасы боюнча кирешелердин ар бир булагын айырмалап көрсөтүү менен жана чыгымдардын жалпы суммасы боюнча чыгымдарды айырмалап көрсөтүү менен;

- жалпы арналыштагы мамлекеттик тейлөө кызматтарына (анын ичинде аткаруу жана мыйзам чыгаруу органдарына, финансы жана салык-бюджеттик иш-аракетке, тышкы саясий иштерге, фундаменталдуу илимий изилдөөлөргө, жалпы пландоо жана статистика кызматтарына, жалпы жагдайдагы башка мамлекеттик тейлөө кызматтарына жана башка категорияларга кирбеген) жалпы жагдайдагы башка тейлөө кызматтарына;
- коргонууга;
- Өзгөчө кырдаалдар жана граждандык коргонуу министрилигинин иш-чараларын каржылоого;
- коомдук тартипти жана коопсуздукту сактоого;
- билим берүүгө;
- саламаттыкты сактоого;
- социалдык жактан камсыздандырууга жана социалдык жактан камсыздоого;
- турак-жай-коммуналдык чарбага;
- эс алууну уюштурууга жана маданий иштерге (анын ичинде дене тарбияга, маданиятка, телекөрсөтүү жана радиоуктурууга, басма мекемелери менен кызматтарына жана башка коомдук иш-аракеттерге);
- отун-энергетика комплексине;
- айыл жана суу чарбасына, токой чарбасына, балык уулоого, аңчылыкка;
- тоо-кен өнөр жайына жана минералдык ресурстарга (отундан тышкары), кайра иштетүүчү өнөр жайга, курулушка (анын ичинде тоо-кен чалгындоо иштерине);
- транспортко жана байланышка (анын ичинде автожол, суу, темир жол жана аба транспортуна, түтүк жүргүчтөргө жана ташуунун башка тутумдарына);
- экономикалык жана администрациялык иш-аракетке байланыштуу башка тейлөө кызматтарына;
- негизги топко киргизилбеген башка чыгымдарга.

Чыгымдардын көрсөткүчтөрү бюджеттик мекемелердин атайын каражаттарынын эсебинен ишке ашырылуучу чыгымдарды жана мамлекеттик чыгымдардын экономикалык жана администрациялык классификациясына ылайык чыгымдардын негизги статьяларын жана ссудаларды чыгымдардын негизги топторунун, топтору менен кичине топторунун курамында тындырууну алып салуу менен бөлүп көрсөтүү аркылуу чагылдырылат. Бюджеттин чыгымдарынын жалпы көрсөткүчтөрүндө утурумдук чыгымдардын бюджети жана өнүгүүнүн бюджети айырмаланып көрсөтүлөт;

2) республикалык бюджеттин тартыштыгынын эң жеткен өлчөмү жана аны каржылоонун ички жана тышкы булактары;

3) пайдага салыктардын, ички (жергиликтүү) продукцияга акциздик салыктардын, жеке жактардан чакан ишкердиктин субъектилери үчүн милдеттүү

өнөктөштүктөн түшкөн кирешелерге бирдиктүү салык алынуучу киши башына салыктардын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жалпы мамлекеттик салыктардын жана башка кирешелердин жергиликтүү бюджеттерине чегерилүүчү ченемдиктери;

4) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары боюнча категориялык, теңдештирүүчү жана дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын өлчөмдөрү;

5) республикалык бюджет боюнча жыл аягына карата кассалык жүгүртүүдөгү накталай акчанын өлчөмү.

(КР 2003-жылдын 12-июлунун N 125, 2003-жылдын 25-сентябрынын N 216, 2004-жылдын 20-июлундагы N 93, 2008-жылдын 14-февралындагы N 14, 2008-жылдын 17-октябрындагы N 226, 2009-жылдын 18-майындагы N 157 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

41-статья. Республикалык бюджеттин долбоорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин туруктуу комитеттеринде кароо

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин туруктуу комитеттери:

- Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, мамлекеттик комитеттеринин, администрациялык ведомстволорунун, башка аткаруу бийлик органдарынын жетекчилеринин, Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин, Кыргыз Республикасынын Конституциялык Сотунун, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун, Кыргыз Республикасынын Сот департаментинин жетекчилеринин алардын сметасы жана бюджети боюнча баяндамаларын угат, алар жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары киргизген бюджет боюнча сунуштарды жана сын-пикирлерди карайт;

- республикалык бюджет боюнча корутундуларды жана сунуштарды даярдап, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна берет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин туруктуу комитеттери тарабынан бюджеттин чыгымдарын көбөйтүү же кирешелерин азайтуу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда аны менен кошо бюджеттин чыгып калган кирешелеринин же көбөйгөн чыгымдарынын кошумча булактары боюнча сунуш да киргизилет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин туруктуу комитеттери тарабынан бюджеттин долбоорунун каралышы 20 күндүн ичинде бүткөрүлүүгө тийиш.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93, 2009-жылдын 18-майындагы N 157 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

42-статья. Республикалык бюджеттин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде каралышы жана бекитилиши

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан киргизилген республикалык бюджеттин долбоорун, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин туруктуу комитеттери менен комиссияларынын корутундуларын карайт жана кезектеги бюджеттик жылга жана

андан кийинки болжол кылынуучу эки жылга карата жаңы бюджеттик жыл башталганга бир ай калгандан кечиктирбей республикалык бюджет жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Мыйзамын кабыл алат.

Республикалык бюджет жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Мыйзамы:

а) төмөндөгүлөрдү бекитет:

- утурумдук чыгымдардын бюджетин жана өнүгүүнүн бюджетин айырмалап бөлүү менен Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетин - кирешелердин жалпы суммасын жана чыгымдардын жалпы суммасын, ошондой эле бюджеттин тартыштыгынын эң чоң өлчөмүн же болбосо кирешелердин чыгымдардан ашкан өлчөмүн (профицит) көрсөтүү менен;

- бюджеттин тартыштыгын каржылоонун ички жана тышкы булактарын;

- пайдага салыктардын, ички (жергиликтүү) продукцияга акциздик салыктардын, жеке жактардан чакан ишкердиктин субъектилери үчүн милдеттүү өнөктөштүктөн түшкөн кирешелерден бирдиктүү салык алынуучу киши башына салыктардын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жалпы мамлекеттик башка кирешелердин жергиликтүү бюджеттерине чегерүүлөрдүн ченемдиктерин;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары боюнча категориялык, теңдештирүүчү жана дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын өлчөмдөрүн;

- республикалык бюджет боюнча жыл аягына карата кассалык жүгүртүлүүчү накталай акчанын өлчөмүн;

б) төмөндөгүлөрдү аныктайт:

- республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн кирешенин ар бир булагы боюнча түзүлүү булактарын;

- чыгымдардын багыттары жана статьялары боюнча ушул Мыйзамдын 40-статьясынын алтынчы бөлүгүндө каралган тартип боюнча республикалык бюджеттин чыгымдарын.

Республикалык бюджет жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынып жана Кыргыз Республикасынын Президенти кол койгондон кийин күчүнө кирет.

Кезектеги бюджеттик жылга республикалык бюджет жана андан кийинки болжол кылынуучу эки жылга карата болжолдуу көрсөткүчтөр жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы күчүнө киргенден кийин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жалпы мамлекеттик салыктар жана башка кирешелер контингентин жергиликтүү бюджеттер боюнча бөлүштүрүүнү, ошондой эле республикалык бюджет жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамында бекитилген жалпы чыгымдоолордун чектеринде аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары боюнча чыгымдоолорду даректүү бөлүштүрүүнү караган кезектеги бюджеттик жылга жана андан кийинки болжол кылынуучу эки жылга болжолдуу көрсөткүчтөрдү аткаруу боюнча уюштуруу чараларын кабыл алат.

Күчүнө кириши салыктардын жана республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин башка кирешелеринин тизмесинин жана ставкаларынын өзгөрүшүнө алып келүүчү бардык мыйзамдык жана ченемдик актылар бюджеттик жылдын апрель айынан кечиктирилбей тийиштүү түрдө Жогорку Кеңеш жана жергиликтүү кеңештер тарабынан кабыл алынууга тийиш.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93, 2008-жылдын 14-февралындагы N 14,

2008-жылдын 17-октябрындагы N 226 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

43-статья. Республикалык бюджеттин аткарылышын уюштуруу

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү республикалык бюджеттин аткарылышын Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык инспекциясы жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик бажы комитети, министрликтер, мамлекеттик комитеттер, администрациялык ведомстволор, мамлекеттик комиссиялар, фонддор жана Кыргыз Республикасынын башка борбордук аткаруу бийлик органдары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө баш ийген башка уюмдар аркылуу уюштурат.

Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилген бюджетке ылайык Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин кирешелер менен чыгымдарды бөлүштүрүп жазганы боюнча аткарылат.

Соттордун бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына судьялар Кеңеши жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка органдар контролдук жүргүзөт.

Кыргыз Республикасынын сотторунун бюджети Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши бекиткен республикалык бюджетке ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аткарылат.

(КР 2009-жылдын 18-майындагы N 157 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

44-статья. Республикалык бюджеттин аткарылышын тескөө

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги бюджетте каралган бардык кирешелердин келип түшүшүн, бюджеттик каражаттардын натыйжалуу жана максатына жараша пайдаланылышын камсыз кылат. Ал республикалык бюджеттин аткарылышынын жүрүшүн контролдойт жана ай сайын талдап турат, ар бир кварталдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Макроэкономикалык жана инвестициялык саясат боюнча координациялык кеңешине анын аткарылышы боюнча маалымат, ошондой эле кирешелерди толугу менен жумшоо жана бюджеттик каражаттардын пайдаланылышынын натыйжалуулугун арттыруу боюнча айкын сунуш киргизет.

45-статья. Республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчету түзүү жана бекитүү

Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетту Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, администрациялык ведомстволордун, мамлекеттик комиссиялардын, фонддордун жана башка борбордук аткаруу бийлик органдарынын отчеттук маалыматтарынын негизинде түзөт жана алар республиканын мамлекеттик бюджетинин аткарылышы жөнүндөгү отчеттун курамына кошулуп Кыргыз

Республикасынын Өкмөтүнө берилет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өткөн жыл үчүн республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндөгү отчетту анын түшүндүрмө каты менен кошо отчеттук жылдан кийинки жылдын 15-майынан кеч эмес мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана Кыргыз Республикасынын Президентине бир убакта берет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин бюджеттик маселелерди тейлеген Комитеттери Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышы жөнүндөгү отчетту карап чыгат, ал боюнча корутунду түзөт жана аны Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын заседаниесинин жана Эл өкүлдөр жыйынынын сессиясынын кароосуна коет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын, бюджеттик маселелерди тейлеген туруктуу комитеттердин баяндамалары боюнча Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышы жөнүндөгү отчетту карап чыгат жана бекитет.

(КР 2008-жылдын 17-октябрындагы N 226 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

VI бөлүм. Жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу боюнча иштерди уюштуруу

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

46-статья. Жергиликтүү бюджет

Жергиликтүү бюджет - айылдын, шаарчанын, шаардын жана райондун коомдоштугунун жергиликтүү бюджети, аны түзүүнү, бекитүүнү жана аткарууну жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жүзөгө ашырат.

Жергиликтүү бюджеттерди бекитүү жана аткаруу жергиликтүү бюджеттерди теңдештирүү принцибинде ишке ашырылат, анда каралган чыгымдардын көлөмү бюджеттин кирешелеринин суммардык көлөмүнө ылайык келүүгө тийиш.

Бюджеттик жыл ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз бюджетинин балансын камсыз кылууга тийиш.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамынын, 2008-жылдын 14-февралындагы N 14 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

47-статья. Жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун түзүүнүн Жана бюджеттик маалыматтарды берүүнүн тартиби Жана мөөнөтү

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тийиштүү аймактык бөлүмдөр аркылуу үстүдөгү жылдын 30-майына чейин айыл өкмөтүнүн, поселоктордун, шаар башкармаларынын жана шаарлардын мэрияларынын финансылык органдарына бюджетти, календарлык планды түзүү, жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөрдүн болжолдонгон ченемдерин жана жергиликтүү бюджеттер бөлүштүрүлүүчү категориялык жана теңдештирүүчү гранттардын болжолдонгон өлчөмдөрү боюнча нускамаларды таратат.

Жергиликтүү бюджетгердин долбоорлорун өзүлөрүнүн финансы органдары аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдары түзөт.

Жергиликтүү бюджеттин алгачкы долбоору жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органы айылдык, шаарча, шаардык жана райондук кеңештер менен макулдашат.

Макулдашылган жергиликтүү бюджеттин алгачкы долбоору Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин тийиштүү түзүмдүк бөлүмдөрүнө, ал эми райондук, областтык, республикалык маанидеги шаарлар - түздөн-түз Кыргыз Республикасыны Финансы министрлигине берилет.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн долбоору Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине үстүдөгү жылдын 1-июлуна чейин берилет. Жергиликтүү бюджеттин чыгымдоо бөлүгүнүн долбоору Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине үстүбүздөгү жылдын 1-августна чейин берилет. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү республикалык бюджеттин долбоорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине бергенден кийин Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жалпы мамлекеттик салыктарды чегерүүлөрдүн ченемдерин жана жергиликтүү бюджетте бөлүштүрүлүүчү категориялык жана теңдештирүүчү гранттардын такталган өлчөмдөрүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдарына берет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдары жаллы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөрдүн такталган ченемдерин жана жергиликтүү бюджетте бөлүштүрүлүүчү категориялык жана теңдештирүүчү гранттардын өлчөмдөрүн алгандан кийин жергиликтүү бюджеттин алгачкы долбоорун тактайт жана бекитүү үчүн аны айылдык, шаарча, шаардык жана райондук кеңешке сунуш кылат.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамынын, 2008-жылдын 14-февралындагы N 14 Мыйзамынын редакцияларына ылайык)

48-статья. Жергиликтүү бюджеттердин каралышы

Айылдык, шаарча, шаардык жана райондук кеңештердин бюджеттик комиссиясы башкармалыктардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бөлүмдөрүнүн, муниципалдык ишканалардын жана мекемелердин жетекчилеринин баяндамаларын алдын ала угат, бюджеттин кирешелеринин жана чыгашаларынын өзгөрүүлөрүнө тиешелүү сунуштарды карайт, бюджеттин долбоору боюнча айылдык, шаарча, шаардык жана райондук кеңештердин корутундуларын түзөт жана сунуш кылат.

Айылдык, шаарча, шаардык жана райондук кеңештер жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдарынын жана бюджеттик комиссияларынын баяндамаларын угат жана кезектеги бюджеттик жыл жана андан кийинки болжол кылынуучу эки жылга жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун карайт.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93, 2008-жылдын 17-октябрындагы N 226 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

49-статья. Жергиликтүү бюджеттерди бекитүү

Айылдык, шаарча, шаардык жана райондук кеңештер:

жергиликтүү бюджеттерди кирешелердин жалпы суммасында жана учурдагы чыгымдарда бюджетти бөлүүнүн чыгымдарынын жалды суммасы жана бюджетти өнүктүрүүнүн, ошондой эле зарылчылык болгондо кирешелердин чыгашалардан ашып кеткен өлчөмдөрүн;

бюджеттик квалификацияга ылайык жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин булактарын жана чыгымдардын багытын;

жергиликтүү бюджет боюнча жылдын аягындагы кассалык акчаны жүгүртүүнүн өлчөмүн бекитет.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

50-статья. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине бекитилген жергиликтүү бюджеттерди берүү

Белгиленген тартипте бекитилген жергиликтүү бюджет Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине республиканын мамлекеттик (бириктирилген) бюджетине кошуу үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши республикалык бюджетти бекиткенден кийин эки айдан кечиктирбестен берилет.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жалпы мамлекеттик салыктардын (суммардык түрдөгү жана ченемдер боюнча) өлчөмдөрүн, республикалык бюджет жөнүндө мыйзамда белгиленген категориялык, теңдештирүүчү, дем берүүчү (үлүштук) гранттардын көрсөткүчтөрүнүн бекитилген жергиликтүү бюджетке дал келишин текшерет. Жергиликтүү бюджетте каралган кошумча чыгымдар, эгерде ал жекече киреше булактарынын эсебинен жабылса Кыргыз Республикасынын мамлекеттик (бириктирилген) бюджетине кабыл алынат жана киргизет.

Республикалык бюджеттен түшүүчү жергиликтүү бюджеттердин кирешелери боюнча өзгөртүүлөр жана тактоолор бир жылдын ичинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен негизделүүгө жана макулдашылууга тийиш.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

51-статья. Жергиликтүү бюджеттерди аткаруу

Жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы бекитилген бюджеттердин негизинде түзүлгөн, кол коюлган кирешелерге жана чыгашаларга ылайык казыналыктын регионалдык бөлүмдөрү жана салык кызматынын органдары аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органы тарабынан жүзөгө ашырылат.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

52-статья. Жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндө отчетторду түзүү жана бекитүү

Жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндөгү отчетту, эгерде мыйзамда башкача белгиленбесе жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тийиштүү аткаруучу-

тескөөчү органы жылына бир жолу түзөт.

Айылдык, шаарча, шаардык жана райондук кеңештердин бюджеттик комиссиялары бюджеттин аткарылышы жөнүндөгү отчетту карашат,, корутунду түзөт жана аны тийиштүү кеңешке берет.

Айылдык, шаарча, шаардык жана райондук кеңештер жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдарынын жана бюджеттик комиссиялардын баяндамаларын угат, бюджеттик комиссиянын корутундусун карайт жана жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндөгү отчетторду бекитет.

Жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндөгү отчеттор кийинки отчеттук жылдын 1-мартынан кеч эмес мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине берилет.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

53-статья. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын заемдору

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын зайымын жүзөгө ашыруунун тартиби "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык-экономикалык негиздери жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары жөнүндө" мыйзамы менен аныкталат.

(КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

54-статья. Жергиликтүү бийлик органдарынын заем чыгарууга карата ыйгарым укуктары - (КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамынын редакциясына ылайык алынып салынган)

55-статья. Жергиликтүү бийлик органдарынын милдеттенмелерине чек коюу - (КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамынын редакциясына ылайык алынып салынган)

56-статья. Жергиликтүү бийлик органдарынын карыздык милдеттенмелерин эсепке алуу реестри - (КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамынын редакциясына ылайык алынып салынган)

57-статья. Заем чыгаруу шарттарынын сакталышына карата контроль - (КР 2004-жылдын 20-июлундагы N 93 Мыйзамынын редакциясына ылайык алынып салынган)

58-статья. Ушул Мыйзамды колдонууга киргизүү жөнүндө

"Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы расмий жарыяланган учурдан тартып колдонууга киргизилсин.

Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

- "Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин

Ведомосттору, 1994-жыл, N 2, 52-ст.);

- "Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын колдонууга киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтому (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1994-жыл, N 2, 53-ст.);

- "Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1995-жыл, N 7, 249-ст.);

- "Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1997-жыл, N 4, 156-ст.).

"Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" Мыйзамдын 53-57-статьялары Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзам актылары кабыл алынган жана колдонууга киргизилген учурдан тартып күчүн жоготот.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

- ар жылдын бюджеттеринин долбоорлорун даярдоодо фундаменталдык илимий изилдөөлөргө бюджеттин чыгымдарынын статьяларын түзүү сынактык негизде каралуучу өтүнүчтөрдүн негизинде жүзөгө ашырылууга тийиш экендигин эске алсын;

- Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирүү жөнүндө сунуштарын эки айлык мөөнөттө даярдасын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине берсин.

Бишкек шаары
2003-жылдын 25-сентябры N 215

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ
Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери жөнүндө

(Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 14-февралындагы N 14, 2009-жылдын 15-июлундагы N 213 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

I бөлүм. Жалпы жоболор
II бөлүм. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын финансы жана бюджет аралык мамилелери
III бөлүм. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негиздери
IV бөлүм. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын экономикалык иши

Ушул Мыйзам айылдын, шаарчанын, шаардын жана райондун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун дагы башка органдары, юридикалык жана жеке жактар менен болгон финансылык жана экономикалык мамилелерин жөнгө салат, ошондой эле жергиликтүү бюджетти жана айылдын, шаарчанын жана шаардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттен тышкаркы фонддорун түзүү жана аткаруу тартибин жана принциптерин аныктайт.

I бөлүм. Жалпы жоболор

1-статья. Ушул Мыйзамда пайдаланылуучу негизги түшүнүктөр

1. Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутуму - Кыргыз Республикасынын экономикалык мамилелерине жана мамлекеттик курумуна негизделген республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди, бюджеттен тышкаркы фонддорду түзүү, кароо, бекитүү жана аткаруу боюнча укук ченемдери менен тартипке келтирилүүчү коомдук мамилелердин тутуму.

2. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджети республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден турат.

3. Жергиликтүү бюджет - айылдын, шаарчанын, шаардын жана райондун жергиликтүү коомдоштугунун бюджети, алардын түзүлүшүн, бекитилишин жана аткарылышын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жүзөгө ашырат.

4. Жергиликтүү бюджеттин кирешелери - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына түшүүчү акчалай каражаттар.

5. Жергиликтүү бюджеттин чыгашалары - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттерин жана функцияларын каржы жагынан камсыз кылууга багытталган акчалай каражаттар.

6. Трансферттер - Кыргыз Республикасынын бир деңгээлдеги бюджетинен башка

деңгээлдеги бюджеттик тутумуна жеке же юридикалык жакка бюджеттен берилүүчү бюджеттик каражаттар.

7. Гранттар - республиканын бюджетинен жергиликтүү бюджеттерге бекер жана кайтарылбас негизде берилүүчү трансферттер.

8. Категориялуу гранттар - мамлекет тарабынан кепилдик берилген жергиликтүү бюджеттердин чыгашаларынын белгилүү түрлөрүн каржылоо үчүн бекер жана кайтарылбас негизде республикалык бюджеттен берилүүчү трансфеттер.

9. Теңдөөчү гранттар - турукташтыруучу социалдык-экономикалык абалга колдоо көрсөтүү максатында мамлекеттик минималдуу социалдык стандарттарга ылайык жергиликтүү бюджеттердин чыгашаларын каржылоону камсыз кылуу үчүн республикалык бюджеттен берилүүчү трансферттер.

10. Үлүштүк (стимулдаштыруучу) гранттар - бюджеттик каражаттарды, мамлекеттик артыкчылыктуу программалар менен долбоорлор боюнча каражаттарды кайтарымдуу чыгымдоого стимулдаштыруучу, жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин көбөйтүү жана кирешелердин жергиликтүү булактарын кыйла толук мобилизациялоо максатында республикалык бюжеттен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берилүүчү трансферттер.

11. Өз ара эсептешүүлөр - жергиликтүү бюджеттерге же бюджеттик жыл ичинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү же бекитилген бюджеттерде каралбаган, аткаруу бийлигинин башка органдары тарабынан кабыл алынган чечимдерден, милдеттенмелерден улам кирешелерде жана/же чыгашаларда (1) болгон өзгөрүүлөргө байланыштуу алардан которулуучу; жана/же (2) улуттук экономикада өз орду бар өндүрүш деңгээлинде, бааларда же дагы башка процесстерде жүргөн өзгөрүүлөрдөн чыккан жана бюджетти түзүү үчүн негиз катары пайдаланылуучу бюджеттик орточо мөөнөттүү прогноздон айырмалуу акчалай ыктыярдуу каражаттар.

12. Ыктыярдуу салымдар - жергиликтүү бюджеттерге жана бюджеттен тышкаркы фонддорго жеке же юридикалык жактар тарабынан бекер жана кайтарылбас негизде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына кирген милдеттерди жана функцияларды аткаруу үчүн берилүүчү акчалай каражаттар.

13. Мамлекеттик минималдуу социалдык стандарттар - жарандарга минималдуу деңгээлде берилиши Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан гарантияланууучу мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары.

14. Минималдуу бюджеттик камсыздоо - өз аймагынын чегинде мамлекеттик минималдуу социалдык стандарттарды берүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына зарыл акчалай каражаттардын минималдуу деңгээли.

15. Жергиликтүү бюджеттин киреше булактары - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өз алдынча киргизүүгө жана жыйноого укуктуу жергиликтүү салыктар, жыйымдар жана салыктык эмес төгүмдөр.

16. Муниципалдык менчик - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында, пайдалануусунда, тескөөсүндө турган, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кирешелерин алуучу булак катары кызмат кылуучу жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иш-милдеттерин жүзөгө ашырууга зарыл жергиликтүү коомдоштук менчиги.

17. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын зайымдары - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан зайым келишимин түзүү жана/же муниципалдык баалуу кагаздарды чыгаруу жолу менен кабыл алынган мөөнөттүү келишимдик милдеттенмелер, булардын жардамы менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары зайымдын суммасын кайтарып берүү жана аны пайдаланганы үчүн пайыз төлөп берүү милдеттенмеси менен акча каражаттарын алат.

18. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттен тышкаркы фонддору - жергиликтүү бюджеттерде каралбаган социалдык-экономикалык программалар менен долбоорлорду жүзөгө ашыруу үчүн ыктыярдуу салымдардын негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан түзүлүүчү фонддор.

(Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 14-февралындагы N 14 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

2-статья. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздеринин негизги принциптери

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери төмөндөгү принциптерге таянат:

- мамлекеттик бийлик менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-милдеттерин ажыратып чектөөгө;
- жергиликтүү маанидеги иштерди чечүү үчүн зарыл финансы-экономикалык каражаттар менен камсыз кылууга;
- берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн зарыл финансы-экономикалык каражаттар менен камсыз кылууга;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык каражаттарынын башкарууда жергиликтүү кеңештердин көз карандысыздыгына.

II бөлүм. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын финансы жана бюджет аралык мамилелери

3-статья. Жергиликтүү бюджеттердин кирешелери

1. Жергиликтүү бюджеттердин кирешелери жергиликтүү салымдардан жана жыйымдардан, салыктык эмес төгүмдөрдөн; республикалык деңгээлде бөлүштүрүлүүчү салыктардан жана кирешелерден; трансферттерден, гранттардан, ыктыярдуу салымдардан турат.

2. Жергиликтүү салыктардан жана жыйымдардан, салыктык эмес төгүмдөрдөн алынуучу жергиликтүү бюджеттердин кирешелери башка деңгээлдин бюджеттерине алынбоого тийиш.

3. Зайымдар жергиликтүү бюджеттердин кирешелерине киргизилбейт.

4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бекитилген жергиликтүү бюджетти аткаруу учурунда кошумча алынган жана ченемдик чегеримдер боюнча бөлүштүрүлүүчү кирешелер, ошондой эле кирешелерди ашык аткаруунун же чыгашаларды үнөмдөөнүн натыйжасында жылдын аягына карата түзүлүүчү

чыгашалардан кирешелердин ашыкча суммалары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында калат. Жогоруда аталган кирешелер алып коюлууга тийиш эмес жана жергиликтүү кеңештердин кароосу боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгашаларын каржылоого пайдаланылат.

5. Казыначылыктын региондук бөлүмдөрү жана салык кызматынын органдары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына тиешелүү жергиликтүү бюджеттин кирешелери жөнүндө бардык зарыл маалыматты үзгүлтүксүз жана өз убагында берип турат.

4-статья. Жергиликтүү салыктар жана жыйымдар

1. Кыргыз Республикасынын салык боюнча мыйзамдарында каралган жергиликтүү салыктар менен жыйымдар жана жер салыгы түздөн-түз жергиликтүү бюджетке келип түшөт.

2. Жергиликтүү салыктар менен жыйымдарды жыйноону Салык кызматынын органдары жана алар ыйгарым укук берген жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын салык инспекторлору жүзөгө ашырат.

5-статья. Жергиликтүү салыктык эмес төгүмдөр

1. Жергиликтүү салыктык эмес төгүмдөр төмөндөгүлөрдү өзүнө камтыйт:

1) муниципалдык мүлктү башкаруудан жана тескөөдөн келип түшүүчү кирешелерди;

2) айыл чарбасына жарактуу жерлерди кайра бөлүштүрүү фонддорунун жерлерин пайдалануу укугу үчүн алынган ижара акысын;

3) жергиликтүү бюджеттик мекемелер продукцияны сатып өткөрүүдөн алган, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруудан түшкөн кирешелерди, алар продукцияны сатып өткөрүү, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруу боюнча чыгымдардын ордун жабуу үчүн пайдаланылат;

4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка салыктык эмес төгүмдөрдү.

2. Ушул статьянын 1, 2 жана 4-пунктчаларында көрсөтүлгөн салыктык эмес төгүмдөр түздөн-түз тиешелүү жергиликтүү бюджетке келип түшөт.

3. Жергиликтүү салыктык эмес төгүмдөрдү жыйноо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктуу кызматкерлери тарабынан жүзөгө ашырылат.

6-статья. Жалпы мамлекеттик салыктардан түшкөн төгүмдөрдү жана кирешелерди бөлүштүрүүнүн тартиби

1. Республикалык деңгээлде бөлүштүрүлүүчү жалпы мамлекеттик салыктар менен кирешелерге төмөндөгүлөр кирет:

1) ички (жергиликтүү) продукцияга акциз салыгы;

2) жеке жактардан алынуучу киреше салыгы;

3) менчигинин түрүнө карабастан юридикалык жактардын кирешесине салынган

салык;

4) кичи ишкердик субъекттери үчүн бирдиктүү салык;

5) милдеттүү патенттөөдөн түшүүчү кирешелер.

2. Жергиликтүү бюджетке ушул статьянын 1-пунктунда аталган салыктар менен кирешелерден чегерүү жүргүзүлөт.

3. Ушул статьянын 1-пунктунда аталган салыктар менен кирешелер чегерүүнүн белгиленген ченемдерине ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына салыктардын түшкөн жери боюнча бөлүштүрүлөт.

4. Ушул статьянын 1-пунктунда аталган салыктар менен кирешелердин түрлөрүнөн чегерип алуунун ченемдери үч жыл бою өзгөртүлүүгө тийиш эмес.

7-статья. Трансферттер жана ыктыярдуу төгүмдөр

(Статьянын аталышы КР 2009-жылдын 15-июлундагы N 213 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

1. Категориялуу гранттар:

1) категориялуу гранттар республикалык бюджеттен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жергиликтүү деңгээлде мамлекеттик программаларды каржылоонун муктаждыгын эсепке алган формуланын негизинде бөлүнөт. Категориялуу гранттарды эсептөөнүн усулдары жана формуласы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат;

2) категориялуу гранттар Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан жергиликтүү бюджеттерге белгиленген усулдар менен формулага ылайык өзүнүн аймактык бөлүмдөрү аркылуу бөлүштүрүлөт.

2. Теңдөөчү гранттар:

1) теңдөөчү гранттар Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен формуланын негизинде эсептелет жана бөлүштүрүлөт, ал кирешелердин потенциалы менен жергиликтүү коомдоштуктун чыгашаларын каржылоого жумшалуучу жергиликтүү бюджеттин муктаждыктарынын ортосундагы финансылык ажырымды эсепке алат.

2) Теңдөөчү гранттар Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан жергиликтүү бюджеттерге белгиленген усулдар менен формулага ылайык өзүнүн аймактык бөлүмдөрү аркылуу бөлүштүрүлөт.

3. Үлүштүк (стимулдаштыруучу) гранттар:

1) үлүштүк (стимулдаштыруучу) гранттар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына конкурстук негизде берилет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үлүштүк (стимулдаштыруучу) гранттарды алууга Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен шарттарга ылайык табыштама берүүгө укуктуу.

4. Бир бюджеттен башка бюджетке өз ара эсептешүү боюнча берилүүчү каражаттар:

1) жергиликтүү бюджеттердин чыгашалары көбөйтүлүүчү же кирешелери азайтылуучу ченемдик укуктук актылар кабыл алынган учурда (жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын актыларынан башка) тиешелүү суммалардын орду республикалык бюджеттен толтурулат, ал эми жергиликтүү бюджеттин чыгашалары азайса же кирешелери көбөйсө тиешелүү суммалар республикалык бюджетке алып коюлат.

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү квартал аяктаганга 30 күн калгандан кечиктирбестен мамлекеттик бюджетти түзүү учурунда негиз катары пайдаланылуучу, бюджеттин орточо мөөнөттүү божомолунан айырмаланган, Кыргыз Республикасынын экономикасында жүрүп жаткан өндүрүштүн (жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмдөрүнүн өзгөрүшү, баалардын деңгээли, инфляциянын темптери, дагы башка процесстерди пайда кылган жалпы мамлекеттик салыктардын, дагы башка кирешелердин контингенти боюнча көрсөткүчтөрдүн такталышына байланыштуу өз ара эсептешүүлөргө тактоо киргизүүгө укуктуу.

5. Ыктыярдуу салымдар:

1) Жеке жана юридикалык жактар ыктыярдуу салымдарды бекер жана кайтарылбас негизде жергиликтүү бюджеттерге жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттен тышкаркы фонддоруна берүүгө укуктуу.

2) Ыктыярдуу салымдар жергиликтүү бюджеттин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттен тышкаркы фонддорунун киреше бөлүгүндө анын түшкөн мезгилине жараша чагылдырылат.

3) Кыймылсыз мүлк жана кыймылдуу мүлк түрүндөгү ыктыярдуу салымдар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун муниципалдык менчигинин реестрине Кыргыз Республикасынын мыйзамдары белгилеген тартипте киргизилүүгө тийиш.

6. Жергиликтүү бюджеттин кирешелери башка бюджетке жергиликтүү кеңештин чечими боюнча которулушу мүмкүн.

(КР 2009-жылдын 15-июлундагы N 213 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

8-статья. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын зайымдары

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын зайымы тиешелүү жергиликтүү кеңештин жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин макулдугу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аткаруучу-тескөөчү органдары тарабынан жүзөгө ашырылат.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын зайымы кыска мөөнөттүү (бир жылга чейин); орто мөөнөттүү (1 жылдан 5 жылга чейин) жана узак мөөнөттүү (5 жылдан жогору) болушу мүмкүн.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын зайымы Кыргыз Республикасынын мыйзамдары белгилеген тартипте аймакты өнүктүрүүнүн программалары менен долбоорлорун ишке ашыруу максатында гана муниципалдык баалуу кагаздарды чыгаруу жолу менен жүзөгө ашырылат.

4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын зайымы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен кредитордун ортосундагы келишим менен белгиленген тартипте жергиликтүү бюджеттин каражаттарынан камсыз кылынат жана жандырылат.

5. Мамлекет жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын зайымдары боюнча жооопкерчилик тартпайт жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттин карыз милдеттенмелери боюнча жоопкерчилик тартпайт.

9-статья. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кыска мөөнөттүү зайымдары

Бюджеттик жыл ичинде акчалай каражат ресурстарын убактылуу калыбына келтирүү зарылчылыгы болгон учурда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жетпеген каражаттарды кредиторлордон кыска мөөнөттүү заем түрүндө алуу менен жүзөгө ашырууга укуктуу. Кыска мөөнөттүү зайым төмөндөгүдөй шарттар сакталган учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жүзөгө ашырылышы мүмкүн:

1) кыска мөөнөттүү зайымдар боюнча жалпы карыз ушул Мыйзамдын 11-статьясынын 1-пунктунда каралган чектөөлөрдөн ашпаса;

2) кыска мөөнөттүү зайымдар боюнча жалпы карыз зайым жүзөгө ашырылган жылдын ичинде жандырылса;

3) кыска мөөнөттүү зайымды жайгаштыруудан түшкөн каражаттарды башка баалуу кагаздарга салуу мүмкүн болбосо;

4) зайымдын ордун жандыруу зайымдын ордун жандырууга күрөөгө коюлган кирешелерди эске алуу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы бюджеттик жылдын калган бөлүгүнүн ичинде, алган киреше менен ушул статьяга ылайык камсыз кылынууга тийиш.

10-статья. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү зайымдары

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары капиталдык салымдарды каржылоо жана орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү зайымдар боюнча карызды кайра каржылоо үчүн орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү зайымдарды жүзөгө ашырууга укуктуу.

2. Орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү зайымдын каражаттары уюмдаштыруучулардын бири жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы болуп эсептелген юридикалык жактардын баалуу кагаздарын алууга салынган салымдардан башка баалуу кагаздарга салынышы мүмкүн эмес.

11-статья. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын зайымдарын чектөө

1. Эгерде жалпы карызды тейлөө боюнча милдеттемелер, ошонун ичинде алдыдагы карыз милдеттемелери, карыз алынган каражаттарды эсепке албаганда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жылдык кирешесинин 20 пайызынан ашса, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары зайымдарды жүзөгө ашырышына тыюу салынат.

2. Пайыздык ставканын өлчөмү жана аларды милдеттенме боюнча төлөөнүн тартиби келишим боюнча белгиленет.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын зайымдары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карыз милдеттенмелерин эсепке алуу реестринде катталат, ал Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги белгилеген тартипте жүргүзүлөт.

4. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан жергиликтүү өз

алдынча башкаруу органдарын төмөндөгү учурларда атайын текшерүү жүргүзүлөт:

1) эгерде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары зайым жүзөгө ашырылган ошол бюджеттик жылдын аягында өзүнүн кыска мөөнөттүү зайымынын ордун жандырбаса;

2) эгерде фискалдык жылдын ар кандай учурунда зайымдардын өлчөмү ушул статьянын 1-пунктунда белгиленген суммадан ашса.

5. Эгерде зарыл чыгашалар жылдык бюджетте толугу менен камсыз кылынса, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бюджеттик каражаттардан жеке жана юридикалык жактарга зайым берүүгө укуктуу.

1) ар бир берилүүчү зайым башка каражаттарды эсепке албаганда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жылдык кирешесинин 2% ашпоого тийиш;

2) берилүүчү зайымдардын жалпы суммасы башка каражаттарды эсепке албаганда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жылдык кирешесинен 5% ашпоого тийиш;

3) зайымдар күрөө активдери менен камсыз кылынышы керек, алардын наркы муниципалдык ишканаларга берилген зайымдардан тышкары, берилүүчү зайымдардын 150 пайыздан төмөн болбошу керек.

12-статья. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттен тышкаркы фонддору

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары социалдык-экономикалык программаларды жана долбоорлорду ишке ашыруу максатында бюджеттен тышкаркы фонддорду түзүүгө укуктуу.

2. Фонддордун каражаттарын түзүүнүн, пайдалануунун жана пайдаланышын контролдоонун тартибин өзүнө камтыган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттен тышкаркы фондусу жөнүндө жобосу жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилет.

3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бюджетке кириш кылынууга жаткан салыктар жана башка төлөмдөр жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттен тышкаркы фонддоруна жөнөтүлүшү мүмкүн эмес.

4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттен тышкаркы фонддорунун каражаттары максаттуу социалдык-экономикалык программалар менен долбоорлорго ылайык чыгымдалат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурлардан тышкары, башка органдар тарабынан алынып коюлууга тийиш эмес.

5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттен тышкаркы фонддорунун каражаттарынын туура пайдаланылышына контроль тиешелүү жергиликтүү кеңеш тарабынан жүзөгө ашырылат.

13-статья. Жергиликтүү бюджетти түзүүнүн, карооонун, бекитүүнүн жана аткаруунун тартиби

1. Жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун өз убагында жана сапаттуу түзүү максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары финансы жана башка

мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жана юридикалык жактардан зарыл маалыматтарды алууга укуктуу.

2. Жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун түзүүгө зарыл маалыматтарда төмөндөгүлөр камтылат:

1) жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүнүн ченемдери;

2) гранттардын болжолдуу көлөмдөрү;

3) бир бюджеттен экинчисине берилүүчү чыгашалардын түрлөрү жана көлөмдөрү;

4) мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө жумшалган каржылоо чыгымдарынын ченемдери;

5) минималдуу бюджеттик камсыздоонун ченемдери;

6) дагы башка зарыл маалымат.

3. Жергиликтүү бюджеттин долбоорун түзүүнүн жана сунуштоонун тартиби:

1) жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору кирешелер менен чыгашалардын ортосундагы байланышты камсыз кылуу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин аймактык органдары жана жергиликтүү коомдоштук аркылуу түзүлөт жана берилет.

2) жергиликтүү бюджеттен каржылануучу мекемелер чыгашалардын сметасынын долбоору боюнча маалымат даярдайт, анда ар бир программа боюнча алар жооп берүүчү кызмат көрсөтүүлөр же саясат көрсөтүлөт. Чыгашалардын сметасынын долбоору боюнча маалыматта төмөндөгүлөр камтылат:

- коюлган максатты так сыпаттоо;

- ар бир программага бөлүнүүчү каражаттар;

- ар бир программанын натыйжаларын, майнаптуулугун жана максатка ылайыктуулугун билүү үчүн тиешелүү көрсөткүчтөр;

- ар бир көрсөткүчтүн иш жүзүндө жана белгиленгендей аткарылышы тууралу маалымат.

4. Жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун түзүүнүн тартиби менен мөөнөттөрү ушул Мыйзам жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынат.

5. Жергиликтүү бюджеттердин долбоорлорун түзүүнүн жана башкаруунун ар кандай деңгээлдеринин ортосунда бюджеттик маалымат берүүнүн тартиби жана мөөнөттөрү:

1) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан бюджетти түзүү боюнча нускама, календардык план, кирешелер жана чыгашалар боюнча максаттуу көрсөткүчтөр, жалпы мамлекеттик салыктардан болжолдуу чегерүү ченемдери, жергиликтүү бюджеттерге бөлүштүрүлүүчү категориялуу жана теңдөөчү гранттардын болжолдуу өлчөмдөрү 25-майга чейин бекитилет жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин аймактык бөлүмдөрүнө, райондук, областтык, республикалык маанидеги шаарларга маалымдалат;

2) облустардын финансы органдары 25-майга чейин райондордун жана облустук маанидеги шаарлардын финансы органдарына бюджетти түзүү боюнча нускаманы, календардык планды, кирешелер жана чыгашалар боюнча максаттуу көрсөткүчтөрдү, жалпы мамлекеттик салыктардан болжолдуу ченемдерин, жергиликтүү бюджеттерге бөлүштүрүлүүчү категориялуу жана теңдөөчү гранттардын болжолдуу чегерүү

өлчөмдөрүн маалымдайт;

3) райондордун, райондук, областтык, республикалык маанидеги шаарлардын консолидациялык бюджеттеринин киреше бөлүгүнүн долбоорлору Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине 1-июлга чейин сунушталат;

4) райондордун, райондук, областтык, республикалык маанидеги шаарлардын консолидациялык бюджеттеринин чыгаша бөлүгүнүн долбоорлору Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине 1-августка чейин сунушталат;

5) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан республикалык бюджеттин долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине берилгенден кийин Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги кирешелер жана чыгашалар боюнча такталган максаттуу көрсөткүчтөрдү, жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөрдүн ченемдерин жана жергиликтүү бюджеттерге бөлүштүрүлүүчү категориялуу жана теңдөөчү гранттардын өлчөмдөрүн райондордун, райондук, областтык, республикалык маанидеги шаарлардын финансы органдарына кабарлайт.

6) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин аймактык бөлүмдөрү кирешелер жана чыгашалар боюнча такталган максаттуу көрсөткүчтөрдү, жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөрдүн ченемдерин жана жергиликтүү бюджеттерге, айыл өкмөтүнө чейин бөлүштүрүлүүчү категориалдык жана теңдөөчү гранттардын өлчөмдөрүн кабарлайт;

7) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кирешелер жана чыгашалар боюнча такталган максаттуу көрсөткүчтөрдү алгандан кийин жергиликтүү бюджеттердин адепки долбоорлорун, жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөрдүн ченемдерин жана жергиликтүү бюджеттерге бөлүштүрүлүүчү категориялуу жана теңдөөчү гранттардын өлчөмдөрүн алгандан кийин аны бекитүү үчүн тиешелүү жергиликтүү кеңешке сунуштайт.

6. Жергиликтүү бюджеттерди аткаруу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдары тарабынан бекитилген бюджеттердин негизинде түзүлгөн кирешелер менен чыгашалардын чечмеленип жазылышына ылайык казыначылыктын региондук бөлүмү жана салык кызматынын органы аркылуу жүзөгө ашырылат.

7. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттерин кароо жана бекитүү кеңештин ачык сессияларында жана коомдук угууларда айкындык жана элдин катышуусу менен жүргүзүлөт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттердин аткарылышы жөнүндөгү кеңештердин токтому жана кеңештердин тиешелүү жылга карата бюджеттер тууралу чечимдери массалык маалымат каражаттарында жарыялануунга тийиш.

(Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 14-февралындагы N 14 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

14-статья. Жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашыруунун башка формаларын каржылоо

Курултайларды, жыйналыштарды, жарандардын жыйындарын, аймактык коомдук өз алдынча башкаруунун жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашыруунун дагы башка формаларын каржылоо жергиликтүү коомдоштуктун

уставдарына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү кеңештин чечиминин негизинде жүзөгө ашырылат.

15-статья. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын финансы-экономикалык бөлүмү

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын финансы-экономикалык бөлүмү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органынын түзүмдүк бөлүмү болуп саналат, өз ишинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын тиешелүү чечимдерин, жергиликтүү коомдоштуктун уставын, Финансы министрлигинин нускоочу жоболорун жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын жетекчиликке алат.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын милдеттери жана функциялары, ошондой эле анын финансы-экономикалык бөлүмүнүн укуктары жана милдеттери тиешелүү жергиликтүү кеңеш тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте аныкталат.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын финансы-экономикалык бөлүмүнүн жетекчиси кызматка жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы же тиешелүү жергиликтүү кеңештин көпчүлүк депутаттарынын жана жогору турган финансы органынын макулдугу менен мэри тарабынан дайындалат.

4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын финансы-экономикалык бөлүмүнүн жетекчиси кызматтан тиешелүү жергиликтүү кеңештин көпчүлүк депутаттарынын макулдугу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы же мэри тарабынан бошотулат.

III бөлүм. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негиздери

16-статья. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негиздери

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негизин кыймылсыз жана кыймылдуу муниципалдык мүлк; жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын акча каражаттары; баалуу кагаздар, ошол аймакта турган жаратылыш ресурстары; жарандык укуктардын башка объекттерин, ошондой эле тиешелүү аймакта ишин жүзөгө ашырган ишканалар, уюмдар жана мекемелер түзөт.

17-статья. Муниципалдык менчик

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муниципалдык менчиги өзүнө кыймылсыз жана кыймылдуу мүлктү, ошонун ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын акча каражаттарын; баалуу кагаздарын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка мүлктүк укуктарды өзүнө камтыйт.

18-статья. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын акча каражаттары

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик каражаттары, ошондой эле бюджеттен тышкаркы фонддордун каражаттары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муниципалдык менчиги болуп саналат. Башка органдар тарабынан бюджеттик, ошондой эле бюджеттен тышкаркы фонддордун каражаттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралгандан башка учурларда алып коюуга жол берилбейт.

19-статья. Мамлекеттик ишканаларды муниципалдык ишканаларга же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары уюмдаштыруучу акционердик коомго кайра түзүү

1. Кызмат көрсөтүүчү, алардын бул кызматы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берилген жана/же алардын мүлкү муниципалдык менчикке өткөрүп берилген мамлекеттик ишканалар, кайрадан муниципалдык ишканаларга болбосо акционердик коомдор катары түзүлүүгө жатат, булардын уюмдаштыруучуларынын бири болуп Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгилеген тартипте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы саналат.

2. Мамлекеттик ишканаларды муниципалдык менчикке берүү учурунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, алардын каржылык жактан кудуреттүүлүгүн жана туруктуулугун камсыз кылуучу зарыл шарт катары республикалык бюджеттин эсебинен өткөрүп берилүүчү мамлекеттик ишканалардын карыздарынын түзүмүн өзгөртүүнү жүргүзөт.

3. Мамлекеттик ишканаларды муниципалдык ишканаларга өткөрүп берүү тиешелүү жергиликтүү кеңештин макулдугу менен жүзөгө ашырылат.

20-статья. Жаратылыш ресурстары

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аймагында турган жаратылыш ресурстарын, жер, суу булактарын, жергиликтүү маанидеги пайдалуу кен байлыктарын кошо алганда, эгерде алар мамлекеттик же жеке менчикте болбосо, ээлик кылууга, пайдалануу жана тескөөгө укугу бар.

21-статья. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жарандык укуктарынын башка объектилери

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгилеген тартипте жарандык укуктардын башка объектилерине ээлик кылууга, пайдалануу жана тескөөгө укуктуу.

IV бөлүм. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын экономикалык иши

22-статья. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муниципалдык ишканаларды жана коммерциялык эмес уюмдарды ачуу, ошондой эле акционердик коомдорго катышуу укуктары

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү маанидеги иштерди майнаптуу жана ыкчамдуу чечүүнү камсыз кылуу, ошондой эле өз аймагынын чегинде экономикалык өнүктүрүүнү стимулдаштыруу жана пайда алуу максатында муниципалдык ишканаларды жана коммерциялык эмес уюмдарды ачууга, ошондой эле акционердик коомдорго катышууга укуктуу.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары айрым ыйгарым укуктарын муниципалдык ишканаларга, коммерциялык эмес уюмдарга, ошондой эле акционердик коомдорго, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына тиешелүү акцияларынын жарымынан көбү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик органдардын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына гана таандык ыйгарым укуктардан башкасын муниципалдык ишканаларга, коммерциялык эмес ишканаларга, ошондой эле акционердик коомдорго өткөрүп берүүгө укуктуу.

3. Муниципалдык ишканалар менен коммерциялык эмес уюмдар кызмат көрсөтүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдети болуп саналган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан түзүлөт.

23-статья. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын өздөрү түзгөн муниципалдык ишкана же акционердик коом менен өз ара мамилелери

1. Муниципалдык ишканалардын уюмдаштыруучу документтеринде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы менен муниципалдык ишкананын өз ара мамилелеринин тартиби, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишканаларды түзүү маселелерин чечүү, анын ишинин жүйөсүн жана максаттарын аныктоо, аны кайра уюштуруу жана жоюу, ишкананын жетекчисин дайындоо, ишканага таандык мүлктү тиешелүүлүгүнө жараша пайдалануу жана сактоого контролду жүзөгө ашыруу укугу, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган кызмат көрсөтүүлөрдү, дагы башка укуктарды берүүгө карата чыгашалардын сметасын жана тарифтерин бекитүү укугу каралат.

2. Акционердик коомдун уюмдаштыруу документтеринде уюмдаштыруучулардын бири жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы болуп саналган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына акционердик коомдун акцияларынын жарымынан көбү таандык экени каралат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүн акционердик коомдун башкаруу органына дайындоо тиешелүү жергиликтүү кеңештин макулдугу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органы тарабынан жүргүзүлөт.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы муниципалдык ишканаларды төмөндөгүдөй жолдор менен инвестициялоого укуктуу:

1) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык муниципалдык мүлктү чарба жүргүзүү укугунда бекемдөө;

2) капиталдык салымдар;

3) муниципалдык ишканалардын кирешелерин реинвестициялоо.

4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы уюмдаштыруучуларынын бири болуп саналган акционердик коомдорго төмөндөгүдөй жолдор менен инвестиция

тартууга укуктуу:

1) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык муниципалдык мүлктү өткөрүп берүү;

2) капиталдык салымдар.

24-статья. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына таандык акционердик коомдордун акцияларын башкаруу

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына таандык акционердик коомдордун акцияларын башкаруу жана тескөө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына таандык акционердик коомдордун акциялары тууралу маалыматтар муниципалдык менчиктин объекттеринин реестрине киргизилүүгө тийиш.

25-статья. Муниципалдык тапшырык

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органы жергиликтүү шериктештиктин коммуналдык-тиричилик жана социалдык-маданий муктаждыктарын канааттандыруу үчүн продукция чыгаруу, жумуш аткаруу жана кызмат көрсөтүү боюнча муниципалдык тапшырыгын жүзөгө ашырууга укуктуу.

2. Муниципалдык тапшырык муниципалдык ишкана же мекеме, ошондой эле башка жеке жана юридикалык жактар тарабынан аткарылат. Муниципалдык тапшырыкты аткарууну өткөрүп берүү келишим боюнча жүргүзүлөт. Муниципалдык тапшырык жөнүндөгү келишим боюнча муниципалдык мүлктү өткөрүп берүү жергиликтүү кеңештин макулдугу менен жүргүзүлөт. Муниципалдык тапшырык жөнүндөгү келишим концессиялык, дагы башка формаларда түзүлүшү мүмкүн.

3. Муниципалдык тапшырыкты каржылоо жергиликтүү бюджеттин же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттен тышкаркы фонддорунун каражаттарынын эсебинен келишимдин негизинде жүзөгө ашырылат.

4. Мамлекеттик стандарттарга жайылтылуучу жана калкка монополиялык кызмат катары (суу менен жабдуу, канализация, жылуулук берүү кызматтары ж.б.) берилүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык түрлөрүнө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын тарифтерге карата контролун сактоо менен муниципалдык ишканаларга, коммерциялык эмес мекемелерге, ошондой эле башка жеке жана юридикалык жактарга айрым ыйгарым укуктарды берүүгө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары укуктуу.

5. Муниципалдык тапшырыктын субъектиси Кыргыз Республикасынын мыйзамдары белгилеген тартипте ачык конкурстун негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан аныкталат.

26-статья. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башка органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашыруучу башка формалары менен кызматташтыгы

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун дагы башка органдары менен жергиликтүү коомдоштукка кызмат көрсөтүүлөрдү кыйла майнаптуу жана ыкчамдуу түрдө көрсөтүү максатында кызматташа алат жана аларга айрым ыйгарым укуктарын, бюджеттик каражаттарды, башка муниципалдык мүлктү өткөрүп берүүгө укуктуу.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башка органдары менен кызматташуусу төмөндөгүдөй формаларда болушу мүмкүн:

1) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бир органынан же мамлекеттик органдан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башка органына кызмат көрсөтүүсү жөнүндөгү келишим;

2) биргелешкен финансы макулдашуулар;

3) биргелешкен ишканалар.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органы менен (кеңештер жана кичирайондордун комитеттери; көчө жана кварталдык комитеттер; жергиликтүү шарттарды жана каада-салтты эске алуу менен райондун тургундары тарабынан түзүлүүчү башка органдар) кызматташууга жана айрым ыйгарым укуктарын, бюджеттик каражаттарын жана муниципалдык менчигин келишимдик негизде өткөрүп берүүгө укуктуу.

4. Кызматташуунун бардык формалары, ошондой эле ыйгарым укуктарды, бюджеттик каражаттарды жана жогоруда көрсөтүлгөн муниципалдык мүлктү өткөрүп берүү тиешелүү жергиликтүү кеңеш тарабынан жактырылган шартта гана ишке ашырылышы мүмкүн.

27-статья. Корутунду жоболор

1. Ушул Мыйзам 2004-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү үч айлык мөөнөттө:

- өз чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин;

- Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирүү боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине сунуштарды киргизсин.

Бишкек шаары
2002-жылдын 15-марты N 37

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ
Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө

(Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 19-августундагы N 152, 2006-жылдын 22-ноябрындагы N 184, 2008-жылдын 14-февралындагы N 12 2008-жылдын 29-декабрындагы N 279, 2009-жылдын 15-июнундагы N 182 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

1-Глава. Жалпы жоболор
2-Глава. Муниципалдык менчик укугунун пайда болушу Жана мамлекеттик каттоо. Муниципалдык менчик объекттерин эсепке алуу
3-Глава. Мүлккө муниципалдык менчик укугунун токтотулушу
4-Глава. Муниципалдык менчикке чектелген укукту өткөрүп берүү
5-Глава. Мүлккө муниципалдык менчикти башкаруу
6-Глава. Мүлккө муниципалдык менчик укугун коргоо
7-Глава. Корутунду жоболор

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасындагы мүлккө муниципалдык менчик укугунун келип чыгышына, ишке ашырылышына жана токтотулушуна байланыштуу мамилелерди жөнгө салат жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдары менен жөнгө салынуучу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери менен байланышкан мамилелерине жайылтылбайт.

1-Глава. Жалпы жоболор

1-статья. Ушул Мыйзамда пайдаланылуучу негизги түшүнүктөр

Ушул Мыйзамда төмөнкүдөй түшүнүктөр пайдаланылат:

турак жайга кирбеген фонд - калкты социалдык жактан тейлөөгө, администрациялык мекемелер менен коомдук уюмдарды жайгаштырууга арналган жалпы турак жай мүлкүнөн башка имараттар, курулуш жайлар, объекттер менен жайлар;

муниципалдык менчик - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында, пайдалануусунда, тескөөсүндө турган, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кирешелерин алуучу булак катары кызмат кылуучу жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иш-милдеттерин жүзөгө ашырууга зарыл жергиликтүү жамааттардын менчиги;

муниципалдык менчикти менчиктештирүү - муниципалдык менчикти (менчиктештирүү объекттерин) жеке жана юридикалык жактарга ажыратып берүү;

муниципалдык менчикти менчиктештирүү жөнүндө мыйзамдар - муниципалдык менчикти менчиктештирүү тартибин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары.

(КР 2005-жылдын 19-августундагы N 152, 2009-жылдын 15-июнундагы N 182 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

2-статья. Мүлккө муниципалдык менчик укугу

1. Мүлккө муниципалдык менчик укугунун пайда болушу, ишке ашырылышы жана токтотулушу менен байланышкан мамилелер Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын Граждандык жана Жер кодекстери, ушул Мыйзам жана Кыргыз Республикасынын дагы башка ченемдик-укуктук актылары менен жөнгө салынат.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн зарыл болгон муниципалдык менчикти Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, өз каалоосу боюнча сатып алат, ээлик кылат, пайдаланат жана тескей алышат.

(КР 2005-жылдын 19-августундагы N 152, 2008-жылдын 29-декабрындагы N 279 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

3-статья. Ушул Мыйзамдын колдонуу чөйрөсү

1. Ушул Мыйзамдын колдонулушу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ээлигинде, пайдалануусунда жана тескөөсүндө болгон муниципалдык менчикке, алардын өздөрүнө тиешелүү аймакта жайгашканына же жайгашпаганына карабастан, жайылтылат.

2. Муниципалдык менчикте төмөндөгү мүлктөр болушу мүмкүн:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, аларга караштуу ишканалардын имараттары, жабдуулары жана башка кыймылсыз мүлкү;
- билим берүү, саламаттык сактоо, маданият, спорт жана туризм объекттери;
- турак жай-коммуналдык, ремонттоо-курулуш жана транспорт чарбаларынын объекттери, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин камсыз кылууга зарыл болгон жабдуулар менен материалдар;
- тийиштүү аймакты тейлеген жана мамлекеттик, жеке менчикке таандык ишканаларга караштуу болбогон транспорт, энергетика, суу менен жабдуу, канализация курулуштары менен коммуникацияларынын тармактары жана инфраструктура объекттери;
- соода, коомдук тамактануу жана турмуш-тиричилик ишканаларынын мүлк комплекстери, ошондой эле аларды пайдаланууга, күтүүгө жана тейлөөгө арналган курулуштар менен жабдуулар;
- жергиликтүү өз алдынча башкарууга караштуу болгон менчиктештирилбеген турак жай жана турак жайга кирбеген фонддор;
- калктуу конуштардагы көчөлөр, көпүрөлөр менен жолдор;
- коомдук сейил бактар жана сейил бактар үчүн бөлүнгөн жерлер, көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарбасынын башка объекттери;
- токойлор жана айыл чарба жерлери, көлдөр, суу булактары жана жергиликтүү маанидеги пайдалуу кендер чыккан жерлер, эгерде алар мамлекеттик табигый ресурстардын тизмесине киргизилбеген болсо;

- жергиликтүү маанидеги тарых жана маданият эстеликтери;

- жер участкалары, анын ичинде чек аралардын тиешелүү долбоорлорунда каралган муниципалдык мүлктүн объектинде жайгашкан, ошондой эле өздөштүрүлө элек жерлер;

- бүткөрүлө элек курулуш объекттери;

- тиешелүү аймактагы калктын турмуш тиричилигин камсыз кылуу маселелерин чечүү үчүн зарыл болгон башка объектилер.

(КР 2008-жылдын 14-февралындагы N 12, 2008-жылдын 29-декабрындагы N 279 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

2-глава. Муниципалдык менчик укугунун пайда болушу жана мамлекеттик каттоо. Муниципалдык менчик объекттерин эсепке алуу

(Главанын аталышы Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 19-августундагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

4-статья. Жергиликтүү жамааттардын муниципалдык менчикти башкарууга жана тескөөгө катышуусу

Жергиликтүү жамаат жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кайрылуу жолу менен муниципалдык менчикти башкарууга жана тескөөгө түздөн-түз катышат, бул кайрылуулар тийиштүү чараларды кабыл алуу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан милдеттүү түрдө каралышы керек.

(Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 19-августундагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

5-статья. Мүлккө муниципалдык менчик укугунун келип чыгышы

Мүлккө муниципалдык менчик төмөнкүдөй жол менен:

- мамлекеттик менчик объекттерин мыйзамдарга ылайык жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берүү аркылуу;

- жергиликтүү бюджетке жергиликтүү салык, жыйым жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жана башка милдеттүү түрдөгү төлөмдөр түрүндө түшкөн каражаттардан; жарандар жана юридикалык жактар, мамлекеттик органдар жана ишканалар тарабынан мүлккө муниципалдык менчикти ижарага алгандыгы жана пайдалангандыгы үчүн төлөнгөн суммалардан; дивиденддерден жана пайыздардан, мыйзамда белгиленген тартипте конфискацияланган мүлктү сатуудан, кайрымдуулук иретинде жана мыйзамда тыюу салынбаган башкача түрдө түшкөн каражаттардан;

- объекттерди менчикке жарандардан жана юридикалык жактардан жарандык-укуктук бүтүмдүн негизинде сатып алуу (сатып алуу-сатуу, алмашуу, тартуу кылуу, экинчи жактын өзүнүн келишимдик милдеттенмелерин аткарбай коюшу) аркылуу;

- менчик укугунан ажыратуу же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын алдындагы милдеттенмелери боюнча менчигин башкача түрдө

мажбурлап же соттун чечими менен башкача ыкмада алып коюу аркылуу;

- муниципалдык менчикке түшкөн ээсиз буюмду соттун чечими менен таануунун натыйжасында;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын каражаттарынын эсебинен жаңы объекттерди куруунун, өндүрүүнүн же түзүүнүн натыйжасында;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген башка учурларда түзүлөт.

(Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 19-августундагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

6-статья. Мамлекеттик менчикти муниципалдык менчикке өткөрүп берүү

Мамлекеттик менчик жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына төмөндөгүдөй шарттарда өткөрүп берилет:

- менчик качан жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн зарыл болгондо;

- менчик маданий же тарыхый мааниге ээ болгондо же башка коомдук пайдалуу максаттарда пайдаланылган учурда;

- мамлекет жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын менчикти өз алдынча башкаруу жана тескөө үчүн зарыл болгон, ошондой эле үчүнчү жак менен макулдашуу аркылуу финансы каражаттары менен камсыз кылганда.

Республика үчүн мамлекеттик мааниге ээ болгон жана республикалык маанидеги мамлекеттик менчиктин (ишкана) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берилиши мүмкүн эмес.

Муниципалдык менчикке өткөрүп берилүүчү мамлекеттик менчик объекттерин кабыл алуу жергиликтүү кеңештин макулдугу менен жүргүзүлөт.

(КР 2005-жылдын 19-августундагы N 152, 2008-жылдын 29-декабрындагы N 279 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

7-статья. Муниципалдык менчиктеги кыймылсыз мүлккө укуктарды мамлекеттик каттоо жана алар менен жасалган бүтүм

1. Муниципалдык менчиктеги кыймылсыз мүлккө карата укук, ошондой эле бул укуктар боюнча чектөөлөр, алардын келип чыгышы, өзгөрүшү, өткөрүп берилиши же токтотулушу тийиштүү аймактардын мамлекеттик каттоо органдарында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте каттоодон өткөрүлөт.

2. Объекттер мамлекеттик менчиктен муниципалдык менчикке өткөрүп берилген учурда мамлекеттик каттоого байланыштуу болгон бардык чыгымдар жергиликтүү бюджеттин эсебинен жумшалат.

(Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 19-августундагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

8-статья. Муниципалдык менчик объекттерине укук белгилөөчү документтер

Муниципалдык менчик объекттерине укук белгилөөчү документтер болуп мыйзамдар, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору, соттун чечимдери, келишимдер жана

башка бүтүмдөр, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган мүлккө муниципалдык менчик укугун белгилөөчү башка актылар саналат.

(Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 19-августундагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

9-статья. Мүлккө муниципалдык менчик объекттеринин реестри

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мүлккө муниципалдык менчик объекттеринин реестрине ээ болууга жана аны жүргүзүүгө милдеттүү.

Реестрде төмөнкүдөй негизги маалыматтар:

- объектти сыпаттап жазуу;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары же башка юридикалык же жеке жактар ээлик кылган мүлккө муниципалдык менчик объекттерине карата укуктарды ырастаган документтер;
- объекттерди пайдалануу карата чектөөлөрдүн тизмеси;
- объекттердин бааланган наркы;
- мүлккө муниципалдык менчик объекттеринин өзгөчөлүктөрүнө жана аларды пайдалануу байланышкан башка маалымат камтылуу тийиш.

2. Мүлккө муниципалдык менчик объекттеринин реестринин мазмуну жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кадимки иш учурунда аларды жарандар иликтөө үчүн пайдалана алгыдай болуу тийиш.

3. Мүлккө муниципалдык менчик объекттеринин реестрин түзүү жана жүргүзүү тартиби жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аткаруучу-тескөөчү органдары тарабынан белгиленет жана жергиликтүү кеңештер тарабынан бекитилет.

3-Глава. Мүлккө муниципалдык менчик укугунун токтотулушу

10-статья. Мүлккө муниципалдык менчик укугунун токтотулушу

Мүлккө муниципалдык менчик укугу төмөнкү учурларда:

- мүлктү мамлекеттин менчигине, юридикалык жактардын жана жарандардын менчигине ажыратканда;
- мүлк кыйраганда же жок кылынганда, болбосо мүлккө карата менчик укугу жоюлганда;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттенмелери боюнча мүлк укугунан ажыратылганда;
- мүлккө муниципалдык менчикке карата укугу бар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жоюлганда;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка учурларда токтотулушу мүмкүн.

(Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 19-августундагы N 152 Мыйзамынын, 2008-жылдын 14-февралындагы N 12 Мыйзамынын редакцияларына ылайык)

11-статья. Муниципалдык менчиктеги мүлктү ажыратуу жана алып коюу

1. Муниципалдык менчиктеги мүлк сатып алуу-сатуу, менчиктештирүү же алмаштыруу жолу менен ажыратылышы мүмкүн.

2. Муниципалдык менчиктеги мүлктү ажыратуу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органынын чечиминин негизинде жүргүзүлөт. Муниципалдык менчиктеги мүлктү ажыратуу тартиби жергиликтүү кеңеш тарабынан белгиленет.

3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды копшогондо, муниципалдык менчиктеги мүлктү алып коюуга жол берилбейт.

(Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 19-августундагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

12-статья. Муниципалдык менчик объекттерин менчиктештирүү

1. Муниципалдык менчик объекттерин менчиктештирүү, ушул статьянын 2 жана 3-пункттарында каралган учурларды кошпогондо, менчиктештирүү усулдарынын бири менен жүргүзүлөт.

2. Өзгөчө учурларда жергиликтүү кеңештин чечиминин негизинде муниципалдык менчиктеги турак жай фондунун объекттерин менчиктештирүү жеке адамдардын менчигине акысыз негизде аларды өткөрүп берүү жолу менен жүргүзүлүшү мүмкүн.

3. Эгерде муниципалдык менчик объекти белгиленген тартипте ачык тоорукка эки жолу коюлса жана сатылбаса, мындай муниципалдык менчик объектисин менчиктештирүү жергиликтүү кеңештин чечими боюнча тике сатуу жолу менен жүргүзүлүшү мүмкүн.

(Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 19-августундагы N 152 Мыйзамынын, 2006-жылдын 22-ноябрындагы N 184 Мыйзамынын редакцияларына ылайык)

12-1-статья. Муниципиалдык мүлктү менчиктештирүү усулдары

1. Муниципиалдык мүлктү менчиктештирүү төмөнкү усулдар менен жүзөгө ашырылат:

- аукциондо сатуу;
- конкурста сатуу;
- кийин сатып алуучу башкарууга берүү;
- кийин сатып алуучу ижарага өткөрүп берүү;
- чарбалык шериктердин жана коомдордун уставдык капиталдарына салым катары кошуу.

2. Муниципиалдык мүлктү менчиктештирүү усулдарын колдонуу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү жөнүндө мыйзамдарында каралган тартипте жүргүзүлөт.

(КР 2006-жылдын 22-ноябрындагы N 184 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

13-статья. Муниципалдык менчик объекттерин менчиктештирүү программасы

1. Муниципалдык менчик объекттерин менчиктештирүү Муниципалдык менчик

объекттерин менчиктештирүү программасынын (мындан ары - Менчиктештирүү программасы) негизинде жүргүзүлөт.

2. Менчиктештирүү программасы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органы тарабынан иштелип чыгат жана жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилет.

3. Менчиктештирүү программасы өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

менчиктештирүү жаатындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын саясатынын максаттарын жана милдеттерин;

муниципалдык менчикти менчиктештирүүнү жүзөгө ашыруу жана тоорук өткөрүү тартибин;

муниципалдык менчик объекттерин төмөнкүлөргө классификациялоону;

- менчиктештирилүүгө тийиш болгон муниципалдык менчик объекттерин;

- аларды менчиктештирүү жөнүндө чечим кабыл алынганга чейинки муниципалдык менчикке бекитилүүчү муниципалдык менчиктин объекттерин;

- менчиктештирүүгө тыюу салынган муниципалдык менчиктин объекттерин;

муниципалдык менчикти менчиктештирүүдөн каражаттардын түшүү божомолун;

муниципалдык менчикти менчиктештирүүнүн натыйжасында инвестициялардын түшүү божомолун.

4. Муниципалдык менчик объекттерин менчиктештирүүдөн түшкөн каражаттар жергиликтүү бюджетке келип түшөт.

5. Муниципалдык менчиктеги жер участкаларын, жеке жана юридикалык жактардын менчигине берүү Кыргыз Республикасынын жер боюнча мыйзамдарында каралган тартипте жүргүзүлөт.

(Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 19-августундагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

14-статья. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өзгөртүп түзүлгөн, бириккен же жоюлган учурда мүлккө муниципалдык менчикти өткөрүп берүү

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өзгөртүп түзүлгөн же бириккен учурда аларга таандык болгон мүлккө муниципалдык менчик тийиштүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын укук мурастоочусуна компенсациясыз өткөрүп берилет.

2. Укук мурастоочусу болбогон жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жоюлган учурда мүлккө муниципалдык менчик мамлекетке компенсациясыз эле өткөрүп берилет.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укук мурастоочусуна же мамлекетке мүлккө муниципалдык менчик мамлекеттик комиссия тарабынан өткөрүп берилет. Мындай комиссияны түзүү жана анын өзүнө жүктөлгөн ыйгарым укуктарын ишке ашыруу тартибин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктайт.

4-Глава. Муниципалдык менчикке чектелген укукту өткөрүп берүү

15-статья. Муниципалдык менчик объекттерин пайдаланууга жана ижарага берүү

1. Муниципалдык менчик объекттери жеке жана юридикалык жактарга пайдалануу жана ижарага берилиши мүмкүн.

Менчик ээлеринин көп квартиралуу үйлөрүнүн алдындагы жер участокторун кошуп, көп квартиралуу үйдүн имарат жайларындагы жалпы мүлктү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары пайдалануу жана ижарага берүүгө укуксуз.

Муниципалдык менчик объекттерин пайдалануу жана ижарага берүү, ушул Мыйзамдын 16-статьясында, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, жергиликтүү кеңештердин чечимдеринде каралгандан башка учурларда, тооруктарды өткөрүү жолу менен жүргүзүлөт.

2. Тоорук өткөргөндө жана кыймылсыз муниципалдык мүлктү бир жылдык жана андан көбүрөөк мөөнөткө ижарага же пайдалануу берүү жөнүндө келишим түзгөн учурда төмөнкүдөй жол-жоболор колдонулат:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кыймылсыз муниципалдык менчикти ижарага же пайдалануу берүү ниети жөнүндө табыштаманы кабыл ала тургандыгы тууралу кулактандыруу жарыялайт. Жазуу жүзүндөгү билдирүү коомдук жайларда илинүүгө жана массалык маалымат каражаттарында жарыялануу тийиш;

- кулактандырууда менчик, анын жайгашкан жери жана сыпатталышы, ижаралоо же пайдалануу укугун сатып алуунун эң төмөнкү баасы, ижаралоо же пайдалануу укугуна карата белгиленген шарттар же чектөөлөр, тендерди өткөрүү убактысы жана өтө турган жери көрсөтүлөт. Кулактандыруу сатыла турган күнгө кеминде 30 күн калганда жарыяланат;

- ичине табыштама салынып, чапталган конверттер баарына көрүнөө болгон коомдук жайда элдин көзүнчө ачылат. Ижаралоо же пайдалануу укугу эң жогорку бааны жана бул бүтүм үчүн белгиленген шарттарды канааттандырган шарттарды сунуш кылган адамга берилет. Коомчулукка конкурстун жыйынтыгы, анын ичинде конкурсту жеңип алуучунун аты-жөнү, баасы жана бул бүтүм боюнча ар кандай чектөөлөр жөнүндө коомдук жайда илинген жазуу жүзүндөгү билдирүү аркылуу жана бул маалыматты мүлккө муниципалдык менчиктин жергиликтүү реестрине киргизүү аркылуу билдирет.

3. Муниципалдык мүлктү ижарага же пайдалануу берүүдөн түшкөн бардык кирешелер, комиссиялык, юридикалык жана башка чыгымдарды кармап калгандан кийин жергиликтүү бюджетке келип түшөт. Муниципалдык мүлк пайдалануу же ижарага берилген адам, мамлекеттик каттоо органдарында каттоодон өтүү, ошондой эле ар кандай каттоо чыгымдары үчүн жоопкерчилик тартат.

(Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 19-августундагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

16-статья. Чарба жүргүзүү жана оперативдүү башкаруу укугу

Муниципалдык менчикте болгон мүлк муниципалдык ишканаларга чарба жүргүзүү укугу менен, ал эми мекемелерге - оперативдүү башкаруу укугу менен берилиши мүмкүн. Чарба жүргүзүү жана оперативдүү башкаруу үчүн мүлк берилген муниципалдык мекемелер менен ишканалар бул мүлккө Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен аныкталган чектерде ээлик кылышат, пайдаланышат жана тескөөгө алышат.

(Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 19-августундагы N 152 Мыйзамынын

редакциясына ылайык)

17-статья. Муниципалдык менчикти ипотекага берүү же күрөөгө коюу

Муниципалдык менчик объекттери жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-милдеттерин аткарышын камсыз кылуу үчүн ипотекага берилиши же күрөөгө коюлушу мүмкүн.

Муниципалдык менчик объекттерин ипотекага берүү же күрөөгө коюу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жергиликтүү кеңештин макулдугу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органы тарабынан жүргүзүлөт.

(Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 19-августундагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

5-Глава. Мүлккө муниципалдык менчикти башкаруу

18-статья. Мүлккө муниципалдык менчикти башкаруунун жалпы принциптери

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өзүнүн мүлккө муниципалдык менчигине карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Жергиликтүү коомчулуктун уставына же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын дагы башка укуктук актыларына карама-каршы келбеген ар кандай аракеттерди жасай алат.

2. Мүлккө болгон муниципалдык менчиктин укуктары айлана-чөйрөгө, жеке же юридикалык жактардын укуктарына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен корголуучу мамлекеттин таламдарына зыян келтирбегендей болуп пайдаланылууга тийиш.

19-статья. Муниципалдык менчикти башкаруу жана тескөө чөйрөсүндөгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясы

Жергиликтүү кеңеш:

муниципалдык менчикти пайдалануу жана тескөө тартибин белгилейт, ошондой эле анын пайдаланылышына контроль жүргүзөт;

муниципалдык менчик объекттерин ипотекага берүүгө же күрөөгө коюуга макулдук берет;

Менчиктештирүү программасын бекитет;

муниципалдык менчикти камсыздандыруу тартибин аныктайт;

муниципалдык ишканалар жана мекемелер, ошондой эле муниципалдык менчикти пайдалануучу дагы башка юридикалык жана жеке жактар тарабынан көрсөтүлүүчү коммуналдык кызматтарга бааларды жана тарифтерди бекитет;

муниципалдык менчикти эсептен чыгаруу тартибин аныктайт;

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана жергиликтүү

жамааттардын уставында каралган башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органы:

муниципалдык менчикти башкарат жана тескейт;

муниципалдык менчик объекттерине укук берүү тартибин кароочу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик-укуктук актыларынын, Менчиктештирүү программаларынын жана муниципалдык менчикти башкаруу жана тескөө тартибин аныктоочу дагы башка ченемдик-укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгат жана жергиликтүү кеңештин кароосуна берет;

муниципалдык ишканаларды жана мекемелерди түзүүгө, иштешине, кайра уюштурууга жана жоюуга, ошондой эле муниципалдык менчиктеги акционердик коомдордун акцияларын башкарууга жетекчиликти, координацияны жана контролду жүзөгө ашырат;

муниципалдык менчикти башкаруу жана тескөө менен байланышкан келишимдерди түзөт;

муниципалдык менчик объекттеринин реестрин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте муниципалдык менчик объекттеринин башка эсебин жүргүзөт;

муниципалдык менчикти камсыздандырууну жүзөгө ашырат, муниципалдык менчиктин сакталышын камсыз кылуу боюнча дагы башка чараларды көрөт;

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана жергиликтүү жамааттардын уставында каралган дагы башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

(Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 19-августундагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

20-статья. Башкаруучу орган же аткаруучу

Мүлккө муниципалдык менчикти башкарууну жана тескөөнү аткаруучу орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аткаруучу-тескөөчү тутумунда болгон жана компетенциясы жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилүүчү адам ишке ашырат.

(Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 14-февралындагы N 12 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

21-статья. Мүлккө муниципалдык менчикти күтүүгө контракт түзүү

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жеке жана юридикалык жактар менен мүлккө муниципалдык менчикти күтүү жагынан кызмат көрсөтүү боюнча контракттарды түзө алышат. Муниципалдык менчикти күтүү боюнча контракттардын тендерлери Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен өткөрүлөт.

2. Коомчулук тендердин жыйынтыктары, анын ичинде тендерди утуп алган адамдын аты (аталышы) жөнүндө, контракттын баасы жана бул келишим боюнча ар кандай шарттар жана чектөөлөр тууралу коомдук жайларда илинүүчү жазуу жүзүндөгү билдирүү жана бул маалыматты мүлккө муниципалдык менчик объекттеринин жергиликтүү реестрине киргизүү аркылуу кабардар болууга тийиш.

(Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 19-августундагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

6-Глава. Мүлккө муниципалдык менчик укугун коргоо

22-статья. Муниципалдык менчик укугуна ээ болгон жактардын укуктары

1. Муниципалдык менчик укугуна ээ болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын же ар кандай башка адамдардын же юридикалык жактардын укуктары Кыргыз Республикасынын менчик укугун жөнгө салуучу мыйзамдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен башка жактардын мүлккө муниципалдык менчикке карата контракттарынын же макулдашууларынын жоболоруна ылайык мыйзамсыз эмес аракеттерге каршы корголот.

2. Муниципалдык менчикке бузулган укуктарды калыбына келтирүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ишке ашырылат.

23-статья. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муниципалдык менчик укугунун бузулушу үчүн жоопкерчилиги

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызматкерлери мүлккө муниципалдык менчикке ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө тартибин бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылышат.

7-Глава. Корутунду жоболор

24-статья. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

- ушул Мыйзамдан келип чыгуучу өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду мыйзам актыларына киргизүү жөнүндө сунуш киргизсин:

- мурда кабыл алынган бардык ченемдик укуктук актыларды ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып үч айдын ичинде ага ылайык келтирсин.

Бишкек шаары
2001-жылдын 11-январы N 4

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ
Айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу жөнүндө

(Кыргыз Республикасынын 2006-жылдын 25-июлундагы N 129, 2006-жылдын 24-ноябрындагы N 189, 2007-жылдын 12-июнундагы N 83, 2009-жылдын 26-январындагы N 28, 2009-жылдын 26-майындагы N 174 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

I Глава. Негизги түшүнүктөр
II Глава. Айыл чарба багытындагы жерге менчик укугу
III Глава. Айыл чарба багытындагы жерге укуктарды мамлекеттик каттоо
IV Глава. Айыл чарба багытындагы жерлерди максаттуу пайдалануу
V Глава. Айыл чарба багытындагы жерлер ижара объекти катары
VI Глава. Айыл чарба багытындагы жерлер алмашуу объекти катары
VII Глава. Айыл чарба багытындагы жерлер сатып алуу-сатуу объекти катары
VIII Глава. Айыл чарба багытындагы жерлер күрөө объекти катары
IX Глава. Айыл чарба багытындагы жерлер мурастоо жана тартуулоо объекти катары
X Глава. Айыл чарба багытындагы жерлерди мамлекеттик максат үчүн сатып алуу
XI Глава. Айыл чарба багытындагы жерлерди салыктарды төлөө үчүн ажыратуу
XII Глава. Ушул Мыйзамдын күчүнө киришинин тартиби

Ушул Мыйзам айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруунун укуктук мамилелерин жөнгө салат жана Кыргыз Республикасынын калкынын кызыкчылыгында жерлерди натыйжалуу жана коопсуз пайдалануну камсыз кылууга багытталган.

I Глава. Негизги түшүнүктөр

1-статья.

Айыл чарба багытындагы жерлер - айыл чарба муктаждыктары үчүн берилген же ушул максаттарга багытталган жана үрөөн чарбачылык, асыл тукум, товардык айыл чарба өндүрүшүнө, коргоочу токой өстүрүүгө, багбанчылыкка, чарбачылыкка, дачаларга, илим-изилдөө жана тажрыйба жумуштарын жүргүзүү үчүн, ошондой эле айыл чарба өндүрүшү менен байланыштуу башка максаттарга пайдаланылуучу жерлер.

(КР 2006-жылдын 25-июлундагы N 129 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

2-статья.

Айыл чарбасына жарактуу жерлерди кайра бөлүштүрүү фондунун жерлери - айыл чарбасына жарактуу жерлерден (жайыттардан тышкары) түзүлгөн жана мамлекеттин менчигинде болгон жер участоктору.

3-статья.

Жер үлүшү - Кыргыз Республикасынын жаранына жер агрардык реформанын

жүрүшүндө менчик укугу күбөлүк менен ырасталуучу акысыз негизде менчикке берилген айыл чарба багытындагы (жарактуу жерлер боюнча) жер участогу.

(КР 2006-жылдын 25-июлундагы N 129 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

4-статья.

Жер участогу - бул накталай, белгиленген чек арасы бар туюк чектелген жер аянты.

Жер участогуна менчик укугу мамлекеттик акт же күбөлүк менен ырасталат.

(КР 2006-жылдын 25-июлундагы N 129 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

II Глава. Айыл чарба багытындагы жерге менчик укугу

5-статья.

Жер Кыргыз Республикасынын улуттук байлыгы, анын аймагында жашаган элдин энчиси болуп саналат.

6-статья.

Кыргыз Республикасында айыл чарба багытындагы жер участокторуна менчик укугуна мамлекет, айыл жеринде кеминде эки жыл туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын жарандары, айыл чарба продукциясын өстүрүү жана (же) кайра иштетүү менен алектенген Кыргыз Республикасынын кооперативдери жана юридикалык жактары ээ.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын лицензиясын же күбөлүгүн алган банктар жана адистештирилген финансылык-кредиттик мекемелер ушул Мыйзамдын 27-статьясында каралган тартипте айыл чарба багытындагы жерлерге бир жылдын ичинде убактылуу менчик укугуна ээ.

(КР 2009-жылдын 26-майындагы N 174 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

7-статья.

Кыргыз Республикасында айыл чарба багытындагы жерлерди:

- чет өлкөлүк жарандарга, юридикалык жактарга жана мамлекеттерге, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинде каралгандан башка учурларда;
- Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган жарандыгы жок адамдарга;
- эгерде алардын бири чет мамлекеттин жараны болсо же жарандыгы жок адам болсо, жубайларга менчикке берүүгө жана өткөрүп берүүгө тыюу салынат.

Ушул статьяны бузган жактардын иш-аракети колдонуудагы мыйзамдарга ылайык аларды кылмыш жоопкерчилигине тартууга алып келет.

(КР 2007-жылдын 12-июнундагы N 83, 2009-жылдын 26-майындагы N 174 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

III Глава. Айыл чарба багытындагы жерге укуктарды мамлекеттик каттоо

8-статья.

Айыл чарба багытындагы жерлерди менчиктөө укугун, ошондой эле алмашууну, сатып алууну-сатууну, күрөөгө коюуну жана мурастоону мамлекеттик каттоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ыйгарым укуктуу органы тарабынан жүзөгө ашырылат.

9-статья.

Өз алдынча майдалап бөлүштүрүлгөн айыл чарба багытындагы жер үлүштөрүн жана участокторун мамлекеттик каттоого жол берилбейт.

IV Глава. Айыл чарба багытындагы жерлерди максаттуу пайдалануу

10-статья.

Айыл чарба багытындагы жерлер айыл чарба өндүрүшү үчүн гана пайдаланылат.

11-статья.

Эгерде айыл чарба багытындагы жер участогунун (жер үлүшүнүн) менчик ээси ал жерде ар кандай курулуш курса же аны айыл чарба максатында пайдаланбаса, анда мамлекет эскертүүдөн кийин бул жер участогун (жер үлүшүн) колдонуудагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык алып коет.

V Глава. Айыл чарба багытындагы жерлер ижара объекти катары

12-статья.

Айыл жеринде кеминде эки жыл туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын жарандарынын, айыл чарба продукциясын өстүрүү жана (же) кайра иштетүү менен алектенген Кыргыз Республикасынын кооперативдеринин жана юридикалык жактарынын менчигиндеги айыл чарба багытындагы жер үлүштөрү жана участоктору тараптар аныктаган шарттарда айыл чарба өндүрүшү үчүн гана ижарага берилиши мүмкүн.

(КР 2009-жылдын 26-майындагы N 174 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

13-статья.

Мамлекеттин менчигиндеги айыл чарба багытындагы жер участоктору ижарага Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилген жобого ылайык ачык соодалашуу шартында, айыл чарба өндүрүшү үчүн гана берилет.

Мамлекеттин менчигиндеги айыл чарба багытындагы жер участокторун кошумча ижаралоого тыюу салынат.

(КР 2006-жылдын 24-ноябрындагы N 189 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

VI Глава. Айыл чарба багытындагы жерлер алмашуу объекти катары

14-статья.

Айыл жеринде кеминде эки жыл туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын жарандарынын, айыл чарба продукциясын өстүрүү жана (же) кайра иштетүү менен алектенген Кыргыз Республикасынын кооперативдеринин жана юридикалык жактарынын менчигиндеги айыл чарба багытындагы жер үлүштөрү жана участоктору Кыргыз Республикасынын чек арасында башка жер үлүштөрүнө жана участокторуна гана алмашылышы мүмкүн.

(КР 2009-жылдын 26-майындагы N 174 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

VII Глава. Айыл чарба багытындагы жерлер сатып алуу-сатуу объекти катары

Караңыз: Айыл чарба багытындагы жер участокторун сатып алуу-сатуу тартиби жөнүндө жобо (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 13-августундагы N 427 токтому менен бекитилген)

15-статья.

Айыл чарба багытындагы жер үлүшүнүн менчик ээси аны мамлекеттик алымды төлөбөстөн ушул Мыйзамдын 6-статьясынын талаптарын эске алуу менен сатууга укуктуу.

Жер үлүшү толук же анын бир бөлүгү жарактуу жерлер боюнча өз алдынча участокко бөлүү менен сатылышы мүмкүн.

(КР 2006-жылдын 25-июлундагы N 129 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

16-статья.

Айыл чарба багытындагы жер участогунун менчик ээси аны өз алдынча участокко бөлүү менен жер участогу же анын бир бөлүгү боюнча сатууга укуктуу.

(КР 2006-жылдын 25-июлундагы N 129 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

17-статья.

Мамлекет, айыл жеринде кеминде эки жыл туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын жарандары, айыл чарба продукциясын өстүрүү жана (же) кайра иштетүү менен алектенген Кыргыз Республикасынын кооперативдери жана юридикалык жактары айыл чарба багытындагы жерлердин сатып алуучусу боло алат.

Айыл чарба багытындагы жер үлүштөрүн же участокторун сатууда сатылуучу жер үлүшүн, же участогун, сатып алууда, жалпы соода аркылуу сатуудан башка учурларда, Кыргыз Республикасынын айыл тургундары артыкчылык укуктарга ээ болушат.

Белгиленбеген чек ара аймактарында жайгашкан айыл чарба багытындагы жерлерди сатууга тыюу салынат.

(КР 2009-жылдын 26-майындагы N 174 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

18-статья.

(КР 2009-жылдын 26-майындагы N 174 Мыйзамына ылайык алынып салынды)

19-статья.

Айыл чарба багытындагы жерлерди сатып алуучу сатып алган жер участогун (жер үлүшүн) кайра саткан учурда жер участогунун (жер үлүшүнүн) сатып алуу наркынын: биринчи жылдын ичинде 40 пайызы, экинчи жылы - 20 пайызы, үчүнчү жылы - 10 пайызы өлчөмүндө мамлекеттик алым төлөйт.

20-статья.

Айыл чарбасына жарактуу жерлерди кайра бөлүштүрүү фондунун жерлери сатылбайт. Өзгөчө учурларда гана Айыл чарбасына жарактуу жерлерди кайра бөлүштүрүү фондунун жер участокторун Кыргыз Республикасынын жарандарынын менчигине өткөрүп берүү жергиликтүү кеңештердин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам

чыгаруу жыйыны тарабынан бекитилген чечиминин негизинде жүзөгө ашырылат.

Караңыз: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 15-январындагы N 14 "Кыргыз Республикасынын жарандарына жер үлүштөрүн берүү жөнүндө" токтому;

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын 2003-жылдын 20-февралындагы З N 1060-II "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Кыргыз Республикасынын жарандарына жер үлүштөрүн берүү жөнүндө" 2003-жылдын 15-январындагы N 14 токтомун бекитүү тууралу" токтому;

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын 2004-жылдын 2-апрелиндеги З N 1528-II "Кыргыз Республикасынын жарандарына жер үлүштөрүн берүү жөнүндө" токтому;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 8-февралындагы N 80 "Кыргыз Республикасынын жарандарына жер үлүштөрүн берүү жөнүндө" токтому

21-статья.

Жайыт жерлери мамлекеттин менчигинде турат жана "Жайыттар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык гана пайдалануу га берилет.

(КР 2009-жылдын 26-январындагы N 28 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

Караңыз:

Жайыттарды ижарага берүүнүн жана пайдалануунун тартиби жөнүндө Жобо (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 4 июнундагы N 360 токтому менен бекитилген)

VIII Глава. Айыл чарба багытындагы жерлер күрөө объекти катары

22-статья.

Айыл жеринде кеминде эки жыл туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын жарандарынын, айыл чарба продукциясын өстүрүү жана (же) кайра иштетүү менен алектенген Кыргыз Республикасынын кооперативдеринин жана юридикалык жактарынын менчигиндеги айыл чарба багытындагы жер үлүштөрү жана участоктору күрө объекти боло алат.

(КР 2009-жылдын 26-майындагы N 174 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

23-статья.

Айыл чарба багытындагы жер үлүштөрүн жана участокторун күрөөгө алуу укугу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия же күбөлүк алган финансылык-кредиттик уюмдарга, ошондой эле ушул Мыйзамдын 6-статьясынын талаптарына жооп берген жактарга гана берилет.

(КР 2009-жылдын 26-майындагы N 174 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

24-статья.

Банктар жана адистештирилген финансы-кредиттик мекемелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күрөөнүн затына төлөмөр кылууга укуктуу.

(КР 2006-жылдын 25-июлундагы N 129, 2009-жылдын 26-майындагы N 174 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

25-статья.

Убактылуу менчик укугу банктарга жана адистештирилген финансы-кредиттик уюмдарга өткөн жер үлүштөрү же айыл чарба багытындагы участоктор ушул Мыйзамдын 17-статьясында көрсөтүлгөн жактарга ачык аукциондук соодада сатылат.

Сатылган жер үлүштөрүн мамлекеттик каттоо ушул Мыйзамдын 15-статьясына ылайык жүзөгө ашырылат.

(КР 2006-жылдын 25-июлундагы N 129, 2009-жылдын 26-майындагы N 174 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

26-статья. (КР 2009-жылдын 26-майындагы N 174 Мыйзамына ылайык алынып салынды)

27-статья.

Айыл чарба багытындагы жер участокторуна убактылуу менчик укугуна ээ болушкан банктар жана адистештирилген финансы-кредиттик мекемелер Кыргыз Республикасынын, Жер Кодексинде жана ушул Мыйзамда каралган тартипте жана мөөнөттөрдө ошол жер участокторун ажыратып берүүнү жүзөгө ашырууга милдеттүү.

(КР 2009-жылдын 26-майындагы N 174 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

IX Глава. Айыл чарба багытындагы жерлер мурастоо жана тартуулоо объекти катары

28-статья.

Кыргыз Республикасынын жаранынын менчигиндеги айыл чарба багытындагы жер үлүштөрү жана участоктору мураска берилиши мүмкүн. Жер үлүштөрүнө жана участокторуна ээлик кылуу укугу өзүнө өткөндө, мураскор айыл чарба багытындагы жерлерди сатып алуучуга коюлуучу талаптарды канааттандырганда, аларды өзү каалагандай пайдалануу жана тескөөгө укуктуу.

Кыргыз Республикасынын жарандары мурастоо боюнча жана мыйзам боюнча жер үлүштөрүнүн жана айыл чарба багытындагы жер участокторунун мураскорлору боло алышат.

Эгерде жер үлүшүнүн жана/же айыл чарба багытындагы участоктун мураскору чет өлкөлүк адам болсо же жарандыгы жок адам болсо, ал жер үлүшүнө жана/же жер участогуна укук пайда болгон учурдан тартып бир жылдын ичинде аларды Кыргыз Республикасынын жаранына ажыратып берүүгө милдеттүү.

Мында мураска берилген жер үлүшүнүн жана/же айыл чарба багытындагы участоктун өлчөмү тиешелүү айыл башкармалыгындагы (айыл өкмөтүндөгү) жер-агрардык реформанын жүрүшүндө белгиленген жер үлүштөрүнүн орточо чарбалык өлчөмүнөн аз болушу мүмкүн эмес.

(КР 2006-жылдын 25-июлундагы N 129 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

29-статья.

Кыргыз Республикасынын жаранынын менчигиндеги айыл чарба багытындагы жер үлүштөрү жана участоктору Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белекке берүүнүн объекти болуп саналат жана белекке берилиши мүмкүн.

Белекке берүүнүн объекти болуп саналган жер үлүшүнүн жана/же айыл чарба багытындагы участоктун өлчөмү тиешелүү айыл башкармалыгындагы (айыл өкмөтүндөгү) жер-агрардык реформанын жүрүшүндө белгиленген жер үлүшүнүн орточо чарбалык өлчөмүнөн аз болушу мүмкүн эмес.

(КР 2006-жылдын 25-июлундагы N 129 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

X Глава. Айыл чарба багытындагы жерлерди мамлекеттик максат үчүн сатып алуу

30-статья.

Кыргыз Республикасынын жарандарынын менчигиндеги айыл чарба багытындагы жер үлүштөрү жана участоктору мамлекеттик максат үчүн зарыл болгон учурларда (стратегиялык объекттерди жана инженердик курулмаларды куруу) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими боюнча жерлердин рыноктук наркын жана эсеп-кысап чыгымдарын төлөп бергенден кийин сатып алуу же Айыл чарбасына жарактуу жерлерди кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринен теңдеш участокту берүү жолу менен ажыратылышы мүмкүн.

31-статья.

Айыл чарба багытындагы жер үлүштөрүнүн жана участокторунун менчик ээлери өз жерлерин мамлекеттик максат үчүн ажыратуунун далилдери ишенимсиз болгондо сотко кайрылууга укуктуу.

32-статья.

Мамлекеттин менчигинде турган жана ижарага берилген айыл чарба багытындагы жерлер эсептешүү чыгымдарын жана ажыратуу учурунда алынбай калган пайда төлөп берилгенден кийин мамлекеттик максат үчүн ажыратылат.

33-статья.

Калктын социалдык жактан корголбогон катмарларына, жаш үй-бүлөлөргө жер берүү үчүн мамлекет Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилген атайын чечиминин негизинде айыл чарба багытындагы жерлердин рыногунда сатып алуучу болууга укуктуу.

(КР 2006-жылдын 25-июлундагы N 129 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

XI Глава. Айыл чарба багытындагы жерлерди салыктарды төлөө үчүн ажыратуу

34-статья.

Кыргыз Республикасынын жарандарынын менчигиндеги айыл чарба багытындагы жер үлүштөрү жана участоктору алардын ушул Мыйзам күчүнө киргенге чейин пайда болгон карыздары үчүн ажыратылбайт.

XII Глава. Ушул Мыйзамдын күчүнө киришинин тартиби

35-статья.

Ушул Мыйзам, VII главадан тышкары, расмий жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

36-статья.

Ушул Мыйзамдын VII главасынын аракети 2001-жылдын 1-сентябрынан тартып күчүнө кирет.

37-статья.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү мыйзам актыларына ушул Мыйзамдан келип чыгуучу өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө сунуштарды киргизсин.

Бишкек шаары
2009-жылдын 26-январы N 30

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ
Жайыттар жөнүндө

1-берене. Кыргыз Республикасынын жайыттар жөнүндө мыйзамдары

Жайыттарды башкаруу, аларды жакшыртуу жана пайдалануу Кыргыз Республикасынын Жер кодекси, ушул Мыйзам, ошондой эле Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамдары жана башка ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынат.

Мамлекеттик токой фондунун жайыттарынан тышкары жайыттарды башкаруу, аларды жакшыртуу жана пайдалануу боюнча мамилелерди жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик укуктук актылары Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин талаптарына жана ушул Мыйзамга ылайык келиши керек.

2-берене. Ушул Мыйзамда колдонулуучу негизги түшүнүктөр

Жайыт - мал жайып оттотулуучу жана жерди эсепке алуу маалыматтарында чагылдырылган дагы башка максаттарга пайдаланылуучу чөп баскан айыл чарба жерлеринин түрү.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары - жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнү камсыз кылуучу өкүлчүлүктүү, аткаруучу-тескөөчү жана башка органдар.

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган - жайыттарды башкаруу жагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган мамлекеттик орган.

Жайыттардын чектерин белгилөө боюнча мамлекеттик комиссия - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими менен убактылуу түзүлгөн мамлекеттик комиссия.

Жайыт инфраструктурасынын объекттери - курулмалар, көпүрөлөр, жолдор, мал айдап өтүүчү трассалар, мал туруучу жана сугаруучу аянттар, койлорду дары сууга чөмүлтүүчү бактар, жайылуучу мал жана анын мезгилдүү туруусу үчүн арналган кашарлар жана тосулган жерлер, малчылардын тиешелүү курулмалары, жайыттарды күтүү жана аларды иштетүү үчүн зарыл болгон башка кыймылсыз мүлк.

Оптималдуу жүк - малды жайыт чөбүнүн ботаникалык курамына, анын өндүрүмдүүлүгүнө жана экологиялык бүтүндүгүнө зыян тийгизбестен жаюуга мүмкүндүк берилүүчү аянтка бөлүнгөн мал башынын саны.

Жайыт пайдалануучулар - жайыт пайдалануга укугу бар Кыргыз Республикасынын жеке жана юридикалык жактары.

Жайыт пайдалануучулардын бирикмеси - жергиликтүү өз алдынча башкаруу аймагындагы жайыттарды пайдалануга карата тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиктин жайыт пайдалануучуларынын таламдарын талашуучу коомдук уюм.

Жайыт комитети - жайыт пайдалануучулардын бирикмесинин аткаруу органы.

Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жамааттын планы - мамлекеттик менчиктеги жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча 5 жылдык

мөөнөттү камтыган план.

Жайыттарды пайдалануунун жылдык планы - жергиликтүү өз алдынча башкаруунун карамагындагы жайыттардын уруксат берилген жана макулдашылган пайдалануусун аныктоочу план.

Жайыт белети - жайытка кирүүгө жана аны пайдалануунга укук ырастоочу документ.

Жайыттарды башка максаттарга пайдалануу - жайыт ресурстарын мал жаюудан башка максаттар үчүн пайдалануу, аларга аң уулоо, капкан коюу, бал чарбачылык, дары чөптөрдү чогултуу, мөмө-жемиш терүү, чөп жана отун дайындоо, пайдалуу кендерди аз санда казып алуу, туризм жана жарандардын эс алуусу таандык, бирок чектелбейт.

Мал айдап өтмө жолдор - жайыттар ортосунда малды айдап өтүү же өткөрүү үчүн жайыт комитети тарабынан аныкталган жайыт участоктору.

3-берене. Жайытка болгон менчик укугу жана анын чектерин аныктоо

1. Жайыттар мамлекеттик менчикте турат.

2. Жайыттардын тышкы чектери учурдагы администрациялык-аймактык бирдиктердин чектерин эске алуу менен мурдагы советтик жана коллективдик чарбалардын чектери боюнча бөлүштүрүүнүн негизинде белгилениши керек.

3. Эки же андан көп жыл колдонулбай калган жайыт участкалары райондун жайыт фонду катары түзүлүшү мүмкүн. Райондук кеңештин макулдугу менен ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечими боюнча Кыргыз Республикасынын башка жайыт пайдалануучуларына пайдалануунга берилиши мүмкүн.

4. Жайыттардын тышкы чектерин белгилөө жергиликтүү мамлекеттик администрация түзгөн жергиликтүү комиссия тарабынан жүргүзүлүшү керек. Комиссиянын курамына жергиликтүү өз алдынча башкаруунун чектеш ар бир аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруучу-тескөөчү органдарынын башчылары, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун чектеш аймактарынын жайыт пайдалануучулар бирикмесинин өкүлдөрү, облустук мамлекеттик администрациянын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыймылсыз мүлк укугун каттоо боюнча мамлекеттик агенттиктин тиешелүү органынын жер жайгаштыруу боюнча адистери кирет.

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан ушул берененин 4-бөлүгүнө ылайык түзүлгөн комиссиялар же облустук жумушчу топтордун комиссиялары чече албаган талаш-тартыштарды чечүүгө ыйгарым укуктуу, жайыттардын чектерин белгилөөгө жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жайыттын тышкы чектерине карата акыркы сунуштарды даярдоону камсыз кылуучу мамлекеттик комиссия түзүлүшү мүмкүн. Бул комиссия ар бир облуста жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосунда жайыттардын чектери боюнча талаш-тартыштарды жөнгө салууга ыйгарым укуктуу жумушчу топторду түзүүгө жана ушул берененин 2-бөлүгүнө ылайык жергиликтүү комиссиялар менен аныкталган жайыттын чектерин бекитүүгө жана мамлекеттик комиссияга берүүгө укуктуу.

6. Жайыттардын тышкы чектерин бекитүү жайыттын чектерин белгилөө боюнча мамлекеттик комиссиянын сунуштарынын негизинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жүргүзүлөт.

4-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ыйгарым укуктары

1. Тескөө укугун кошпогондо, мамлекеттик жайыт жерлерин башкаруу үчүн жоопкерчилик жана контроль жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берилет.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча ыйгарым укуктарын жайыт пайдалануучулар бирикмесине өткөрүп берүүгө укуктуу.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы жайыттарды пайдалануу боюнча жамааттын пландарын жыл сайын бекитет.

4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыттарды пайдалануу боюнча ишмердигине, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын кийлигишүүсүнө жол берилбейт.

5-берене. Жайыт пайдалануучулар бирикмеси

1. Жергиликтүү жамаат ушул аймактык бирдиктин мал ээлеринин жана башка жайыт пайдалануучулардын жайыттарды пайдалануу жана аларды жакшыртуу боюнча таламдарын талашууга жайыт пайдалануучулар бирикмесин түзөт.

2. Жайыт пайдалануучулар бирикмелери коомдук аймактык өзалдынча башкаруу органы катары уюштурулушу мүмкүн жана юстиция органдарында юридикалык жак катары мамлекеттик каттоодон өтүүгө тийиш.

3. Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин бардык мүчөлөрү жайыт пайдалануу боюнча жамааттын планынын жоболорунун алкагында аларга жергиликтүү өз алдынча башкаруучулар тарабынан бөлүп берилген аймактагы жайыттарды пайдалануда баштапкы укуктарга ээ болот.

6-берене. Жайыт комитет

1. Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин аткаруучу органы болуп жайыт комитети эсептелет.

2. Жайыт комитети жайыт пайдалануучулардын өкүлдөрүнөн, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын депутаттарынан, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органынын башчыларынан турат.

3. Жайыт пайдалануучулар өзүнүн өкүлдөрүн жайыт комитетине шайлашат.

4. Жайыт комитетинин мүчөлөрүнүн саны так эмес болушу, ал эми жайыт пайдалануучулар бирикмесинин өкүлдөрү жайыт комитетинин мүчөлөрүнүн көпчүлүк санын түзүшү керек.

5. Жайыт комитетинин ыйгарым укуктары:

- жайыттарды пайдалануу боюнча жамааттын планын иштеп чыгуу;
- жайыттарды пайдалануунун жылдык планын иштеп чыгуу;
- жайыттарды пайдалануу боюнча жамааттын планынын жана жайыттарды пайдалануунун жылдык планынын жоболорун ишке ашыруу;
- жайыттардын абалына мониторинг жүргүзүү;

- жайыттарды пайдалануунун жылдык планына ылайык жайыт белеттерин берүү;

- жайыттарды пайдалануу үчүн акы белгилөө жана жыйноо, аларды жергиликтүү кеңеште милдеттүү бекитүү;

- өзүнүн ыйгарым укуктарынын алкагында жайыттарды пайдаланууга тийиштүү талаш-тартыштарды чечүү;

- жайыттарды жана башка ресурстарды пайдалануу үчүн акы төлөөдөн түшкөн, жайыт инфраструктурасына инвестиция катары жөнөтүлгөн, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык аларды кармоого, башкарууга жана жакшыртууга жиберилген кирешелерди башкаруу.

6. Жайыт комитетин түзүү, уюштуруу тартиби жөнүндө, жамааттардын планын жана жайыттарды пайдалануу боюнча жылдык пландарды иштеп чыгуунун тартиби жөнүндө, жайыттарды пайдалануу үчүн акы белгилөөнүн тартиби жөнүндө типтүү жоболор жайыт жерлерин жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан иштелип чыгат жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

7. Жайыттарды пайдалануу пландарын иштеп чыгууда жана жүзөгө ашырууда жайыт комитети квалификациялуу адистерди, ошондой эле тиешелүү мекемелерди жана уюмдарды тартууга укуктуу.

7-берене. Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жамааттын планы

1. Жайыттарды пайдалануу боюнча жамааттын планында жайыттарды туруктуу пайдалануну жана бардык пайдалануучуларды алардын укуктары жана милдеттери жөнүндө кабарлануусун камсыз кылуу үчүн зарыл болгон негизги бардык маалымат камтылат.

2. Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жамааттын планына төмөнкүдөй компоненттер кирет:

- жайыттардын тышкы жана негизги ички чектери, пайдалануудан чыгарылган аянттар жана корголуучу аянттар, мал айдап өтмө жолдор, сугаруучу жайлар жана жайыт инфраструктурасынын маанилүү башка объекттери, жайыттардын абалы жана жайыттын бардык участокторунун сапаты белгиленген карталар;

- оптималдуу жүк;

- жайыт инфраструктурасынын объекттерин өнүктүрүү жана реконструкциялоо боюнча пландар;

- жайыттарды башкаруу, пайдалануу, аларды жакшыртуу жана 5 жылдык мөөнөткө чейин реабилитациялоо боюнча орто мөөнөттүү план;

- жылда жаңылануучу жайыттарды башкаруу жана пайдалануу планы;

- жайыттарды башка максаттарда башкаруу жана пайдалануу планы.

3. Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жамааттын планы, аны жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы бекиткенден кийин бардык жайыт пайдалануучулар тарабынан аткарылууга милдеттүү.

8-берене. Жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планы

1. Жайыт комитети жыл сайын жайыттарды пайдалануунун планын иштеп чыгат, ал жайыттарды пайдалануу боюнча жамааттын планына тиркелет жана анын

ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет. Жайыттарды пайдалануунун жылдык планы төмөнкүлөрдү камтышы керек:

- пландаштырылган жылга жайыт белеттери бар жайыт пайдалануучулардын тизмесин;

- пландаштырылган жылга жайыт белети берилген малдын тизмеси жана алардын ээлеринин-малчыларынын тизмесин;

- жаныбарлардын ылаңдуу, ылаңдуу эместигине (эмдөө, дары сууга чөмүлтүү ж.б.) карата чаралардын тизмегин, аларды жайыт пайдалануунун шарттары катары жайыт пайдалануучулар сактоого тийиш;

- мал жаюунун мезгилдүү маршруттарын, жайыт жүгүртүүнү, малдын кыймылын, мал айдап өтмө жолдорду жана пайдаланылуучу кашааларды белгилөөчү картаны жана календардык графикти;

- ишмердиктин аларга уруксат берилген түрлөрүн, ошондой эле аларга аталган иш-чараларды жүргүзүүгө уруксат берилген жерлерди көрсөтүү менен жайытка чыгаруу максатынан тышкары пайдаланылуучу жайыт белеттеринин бардык ээлеринин тизмесин;

- жайыт пайдалануунун бардык түрлөрү боюнча акы төлөө графигин.

2. Жайыттарды пайдалануунун жылдык планы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы бекиткенден кийин аткарылууга милдеттүү.

9-берене. Жер салыгын салуу

Жайыт пайдалануучуларга салык салуу Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

10-берене. Жайыт жерлерин пайдалануу үчүн акы төлөө

1. Жайыт ресурстарын пайдалануу жайыт белеттерин алгандарга гана уруксат берилет.

2. Жайыт белеттери жайыт жерлерин пайдалануу үчүн тиешелүү акы төлөгөндөн кийин жайыт комитети тарабынан берилет.

3. Жайыт жерлерин пайдаланууга укук алуу үчүн акынын өлчөмү ар бир жайыт системасы жана жайыттарды пайдалануунун ар бир түрү үчүн жыл сайын жайыт комитети тарабынан оптималдуу жүктү эске алуу менен салыктын базалык ставкасынан кем эмес белгиленип, жайыт пайдалануунун жылдык пландарына киргизилет жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы тарабынан бекитилет.

4. Жайыт жерлерин пайдалануу үчүн акы төлөө малдын башына жана үй жаныбарлардын түрлөрүнө жараша белгиленет жана өзгөртүлөт.

5. Жайыттарды башка максаттарга пайдалануу үчүн акы төлөөнүн өлчөмү экономикалык ресурска жана оперативдүү жетекчилик тарабынан кабыл алынган наркка жараша белгиленет.

6. Акы төлөөнү жыйноо жайыт комитети тарабынан жүргүзүлөт. Жайыт белеттеринен түшкөн каражаттар жайыт комитети тарабынан жайыттарды жакшыртууга жана жайыт комитети аныктаган башка чыгымдарга жумшалат.

7. Жайыт белетине акыны бөлүп төлөөгө жол берилет, бирок ошол жылдын 1-октябрынан кечиктирилбеши шарт.

11-берене. Жайыт пайдалануу үчүн каражаттарды пайдалануу

1. Жайыт пайдалануу үчүн акы төлөө жайыт комитети, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы менен жылда макулдашат жана жайыттарды пайдалануунун жылдык планында көрсөтүлөт.

2. Жайыт жерлерин пайдалануу үчүн акы төлөөнүн жайыт комитетинин үлүшүн түзүүчү бөлүгү жайыттарды жана жайыт инфраструктурасын кармоого, жакшыртууга жана өнүктүрүүгө багытталат.

3. Жайыт жерлерин пайдалануу үчүн акы төлөөнүн жергиликтүү өз алдынча башкарууга тиешелүү үлүшүн түзүүчү бөлүгү жергиликтүү бюджетке которулат.

12-берене. Ижаралоо укугун жайыт белетине алмаштыруунун тартиби

1. Мамлекеттик менчиктеги жайыт жерлерин ижаралоого катталган укугу бар, жайыт пайдалануунун белгиленген тартибин мурда сактаган жайыт пайдалануучуларга ушул Мыйзам колдонууга киргизилгенден кийин өзүнүн ижаралоо укугун ижарада камтылган жайыт аянттарынын оптималдуу жүгүнө ылайык малдын максималдуу санын жаюуну жабуучу жайыт белетине милдеттүү түрдө алмаштырылат.

2. Жайыттарды пайдаланууну жөнгө салуучу мурда белгиленген укуктук жол-жоболорго ылайык түзүлбөгөн же катталбаган жайыт ижаралоо жараксыз деп табылат.

3. Жайыт белети болбогон учурда жайыттар максаттуу багытта пайдаланылбаган катары алып коюулууга тийиш.

13-берене. Жайыттын чет өлкөлүк пайдалануучулары

Чет өлкөлүк жеке же юридикалык жактарга жайыттарды берүү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан ратификацияланган мамлекеттер аралык жана өкмөттөр аралык келишимдердин негизинде турмушка ашырылат.

14-берене. Жайыт жерлерин жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү мамлекеттик менчиктеги жайыт жерлерди пайдалануу маселелерин жөнгө салуу боюнча саясатты жүргүзүүчү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органды аныктайт.

2. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

- жайыттарды пайдалануу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын программаларын жана мыйзамдарын ишке ашыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
- мамлекеттик стандарттарды жана жайыттардын мониторингин, абалын жана сапатын баалоо ыкмасын аныктоо;
- жайыттардын абалына мониторинг жүргүзүүнүн программасынын ишке ашырылышын көзөмөлдөө;
- жайыттарды пайдалануу маселелери боюнча типтүү жоболорду, нускамаларды, эрежелерди жана башка ченемдик укуктук актыларды, ошондой эле усулдук материалдарды иштеп чыгуу;

- жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыттарды тескөө боюнча жамааттын пландарын жана жайыттарды пайдалануу пландарын колдонууга мониторинг жүргүзүү;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана жайыт комитетине жайыттарды пайдаланууда техникалык жана башка жардам көрсөтүү.

15-берене. Жайыттарды ижаралоого тыюу салуу

Жайыттарды ижарага жана субижарага берүүгө жол берилбейт.

16-берене. Жайыттарды пайдалануу укугун мамлекеттик каттоо

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жайыттарды пайдалануу укугу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган чектердин алкагында белгиленген тартипте милдеттүү түрдө кыймылсыз мүлккө болгон укуктарды мамлекеттик каттоодон өткөрүлүүгө тийиш.

2. Жайыт белетинин негизинде жайыттарды үч жылдан ашык пайдалануу укугу жергиликтүү каттоо органдарында мамлекеттик каттоодон милдеттүү түрдө өткөрүлүүгө тийиш.

Жайыт белетинин негизинде жайыттарды үч жылга жетпеген мөөнөткө пайдалануу укугу белет алуучунун каалоосу боюнча катталышы мүмкүн.

17-берене. Талаш-тартыштарды чечүү

Талаш-тартышка тиешеси бар кандай тарап болбосун жайыт комитетинин чечими менен макул болбогон учурда талаш-тартыш ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аркылуу сүйлөшүү жолу менен чечет. Эгерде макулдашууга жетишилбесе, талаш сот тартибинде чечилет.

18-берене. Ушул Мыйзамды бузгандык үчүн жоопкерчилик

Кызмат адамдары, жайыт комитетинин мүчөлөрү жана жайыт пайдалануучулар ушул Мыйзамды бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке тартылат.

19-берене. Ушул Мыйзамды ишке киргизүү тартиби

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү үч айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

Бишкек шаары
2004-жылдын 21-августу N 165

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ
Муниципалдык кызмат жөнүндө

(Кыргыз Республикасынын
2007-жылдын 27-февралындагы N 27 Мыйзамынын,
2007-жылдын 22-мартындагы N 37 Мыйзамынын,
2008-жылдын 28-апрелиндеги N 75 Мыйзамынын редакцияларына ылайык)

I бөлүм. Жалпы жоболор
II бөлүм. Муниципалдык кызматчынын укуктук статусу
III бөлүм. Муниципалдык кызматты уюштуруу жана аны өтөө
IV бөлүм. Муниципалдык кызматчыларды материалдык Жана социалдык-тиричилик жактан камсыз кылуу
V бөлүм. Муниципалдык кызматтын токтотулушу

Ушул Мыйзам муниципалдык кызматты уюштуруунун жалпы принциптерин жана муниципалдык кызматчылардын укуктук абалынын негиздерин аныктайт.

I бөлүм. Жалпы жоболор

1-статья. Муниципалдык кызмат жөнүндө түшүнүк

Муниципалдык кызмат - бул жарандардын жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарындагы шайланма болуп саналбаган, жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен акы төлөөнүн негизинде жүзөгө ашырылуучу кесиптик иш.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын, шаарчалардын жана шаарлардын, айыл округдарынын башчыларынын, шаарлардын мэрлеринин жана башка шайлануучу кызматтардагы адамдардын укуктук статусу Кыргыз Республикасындагы Шайлоо жөнүндө кодексте, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө", "Жергиликтүү өзалдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана башка ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынат.

(Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 28-апрелиндеги N 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

2-статья. Муниципалдык кызмат оруну

Муниципалдык кызмат оруну - бул жергиликтүү өзалдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруу-тескөө органдарындагы ыйгарым укуктары менен жоопкерчилигинин белгиленген көлөмүндөгү кызмат оруну.

Муниципалдык кызмат орундары саясий жана административдик деп бөлүнөт.

Саясий муниципалдык кызмат орундарына жергиликтүү кеңештердин

депутаттарынын, шаарчалардын жана шаарлардын, айыл округдарынын башчыларынын, шаарлардын мэрлеринин жана түз же кыйыр шайлоо жолу менен шайлануучу жана башка шайлануучу кызматтары кирет.

Административдик муниципалдык кызмат орундарына жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыктары боюнча эмгек келишимин (контрактты) түзүү жолу менен дайындалуучу муниципалдык кызмат орундары кирет.

(Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 22-мартындагы N 37 Мыйзамынын, 2008-жылдын 28-апрелиндеги N 75 Мыйзамынын редакцияларына ылайык)

3-статья. Кыргыз Республикасынын жарандарынын муниципалдык кызматка теңчиликте жетүү укугу

Кыргыз Республикасынын жарандары жынысына, расасына, улутуна, тилине, тегине, мүлктүк жана кызмат абалына, жашаган жерине, диний ишенимине, ынанымдарына, коомдук бирикмелерге, саясий партияларга таандыгына карабастан муниципалдык кызматка теңчиликте жете алышат.

4-статья. Муниципалдык кызматтын мыйзамдык негизи

Кыргыз Республикасындагы муниципалдык кызмат Кыргыз Республикасынын Конституциясына, ушул Мыйзамга, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана жамааттын Уставына ылайык жүзөгө ашырылат.

Муниципалдык кызматчыларга ушул Мыйзамда каралган өзгөчөлүктөрү менен Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын күчү жайылтылат.

5-статья. Муниципалдык кызматтын принциптери

Муниципалдык кызмат төмөндөгүдөй принциптерге негизделет:

1) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын үстөмдүгүнө;

2) адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин артыкчылыгына;

3) өз ыйгарым укуктарынын чегинде жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын өзалдынчалыгына;

4) мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өзалдынча башкаруунун иш-милдеттер чегинин ажыратылышына;

5) муниципалдык кызмат орундарынын саясий жана административдик кызмат орундарынын бөлүнүшүнө;

6) муниципалдык кызматчылардын кесипкөйлүгүнө, компетенттүүлүгүнө, демилгелүүлүгүнө жана чынчылдыгына;

7) өзүнүн кызмат милдеттерин аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн муниципалдык кызматчылардын жоопкерчиликтүүлүгүнө;

8) муниципалдык кызматтын турукташтыгына;

9) айкындуулуктун жана калыстыктын негизинде алардын жөндөмдүүлүгүнө жана кесиптик даярдыгына, иштин бааланышына жана конкурстук негизде кадрларды

жогорулатууга ылайык жарандардын муниципалдык кызматка теңчиликте жетишине;

10) муниципалдык кызматчылардын укуктук жана социалдык жактан корголушуна;

11) саясий кызмат орундарын ээлеген муниципалдык кызматчылардын жергиликтүү жамаат алдында, ал эми мамлекет тарабынан бөлүнүп берилген ыйгарым укуктары боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик бийликтин жогору турган органынын контролунда болушуна жана отчеттуулугуна;

12) муниципалдык кызматтын тутумун дайыма өркүндөтүп турууга;

13) жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын жетекчиси алмаштырылгында компетенттүү кадрларды тандап алуунун жана сактап калуунун жолунун уланышына;

14) саясий таасирдин жана муниципалдык кызматчылардын ишине мыйзам-ченемсиз кийлигишүүнүн болбошуна.

6-статья. Муниципалдык кызматты каржылоо

Муниципалдык кызматты каржылоо жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда республикалык бюджеттин эсебинен жүзөгө ашырылат.

Муниципалдык кызматчылар жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын толук жүзөгө ашырышы үчүн мамлекет зарыл чыгымдар менен камсыз кылууга кепилдик берет.

Мамлекет милдеттүү түрдө бөлүнүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды муниципалдык кызматчылар тарабынан аткаруунун натыйжасында келип чыккан чыгымдарды жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына ордун толтуруп берет.

7-статья. Ушул Мыйзамдын иш-аракетинин чөйрөсү

Саясий жана административдик муниципалдык кызмат адамдарынын ишин ушул Мыйзам жана Кыргыз Республикасынын дагы башка ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынат.

Ушул Мыйзамдын таасири мамлекеттик кызматкерлерге, аскер кызматчыларына жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын иши жалпы негиздерде эмгек мыйзамдары менен жөнгө салынуучу административдик-техникалык кызматчыларына жайылтылбайт.

(Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 28-апрелиндеги N 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

II бөлүм. Муниципалдык кызматчынын укуктук статусу

8-статья. Муниципалдык кызматчы

Кыргыз Республикасынын 18 жашка чыккан, ушул Мыйзамда жана башка Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында белгиленген тартипте муниципалдык кызмат орунунун квалификациялык талаптарына жооп берген жараны

муниципалдык кызматчы болуп саналат.

Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын ишин техникалык жактан камсыз кылуу боюнча милдеттерди аткарган адамдар муниципалдык кызматчылар болуп саналышпайт.

9-статья. Муниципалдык кызматчынын укуктары жана милдеттери

Муниципалдык кызматчы төмөндөгүлөргө укугу бар:

1) муниципалдык кызматтагы ээлеген орду боюнча өзүнүн укуктары менен милдеттери, өзүнүн ишинин сапатына баа берүүчү чен-өлчөмдөрдү жана кызмат боюнча жогорулоо шарттарын, ошондой эле алардын кызмат милдеттерин аткаруу үчүн зарыл уюштуруу-техникалык жана башка шарттарды аныктоочу документтер менен таанышууга;

2) белгиленген тартипте мамлекеттик бийлик органдарынан, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынан, ошондой эле муниципалитеттин аймагында жайгашкан ишканалардан, мекемелерден жана уюмдардан кызмат милдеттерин аткаруу үчүн зарыл маалыматтарды суратып алууга;

3) кызматы боюнча жогорулоого, мамлекеттик кызматка өтүүнү кошкондо, ишинин натыйжаларын, иш стажын жана квалификациясынын деңгээлин эсепке алуу менен айлык акчасынын өлчөмүн көбөйттүрүүгө, өз демилгеси боюнча ваканттык муниципалдык кызмат ордун ээлөө үчүн конкурска катышууга;

4) өзүнүн өздүк ишиндеги бардык материалдар, өзүнүн иши тууралу пикирлер, өздүк ишине киргизилгенге чейин аттестациянын натыйжалары жана башка документтер менен таанышууга, ошондой эле өзүнүн түшүнүктөрүн өздүк ишине кошууга;

5) кесиптик бирликтерге (ассоциацияларга) кирүүгө;

6) өзүнүн укуктарын, социалдык экономикалык жана кесиптик кызыкчылыктарын коргоо, муниципалдык кызматка байланышкан талаш-тартышты чечүү максатында тиешелүү тартипте сотко, кесиптик жана башка органдарга кайрылууга;

7) жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен кесиптик деңгээлин жогорулатууга (даярдоого, кайра даярдоого, квалификациясын өзгөртүүгө, квалификациясын жогорулатууга);

8) жетекчинин макулдугу менен уюштуруу-укуктук түрлөрүнө жана менчигинин түрүнө карабастан ишканалардын, мекемелердин; уюмдардын чогулуштарына барууга жана катышууга, ошондой эле алардын жетекчилерин белгиленген тартипте жергиликтүү өзалдынча башкарууну өнүктүрүү программалары боюнча чечимдерди, макулдашууларды талкуулоо жана кабыл алуу учурунда кызматтык ыйгарым укуктарын аткаруу үчүн чакырууга;

9) муниципалдык кызматты өркүндөтүү тууралу сунуштарды киргизүү боюнча мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына кайрылууга;

10) ошондой эле жергиликтүү жамааттын Уставында жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган дагы башка укуктарга.

Муниципалдык кызматчы төмөндөгүлөргө милдеттүү:

1) кызматтык милдеттерине ылайык өзүнө берилген укуктардын чегинде ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга;

2) адам, анын укуктары жана эркиндиктери жогорку баалуулук болуп саналат: конституциялык принципке таянуу менен өз ишин жүргүзүүгө;

3) өз ишинде Конституцияны, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, жергиликтүү жамааттын уставын, мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын укуктук актыларын жетекчиликке алууга;

4) өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде чыгарылган жетекчиликтин буйруктарын, тескемелерин жана көрсөтмөлөрүн аткарууга;

5) өздөрүнүн кызматтык милдеттеринин чегинде жарандардын, коомдук бирикмелердин, ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын кайрылууларын кароого жана аларга байланыштуу келип чыккан маселелерди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө чечүүгө;

6) мыйзам, дагы башка ченемдик укуктук актылар менен корголуучу мамлекеттик сырды түзгөн маалыматтарды, ошондой эле кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу өзүнө белгилүү болгон жеке турмушка, жарандардын ар-намысына жана аброюна тиешелүү маалыматтарды, анын ичинде муниципалдык кызматта иштөөнү токтоткондон кийин да жарыя кылбоого;

7) өздөрүнүн кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл билиминин жана квалификациясынын деңгээлин көтөрүүгө жана жогорулатууга;

8) муниципалдык менчиктин сакталышын жана өөрчүтүлүшүн камсыз кылууга;

9) кызматтык этиканын ченемдерин, иш тартибин, кызматтык нускамаларды сактоого, муниципалдык кызматтын кадыр-баркына шек келтирген иш-аракетти жасабоого.

Жергиликтүү жамааттын Уставы менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген муниципалдык кызматчынын кошумча укуктары жана милдеттери белгилениши мүмкүн.

10-статья. Муниципалдык кызматка байланыштуу чектөөлөр

Муниципалдык кызматчы төмөндөгүлөргө укуксуз:

1) мамлекеттик кызматта болууга;

2) администрациялык муниципалдык кызматты саясий муниципалдык кызмат менен айкалыштырууга;

3) педагогдук илимий жана башка чыгармачылык иштен тышкары акы төлөнүүчү бөлөк иш менен алектенүүгө;

4) жеке өзү же ишенимдүү адамдар аркылуу ишкердик менен алектенүүгө;

5) эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкасы каралбаса, коммерциялык уюмду башкаруу органына мүчө болууга;

6) муниципалдык кызматта турган же тикелей баш ийген болбосо анын контролунда турган жергиликтүү өзалдынча башкаруу органында үчүнчү жактардын иши боюнча ишенимдүү адам же өкүл болууга;

7) кызматтан тышкаркы максатта кызмат маалыматтарын, материалдык-техникалык, финансылык жана маалыматтык камсыз кылуу каражаттарын жана башка мүлктү пайдалануу;

8) кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу жеке жана юридикалык жактардан сыйакыларды (белектерди), акчалай сыйлыктарды, ссудаларды, кызмат көрсөтүүлөрдү, акысына көңүл ачууларга, эс алууга, транспорттук каражаттарга кеткен чыгымдарды жана башка сыйакыларды алууга;

9) жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын башка жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары менен макулдашуусу боюнча эриш-аркак негизде жүзөгө ашырылуучу ишсапарларынан тышкары жеке жана юридикалык жактардын каражаттарынын эсебинен иш сапарына, ошондой эле мамлекеттик бийлик органдары жана чет мамлекеттердин жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары, эл аралык жана коммерциялык эмес уюмдар менен чыгууга;

10) иш таштоолорго катышууга, шайлоо өнөктүктөрүнүн жана референдумдардын мезгилинде шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүгө, ошондой эле мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын иштешин буза турган иш-аракеттерди жасоого;

11) өзүнүн кызматтык абалын саясий партиялардын, диний жана башка коомдук бирикмелердин кызыкчылыгы үчүн пайдаланууга, ошондой эле динге карата мамилеге насыят жүргүзүүгө. Муниципалдык органдарда өкүлчүлүктүү органдар менен кесиптик бирликтерде фракцияларды куруудан тышкары саясий партиялардын, диний, дагы башка коомдук бирикмелердин түзүмдөрүн түзүүгө жол берилбейт.

Жергиликтүү өзалдынча башкаруунун бир эле органында жакын туугандык байланышы бар адамдардын (ата-эненин, жубайлардын, ага-ининин, эже-синди, карындашын, балдардын), эгерде алардын иши ошол туугандык байланыштардагы адамдардын бирине тикелей баш ийүүдө же контролдугу астында турса, эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкасы каралбаса, бирге иштешине тыюу салынат.

Муниципалдык кызмат орундарын төмөндөгүдөй адамдар ээлей албайт:

- квалификациялык талаптарга жооп бербегендер;
- эрезеге жетелектер;
- сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп табылгандар;
- мыйзамдарда белгиленген тартипте соттуулугу алына элек же жабыла элек адамдар;
- Кыргыз Республикасынын жарандары болуп саналбагандар.

(КР 2007-жылдын 27-февралындагы N 27 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

III бөлүм. Муниципалдык кызматты уюштуруу жана аны өтөө

11-статья. Муниципалдык кызмат орундарынын классификациясы

Муниципалдык кызмат орундары төмөндөгүдөй класстык бөлүнөт:

- башкы муниципалдык кызмат орундары:
- улук муниципалдык кызмат орундары;
- кенже муниципалдык кызмат орундары.

(КР 2007-жылдын 22-мартындагы N 37 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

12-статья. Муниципалдык кызматчылардын класстык чендери

Класстык чендер Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан аныкталган тартипте муниципалдык кызматтын саясий жана административдик кызмат орундарын ээлеген адамдарга ыйгарылат жана алар муниципалдык кызматчылардын муниципалдык кызматтын кызмат орундарынын классификациясына ылайык муниципалдык кызматтын муниципалдык кызмат орундарына коюлуучу классификациялык талаптарына, муниципалдык кызматчылардын кесиптик даярдыгынын деңгээлине ылайык келер-келбестигин көрсөтүп турат.

Кыргыз Республикасында муниципалдык кызматчылардын төмөндөгүдөй класстык чендери жана алардын муниципалдык кызматтын муниципалдык кызмат орундарынын классификациясына ылайык келиши белгиленет:

- башкы муниципалдык кызмат орундары үчүн - Кыргыз Республикасынын 1, 2 жана 3-класстардагы муниципалдык кеңешчиси;
- улук "муниципалдык кызмат орундары үчүн - Кыргыз Республикасынын 1, 2 жана 3-класстардагы муниципалдык кызматынын кеңешчиси;
- кенже муниципалдык кызмат орундары үчүн - Кыргыз Республикасынын 1, 2 жана 3 - класстардагы муниципалдык кызматтын инспектору.

Саясий муниципалдык кызмат ордунда иштеген муниципалдык кызматкерлерге Кыргыз Республикасынын 1, 2 жана 3-класстагы муниципалдык кеңешчиси класстык чини ыйгарылат жана ага аттестация же квалификациялык экзамен өткөрүүсүз ээ болот.

Административдик муниципалдык кызматты ээлеген муниципалдык кызматкерлердин класстык чин алуу тартиби Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан бекитилген ченемдик укуктук актылар менен аныкталат.

Муниципалдык кызматчылардын класстык чендери муниципалдык кызматчылар муниципалдык кызматтын башка муниципалдык кызмат орундарына которулганда же киргенде, ошондой эле муниципалдык кызматчылар муниципалдык кызматтан бошотулганда сакталат.

Муниципалдык кызматчыларды мамлекеттик кызматтын мамлекеттик кызмат орундарына которууга же киргизүүдө жана тескерисинче болгондо муниципалдык кызматчылардын класстык чендерин аларга мамлекеттик кызматчылардын тиешелүү класстык чендери ыйгарылганда сакталат жана эсепке алынат.

Квалификациялык экзамендерди, аттестацияны, класстык чиндерди өткөрүүнүн тартиби муниципалдык кызматчылар муниципалдык кызматтын башка муниципалдык кызмат орундарына болбосо мамлекеттик кызматтын мамлекеттик кызмат орунуна которулганда же киргенде, ошондой эле муниципалдык кызматтын муниципалдык кызматчысы бошотулганда, аларды ыйгаруунун жана сактоонун тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленет.

(Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 28-апрелиндеги N 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

13-статья. Муниципалдык кызматчынын кирешелери тууралу жана анын менчик укугуна таандык болгон мүлк жөнүндө маалыматтар

Муниципалдык кызматчы ар жыл сайын Кыргыз Республикасынын

мыйзамдарына ылайык муниципалдык кызмат орундарында иштеген мезгилде, ошондой эле муниципалдык кызматка киргенде салык кызматынын органдарынан өзү алган кирешелери тууралу жана салык салууга объект болуп саналган өзүнө менчик укугунда таандык болгон мүлк жөнүндө маалымат берүүгө милдеттүү.

Муниципалдык кызматчы тарабынан салык кызматынын органдарына тапшырылуучу маалыматтар сот органдарынын суроо-талабы боюнча маалыматтар берилген учурдан тышкары кызматтык жана коммерциялык сырды түзөт жана жарыя кылууга жатпайт.

14-статья. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардын өз ара катышы

Муниципалдык кызматтардын муниципалдык кызмат орундары мамлекеттик кызматтардын кызмат орундарынын төмөндөгүдөй өз ара катышынан турат:

башкы муниципалдык кызмат орундары мамлекеттик кызматтын мамлекеттик кызмат орундары менен теңештирилет;

улук муниципалдык кызмат орундары мамлекеттик кызматтын улук мамлекеттик кызмат орундары менен теңештирилет;

кенже муниципалдык кызмат орундары мамлекеттик кенже мамлекеттик кызмат орундары менен теңештирилет.

Өз ара катыш мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын класстык ченин эсепке алуу менен аныкталат.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын аталган өз ара катыш кызматчылардын эмгек акысын төлөө шарттарына жана социалдык кепилдиктерине карата жайылтылат.

15-статья. Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызмат орундарынын реестри

Муниципалдык кызмат орундарынын тизмегин Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызмат орундарынын Реестри түзөт, ал Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан бекитилет.

Муниципалдык кызмат орундарынын Реестри категориялар боюнча кызмат орундарынын бир түргө келтирилген аталыштарын камтыйт жана Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан бекитилет.

16-статья. Муниципалдык кызматтын административдик кызмат орундарына ат салышуучу жарандарга коюлуучу квалификациялык талаптар

Муниципалдык кызмат орундарын ээлөөчү муниципалдык кызматчыларга коюлуучу квалификациялык талаптарга төмөндөгүлөр киргизилет:

- муниципалдык кызмат орундарынын топторун жана адистешүүсүн эсепке алуу менен кесиптик билимдин деңгээли;

- адистик боюнча иш стажы жана тажрыйбасы;

- тиешелүү милдеттерди аткарууга карата Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын билиши.

Муниципалдык кызмат орундарына ат салышкан жарандарда төмөндөгүлөр болушу зарыл:

башкы муниципалдык кызмат орундары үчүн - муниципалдык же мамлекеттик кызмат стажы кеминде үч жыл же адистик боюнча иш стажы кеминде беш жыл, муниципалдык кызмат орундарынын багыты боюнча кайра даярдоодон өтүшү менен жогорку кесиптик билими;

улук муниципалдык кызмат орундары үчүн - муниципалдык же мамлекеттик кызмат стажы кеминде эки жыл же адистиги боюнча иш стажы кеминде үч жыл, муниципалдык кызмат орундарынын багыты боюнча кайра даярдоодон өтүшү менен жогорку кесиптик билими же дагы башка жогорку билими;

кенже муниципалдык кызмат орундары үчүн - муниципалдык кызмат орундарынын багыты боюнча кайра даярдоодон өтүшү менен орто кесиптик билими же орто билими.

Муниципалдык кызмат орундарына коюлуучу кошумча талаптар Кыргыз Республикасынын дагы башка ченемдик укуктук актылары менен аныкталышы мүмкүн.

17-статья. Муниципалдык кызматчыны сыйлоо

Өз кызмат милдеттерин ийгиликтүү жана ак ниет аткаргандыгы, узак мөөнөт жана кынтыксыз иштегендиги, ошондой эле иштеги дагы башка ийгиликтери үчүн муниципалдык кызматчыларга төмөндөгүдөй сыйлар каралат:

- алкыш жарыялоо;
- беш айлык акыга чейинки өлчөмдө акчалай сыйлыктар;
- баалуу белектер менен сыйлоо;
- жогору турган кызмат орундарына жогорулатуу;
- Кыргыз Республикасынын сыйлыктарына көрсөтүү;
- жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары тарабынан белгиленген дагы башка сыйлыктар.

18-статья. Муниципалдык кызматчынын тартиптик жоопкерчилиги

Кызматтык жоругу, муниципалдык кызматчынын өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткарбагандыгы жана талаптагыдай аткарбагандыгы, эмгек тартибин бузгандыгы, жүктөлгөн кызматтык ыйгарым укуктарынан аша чапкандыгы, муниципалдык кызматка байланышкан ушул Мыйзамда белгиленген чектөөлөрдү сактабагандыгы үчүн муниципалдык кызматчыга төмөндөгүдөй тартиптик айыптар салынат:

1) сын-пикир;
2) сөгүш;
3) катуу сөгүш;
4) кызматына толук ылайык келбей тургандыгы жөнүндө эскертүү;
5) класстык ченин төмөндөтүү;
6) кызмат орунунан төмөндөтүү;
7) ар айлык кошумча акысын азайтуу;
8) ээлеген кызматынан бошотуу.

Муниципалдык кызматчыга тартиптик жаза кызматчыны кабыл алууга жана

бошотууга укукка ээ кызмат адамы тарабынан берилет.

Тартиптик жазаны колдонуунун тартиби жана шарттары Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык белгиленет.

19-статья. Муниципалдык кызматчы үчүн кепилдиктер

Муниципалдык кызматчыга төмөндөгүдөй кепилдиктер берилет:

1) кызматтык милдеттерди аткарууну камсыз кылуучу иш шарттары;

2) эмгек акысы, дагы башка төлөмдөр;

3) ар жылдык акы төлөнүүчү өргүү;

4) кызматтык милдеттерин аткарышына байланыштуу анын ден соолугуна жана мүлкүнө залал келтирген учурда, милдеттүү түрдө мамлекеттик камсыздандыруу;

5) муниципалдык кызматта иштеп турган мезгилде же ал ишти токтоткондон кийин, бирок кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу ооруп калган же эмгекке жарамдуулугун жоготкондо милдеттүү мамлекеттик социалдык камсыздандыруу;

6) өзүн жана үй-бүлө мүчөлөрүн мыйзамдарда белгиленген тартипте кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу зордук-зомбулуктан, коркутуудан, дагы башка укукка сыйбаган иш-аракеттерден коргоо.

Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы жоюлган, ошол органдын кызматчыларынын штаты кыскартылган учурда, муниципалдык кызматчыга ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жоюлушуна байланыштуу аларды жумуштан бошоткон учурда, Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндө мыйзамдары менен кызматчылар үчүн белгиленген кепилдиктер берилет.

Жергиликтүү жамааттын Уставы менен муниципалдык кызматчыга кошумча кепилдиктер каралышы мүмкүн.

20-статья. Муниципалдык кызматты өтөө

Муниципалдык кызматка кирүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

Муниципалдык кызматты өтөөнүн тартиби, муниципалдык кызматтын муниципалдык кызмат орундарына коюлуучу талаптары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын дагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жергиликтүү жамааттын уставы менен кошумча аныкталышы мүмкүн.

Башкы жана улук муниципалдык кызмат орундарын ээлеген, муниципалдык кызматчы наамын дискредитациялашына байланыштуу иштен бошотулган муниципалдык кызматчылар муниципалдык кызмат орундарын ээлей албайт же ошол кызмат ордуна теңдеш кызмат оруну берилбейт.

Эгерде муниципалдык кызматчы өзүнүн бошотулганы негизсиз экендигин далилдей алса, аны бошотууга чечим кабыл алган кызмат адамдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке тартылат.

21-статья. Муниципалдык кызматтагы сыноо мөөнөтү

Муниципалдык кызматка биринчи кирип жаткан жана иш стажы болбогон адис зарыл тажрыйба алганын жана кесиптик сапаттарын текшерүү үчүн, тиешелүү муниципалдык органдын жетекчиси аны ээлеген кызмат орду боюнча айлык акы төлөп берүү менен үч айга чейин сыноо мөөнөтүн коюп, муниципалдык кызматка дайындай алат. Алдынала сыноо мөөнөтүндө кызматчы жүйөлүү себептер боюнча жумушта болбогон, убактылуу эмгекке жарамсыз учуру алдынала сыноо мөөнөтүнө киргизилбейт.

Эгерде сыноо мөөнөтү өткөндөн кийин сыноонун натыйжасы канааттандыраарлык эмес деп табылса, анда муниципалдык кызматчы башка төмөн турган муниципалдык кызмат ордуна дайындалышы же муниципалдык кызматтан бошотулушу мүмкүн.

Сыноо мезгилинде муниципалдык кызмат ордун ээлеген адамга ушул Мыйзамдын таасири жайылтылат.

22-статья. Муниципалдык кызматчыларды ротация кылуу (ордун которуу)

Муниципалдык кызмат орундарынын айрым категорияларын ээлеген муниципалдык кызматчыларды ротация кылуу (ордун которуу) муниципалдык кызматчылардын дараметин натыйжалуу пайдалануу, алардын кызматтык жана кесиптик жактан өсүүсү үчүн зарыл шарттарды түзүү, кызматтык мансабы жана муниципалдык кызматта кадрлардын туруктуу иштеши үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу, ошондой эле коррупция тобокелчилигин төмөндөтүү максатында жүргүзүлөт.

Муниципалдык кызматчыларды ички жана ведомство аралык ротациялоо төрт жылдан ашырбастан бир жолу жүргүзүлөт.

Эгерде түзүлгөн жагдай ушундай чараларды көрүүнү талап кылса, муниципалдык кызматка олуттуу зыян келтирбөө үчүн муниципалдык кызматчы башка ишке, башка жерге, башка муниципалдык органга ротациянын мөөнөтү келгенге чейин бирдей эле же ошого теңдеш кызмат ордуна которулушу мүмкүн.

Негиздемени, ротациянын схемасын жана кабыл алуучу тарап менен макулдашууну муниципалдык кызматчы иштеген муниципалдык орган даярдайт.

Ротация жүргүзүү үчүн муниципалдык кызматчынын макулдугу талап кылынат.

23-статья. Муниципалдык кызматтын ваканттык административдик кызмат орунун ээлөөгө конкурс

Муниципалдык кызматтын ваканттык административдик кызмат орунун ээлөөгө конкурс ушул Мыйзамдын талаптарына ылайык ага катышууга арыз берген жарандардын ортосунда өткөрүлөт.

Конкурс документтер - конкурсу жана сыноо - конкурсу формасында муниципалдык кызматтын ваканттык административдик кызмат орунун ээлөөгө конкурс өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Жободо белгиленген Кыргыз Республикасынын Президенти бекиткен тартипте конкурстук комиссиясы тарабынан сыноо өткөрүлөт.

Конкурс өткөрүүнүн датасы, орду жана шарттары жөнүндөгү маалымат жергиликтүү жалпыга маалымдоо каражаттарында кулактандыруу берүү жолу менен жарыялануунга тийиш.

Ар бир катышуучуга конкурстун натыйжалары тууралу ал аяктаган күндөн тартып бир айдын ичинде жазуу жүзүндө билдирилет.

Конкурстук комиссиянын чечими муниципалдык кызматтын тиешелүү кызмат орунуна дайындоо үчүн эмгек келишимин (контрактын) түзүү болбосо ушундай дайындоодон жүйөлөштүрүлгөн баш тартуу негиз болуп саналат.

24-статья. Административдик кызмат орунун ээлеген муниципалдык кызматчыларды аттестациялоо

Муниципалдык кызматчы эки жылда бирден көп эмес жана ээлеген кызмат ордуна, анын кесиптик деңгээлине ылайык келе тургандыгын, кызматынан өсүү келечегин аныктоо үчүн, класстык чин ыйгаруу үчүн төрт жылда бир аттестациядан өткөрүлүүгө тийиш.

Муниципалдык кызматчыларды аттестациядан өткөрүүнүн тартиби, шарттары, аттестациялык комиссияны түзүүнүн тартиби, курамы Административдик кызмат орунун ээлеген муниципалдык кызматчыларды аттестациядан өткөрүү тартиби жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан бекитилген жобого ылайык аныкталат.

Муниципалдык кызматчыны аттестациядан өткөрүүнүн натыйжалары боюнча төмөндөгүдөй чечим кабыл алынат:

- муниципалдык кызматтын кызмат ордун ээлөөгө ылайык келет, кезектеги класстык чинди ыйгарууга сунуш кылынат;
- муниципалдык кызматтын ээлеп турган кызмат орунуна ылайык келет, кезектеги класстык чинди ыйгарууга сунуш кылынбайт;
- муниципалдык кызматтын ээлеп турган кызмат орунуна ылайык келбейт.

Аттестациянын натыйжалары муниципалдык кызматтын аттестациялык барагына киргизилет. Жыйналышта болгон жана добуш берүүгө катышкан аттестациялык комиссиянын төрагасы, катчысы жана мүчөлөрү кол коюшат. Муниципалдык кызматчы аттестациялык барак менен тилкат аркылуу таанышат.

25-статья. Муниципалдык кызматчыны окутуу

Муниципалдык кызмат орунуна дайындалган муниципалдык кызматчы жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын жетекчисинин чечими менен конкурстук комиссиясы аны муниципалдык кызмат орунуна бекиткенге чейин жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен аткарып жаткан тиешелүү иш-милдеттерине жараша программа боюнча кыска мөөнөттүү кайра даярдоочу же квалификациясын жогорулатуу курстарынын тиешелүү окутуусунан өтөт.

Окуп келген муниципалдык кызматчы кызмат боюнча жогорулатууда жана эмгек акысын көбөйткөндө артыкчылыкка ээ болот.

26-статья. Муниципалдык кызматчыларды кайра даярдоо Жана квалификациясын жогорулатуу тутуму

Муниципалдык кызматчыларды кайра даярдоо жана квалификациясын

жогорулатуу региондук жана башка окуу борборун ачуу максатын көздөгөн жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын кызматчыларын кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу алкаганда жүзөгө ашырылат.

Мамлекет аталган борборлордун ишин финансылык жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу маселелерин чечүүгө колдоо көрсөтөт жана тышкы финансылык жана техникалык жардам ресурстарын тартууга көмөк көрсөтөт.

27-статья. Муниципалдык кызматтын кадрлар резерви

Муниципалдык кызматтын кадрлар резерви (мындан ары - кадрлар резерви) - бул муниципалдык кызматтын муниципалдык кызмат орундарын ээлөөгө атайын топтолгон талапкерлердин тобу.

Кадрлар резерви талапкерлердин арасында тиешелүү конкурстарды өткөрүү аркылуу жергиликтүү өзалдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан төмөндөкүлөрдөн түзүлөт:

- жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүнүн конкурсунан өткөн адамдар, кенже административдик муниципалдык кызмат орундарын ээлөөгө конкурстан өткөндөрдөн;

- жергиликтүү өзалдынча башкаруунун жетекчисинин сунуштамасы боюнча кызматка көтөрүлүүгө ат салышкан муниципалдык кызматчылардан;

- мекеменин жоюлушуна, штаттын кыскарышына, узакка созулган эмгекке жарамсыздыкка же ден соолугунун абалы боюнча убактылуу ылайык келбегенине байланыштуу кызмат орундарынан бошотулган муниципалдык кызматчылардан;

- кызмат ордуна дайындоого көрсөтүлүп, бирок өзүлөрүнө көзкаранды болбогон себептерден улам кызмат ордуна дайындалбай калган муниципалдык кызматчы катары кызматта турбагандардан;

- аттестациянын натыйжалары боюнча кызматынан жогорулоого сунуштоо кылынган жана өздөрүн резервге кошууга табыштама берген ошол органдарда муниципалдык кызмат орундарын ээлеген муниципалдык кызматчылардын арасынан.

Кадрлардын резервине киргизүүнүн дагы башка шарттары жана тартиби жана андан чыгаруу резервде турган адамдардын укуктары жергиликтүү өзалдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.

IV бөлүм. Муниципалдык кызматчыларды материалдык жана социалдык-тиричилик жактан камсыз кылуу

28-статья. Муниципалдык кызматчыга эмгек акы төлөө

Муниципалдык кызматчынын эмгек акысы:

- өлчөмү Кыргыз Республикасынын Президенти бекиткен типтүү ставкалардын: негизинде жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан белгиленген кызматтык айлык акысынан;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык класстык чини, иштеген жылдары, ардак наамдарына кызматтык айлык акысына кошулуучу кошумча ар айлык акылардан;

- жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын жетекчисинин жергиликтүү бюджет мүмкүнчүлүк бергенде тийиштүү жергиликтүү кеңеш бекиткен кошумча акылардын типтүү шкалаларынын негизиндеги чечими менен эмгектин натыйжалуулугу жана ургаалдуулугу, ошондой эле өзгөчө адистик сапаты үчүн белгиленүүчү жеке кошумча акылардан;

- тийиштүү жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын же жергиликтүү кеңештин жетекчисинин чечиминин негизинде иштин натыйжалары боюнча сыйлыктардан;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка төлөмдөрдөн турат.

Административдик муниципалдык 1-топтогу кызмат ордун ээлеген муниципалдык кызматчынын акчалай эмгек акысынын формалары менен өлчөмү мыйзамдарга ылайык жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы менен түзүлгөн контрактта белгиленет.

Жергиликтүү кеңештер муниципалдык кызматтын өзгөчө шарттарына жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүгүнө жараша муниципалдык кызматчынын эмгек акысына кошумча жана дагы башка төлөмдөрдү (материалдык жардам, дарылануу каражаты, турак жай-коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө боюнча жеңилдиктер) белгилей алат.

29-статья. Муниципалдык кызматчынын өргүүгө чыгуусу

Муниципалдык кызматчыга ден соолугун чыңдоо үчүн мыйзамда белгиленген эмгек акы өлчөмүндөгү жөлөкпул төлөп берүү менен узактыгы отуз календардык күн болгон акы төлөнүүчү жылдык өргүү белгиленет.

Муниципалдык кызматта беш, он жана он беш жылдан ашуун иш стажы болгондо акы төлөнүүчү өргүү тиешелүүлүгүнө жараша эки, төрт жана алты календардык күнгө көбөйөт.

Айрым учурларда муниципалдык кызматчыга жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан эмгек акысы төлөнбөстөн өргүү берилиши мүмкүн.

30-статья. Муниципалдык кызматчыны пенсия менен камсыз кылуу

Муниципалдык кызматчыны пенсия менен камсыз кылуу Кыргыз Республикасынын пенсия менен камсыз кылуу жаатындагы мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

31-статья. Муниципалдык кызмат стажы

Муниципалдык кызмат стажын эсептөөдө жарандардын мурдагы СССРдин партиялык, советтик, профсоюздук жана комсомолдук органдарынын аппараттарындагы бошотулган кызмат орундарындагы, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарындагы кызмат орундарындагы иши, ошондой эле СССРдин жана Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндөгү жана укук коргоо органдарындагы кызмат өтөө жана туруктуу негизде депутаттык милдеттерин аткаруу, эгерде мыйзамда башкача белгиленбесе, муниципалдык кызмат стажына кошулуп эсептелет.

Муниципалдык кызматчы мамлекеттик кызматка киргенде муниципалдык кызмат стажы мамлекеттик кызматчыга тийиштүү жеңилдиктери жана башка укуктары менен бирге мамлекеттик кызмат стажына кошулуп эсептелет.

32-статья. Муниципалдык кызматчынын жеңилдиктери

Муниципалдык кызматчылар кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу өмүрүнө, саламаттыгына же мүлкүнө зыян келтирилген, ошондой эле кызмат өтөө мезгилинде келип чыгуучу ооруга чалдыккан же эмгекке жарамдуулугун жоготкон учурга карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте республикалык бюджеттин каражатынын эсебинен милдеттүү мамлекеттик камсыздандырууга алынууга тийиш.

Муниципалдык кызматчы өзүнүн кызматтык ыйгарым укуктарын аткаруусуна байланыштуу мертинүүсүнүн же кесиптик ооруга чалдыгуусунун натыйжасында майыптыкка дуушар болгон учурда, ага өлчөмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган жөлөкпул төлөнүп берилет.

Муниципалдык кызматчы өзүнүн кызматтык ыйгарым укуктарын аткаруу учурунда каза болгондо үй-бүлөсүнө Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде белгиленген өлчөмдө бир жолку акчалай жөлөкпул төлөнүп берилет.

V бөлүм. Муниципалдык кызматтын токтотулушу

33-статья. Муниципалдык кызматтын токтотулушунун негиздери

Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндө мыйзамдарында каралган негиздерден тышкары муниципалдык кызматчыны иштен бошотуу, кабыл алуу жана бошотуу укугуна ээ жетекчилердин демилгеси боюнча да төмөндөгүдөй учурларда жүзөгө ашырылышы мүмкүн:

- Кыргыз Республикасынын жарандыгы токтотулганда;
- ушул Мыйзам менен муниципалдык кызматчы үчүн белгиленген милдеттер жана чектөөлөр сакталбаса;
- мыйзам менен корголуучу мамлекеттик, дагы башка сырды түзгөн маалыматтар жарыя кылынса.

Муниципалдык кызматчылардын жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын эмгектик талаш-тартышы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте каралат.

Муниципалдык кызматчыны пенсияга чыгаруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жүзөгө ашырылат.

(Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 28-апрелиндеги N 75 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

34-статья. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы жоюлган, штаты кыскартылган жана кайра уюштурулганда муниципалдык кызматчынын укуктук абалы

Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы жоюлган, уюштурулган же штаты кыскарганда муниципалдык кызматчыга жергиликтүү өзалдынча башкаруунун ошол эле органында иштөөгө мүмкүнчүлүк болбосо, анын кесибин, квалификациясын жана мурда ээлеген кызмат ордун эске алуу менен башка кызмат орду сунуш кылынууга тийиш.

Эмгекке орноштурууга мүмкүнчүлүк болбогондо белгилүү бир мөөнөткө эмгек келишимин (контрактын) түзгөн муниципалдык кызматчыга кайра даярдоо мезгилинде мурда иштеген кызмат орду боюнча акчалай каражатын сактоо менен жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен кайра даярдоо (квалификациясын өзгөртүү) кепилдиги берилет.

Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын жоюлушуна же штаты кыскарышына байланыштуу кызматтан бошотулганда муниципалдык кызматчыга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык компенсация төлөп берилет.

35-статья. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, областтардын, райондордун, шаарлардын, айылдардын, шаарчалардын жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар:

- ушул Мыйзамды ишке ашыруу боюнча тиешелүү чараларды көрсүн;
- өз чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү үч айлык мөөнөт ичинде тиешелүү тартипте өз мыйзам актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирүү боюнча сунуш киргизсин.

Бишкек шаары
2002-жылдын 5-июлу N 113

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ
Аксакалдар соттору жөнүндө

(Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-июлундагы N 158,
2009-жылдын 12-июнундагы N 181 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

I Бөлүм. Жалпы жоболор
II Бөлүм. Аксакалдар сотторун уюштуруу тартиби
III Бөлүм. Аксакалдар сотторунун иштерди (материалдарды) кароосунун тартиби
IV Бөлүм. Аксакалдар сотунун чечими
V Бөлүм. Аксакалдар соттору колдонгон таасир көрсөтүү чаралары
VI Бөлүм. Аксакалдар сотторунун чечимдерине даттануунун жана аны аткаруунун тартиби
VII Бөлүм. Аксакалдар сотторунун башка органдар менен өз ара мамилеси
VIII Бөлүм. Корутунду жобо

Ушул Мыйзам аксакалдар сотторунун укуктук негиздерин, уюштурулуш жана иш принциптерин аныктайт.

I Бөлүм. Жалпы жоболор

1-статья. Аксакалдар соттору

Аксакалдар соттору - булар ыктыярдуу башталыштарда жана шайлануучулук жана өз алдынча башкаруу негизинде түзүлүүчү, белгиленген тартипте сот, прокурор, ички иштер органдары жана башка мамлекеттик органдар жана алардын кызмат адамдары тарабынан Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жөнөтүлүүчү материалдарды, ошондой эле жарандардын ортосундагы талаш-тартыштар боюнча иштерди ушул Мыйзамда белгиленген учурларда жана тартипте кароону жүзөгө ашырууга чакырылган коомдук органдар.

Аксакалдар соттору жарандардын, жергиликтүү кеңештердин же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башка өкүлчүлүктүү органынын чогулушунун чечими боюнча айылдардын, шаарчалардын, шаарлардын аймагында аксакалдардан, урматтуу жана кадыр-барктуу эркектер жана аялдардан уюштурулушу мүмкүн.

Аксакалдар соттору юридикалык жак болуп эсептелбейт жана юстиция органдарында катталууга алынбайт. Аксакалдар сотторунун аталышы жазылган мөөрү жана штамптары болот.

(КР 2003-жылдын 30-июлундагы N 158, 2009-жылдын 12-июнундагы N 181 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

2-статья. Аксакалдар сотторунун ишинин укуктук негизи

Аксакалдар сотторунун ишинин укуктук негизин Кыргыз Республикасынын Конституциясы, ушул Мыйзам жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары түзөт.

Аксакалдар соттору, ошондой эле өзүнүн ишинде өздөрүнүн абийирин, жеке ынанымдарын, Кыргызстандын элдеринин үрп-адаттарынан жана салт-санаасынан улам тарыхый жактан калыптанган адеп-ахлактыктын жана ыймандуулуктун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген ченемдерин жетекчиликке алышат.

3-статья. Аксакалдар сотторунун негизги милдеттери

Аксакалдар сотторунун негизги милдеттери:

- жарандардын бузулган же талаш-тартышка түшкөн укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо;
- мыйзамдуулукту жана укук тартибин чыңдоого көмөк көрсөтүү жана айылдардын, шаарчалардын жана шаарлардын аймагында укук бузуулардын алдын алуу;
- жарандарды мыйзамды, үрп-адаттардан жана салттардан улам тарыхый жактан калыптанган адеп-ахлактыктын жана ыймандуулуктун ченемдерин урматтоого тарбиялоо болуп саналат.

Аксакалдар соттору ынандыруу жана коомдук таасир көрсөтүү, тараптардын жарашуусуна жетишүү жана республиканын мыйзамдары менен башка ченемдик актыларына каршы келбеген, акыйкат чечим чыгаруу жолу менен иштейт.

4-статья. Аксакалдар сотторунун иш-милдеттери

Аксакалдар соттору:

- жарандык-процесстик мыйзамдарда каралган тартипте жарандык иштер боюнча жергиликтүү соттор тарабынан жөнөтүлгөн;
- жазык-процесстик мыйзамдарына ылайык коомдук таасир көрсөтүү чараларын колдонуу үчүн соттор, прокурорлор, прокурордун санкциясы менен тергөө жана алгачкы тергөө органдары тарабынан жөнөтүлгөн кыскартылган жазык иштери боюнча материалдарды.

Аксакалдар соттору тарабынан, ошондой эле тараптарды жана ушул Мыйзамда каралган башка иштерди жараштырууга жетишүү максатында мүлктүк жана үй-бүлөлүк талаш-тартыштарды чечүү үчүн жарандардын өздөрүнүн арызы боюнча (тараптардын макулдугу менен) иштер каралышы мүмкүн.

Аксакалдар соттору мурда эле сот чечими чыгарылган, администрациялык жаза чаралар көрүлгөн же өзүнүн компетенциясынын чегинде аксакалдар сотунун чечими чыккан материалдарды кароого акысыз.

(Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-июлундагы N 158 мыйзамынын редакциясына ылайык)

5-статья. Сот өндүрүшү жүргүзүлгөн тил

Аксакалдар сотунун сот өндүрүшү мамлекеттик же расмий тилде, болбосо ошол жердеги калктын көпчүлүгүнүн тилинде жүргүзүлөт.

Аксакалдар соту жазуу жүзүндөгү бардык далилдерди ишти кароодо

колдонулууга тийиш болгон тилге котортуп берүүсүн тараптардан талап кыла алат.

6-статья. Аксакалдар сот өндүрүшүнүн айкындуулугу

Аксакалдар сотторунда териштирүү ачык жүргүзүлөт.

Он алты жашка чыга элек адамдардын иштеринде, үй-бүлөлүк талаш-тартыштарда тараптардын биринин өтүнүчү менен ишке катышкандардын жашоо-турмушунун купуя сырлары жөнүндө маалыматтардын таралышын алдын алуу максатында соттун жүйөлөштүрүлгөн чечими боюнча жабык жыйналышка жол берилет.

Аксакалдар соту өзүнүн жыйналышында жыйналышка катышуучулардын түшүндүрмөлөрүн угууга, судьяларда жана жыйналышка катышуучуларда болгон документтерди жарыялоого милдеттүү.

7-статья. Иштерди кароодогу коллегиялдуулук

Аксакалдар сотторунда иштер коллегиялдуу-төрагалык кылуучу менен соттун мүчөлөрүнүн курамында каралат.

Аксакалдар соту иштерди курамдын үчтөн экиси катышканда кароого укуктуу, алардын саны так эмес болууга тийиш.

II Бөлүм. Аксакалдар сотторун уюштуруу тартиби

8-статья. Аксакалдар сотторунун мүчөлөрүнүн саны

Аксакалдар соттору 5тен кем эмес жана 9дан ашык эмес адамдардын курамында шайланат, ошону менен бирге алардын саны милдеттүү түрдө так эмес болууга тийиш.

9-статья. Аксакалдар сотторунун мүчөлөрүнө карата коюлган талаптар

Аксакалдар сотторунун курамына айылдардын, шаарчалардын жана шаарлардын калкынын арасында урмат-сыйга жана кадыр-баркка ээ, ишкердик жана адеп-ахлактык сапаттары боюнча аксакалдар сотторунун алдына коюлган милдеттерди аткарууга жарамдуу эркектер сыяктуу эле аялдар дагы, Кыргыз Республикасынын бойго жеткен жарандары шайлана алышат.

Аксакалдар сотунун мүчөлүгүнө талапкерлер жарандар (тургундар) жана ушул Мыйзамда белгиленген тартипте жергиликтүү өз алдынча башкаруу огандары тарабынан көрсөтүлөт.

(КР 2003-жылдын 30-июлундагы N 158, 2009-жылдын 12-июнундагы N 181 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

10-статья. Аксакалдар сотторун түзүүнүн принциптери

Аксакалдар соттору эреже катары айылдарда жана шаарчаларда бир калктуу конушта - бир аксакалдар соту, болбосо бир айыл өкмөтүндө - бир аксакалдар соту принциби боюнча түзүлөт.

Шаарларда аксакалдар соттору:

- эгерде тургундарынын саны 25 миңден ашпаса - бир аксакалдар соту;

- эгерде тургундарынын саны 25 миңден 50 миңге чейинди түзсө - эки аксакалдар соту жана ушул сыяктуу принцип боюнча түзүлөт.

Кичи райондору бар шаарларда аксакалдар соттору тургундардын санына карабастан бир кичи райондо - бир аксакалдар соту принциби боюнча түзүлөт.

11-статья. Аксакалдар сотторун шайлоонун тартиби

Аксакалдар сотторунун мүчөлөрү жашаган жери боюнча жарандардын жалпы чогулуштарында, ошондой эле коомчулуктун Кеңештеринин конференцияларында, айылдык, шаарчалык, райондук (шаардык) кеңештердин сессияларында ачык добуш берүү менен үч жылдык мөөнөткө шайланышат. Аксакалдар сотторунун төрагаларын өздөрүнүн ичинен аксакалдар сотторунун мүчөлөрү шайлайт.

Аксакалдар сотторун шайлоо боюнча чогулуштар тийиштүү жергиликтүү айыл өкмөтү, райондук (шаардык) кеңештер, болбосо 50дөн кем эмес сандагы жарандардын демилгеси боюнча чакырылат. Шайлоо күнү жөнүндө билдирүү тийиштүү райондук (шаардык) кеңеш тарабынан бир ай мурда кабарланат.

Чогулушка катышкандардын көпчүлүк добушун алган жарандар соттун курамына шайланды деп эсептелинет. Эгерде чогулушка ошол калктуу конуштун аракетке жөндөмдүү 50дан кем эмес жарандары катышса, чогулуш ыйгарым укуктуу деп эсептелинет.

Аксакалдар сотторунун мүчөлөрү өздөрүнүн курамынан төраганы жана катчыны шайлашат.

Бир почта боюнча жашаган жана бир үй-бүлөгө кирген адамдардын атынан алардын өкүлү (үй-бүлө башы же үй-бүлөнүн башка мүчөсү) чыга алат.

Коомдук кеңештин, айылдык, шаарчалык, райондук (шаардык) кеңештердин сессияларынын чечимдерин кабыл алуунун тартиби алардын уставдары жана регламенттери менен жөнгө салынат.

(Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-июлундагы N 158 мыйзамынын редакциясына ылайык)

12-статья. Аксакалдар сотторун каттоо

Ушул Мыйзамдын жоболорунун талаптарына ылайык уюштурулган аксакалдар соттору райондук (шаардык) кеңештерде катталат.

Аксакалдар сотторун каттоо үчүн райондук (шаардык) кеңештерге ошол калктуу конуштун тургундарынын чогулушунун протоколу, болбосо аксакалдар сотун уюштуруу жана анын мүчөлөрүн шайлоону ырастаган тийиштүү коомчулуктун Кеңешинин конференциясынын протоколу, ошол аймакта жашагандардын сандык курамы жөнүндө мамлекеттик органдын маалымкаты, шайланган аксакалдар сотунун мүчөлөрү кол койгон аксакалдар сотун каттоо жөнүндөгү арыз, аксакалдар сотунун мүчөлөрүнүн паспортторунун көчүрмөлөрү берилет.

Аксакалдар сотторунун мүчөлөрүн тийиштүү коомчулуктун Кеңештеринин конференцияларында шайлоодо, ошол аймакта жашагандардын сандык курамы жөнүндөгү мамлекеттик органдын маалымкаты талап кылынбайт.

Райондук (шаардык) кеңештердин талабы боюнча аксакалдар сотун уюштурууга байланыштуу башка документтер да берилет.

13-статья. Аксакалдар сотунун мүчөсүнөн баш тартуу билдирүү

Аксакалдар сотунун мүчөсү, эгерде ал талашып-тартышкан тараптардын жакын тууганы болсо, ошондой эле соттун мүчөсү иштин жыйынтыгына кызыкдар деп эсептөөгө негиз берген башка жагдайлар болсо, иштерди (материалдарды) кароого катыша албайт.

Аксакалдар сотунун мүчөсүнөн баш тартуу билдирүү:

- ишке катышкан жактардын арызы боюнча;
- аксакалдар сотунун башка мүчөлөрүнүн арыздары боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн.

Аксакалдар сотунун мүчөсү ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн негиздер менен өзүнүн баш тартуусу жүнүндөгү арызы боюнча баш тартууга тийиш.

Аксакалдар соту аксакалдар сотунун мүчөсүнүн баш тартуу билдирүү же өзүнүн баш тартуусу жөнүндөгү арызды карап, анын жыйынтыгында иштин маңызы боюнча чечим кабыл алат.

Аксакалдар сотунун мүчөсүнөн баш тартуу аксакалдар сотунун өзүнүн мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынган чечими боюнча жүргүзүлөт.

14-статья. Аксакалдар сотунун мүчөсүн соттун курамынан чыгаруу

Аксакалдар сотунун мүчөсү соттун курамынан төмөнкүдөй негиздер боюнча чыгарылышы мүмкүн:

- аксакалдар сотунун мүчөлүгүнөн баш тартуу;
- аксакалдар сотунун мүчөсүнүн өлүмү;
- ыйгарым укугунун мөөнөтүнүн бүтүүсү;
- жашаган жеринин өзгөрүшү (ошол калктуу конуштан көчүп кетүүсү);
- жазык жоопкерчилигине тартылуусу жана соттолуусу;
- аксакалдар сотунун мүчөсүн чакыртып алуу.

Аксакалдар сотунун мүчөсү аны шайлаган жарандардын жалпы чогулушу, тийиштүү Коомдук кеңештердин конференциясы, болбосо айылдык, шаарчалык, райондук (шаардык) кеңештердин сессиялары тарабынан:

- эгерде ага жүктөлгөн милдеттерди аткара албаса;
- татыксыз жүрүм-турумуна байланыштуу;
- эгерде укук бузууларды жана аксакалдар сотунун мүчөсүнүн наамына ылайык келбеген башка жоруктарды жасаса, кайра чакыртылып алынышы мүмкүн.

Соттун чыгарылган мүчөсүнүн ордуна аксакалдар сотунун жаңы мүчөсүн шайлоо ушул Мыйзамдын 11-статьясында каралган тартипте жүргүзүлөт.

Аксакалдар сотунун ыйгарым укугунун мөөнөтүнүн бүтүшүнө байланыштуу соттун курамынан чыгарылган мүчөсү кайрадан шайланышы мүмкүн.

III Бөлүм.Аксакалдар сотторунун иштерди (материалдарды) кароосунун тартиби

15-статья. Аксакалдар соттору караган иштер (материалдар)

Аксакалдар соттору төмөнкүдөй иштерди (материалдарды) кароого укуктуу:

а) жарандардын мүлктүк жана үй-бүлөлүк талаш-тартыштары жөнүндө:

- мүлктүк карыздарды төлөтүп алуу боюнча;
- мүлктү бөлөк бирөөнүн мыйзамсыз ээлөөсүнөн кайра суратып алуу боюнча;
- мүлктү бөлөк бирөөнүн мыйзамсыз ээлөөсүнөн кайтарып алуу боюнча;
- сактоого коюлган мүлктү кайтарып алуу боюнча;
- ижаралык төлөөнү өндүрүп алуу боюнча;
- зыян келтирилген мүлктүн ордун толтуруу боюнча;
- жубайлардын жалпы орток мүлкүн бөлүштүрүү боюнча;
- улуттук нике мамилелери жана нике-үй-бүлө мамилелери менен байланышкан каада-салттар боюнча;

б) ата-энелердин, үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнүн балдарды багуу жана тарбиялоо боюнча милдеттерин аткарбаганы жөнүндө;

в) бойго жеткен балдардын эмгекке жарамсыз ата-энелерин же аларды белгиленген тартипте тарбиялаган жана баккан адамдарды багуу боюнча милдеттерин аткарбаганы жөнүндө;

г) эмгек келишими боюнча аткарылган иш үчүн акы төлөө жөнүндө;

д) жер участокторун пайдалануучулардын ортосундагы сугат боюнча талаштар.

(Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-июлундагы N 158 мыйзамынын редакциясына ылайык)

16-статья. Аксакалдар сотторунда иштерди (материалдарды) кароо мөөнөттөрү

Аксакалдар соту ишти (материалдарды) ал сотко келип түшкөн учурдан тартып 15 күндүк мөөнөттө карайт. Зарыл болгон учурларда (материалдарды) иштерди кароонун мөөнөтү материалдарды суратып алуу, болбосо сотко катышуучулардын кошумча маалыматтарды берүүсүнүн мөөнөтүнө узартылышы мүмкүн, бирок ал 15 күндөн ашпайт.

Эгерде бир ай бою кворум болбой калган учурларда аксакалдар сотторунун башка чечими кабыл алынбаса, аксакалдар сотторуна тийиштүү мамлекеттик органдар же алардын кызмат адамдары тарабынан өткөрүлүп берилген иштери (материалдары), ошондой эле жарандардан түшкөн арыздарды алар кайра суратып ала алышат.

(Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-июлундагы N 158 мыйзамынын редакциясына ылайык)

17-статья. Аксакалдар сотторунун иштерди (материалдарды) кароосунун убактысы жана орду

Аксакалдар сотторунун иштерди (материалдарды) кароо убактысы соттун төрагасы тарабынан аныкталат. Аксакалдар сотунда катышуусу зарыл болгон адамдарды заседаниеге чакыруу соттун төрагасы тарабынан милициянын бөлүктүк инспектору аркылуу жүргүзүлөт. Бул адамдарды кабарлоо өз учурунда, бирок кеминде үч күн мурда жүргүзүлөт.

Эгерде аксакалдар соттору ишти кароонун башка ордун аныктабаса, аксакалдар соттору ишти (материалдарды), жергиликтүү айыл өкмөтү, райондук (шаардык) кеңештер бөлүп берген жайларда карайт.

Аксакалдар соту төмөнкүдөй учурларда:

- эгерде анын аймагында укук бузуулар болсо;

- жашаган жерине карабастан эгерде жоопкер анын аймагында жашаса арыз берүүчүлөрдүн өтүнүчү боюнча;
- эгерде укук бузуучу, болбосо жабырлануучу, жабырлануучу болбосо жоопкер анын аймагында жашаса башка аксакалдар сотторунун өтүнүчү боюнча ишти (материалдарды) карайт.
(Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-июлундагы N 158 мыйзамынын редакциясына ылайык)

18-статья. Аксакалдар сотторунун ишти (материалдарды) кароонун негизи

Аксакалдар сотторунун ишти (материалдарды) кароо үчүн төмөндөгүлөр негиз болуп эсептелет:

а) тийиштүү айыл өкмөтүнүн, райондук (шаардык) кеңештердин сунушу;

б) администрациялык жаза берүү укугуна ээ мамлекеттик органдын же анын кызмат адамынын берген иши;

в) териштирүү жана тергөө, ошондой эле соттун белгиленген тартипте берген иши;

г) жарандардын арызы;

д) башка аксакалдар сотторунун арыздары.

19-статья. Ишти (материалдарды) кароого даярдоо боюнча аксакалдар сотунун иш-аракети

Аксакалдар соту ишти (материалдарды) кароо менен байланыштуу арыздарды жана башка материалдарды текшерүүнү жүргүзөт. Текшерүүнү соттун төрагасы, ошондой эле анын тапшыруусу боюнча соттун мүчөсү жүргүзө алат.

Зарыл болгондо аксакалдар сотуна тартылган адам, жабырлануучу, күбөлөр сурак беришет же алардан түшүнүк алышат.

Анын жыйынтыктары боюнча текшерүү жүргүзгөн адам корутунду жазат, анда иштин нукура жагдайы, жасалган жоруктун себептери, аксакалдар сотуна тартылган адам жөнүндөгү маалыматтар көрсөтүлөт.

20-статья. Талаш-тартыштын катышуучуларын колдо болгон материалдар менен тааныштыруу

Аксакалдар соту аксакалдар сотуна тартылган адамды, ошондой эле жабырлануучуну жана талаш-тартыштын башка катышуучуларын колдо болгон материалдар менен тааныштырууга милдеттүү.

Сотко тартылгандар, анын катышуучулары кошумча материалдарды суратып алуу жөнүндө расмий өтүнүч менен сотко кайрылууга укуктуу.

21-статья. Соттун жыйналышын ачуу

Ишти (материалдарды) кароо үчүн белгиленген убакытта төрага, болбосо анын тапшыруусу боюнча аксакалдар сотунун бир мүчөсү аксакалдар сотунун жыйналышын ачат жана кайсы иштер (материалдар) карала тургандыгын жарыялайт.

22-статья. Процесске катышуучу адамдардын келүүсүн текшерүү жана алардын укуктарын түшүндүрүү

Төрагалык кылуучу жыйналыш ачылгандан кийин сотко чакырылган адамдардын келгендигин тактайт, сотко тартылганга, жабырлануучуга жана процесстин башка катышуучуларына алардын укуктары жөнүндө түшүндүрөт, ошондон кийин адамдардан соттун курамынан баш тартуу же расмий өтүнүчтөрү бар же жок экендигин, ал эми мүлктүк жана үй-бүлөлүк талаш-тартыштар боюнча тараптардын алардын ишин аксакалдар сотунда кароосуна макулдугун тактайт.

Процесске катышып жаткан адамдар далилдерди текшерүүгө катышууга жана расмий өтүнүч билдирүүгө, анын ичинде кошумча материалдарды суратып алууга укуктуу.

(Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-июлундагы N 158 мыйзамынын редакциясына ылайык)

23-статья. Олуттуулугу боюнча ишти кароо

Баш тартуу жана расмий өтүнүү жөнүндө маселе чечилгенден кийин төрагалык кылуучу сотко тартылган адамдын жоругунун же укук бузуусунун олуттуулугун, ошондой эле жүргүзүлгөн текшерүүнүн, ал эми жарандардын арыздары боюнча талаш-тартыштын жүйөсү жана маңызы боюнча натыйжасын баяндайт.

Сот андан кийин сотко тартылгандын, жабырлануучунун, жоопкердин, күбөлөрдүн жана башка процесске катышуучулардын түшүндүрмөлөрүн угат жана иш боюнча зарыл материалдардын бардыгын карайт.

Процесске катышуучулар тарабынан толуктоолор жок болсо, төрагалык кылуучу ишти кароо аяктады деп жарыялайт жана сот чечим чыгаруу үчүн өзүнчө бөлмөгө кетет.

Кандайдыр бир кошумча маалымдоолорду же маалыматтарды алуу зарыл болуп калган учурда, сот жоруктун же укук бузуунун жарандардын арызынын олуттуулугу боюнча чечим чыгарбастан туруп, кийинкиге калтырууга же аны башка мөөнөткө которууга укуктуу.

Аксакалдар сотторунда ишти териштирүү акысыз жүргүзүлөт.

(Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-июлундагы N 158 мыйзамынын редакциясына ылайык)

24-статья. Аксакалдар сотунун заседаниесинин соттук протоколу

Иш каралып жаткан учурда аксакалдар сотунун мүчөсү протокол жүргүзөт.

Аксакалдар сотунун протоколунда соттун курамы жөнүндө маалымдоолор, иштин мүнөзү, аны кароонун убактысы жана орду, ишти кароодо аксакалдар сотунун заседаниесине катышкан адамдар жөнүндө маалыматтар, алардын арызы жана кыскача сөзү (түшүндүрмөсү, расмий өтүнүчү) жана кабыл алынган чечим камтылууга тийиш.

Аксакалдар сотунун заседаниесинин протоколуна төрагалык кылуучунун жана катчынын колу коюлат.

(Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-июлундагы N 158 мыйзамынын редакциясына ылайык)

IV Бөлүм. Аксакалдар сотунун чечими

25-статья. Чечим чыгаруу

Аксакалдар сотунун олуттуулугу боюнча чыгарылган токтому чечим түрүндө болот.

Аксакалдар сотунун чечими ишти кароого катышкан соттун бардык мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Чечимге макул болбогон соттун мүчөсү өзүнүн өзгөчө пикирин жазуу жүзүндө берет, ал чечимге тиркелет.

26-статья. Чечимдин негиздүүлүгү

Сот чечиминде соттун заседаниесинде текшерилген гана далилдерге негиздейт.

27-статья. Соттун чечиминин формасы жана мазмуну

Аксакалдар сотунун чечими жазуу жүзүндө баяндалып, анда төмөндөгүлөр көрсөтүлөт:

- чыгарылган чечимдин убактысы жана орду, чечим чыгарган соттун аталышы, ишти кароого катышкан соттор менен адамдардын курамы;
- талаш-тартыштын предмети же укук бузуунун мазмуну;
- сот тарабынан аныкталган иштин жагдайы, иштин жагдайы жөнүндө сот чыгарган тыянактын далилдери, соттун тигил же бул далилдерди четке каккан жүйө-себептери;
- чечим кабыл алууда сот жетекчиликке алган мыйзамдар;
- каралган материал боюнча аксакалдар соту кабыл алган корутунду;
- кабыл алынган чечимге даттануунун мөөнөтү жана тартиби;
- чечимди аткаруунун мөөнөтү.

Чечимге аксакалдар сотунун заседаниесинде ал жарыяланганга чейин төрагалык кылуучунун жана соттун мүчөлөрүнүн колу коюлат.

V Бөлүм. Аксакалдар соттору колдонгон таасир көрсөтүү чаралары

28-статья. Таасир көрсөтүү чаралары

Аскакалдар соту сотко тартылгандын күнөөсүн аныктоо менен төмөндөгү таасир көрсөтүү чараларынын бирөөнү колдонуу жөнүндө чечим чыгарат:

а) эскертүү берүү;

б) жабырланган тараптан эл алдында кечирим суроого милдеттендирүү;

в) коомдук уяткаруу жарыялоо;

г) материалдык зыяндын ордун толтурууну күнөөлүү тарапка милдеттендирүү;

д) Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген эң төмөнкү үч айлык акыга чейинки өлчөмүндө акчалай жазапул салуу.

Үй-бүлөлүк талаш-тартышта сот каралып жаткан талаш-тартыштын негизи боюнча чечим кабыл алат.

Эгерде аксакалдар соту мүлк жана үй-бүлөлүк талаш-тартыштар боюнча

тараптардын жарашуусуна жетише албаса, ал каралып жаткан иштин негизи боюнча чечим кабыл алат.

Администрациялык укук бузган адамга карата колдонулган коомдук таасир көрсөтүү чарасы жөнүндө аксакалдар соту 10 күндүк мөөнөттүн ичинде материалды жөнөткөн органга (кызмат адамына) билдирүүгө милдеттүү.

Сот адамдын кадыр-баркына шек келтирген жаза жөнүндө чечим чыгарууга акысы жок.

Коомдук таасир көрсөтүү чараларынын белгиленген тизмеси толук делип эсептелинет жана кеңири чечмеленүүгө жатпайт.

Ушул Мыйзамда каралбаган таасир көрсөтүү чаралары колдонулган учурда, андай жаза мыйзамсыз деп эсептелет жана аткарууга жатпайт.

(Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-июлундагы N 158 мыйзамынын редакциясына ылайык)

29-статья. Акчалай жазапулду бөлүштүрүү

Айыл же шаарча кеңешинин алдында түзүлгөн аксакалдар сотунун салган акчалай жазапулдары баштапкы деңгээлдеги жергиликтүү кеңештердин бюджетине төгүлөт.

Шаарларда түзүлгөн аймактык өз алдынча башкаруудагы Коомдук кеңешинин алдындагы аксакалдар соту салган акчалай жазапулдар төмөндөгүчө бөлүштүрүлөт:

30 пайызы - аксакалдар соту турган аймактын баштапкы деңгээлдеги жергиликтүү кеңештин бюджетине;

70 пайызы - аксакалдар соту түзүлгөн аймактык өз алдынча башкаруудагы Коомдук кеңештин эсебине.

VI Бөлүм. Аксакалдар сотторунун чечимдерине даттануунун жана аны ткаруунун тартиби

30-статья. Аксакалдар сотунун чечимдерине даттануунун тартиби

Аксакалдар сотунун чыгарган чечимине чечим чыгарылган адам жана ишти кароого катышкан башка адамдар тарабынан чечим чыгарылгандан тартып 10 күндүн ичинде даттанылышы мүмкүн.

Даттануу аксакалдар соту түзүлгөн аймактагы райондук же шаардык сотко берилет.

Даттануу ал келип түшкөн күндөн тартып 10 күндүн ичинде райондук же шаардык соттун судьясынын жеке өзү тарабынан каралат. Мында судья аксакалдар сотунун чыгарган чечими Кыргыз Республгкасынын колдонуудагы мыйзамдарына, ушул Мыйзамга, ошондой эле иштин жагдайларына ылайык келишин текшерет.

Эгерде райондук же шаардык сот даттанууну негиздүү деп тапса, анда ал жүйөлөштүрүү менен аксакалдар сотунун чечимин жокко чыгарат жана материалды кайра кароого жөнөтөт, болбосо ишти токтотот.

31-статья. Аксакалдар сотторунун чечимдерин аткаруунун тартиби

Келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндөгү, болбосо мүлктүк өндүрүү жөнүндөгү аксакалдар сотунун чечими сотко тартылган адам тарабынан соттун

чечиминде көрсөтүлгөн мөөнөттө аткарылууга тийиш.

Аксакалдар соту өзүнүн чечимдеринин аткарылышына контролдук кылат.

32-статья. Аксакалдар сотунун чечимин мажбурлап аткартуу

Тараптар белгиленген мөөнөттө чечимди аткарбаган учурда мажбурлап аткарууга аткартуу баракчасын аксакалдар соту жайгашкан аймактагы райондук же шаардык сот тарабынан берилет.

Аксакалдар сотунун чечимин мажбурлап аткартууга аткартуу баракчасын берүү жөнүндөгү арыз анын пайдасына чечим чыгарган тараптын аймагында турган райондук же шаардык сотко берилет.

Арыз чечимди аткаруу мөөнөтү бүткөн күндөн тартып бир айдын ичинде берилиши мүмкүн.

Арызга аксакалдар сотунун чечими аткарылбай калгандыгын ырастоочу документтер тиркелет.

Белгиленген мөөнөтүнөн өткөрүү менен, болбосо зарыл документтер тиркелбей берилген арыз, каралбастан райондук же шаардык сот тарабынан кайтарылып берилет.

Аткаруу баракчасын берүү жөнүндөгү арыз берүүнүн мөөнөтү жүйөлүү себептерден улам өткөрүлүп жибергенде тараптардын өтүнүчү боюнча мөөнөт райондук же шаардык сот тарабынан калыбына келтирилиши мүмкүн.

Арызды шаардык же райондук сот алган күндөн тартып бир айлык мөөнөттө судья жеке өзү карайт. Мында судья аксакалдар сотунун чечими Кыргыз Республикасынын колдонулуп жаткан мыйзамына ылайык келишин текшерет.

Арызды кароонун жыйынтыктары боюнча аткартуу баракчасын берүү, болбосо аны берүүдөн баш тартуу жөнүндө аныктама чыгарылат.

VII Бөлүм. Аксакалдар сотторунун башка органдар менен өз ара мамилеси

33-статья. Аксакалдар сотторун материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу

Аксакалдар сотторунун ишин материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу жана аксакалдар сотторунун мүчөлөрүн акчалай сыйлоо тийиштүү айыл өкмөтүнүн, райондук (шаардык) кеңештин каражаттарынын, ошондой эле ар кандай юридикалык жактардан жана жарандардан түшкөн каражаттардын эсебинен жүзөгө ашырылат.

Аксакалдар сотторунун каражаттарды пайдалануу тартиби тийиштүү областтык кеңеш менен макулдашылып, айыл өкмөтү, райондук (шаардык) кеңеш кабыл алган регламент менен белгиленет.

34-статья. Аксакалдар сотуна усулдук жана башка жардамдарды көрсөтүү

Аксакалдар сотуна мыйзамдарды колдонуу боюнча усулдук жардам алардын аймагында түзүлгөн райондук (шаардык) соттор тарабынан көрсөтүлөт.

Аксакалдар сотторунун заседаниесинде укук тартибин, ошондой эле зарыл болгон учурда аксакалдар сотторунун заседаниесине укук бузгандарды, жооп берүүчүлөрдү мажбурлап алып келүүнү ички иштер органы камсыз кылат.

35-статья. Аксакалдар сотторунун отчеттуулугу

Аксакалдар соттору каралган иштин (материалдардын) статистикалык эсебин жүргүзүшөт.

Аксакалдар соттору өзүнүн иши жөнүндө жылына бир жолудан кем эмес аны түзгөн жарандардын жалпы чогулушуна, Коомдук кеңештин конференциясына, айылдык, шаарчалык, райондук (шаардык) кеңештердин сессияларына отчет берет.

36-статья. Аксакалдар сотторунун иштеринин сакталышы

Аксакалдар сотунун иштери материал каралып бүткөндөн кийин тийиштүү айыл өкмөтүнө, райондук (шаардык) кеңештерге сактоо үчүн өткөрүлүп берилет.

VIII Бөлүм. Корутунду жобо

37-статья. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши

Ушул Мыйзам жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Ушул Мыйзам кабыл алынганга чейин түзүлгөн аксакалдар соттору иштеп жаткан статусун сактап калат.

Түзүлүп жана иштеп жаткан бирок райондук (шаардык) кеңештердин эсепке алуу каттоосунан өтпөгөн аксакалдар соттору, бир айлык мөөнөт ичинде ушул Мыйзамдын 12-статьясынын талаптарына ылайык каттоодон өтүүгө тийиш.

Бишкек шаары, Өкмөт Үйү
2005-жылдын 21-февралы N 36

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ
Жамааттар жана алардын бирикмелери жөнүндө

I бөлүм. Жалпы жоболор
II бөлүм. Жамаатты түзүү, мүчөлүк жана анын иштеши
III бөлүм. Жамааттардын бирикмелери
IV бөлүм. Корутунду жоболор

Ушул Мыйзам айылдарда, шаарчаларда, шаарларда түзүлүүчү жамааттарды жана алардын бирикмелерин түзүүнүн жана иштешинин тартибин, принциптерин аныктайт, ошондой эле алардын мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары, юридикалык жана жеке жактар менен болгон мамилелерин жөнгө салат жана Кыргыз Республикасындагы социалдык мобилизациялоону ишке ашыруу үчүн укуктук жана уюштуруучулук негиздерди түзүүгө, жамааттарга жана алардын бирикмелерине өзалдынча башкарууга мамлекеттик кепилдиктерди берүүгө багытталган.

I бөлүм. Жалпы жоболор

1-статья. Негизги тушүнүктөр жана терминдер

Ушул Мыйзамда төмөндөгүдөй түшүнүктөр жана терминдер пайдаланылат:

жамаат - жергиликтүү маанидеги иштерди биргелешип жана жоопкерчилигин өз мойнуна алып чечүү үчүн бир көчөнүн, кварталдын же башка аймактык түзүлүштөгү айылдын же шаардын аймагында жашап жаткан жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрүнүн ыктыярдуу бирикмесин билдирген жергиликтүү өзалдынча башкарууну уюштуруунун формасы;

жамааттардын бирикмелери - өз ишин координациялоо, жалпы таламдарды коргоо жана билдирүү, биргелешкен долбоорлорду жүзөгө ашыруу жана жалпы милдеттерди жана көйгөйлөрдү чечүү максатында ассоциациялар (бирликтер) формасында жамааттар тарабынан түзүлүүчү ыктыярдуу түзүлүш;

жамааттын төрагасы - жамааттын уставына ылайык анын мүчөлөрү тарабынан шайланган адам;

жамааттын уставы - жамааттык уюмдардын мүчөлөрү тарабынан иштелип чыккан жана кабыл алынган жана айылдык, шаарчалык, шаардык кеңеште каттоодон өткөн, жамааттык уюмдардын иштерин жөнгө салуучу жамааттын негизги укуктук документи;

жамааттын мүчөлөрүнүн жалпы чогулушу - жамаатты башкаруунун жогорку органы;

жамааттын менчиги - жамаатка тиешелүү болгон, жамааттын пайдалануусундагы жана тескөөсүндөгү, жамааттын жана жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлөрүнүн киреше алуусунун жана социалдык-экономикалык жана руханий муктаждыктарын

канааттандыруусунун булагы болуп кызмат кылган жамааттын менчиги (акчалай жана натуралай жагынан алгандагы);

социалдык мобилизациялоо - өздөрүнүн социалдык-экономикалык жана руханий таламдарын канааттандыруу, бири-бирине өз ара жардамдашуу, жакырчылыктан чыгуу, өзүндө болгон жана дагы башка ресурстарды пайдалануу менен өзүнүн өнүгүшүн илгерилетүү жана алардын жашоо турмушуна түздөн-түз таасирин тийгизүүчү чечимдерди кабыл алуу процессине калкты активдүү катыштыруу максатында өзүнүн ар түрдүү менчик уюмдарына жергиликтүү тургундардын биригүү процесси;

үй чарбачылыгы - турак жай бирдигинде чогуу жашап турган, өздөрүнүн каражаттарын толугу менен же жарым-жартылай бириктирип, чарбаны чогуу жүргүзүү аркылуу өздөрүн жашоо тиричиликке зарыл болгон нерселер менен камсыз кылышкан эки же андан ашык адамдан турган топ.

Эскертүү: бул адамдар туугандык мамилелери же никеден келип чыгуучу мамилелер менен байланышы болушу мүмкүн, же туугандык жагынан байланышы болбошу да мүмкүн.

Үй чарбачылыгы турак жай бирдигинде жашаган, өзүн жашоо тиричиликке зарыл болгон бардык нерселер менен камсыз кылган бир адамдан да турушу мүмкүн;

өнүгүүнүн жергиликтүү фонду - жамааттар тарабынан түзүлгөн жана жамааттар менен алардын бирикмелеринин, салымдарынын, уюмдардын жана эл аралык донорлордун, ыктыярдуу башталыштагы демөөрчүлөрдүн төгүмдөрүнүн эсебинен түзүлгөн коомдук фонд.

2-статья. Жамааттын иштеринин негизги максаттары

Жамааттын иштеринин негизги максаттары болуп төмөнкүлөр саналат:

- жергиликтүү маанидеги иштерди биргелешип жана жоопкерчиликти өз мойнуна алып чечүү үчүн жамааттын мүчөлөрүндө бир коомдоштукка таандык болуу сезимин өнүктүрүү;
- жамааттын жана жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлөрүнүн социалдык-экономикалык жана руханий муктаждыктарын канааттандыруу;
- жамааттын мүчөлөрүн жамаатты жана жергиликтүү коомдоштуктун ишин башкарууга катышууга тартуу;
- жамааттын мүчөлөрүнө өз ара жардам көрсөтүү;
- социалдык мобилизациялоо боюнча калктын активдүүлүгүн жогорулатуу.

3-статья. Жамаатты түзүүнүн жана иштешинин принциптери

Жамааттын иши төмөндөгү принциптерде жүзөгө ашырылат:

- мыйзамдуулук жана социалдык адилеттүүлүк;
- ыктыярдуу мүчөлүк;
- демократия, айкындуулук, ачыктык жана коомдук пикирди эсепке алуу;
- социалдык-коомдук, экологиялык, турак-жай жана жамааттын мүчөлөрүнүн таламдарын козгой турган дагы башка маселелерди чечүүдөгү коллегиалдуулук, эркин талкуулоо;

- экономикалык жана чарбалык өзалдынчалыктын негизиндеги өзүн өзү аныктоо, өзүн өзү жөнгө салуу жана өзүн өзү каржылоо;
- үй чарбачылыгындагы бирдей өкүлчүлүктү камсыз кылуу;
- жамааттын мүчөлөрүнүн таламдарынын жалпылыгы;
- жашаган жери боюнча аймакташтык.

4-статья. Жамааттын көз карандысыздыгы

1. Жамаат өз ишин ушул Мыйзам, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, дагы башка ченемдик укуктук актылар жана жамааттын уставы менен белгиленген компетенциясынын чектеринде өзалдынча уюштурат жана жүзөгө ашырат.

2. Жамаат Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу органдарынын, ошондой эле жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын милдеттери боюнча жооп бербейт, ага тете эле алар да, тараптар өздөрүнө ушундай милдеттенмелерди ыктыярдуу түрдө кабыл алган учурларды кошпогондо, жамааттардын жана алардын бирикмелеринин милдеттенмелери боюнча жооп бербейт.

5-статья. Жамааттын укуктук статусу

1. Жамааттын иштерин укуктук жөнгө салуу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, "Жергиликтүү өзалдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, ушул Мыйзамдын, Кыргыз Республикасынын дагы башка ченемдик укуктук актыларынын, ошондой эле жергиликтүү коомдоштуктун жана жамааттын уставдарынын негизинде жүзөгө ашырылат.

2. Жамаат - коммерциялык эмес уюм болуп саналат.

3. Жамаат өз мүчөлөрүнүн арыздарынын, жалпы чогулушунун протоколунун жана уставынын негизинде аны айылдык, шаарчалык, шаардык кеңеште каттаган учурдан тартып юридикалык жактын статусун алат.

4. Жамаат ушул Мыйзамга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген, жамааттын уставына ылайык ага таандык болгон финансы каражаттарына, кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрүнө ээлик кылат, пайдаланат жана тескейт.

5. Жамаат мүлктү сатып алууга, жамааттын менчигинде болгон мүлктү ижарага берүүгө, пайдалануага, кайра берүүгө, күрөөлүккө коюуга, сатып өткөрүүгө, консультациялык жана маалыматтык кызматтарды көрсөтүүгө, жамааттын иштери менен байланышкан окуу семинарларын жана практикалык сабактарды уюштурууга жана өткөрүүтө, ошондой эле өзүнүн максаттарын жана милдеттерин натыйжалуу жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон дагы башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга укуктуу.

II бөлүм. Жамаатты түзүү, мүчөлүк жана анын иштеши

6-статья. Жамааттын уюмдаштыруучулары

1. 10дон кем эмес үй чарбачылыгынын өкүлдөрү жамааттын

уюмдаштыруучулары болуп саналышат, алар ыктыярдуу негизде биригишет.

2. Жамааттын уюмдаштыруучулары жалпы чогулушта:

- жамааттын иштерин жөнгө салуучу уставды кабыл алат;
- жамааттын төрагасын шайлайт,

7-статья. Жамааттын уставы

1. Устав жамааттын негизги укуктук документи болуп устав саналат.

2. Жамааттын уставы төмөндөгүлөрдү камтууга тийиш:

- жамааттын толук жана кыскартылган аталышын;
- жамааттын мүчөлөрүнүн укуктары менен милдеттери жөнүндөгү жобону;
- жамааттын мүчөлүгүнө кабыл алуу жана андан чыгуу (чыгаруу) шарттарын жана тартибин;
- жамаатка кирүүнүн жана мүчөлүк акынын белгиленген эң аз өлчөмүн жана аларды төгүүнүн тартибин жана шарттарын;
- жамааттын төрагасынын ыйгарым укуктары жана иш-милдеттери жөнүндө жобону;
- жамааттын башкаруу органдары тарабынан чечимдерди кабыл алуунун тартибин;
- жамааттын иштеринин регламентин;
- жамааттын төрагасын шайлоонун жана бошотуунун тартибин;
- жамааттын каражаттарын түзүү жана аларды пайдалануу тартибин;
- жамааттын уставына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тартибин;
- жамааттын ишинин эсебинин, аудитинин тартибин;
- жаматтын ишин токтотуунун (кайра уюштуруунун жана жоюунун) шарттарын:
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген жамааттын иштеринин өзгөчөлүктөрү менен байланышкан башка жоболорду.

3. Жамааттын жетекчилиги жамааттын ар бир мүчөсүнө жамааттын уставына киргизилүүчү бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор жөнүндө алар кабыл алынганга чейин бир ай мурда билдирүүгө милдеттүү.

4. Жамааттын уставы жалпы чогулушта жыйналышка катышкан уюмдаштыруучулардын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

8-статья. Жамааттын аталышы

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жамаат өзүнүн уставында жана башка уюмдаштыруу документтеринде көрсөтүлгөн аталышты гана пайдалана алат.

2. Тиешелүү аймактагы мурда түзүлгөн жамааттын аталышы менен алардын жайгаштырылышы жагынан бирдей же окшош белгилердин аталышы катары пайдаланууга жол берилбейт.

9-статья. Жамааттын мүчөлөрү жана алардын укуктары

1. Жамааттын уставына ылайык, жергиликтүү коомдоштуктун тиешелүү аймагында туруктуу жашаган, мүчөлүк акыларды төлөгөн, жамаат менен өз ара таламдары боюнча байланышкан, бир үй чарбачылыгынын таламын билдирүүчү адам жамааттын мүчөсү болушу мүмкүн.

2. Жамааттын уставына ылайык, жамаатка мүчө болуу жана андан чыгуу ыктыярдуу болуп саналат.

3. Жамааттын мүчөлөрү жамааттык менчикти бирдей пайдалана алышат.

4. Жамааттын мүчөсү уставдын жоболорун жана ченемдерин сактабагандыгы жана/же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн чыгарылышы мүмкүн.

5. Жамааттын мүчөсүн андан чыгаруу ага алдынала 30 күн мурда кабарлангандан жана жамааттын жалпы чогулушунда чыгып сүйлөө укугу берилгенден кийин гана жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

Жамааттын мүчөсү аны чыгаруу жөнүндөгү жалпы чогулуштун чечимине макул болбогондо, чечим Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте даттанылышы мүмкүн.

10-статья. Жамааттын мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары тарабынан колдоого алынышы

1. Мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары:

- жамаатты түзүүгө жана өнүктүрүүгө зарыл болгон укуктук, уюштуруу шарттарын түзүүгө;
- жамаатты түзүү жана өнүктүрүү, анын өзалдынча башкаруу укуктарын жүзөгө ашыруу үчүн инвестицияларды, гранттарды жана микрокредиттерди тартууга көмөк көрсөтүшөт.

2. Жамааттын таламдарын козгоочу маселелер боюнча чечимдерди даярдоодо жана кабыл алууда мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жамааттык уюмдар менен консультацияларды өткөрөт.

3. Жамааттын алардын таламдарын козгоочу маселелер боюнча мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына жиберилүүчү расмий кайрылуулары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык милдеттүү түрдө каралууга тийиш.

11-статья. Жамааттардын иш-милдеттери

Жамааттар:

- мамлекеттик бийлик жана өзалдынча башкаруу органдарында өз мүчөлөрүнүн таламдарын билдиришет;
- жамааттардын иштерине тиешелүү маселелер талкууланганда жергиликтүү кеңештердин иштерине кеңеш берүү укугу менен катышат;
- жергиликтүү кеңештердин, алардын аткаруучу-тескөөчү органдарынын жана жергиликтүү мамлекеттик администрациянын жамааттардын иштеринин маселелери боюнча чечимдерин аткарууга көмөктөшөт;
- айыл өкмөтүнүн жана жергиликтүү кеңештердин аймактарды пландаштыруу, абат кылуу, социалдык-маданий, тиричилик жана чарбалык объектилерди куруу маселелери боюнча ишине катышат.
- жамааттардын уставынын максаттарына жана милдеттерине ылайык дагы башка иш-милдеттерди жүзөгө ашырат.

12-статья. Жамааттын укуктары жана жоопкерчилиги

1. Жамаат төмөндөгүдөй укуктарга ээ:

- финансы-кредит мекемелеринде эсептерди ачууга;
- тиешелүү жергиликтүү кеңештер, алардын аткаруучу-тескөөчү органдары, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, ошондой эле ишканалар, мекемелер, уюмдар, кооперативдер, жамааттар жана башка чарбакер субъекттер менен келишимдик негизде эриш-аркак аракеттенүүгө;
- өз аймактарын абат кылуу боюнча иштерди аткарууга, турак жай фондун жана социалдык-маданий, тиричилик жана чарбалык багыттагы объекттерди курууга жана ремонттоого каралган өздөрүнүн финансы ресурстарын жана башка булактарды пайдалануу менен курууга тапшырыкчы катары чыгууга;
- жамааттын менчигинде турган имараттарды, курулмаларды, турак жайлык эмес жайларды ижарага берүүгө;
- жамааттын максаттары менен милдеттерин ишке ашыруу үчүн эл аралык донордук уюмдардын каражаттарын жана инвестицияларды тартууга.

2. Жамаат өзү кабыл алган чечимдердин мыйзамдуулугу үчүн жоопкерчилик тартат.

13-статья. Жамааттын жалпы чогулушу

1. Жамааттын жогорку органы анын жалпы чогулушу болуп саналат. Жалпы чогулушту өткөрүүнүн тартиби жана мезгилдүүлүгү жаматтын уставында аныкталат.

2. Жаңыдан уюшулган жамааттын биринчи жалпы чогулушун жамаат түзүү боюнча демилгелүү топтун мүчөлөрүнүн бири ачат.

3. Жамааттын биринчи чогулушунун күн тартибине төраганы шайлоо, жамааттын уставын иштеп чыгуу жана кабыл алуу жана жамааттын ишин жөнгө салуучу дагы башка маселелер киргизилет.

4. Жалпы чогулушта чечим чогулушка жамааттын мүчөлөрүнүн кеминде үчтөн экиси катышканда жөнөкөй көпчүлүк добуш менен кабыл алынат.

14-статья. Жамааттын жалпы чогулушунун компетенциялары

Жалпы чогулуштун компетенциясына төмөндөгүдөй маселелер кирет:

- жамааттын уставына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү;
- жамааттын иштеринин артыкчылыктуу багыттарын, анын мүлкүн пайдалануу тартибин аныктоо;
- жамааттын мүчөлөрүн кабыл алуу жана чыгаруу (эгерде уставда башкача белгиленбесе);
- жамааттын төрагасын шайлоо жана аны ээлеген кызматынан четтетүү;
- жамааттын иши жөнүндө жылдык отчетту жана жылдык балансты бекитүү;
- жамааттын башка юридикалык жактардын иштерине катышуу маселелери;
- жамаатты өзгөртүп кайра түзүү жана жоюу;
- зайым жана кредит алуу;
- жамааттын уставында каралган дагы башка маселелер.

15-статья. Жамааттын төрагасы

1. Жамааттын төрагасы анын биринчи жалпы чогулушунда жамааттын мүчөлөрүнүн арасынан жалпы чогулушка катышуучу мүчөлөрдүн көпчүлүгүнүн чечими боюнча ачык же жабык добуш берүү менен шайланат.

2. Жамааттын төрагасы жамааттын документтерин жолжоболоштурат жана аларды айылдык, шаарчалык, шаардык кеңеште каттатат.

3. Жамааттын төрагасынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү жамааттын уставында аныкталат.

16-статья. Жамааттын менчиги

1. Жамааттын менчигине төмөндөгүлөр кирет:

- кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк;
- өз каражаттары.

2. Жамааттын менчигин түзүү, пайдалануу, ээлик кылуу жана тескөө тартиби жаматтын уставында аныкталат.

17-статья. Жамааттын финансы-экономикалык негизи жана менчиги

1. Жамааттын финансылык негизин кирүү жана мүчөлүк акылар, жамааттын менчигин пайдалануудан түшкөн каражаттар, демөөрчүлүк төгүмдөр, Кыргыз Республикасынын, ошондой эле чет өлкөлүк юридикалык жана жеке жактарынын ыктыярдуу салымдары, гранттар, ошондой эле зайым, кредит жана дагы башка финансы ресурстары түзөт.

Кирүү жана мүчөлүк акылардын өлчөмү жамааттардын мүчөлөрүнүн жалпы чогулушунун чечими менен аныкталат.

2. Жамааттын экономикалык негизи жана менчиги ал тарабынан курулган же сатып алынган объекттер, ошондой эле юридикалык жана жеке жактар тарабынан ага өткөрүп берилген объекттер болуп саналат.

Жаматтын каражаттары ошол аймакта жашап жаткан калктын социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу жана абат кылуу максаттары үчүн жаматтын мүчөлөрү тарабынан пайдаланылат.

3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, жергиликтүү бийлик жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын жамааттардын финансы-экономикалык иштерине кийлигишүүсүнө жол берилбейт.

III бөлүм. Жамааттардын бирикмелери

18-статья. Жамааттардын ассоциациялары (бирликтери)

1. Жамааттар иштерин координациялоо, таламдарын коргоо жана билдирүү, биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу жана дагы башка милдеттер менен көйгөйлөрдү чечүү максатында ыктыярдуу түрдө ассоциацияларга (бирликтерге) бириге алышат.

Жамааттардын ассоциациясы (бирлик) коммерциялык эмес уюм болуп саналат.

2. Ассоциация (бирлик) жергиликтүү кеңештерде катталган учурдан тартып юридикалык жактын статусун алат.

Ассоциациянын (бирликтин) мүчөлөрү өзалдынчалуулугун жана юридикалык жактын укуктарын сактап калышат.

3. Ассоциация (бирлик) өз мүчөлөрүнүн милдеттенмелери боюнча жооп бербейт. Ассоциациянын (бирликтин) мүчөлөрү анын милдеттенмелери боюнча ассоциациянын уюмдаштыруу документтеринде каралган өлчөмдө жана тартипте субсидиялык жоопкерчилик тартышат.

4. Жамааттардын ассоциациясын (бирлигин) түзүүнүн жана иштешинин, ага мүчөлүктүн жана андан чыгуунун тартиби ушул Мыйзамга ылайык кабыл алынган анын уставы менен жөнгө салынат.

5. Жамааттардын ассоциациясы (бирлиги) эл аралык донордук уюмдардын, банктардын жана финансы-кредит мекемелеринин каражаттарын, бюджеттик каражаттарды, ошондой эле юридикалык жана жеке жактардын ыктыярдуу төгүмдөрү менен кайрымдуулуктарын пайдалана алат.

6. Жамааттардын ассоциациясына (бирлигине) жамааттын мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүгүнүн макулдугу менен жамааттардын уставдарына ылайык алардын компетенциясына кирүүчү маселелер боюнча алардын ыйгарым укуктары өткөрүп берилиши мүмкүн.

7. Ассоциациянын (бирликтин) уставында төмөндөгүлөр камтылууга тийиш:

- ассоциациянын (бирликтин) толук жана кыскартылган аталышы;
- ассоциациянын (бирликтин) мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери жөнүндөгү жоболор;
- ассоциацияга (бирликке) мүчөлөрдү кабыл алуунун жана андан чыгаруунун тартиби жана шарттары;
- ассоциацияга (бирликке) кирүүнүн жана мүчөлүк акынын эң аз өлчөмүн белгилөө, аларды төгүүнүн тартиби жана шарттары;
- ассоциациянын (бирликтин) төрагасынын ыйгарым укуктары жана иш-милдеттери жөнүндө жобо;
- ассоциациянын (бирликтин) башкаруу органдары тарабынан чечим кабыл алуунун тартиби;
- ассоциациянын (бирликтин) иштешинин регламенти;
- ассоциациянын (бирликтин) төрагасын шайлоонун жана бошотуунун тартиби;
- ассоциациянын (бирликтин) каражатын топтоо жана аларды пайдалануунун тартиби;
- ассоциациянын (бирликтин) уставына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүүнүн тартиби;
- ассоциациянын (бирликтин) ишинин аудитин, эсебин алуунун тартиби;
- ассоциациянын (бирликтин) ишин токтотуунун (кайра уюштуруунун жана жоюунун) шарттары;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген ассоциациянын (бирликтин) өзгөчөлүктөрүнө байланышкан башка жоболор.

19-статья. Жергиликтүү өнүгүү фондун түзүү жана анын иштеши

1. Социалдык-экономикалык милдеттерди чечүү, жергиликтүү коомдоштук мүчөлөрүнүн жыргалчылыгын жогорулатуу үчүн бириккен жамааттар ыктыярдуу негизде коммерциялык эмес уюмду - юридикалык жак болуп саналган жергиликтүү өнүгүү фондун уюштурат.

2. Жергиликтүү өнүгүү фондун түзүүнүн жана жоюунун тартиби, анын каражатырын түзүү жана аларды берүү шарттары жергиликтүү өнүгүү фондунун уставы менен жөнгө салынат, ал юстиция органдарында катталат.

3. Уюмдаштыруучулардын жалпы чогулушунда жергиликтүү өнүгүү фондунун уставына ылайык Фонддун башкармалыгы шайланат.

4. Жергиликтүү өнүгүү фондуна салымдар катарында жамааттардын ыктыярдуу төгүмдөрү, жеке жана юридикалык жактардын, эл аралык донорлордун, өкмөттүк эмес жана башка уюмдардын демөөрчүлүк каражаттары пайдаланылышы мүмкүн.

5. Жергиликтүү өнүгүү фондунан каражаттарды берүү белгиленген кезектүүлүк тартибинде, ачыктыктын жана айкындуулуктун шарттарында жергиликтүү өнүгүү фондунун башкармалыгы тарабынан жүргүзүлөт.

6. Уставда белгиленген жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурлардан тышкары жергиликтүү өнүгүү фондунун иштерине анын юридикалык статусун, ишинин максатын жана мүнөзүн өзгөртүүтө алып келүүчү кандай гана болбосун тышкы кийлигишүүгө жол берилбейт.

IV бөлүм. Корутунду жоболор

20-статья. Ушул Мыйзамдын күчүнө кирүү тартиби

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары өздөрүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтиришсин.

Бишкек шаары, Өкмөт Үйү
1997-жылдын 28-октябры N 77

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ
Турак жайдын менчик ээлеринин шериктиктери жөнүндө

(Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 17-ноябрындагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)
(Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 28-октябрындагы N 78 Мыйзамы менен күчүнө киргизилген)

I бөлүм. Жалпы жоболор
II бөлүм. Турак жайдын менчик ээлеринин шериктештигин (кондоминиумду) түзүү жана анын уюштуруу документтери
III бөлүм. Турак жайдын менчик ээлеринин шериктештигин (кондоминиумдун) имарат жайларынын менчик ээлеринин укуктары жана милдеттери
IV бөлүм. Турак жайдын менчик ээлеринин шериктештигин (кондоминиумдун) максаттары жана ыйгарым укуктары
V бөлүм. Күтүү жана оңдоо
VI бөлүм. Турак жайдын менчик ээлеринин шериктештигин (кондоминиумдун) ишин токтотуу
VII бөлүм. Турак жайдын менчик ээлеринин шериктештигин (кондоминиумдун) жергиликтүү бийлик органдары менен өз ара мамилелери
VIII бөлүм. Турак жайдын менчик ээлеринин шериктиктеринин (кондоминиумдардын) ассоциациялары

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын турак жай фондусун пайдалануу, күтүү жана башкаруу боюнча коммерциялык эмес уюмдун уюштуруу-укуктук түрү катарындагы турак жайдын менчик ээлеринин шериктиктерин түзүүнүн жана алардын ишинин тартибин белгилейт.

I бөлүм. Жалпы жоболор

1-статья. Аныктамалар

Ушул Мыйзамда төмөндөгүдөй аныктамалар колдонулат:

Турак жайдын менчик ээлеринин шериктиги (мындан ары - шериктик) көп квартиралуу үйдөгү кыймылсыз мүлктүн комплексин биргелешип башкаруу жана иштетилишин камсыз кылуу, жалпы мүлккө ээлик кылуу, пайдалануу жана мыйзамдар чектеген тартипте тескөө үчүн түзүлүүчү үй ээлеринин биригүү формасы, коммерциялык эмес уюм.

Үй ээси - жалпы мүлккө үлүштүк менчик укугу бар көп квартиралуу үйдөгү квартиранын менчик ээси.

Имарат жайдын менчик ээси - үй ээси жана ошондой эле турак жай эмес имарат жайдын менчик ээси.

Кондоминиум - бул көп квартиралуу үйдөгү жана үйлөрдүн тобундагы имарат жайлардын (турак жай жана ошондой эле турак жай эмес) бардык менчик ээлеринин жалпы мүлкүн башкаруунун уюштуруучулук-укуктук формасы.

Имарат - эки же андан ашык турак жай бөлмөлөрү бар курулуш жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык имараттын бир бөлүгү деп эсептелген бардык көмөкчү жабдуулар, үйдүн ичиндеги инженердик тармактар, шаймандар жана кошумча курулуштар.

Жер участогу - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келген багытта пайдалануу максатында белгиленген тартипте имаратка бекитилип берилген, кондоминиумдун мүчөлөрүнүн пайдалануусунда болгон жер.

Жалпы мүлк - менчик ээлерине таандык жайлардан башка, имараттын бардык бөлүгү. Жалпы мүлк имараттын бардык менчик ээлеринин жалпы үлүштүк менчигинде болот жана бөлүштүрүлбөйт. Жалпы мүлккө бирден ашуун имарат жайдын менчик ээсин тейлөөчү подъезддер, квартира аралык тепкич аянттары, тепкичтер, коридорлор, жабуусу, чатыры, техникалык кабаттары, подвалдары, таштанды ташталуучу жоон түтүктөр, имараттардын курулуш конструкциялары, башка көмөкчү имарат жайлар, ошондой эле бак-дарак отургузулган, чакан архитектуралык формалары, абат кылуу элементтери жана инвентары бар үйгө туташкан жашылдандырылган жер участкалары кирет. Квартиралардын ичине жайгаштырылган, бирден ашуун менчик ээсин тейлөөчү жылытуу, ысык жана муздак суу менен камсыз кылуучу тутумдардын инженердик жабдуу-шайманы квартира ээлеринин жалпы үлүштүк менчигине таандык кылынат.

Имарат жайларга бекитилген жалпы мүлк - жалпы мүлктүн өзүнчө имарат жайлардын менчик ээлери гана пайдалануусу үчүн арналган бөлүктөрү (кампалар, автотоктомолор, гараждар, кургаткычтар жана башкалар).

Жалпы мүлктөгү үлүш - ар бир менчик ээсинин жалпы мүлккө болгон менчик укугундагы бөлүнгүс үлүшү. Жалпы мүлктөгү үлүш бир менчик ээсинин имарат жайынын аянтынын менчик ээлеринин бардык имарат жайларынын жалпы аянтына карата катышы катары аныкталат.

Имарат жай - натуралай бөлүнгөн, турак жайлык, турак жайлык эмес, дагы башка максаттарга өз бетинче пайдалануу үчүн арналган, жарандардын же юридикалык жактардын, ошондой эле мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын менчигинде турган кыймылсыз мүлк комплексинин бирдиги (турак жай имаратынын бир бөлүгү, турак жай имаратына байланышкан башка дагы кыймылсыз мүлк объекти). Эгерде уставда башка жагдай каралбаса, ар бир имарат жайдын чеги катары, кабаттар аралыгындагы жапма конструкциялардын, имарат жайдын дубалдарынын, полдорунун жана шыптарынын ички иштетилбеген жогорку беттери.

Турак жай (квартира) - граждандардын жашашы үчүн пайдаланылуучу, ошонун ичинде турак жай жана турак жай эмес имарат жай, анын ичинде ашканалар, ванна бөлмөлөрү, дааратканалар, коридорлор жана башкалар.

Катышуу үлүшү - имарат жайдын менчик ээсинин жалпы мүлккө карата жалпы үлүштүк менчигинин белгиленген үлүшү, жалпы мүлктү күтүүгө жана ремонттоого, дагы башка жалпы чыгымдарга жумшалуучу милдеттүү төлөмдөрдүн жалпы көлөмүндөгү анын үлүшүн аныктайт.

Турак жай эмес имарат жай - имараттын жалпы мүлк болуп эсептелген бөлүктөрүнөн башка, турак жайдан башка максаттар үчүн пайдаланылган (башкача айтканда дүкөн, кафе, чеберкана жана башкалар катары) өзүнчө имарат жай.

Жалпы чыгашалар - жалпы мүлктү күтүү үчүн зарыл болгон чыгымдар, сарптоолор жана башка финансылык милдеттенмелер, ошондой эле кондоминиумдун жалпы чогулушунда жактырылган башка чыгашалар.

(Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 17-ноябрындагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

2-статья. Кондоминиум жөнүндө мыйзамдар

Кондоминиум жөнүндө мыйзамдар Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинен, ушул Мыйзамдан жана аларга ылайык чыгарылуучу башка ченемдик укуктук актылардан турат.

II бөлүм. Турак жайдын менчик ээлеринин шериктештигин түзүү жана анын уюштуруу документтери

3-статья. Шериктикти түзүү

Шериктик көп квартиралуу имараттардагы турак жай үй ээлеринин кеминде 51 пайызынын эрки менен түзүлүшү мүмкүн. Уюмдаштыруу чогулушу менчик ээлеринин демилгелүү тобу аркылуу чакырылышы мүмкүн.

Имарат жайлардын менчик ээлеринин эч кимисин шериктиктин мүчөсү болууга мажбурлоого болбойт, бирок имарат жайлардын бардык менчик ээлери ушул Мыйзамдын 26-статьясына ылайык жалпы чыгашаларды тартууга катышууга милдеттүү. Шериктиктин мүчөсү болууну каалабаган ар кандай менчик ээси кийинчерээк, шериктиктин макулдугусуз шериктиктин мүчөсү болууга укуктуу. Имарат жайлардын менчик ээлери болуп эсептелбеген адамдар шериктиктин мүчөлөрү боло алышпайт.

Бир эле үйдө эки же андан ашык шериктик түзүүгө жол берилбейт.

Шериктикти түзүүдө жана анын иш жүргүзүшүндө менчиктештирилбеген имарат жайларга карата мамлекеттик таламдарды атайын ыйгарым укук берилген орган билдирет.

(Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 17-ноябрындагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

4-статья. Шериктиктин уюштуруу чогулушу

Шериктиктин уюштуруу чогулушу:

(1) шериктикти түзүү жана анын уставын бекитүү жөнүндө;

(2) шериктиктин төрагасын, башкармасын жана зарыл учурда текшерүү комиссиясын шайлоо боюнча чечимдерди кабыл алат.

Уюштуруу чогулушу шериктикке таандык кылынган башка маселелерди да кароого укуктуу. Уюштуруу чогулушунун протоколу милдеттүү тартипте жүргүзүлөт.

5-статья. Кондоминиумдун уставы

Кондоминиум өзүнүн уставынын негизинде иш жүргүзөт. Кондоминиумдун уставында:

(1) кондоминиумдун толук аталышы жана анын юридикалык дареги, жасаган иши жана максаттары;

(2) кондоминиумдун ишин башкаруунун тартиби, башкарманын, зарыл учурда текшерүү комиссиясынын сандык курамы жана ыйгарым укуктарынын мөөнөттөрү;

(3) жалпы чогулуш уставга киргизүүгө зарыл деп эсептеген башка ар кандай маселелер камтылууга тийиш.

Кондоминиумдун уставынын үлгүсү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

6-статья. Шериктикти юридикалык жак катары каттоо

Шериктик юридикалык жак катары мыйзамда белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан мамлекеттик каттоодон өткөрүлүүгө тийиш. Шериктик мамлекеттик каттоодон өткөн күндөн тартып юридикалык жактын укуктарына ээ болот. Шериктикти юридикалык жак катары каттоо үчүн төмөндөгүдөй документтер:

- шериктиктин төрагасынын колу коюлган арыз;
- шериктикти уюштуруу жана анын уставын бекитүү жөнүндө чечимди камтыган жалпы чогулуштун протоколунан көчүрмө;
- шериктиктин мүчөлөрүнүн жалпы чогулушу тарабынан кабыл алынган шериктиктин уставы;
- шериктик түзүүгө берген макулдугун ырастаган колтамгалары бар жана менчик ээси катарында өзүлөрүнө таандык болгон имарат жайга укугун ырастаган документтердин реквизиттери көрсөтүлгөн үй ээлеринин тизмеси;
- тизмеси мыйзамдар, башка укуктук жана ченемдик актылар менен белгиленүүчү башка документтер берилет.

Каттоо үчүн берилген документтер он күнгө чейинки мөөнөттө каралат. Бул мөөнөт ичинде төмөндөгүлөр тууралу каттоочу органдын шериктикти каттоо жөнүндө же тапшырылган документтерди мыйзамдардын талаптарына ылайык келтирүү үчүн мөөнөт чектөө тууралу чечими кабыл алынат.

Каттоочу органдын тиешелүү чечими кабыл алынгандан кийинки он беш күндүк мөөнөттө шериктикти каттоо тууралу арызда көрсөтүлгөн даректеги адамга жиберилет же көрсөтүлгөн башка дарекке, болбосо аталган адамга же ыйгарым укуктуу башка адамга тилкат аркылуу тапшырылат.

Алынган чечимдин негизинде катталган шериктикке беш күндүк мөөнөт ичинде катталгандыгы жөнүндө күбөлүк берилет.

Эгерде каттоону жүзөгө ашырууга керектүү документтер толук берилбей калса, каттоочу орган тарабынан жетпеген документтерди тапшыруу үчүн мөөнөт коюлат. Чектелген мөөнөттө жетпеген документтер өткөрүлгөндө документтер алгачкы берилген күндөн тартып арыз менен кошо өткөрүлгөн деп эсептелет. Андай болбогон

учурда арыз жана башка документтер өткөрүлгөн эмес деп эсептелинет жана арыз ээлерине кайтарып берилет.

Каттоочу органдын чечимине сот тартибинде даттанылышы мүмкүн.

Жергиликтүү бийлик органдары шериктиктин түзүлүшүнө ар тараптан жардам жана көмөк көрсөтүүгө милдеттүү.

(Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 17-ноябрындагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

7-статья. Турак жай жана турак жай эмес имараттарга жана жалпы мүлктөгү үлүшкө берилген менчик укугун каттоо

Турак жай жана турак жай эмес имараттарга жана жалпы мүлктөгү үлүшкө берилген менчик укугун каттоо колдонуудагы мыйзамдарда белгиленген тартипке ылайык жүргүзүлөт.

Эгерде каттоо каттоо карточкасын толтуруу менен биринчи жолу жүргүзүлсө, анда ал бекер жасалат.

(Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 17-ноябрындагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

8-статья. Жалпы мүлктөгү үлүштү каттоодон өткөрүү жөнүндө маалымат

Турак жай эмес имарат жай бирдигине түзүлүүчү каттоо карточкасында укук белгилөөчү документтерге ылайык имарат жай ээлеринин жалпы мүлкүндөгү бул мүлк бирдигинин ээсинин үлүш өлчөмү жөнүндөгү маалымат камтылат.

(Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 17-ноябрындагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

8-1-статья. Шериктикке мүчөлүк

Шериктиктин мүчөлөрү болуп көп квартиралуу үйдүн менчик ээлери жана үй ээлеринин жалпы чогулушунун макулдугу боюнча турак жай эмес имарат жайдын ээлери саналышат.

Шериктикке мүчөлүк шериктикти белгиленген тартипте каттоодон өткөргөн учурдан тартып пайда болот.

Шериктиктин жашы жете элек мүчөлөрүнүн таламдарын алардын ата-энелери, көзөмөлчүлөрү же камкорчулары мыйзамдарда белгиленген тартипте билдиришет.

Анын өлгөндүгүнө, мүлктүн ажыратылгандыгына же дагы башка негиздерге байланыштуу шериктикке мүчө болуу токтотулганда кондоминиумдагы турак жайга карата шериктикке мүчөлүк токтотулат.

Укук мураскорлору (мураскорлор) имарат жайга болгон менчик укугу келип чыккан учурдан тартып шериктикке кире алышат.

Имарат жайдын ээси - жаран өлгөндө анын керези жана мыйзам боюнча мураскору жок болсо, көрсөтүлгөн турак жайдын тагдыры мураскордук укуктун ченемдери аркылуу чечилет.

Шериктиктин мүчөсү уставдын талаптарын эске алуу менен жалпы мүлктүн

аткаруучу кызматына бул мүлктү жалпы пайдалануу, ээлик кылуу, шарттарына ылайык жалпы мүлктү пайдалануунга, ошондой эле ушул Мыйзамда белгиленген чекте ал мүлктү тескөөгө укуктуу.

(Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 17-ноябрындагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

9-статья. Документтерди шериктикке өткөрүп берүү

Шериктик катталган учурдан тартып мурда алардын базасында шериктик түзүлгөн имаратты же имараттарды башкарган же тейлеген уюм же ишкана бул имаратка же имараттарга жана аларга бекитилип берилген жер участокторуна байланыштуу бардык документтерди кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы боюнча шериктикке өткөрүп берүүгө, ошондой эле жазуу жүзүндө корутунду берүү менен имаратты же имараттардын жалпы мүлкүнүн техникалык абалын карап чыгып күбөлөндүрүүнү жүргүзүүгө милдеттүү.

Эгерде мындай уюм же ишкана юридикалык жак катары шериктик болуп катталган учурда өз ишин токтотсо, аталган документтер берилген орган аларды ушул статьянын биринчи бөлүгүндө аныкталган тартипте шериктикке өткөрүп берүүгө милдеттүү.

Шериктикти түзгөн учурда жалпы мүлк мурда тейлеген тарап тарабынан имараггы камсыз кылуунун ырааттуу иштеген тутуму менен талаптагыдай тартипке келтирилүүгө тийиш.

Имарат жайлардын менчик ээлери да, юридикалык жак катары шериктик да алардын базасында шериктик түзүлгөн имаратты же имараттарды тейлеп келген мурдагы уюмдун же ишкананын карыздары үчүн жоопкерчилик тартышпайт.

(Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 17-ноябрындагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

9-1-статья. Имарат жайдын менчик ээлерине, турак жайды пайдалануу уюмдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына таандык болгон каражаттарды шериктикке өткөрүп берүү

Имарат жай менчик ээлери тарабынан турак жайды пайдалануу уюмдарына турак үйлөрдү капиталдык ремонттоо жана калыбына келтирүү жана турак жай үйлөрдү күтүү жана ошондой эле менчик ээсинин 1996-жылдын 1-июнунан тартып (Кыргыз Республикасынын биринчи Граждандык кодексин колдонууга киргизген күндөн) шериктик түзүлгөнгө чейинки мезгил ичинде жалпы мүлктү пайдалануудан же сатуудан алган турак жайды пайдалануу уюмдарынын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын каражаттары шериктикке ал мамлекеттик каттоодон өткөн учурдан тартып үч ай ичинде өткөрүп берилүүгө тийиш.

Эгерде каражаттарды бул мезгилдин ичинде кайтарып берүүгө мүмкүн болбосо, анда турак жайды пайдалануу уюмдары аларды мурда пайдаланган уюмдардан мындай каражаттардын келип түшүшүнө жараша аларды бөлүп-бөлүп, бирок алты жылдан кечиктирбестен өткөрүп берүү жөнүндө кайрадан түзүлгөн шериктик менен келишим түзүшөт.

(Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 17-ноябрындагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

III бөлүм. Турак жайдын менчик ээлеринин шериктештигин (кондоминиумдун) имарат жайларынын менчик ээлеринин укуктары жана милдеттери

10-статья. Шериктиктеги имарат жайлардын менчик ээлеринин укуктары жана милдеттери

Имарат жайдын менчик ээси аны сатууга, ижарага берүүгө, мураска калтырууга, күрөөгө коюуга же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башкача пайдаланууга укуктуу. Имарат жайга менчик укугу башкага өткөндө, бир эле мезгилде анын жалпы мүлктөгү үлүшү да өтөт.

Имарат жайдын менчик ээси жалпы мүлктөгү өзүнүн үлүшүн имарат жайга менчик укугунан өзүнчө ээликтен ажырата албайт.

Имарат жайдын менчик ээсинин башка жерде жашашы, ошондой эле имарат жайды пайдалануу укугун башка адамдарга өткөрүп бериши добуш берүү укугун өткөрүп берүүгө алып келбейт жана менчик ээсин ушул Мыйзам жана устав тарабынан ага жүктөлгөн милдеттерден бошотпойт.

11-статья. Имарат жайлардын менчик ээлеринин жалпы мүлктү пайдалануу укугу

Имарат жайдын менчик ээси башка менчик ээлери менен бирге жалпы мүлктү анын арналышына ылайык пайдаланууга укуктуу.

Шериктиктин жалпы мүлкүнүн объектилерине ээлик кылуу жана пайдалануу бардык менчик ээлеринин макулдашуусу боюнча жүзөгө ашырылат, ал эми мындай болбогон учурда ал ар кандай менчик ээсинин доосу боюнча сот тарабынан белгиленет.

Шериктиктин жалпы мүлкүндөгү объекттерди тескөө бардык үй ээлеринин макулдашуусу боюнча жүзөгө ашырылат. Чектөөлөр үй ээлеринин уставы же үй ээлеринин жана турак жай эмес имарат жайдын ээлеринин макулдашуусу менен белгилениши мүмкүн.

(Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 17-ноябрындагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

12-статья. Уюштуруучунун имарат жайдын менчик ээси катары укуктары жана милдеттери

Шериктиктин уюштуруучусу өзүнүн имарат жайга болгон укугуна жана жалпы мүлктөгү үлүшүнө байланыштуу башка ар кандай менчик ээси сыяктуу эле укуктарга жана милдеттерге ээ болот.

13-статья. Шериктиктин имарат жайларын жалдоочулардын (ижарага алуучулардын) милдеттери

Турак жай жана турак жай эмес имарат жайлардын менчик ээси болуп эсептелбеген жана менчик ээлери тарабынан ыйгарым укуктар берилбеген турак жай жана турак жай эмес имарат жайларды ижарага алуучулар, жалдоочулар добуш берүүгө укуксуз жана шериктикти башкарууга катышууга укуксуз, бирок алар шериктик үчүн жалпы болгон эрежелерди сактоого тийиш.

Эгерде турак жайдын же турак жай эмес имараттын менчик ээси узак мезгилге чейин жок болгон жана жалпы мүлктү күтүү боюнча милдеттерин үч айдан ашуун аткарбаган учурда, мындай милдеттер жалдоого алынган турак үйдө жашаган же турак жай эмес имаратты ижарага алган адамдар тарабынан аткарылууга тийиш. Мында жалпы мүлктү күтүүгө жумшалган чыгымдар ижара акысынан кармалып калат.

(Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 17-ноябрындагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

14-статья. Имарат жайларга таандык болгон жалпы мүлк бекитилип берилген имарат жайлардын менчик ээлеринин укуктары жана милдеттери

Имарат жайга таандык жалпы мүлктүн бир бөлүгүн өзүнүн жеке пайдалануусуна алган имарат жайлардын менчик ээлери аларды уставда каралган шарттарда пайдалануга укуктуу. Менчик ээси жалпы мүлктүн бул бөлүгүн ээликтен ажыратууга укуксуз.

15-статья. Шериктиктеги турак жай жана турак жай эмес имарат жайлардын менчик ээлеринин өз ара мамилелери

Шериктиктеги турак жай эмес имарат жайдын менчик ээси болгон жеке же юридикалык жак турак жай имаратынын менчик ээси сыяктуу эле жана милдеттерге ээ болот. Турак жай эмес менчик жайдын менчик ээси бул турак жайды менчик ээси ижарага бергендигине же болбосо бул турак жайды башка жеке же юридикалык жакка ээлөөгө же пайдалануга мүмкүнчүлүк бергендигине карабастан ушул Мыйзамдын 13-статьясында каралган учурларды кошпогондо ушул имарат жайга байланыштуу бардык милдеттенмелер боюнча жоопкерчиликте болот.

Шериктиктеги турак жай жана турак жай эмес имарат жайлардын менчик ээлеринин жалпы мүлккө тиешелүү болгон жалпы чыгымдарга катышуу боюнча өз ара мамилелери ушул Мыйзам жана шериктиктин уставы тарабынан аныкталат.

(Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 17-ноябрындагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

15-1-статья. Турак жай жана турак жай эмес имарат жайларды пайдалануну чектөөлөр

Жашоого жарактуу турак жайларды биринчи кабатта жайгашкан турак жай эмес имарат жайларга айландыруу шериктиктин жалпы чогулушунун чечими болгондо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечими боюнча өзгөчө учурларда гана жол берилет.

Турак жай имараттарында өнөр жай өндүрүшүн, курулуш, майлоочу-химиялык

жана жарандардын ден соолугуна коркунуч туудурган башка товарларды саткан дүкөндөрдү, жарылып кетүүчү заттар менен материалдар бар дүкөндөрдүн, дүң соода дүкөндөрүнүн, адистештирилген балык жана жашылча дүкөндөрүн, мончолорду, сауналарды, кир жуучу жайларды, химиялык тазалоочу жайларды, коомдук ажатканаларды, казинону, түнкү кафелерди жана барларды, түнкүсүн иштөөчү ишканаларды жана жайгашышы менчик ээлеринин укуктары менен таламдарын бузган башка ишканаларды жайгаштырууга жол берилбейт.

(Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 17-ноябрындагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

16-статья. Бир нече менчик ээсинин бир имарат жайга болгон укугу

Эгерде имарат жайдын бир эмес, бир нече менчик ээси болсо, анда бардык менчик ээлери ушул имарат жайга карата милдеттерди биргелешип же өзүнчө аткарат. Мындай менчик ээлеринин ортосундагы мамилелер алардын ортосундагы макулдашуу менен аныкталат. Мындай макулдашуу (оозеки же кат жүзүндө) жок болгон учурда, ар бир менчик ээси бирдей жана бөлүнгүс укуктарга жана милдеттерге ээ болот.

17-статья. Имарат жай ээлеринин үйдүн тегерегиндеги жер участогуна болгон укуктары

Үйдүн тегерегиндеги жер участогу өзүнө үйгө танапташ жайгашкан аймакты, анын ичинде жашыл бак-даракты, чарба, балдар жана спорт аянтчаларын, турмуш-тиричиликтин катуу калдыктарын жыйнай турган жайлар жана чектери белгиленген тартипте кабыл алынган ченемдер менен аныктала турган башка участокторду камтыйт. Жер участогун коомчулуктун муктаждыктары үчүн ажыратып алууга болбойт.

Айрым жарандардын менчиги болгон, имаратка жакын жайгашкан, бирок имарат жайларга бекитилип берилген жалпы мүлк болуп эсептелбеген гараждар, жер төлөлөр, автотоктотуучу жайлар жана башка курулуштар колдонуудагы мыйзамдарга ылайык имаратка бекитилип берилген жана шериктиктин мүчөлөрүнүн пайдалануусунда турган жер участогуна карата менчик укугу өткөрүп берилбестен менчиктен ажыратылышы мүмкүн.

(Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 17-ноябрындагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

IV Бөлүм. Турак жай менчик ээлеринин шериктигин башкаруу жана аны тейлөө

(Бөлүмдүн аталышы Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 17-ноябрындагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

18-статья. Шериктик коммерциялык эмес уюм катарында

Шериктик коммерциялык эмес уюм болуп эсептелет жана шериктиктин мүчөлөрүнүн ортосунда кирешелерди бөлүштүрбөйт.

Шериктик имаратты күтүү, оңдоо жана көрктөндүрүү жана башка уставдык максаттар үчүн зарыл болгон деңгээлде өндүрүштүк жана башка чарбалык ишти жүргүзүүгө укуктуу.

18-1-статья. Көп квартиралуу үйдүн жалпы мүлкүн башкаруу

Көп квартиралуу үйдү пайдаланууну камсыз кылуу, турак үйдүн квартираларын жана жалпы мүлкүн пайдалануу үчүн үй ээлери жалпы мүлктү башкаруу ыкмаларын өз алдынча тандап алууга укуктуу.

Жалпы мүлктү башкаруу төмөндөгүдөй жолдор менен:

турак үйдө эки, үч же төрт ар башка менчик ээлерине таандык болгон төрттөн ашуун имарат жай болгон учурларда үй ээлеринин түздөн-түз башкаруусун;

ыйгарым укуктарды жалпы чогулушка же шериктиктин башкармалыгына өткөрүп берүү жолу менен жалпы мүлкү өз алдынча башкаруу үчүн имарат жайларынын менчик ээлеринин шериктиги түрүндө кондоминиумду түзүүсү;

мүлктү ишенимдүү башкаруу келишими боюнча башкаруу боюнча милдеттердин бир бөлүктөрүн же бардыгын ыйгарым укук берилген жеке жакка же ар кандай менчик формасындагы ыйгарым укук берилген уюмга (башкаруучуга) өткөрүп берүү;

жалпы мүлктү башкаруу боюнча милдеттерди үй ээлери тарабынан коммерциялык уюмга, болбосо жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ыйгарым укук берген органдарынын же табыштамачы турак жай-коммуналдык кызматына өткөрүп берүү жолдору менен, ошондой эле колдонуудагы мыйзамдарда белгиленген башка ыкма менен жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

Жалпы мүлктү башкаруунун ыкмасын тандап алуу жалпы чогулушта жүзөгө ашырылат. Жалпы чогулушту өткөрүүнүн мөөнөттөрү менен тартиби ушул Мыйзамдын 20-статьясында аныкталат.

Үй ээлери жалпы мүлктү башкаруу боюнча милдеттерди башкаруучуга же табыштамачынын турак жай-коммуналдык кызматына өткөрүп берүү жөнүндө чечим кабыл алган учурда, өткөрүп берүү жарандык мыйзамдарга ылайык милдеттүү түрдө түзүлүүчү келишим боюнча жүргүзүлөт.

(Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 17-ноябрындагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

18-2-статья. Башкаруучунун ыйгарым укуктары

Башкаруучунун ыйгарым укуктары келишим менен аныкталат жана ал буларды камтышы мүмкүн:

иш башкаруу;

каржылык менеджмент - бухгалтердик эсеп-кысапты жүргүзүү, квартира ээлеринин салымдарын каттоо, эсептешүү акыларын төлөө, кызматкерлердин эмгек акысынын эсебин жүргүзүү, каржылык отчетторду түзүү, салыктык иш-кагаздарын жүргүзүү, бюджетти даярдоо;

башкаруу иши - шериктиктин органдарынын чогулуштарын өткөрүү, ремонттоо тууралу жазып каттоолорду, түзүлгөн келишимдер жөнүндө документтерди, чарбалык иш тууралу отчетторду, камсыздандыруу компаниялары жана башка тышкы

субъекттер менен байланыштарды жүргүзүү;

үйдү, ага таандык нерселерди жана жер участогун иштетүүнү, күтүүнү, ремонттоолорду камсыз кылуу.

Үйдү башкарууну камсыз кылуу үчүн турак жайлардын жана турак жай эмес жайлардын менчик ээлери шериктиктин эсебине жалпы чогулушта аныкталган өлчөмдө ай сайын аванс акы төлөп турууга милдеттүү. Башкаруучу аванс акыларынын өлчөмүн турак жайлардын менчик ээлерине жазуу жүзүндө билдирет.

Имарат жайлардын менчик ээлери башкаруучу ыйгарым укук берген адамга шериктиктин жалпы мүлкүн ремонттоону же аларга күндөлүк күтүүлөрдү жүргүзүү үчүн имарат жайга кирүүгө мүмкүнчүлүк берүүгө милдеттүү.

Милдеттенмелерин аткарбаган же талаптагыдай эмес аткарган жана мүлктү башкарууда имарат жайлардын менчик ээлеринин укуктары менен таламдарын бузган башкаруучу шериктикти башкарууну аткаруу убагындагы колдон чыгарылган пайданы жана мүлктү жоготуудан же ага зыян келтирүүдөн улам келтирилген чыгашанын ордун колдонуудагы мыйзамга ылайык төлөп берет.

(Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 17-ноябрындагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

18-3-статья. Турак үйдөгү кыймылсыз мүлктү тейлөө жана пайдалануу

Жалпы мүлктүн сакталышын, жашоонун коопсуздугун жана ыңгайлуулугун же жашоочулардын анда болуусун камсыз кылуу максаттарын ишке ашыруу үчүн тейлөө жана пайдалануу имарат жайлардын менчик ээлеринин талаптарына ылайык жүзөгө ашырылууга тийиш.

Эгерде шериктиктин Уставында башкача каралбаса, ремонттоо-пайдалануу же курулуш ишин жүзегө ашыруу үчүн жеке жана юридикалык жактар кыймылсыз мүлктү күтүү жана ремонттоо, коммуналдык кызматтарды көрсөтүү, кошумча объекттерди куруу боюнча ишти имарат жайлардын бардык менчик ээлеринин жазуу жүзүндөгү макулдугу жана шериктик менен тузүлгөн келишим боюнча аткарышат.".

Турак жай ээлеринин шериктиги юридикалык жак болуу менен коммуналдык кызматты керектөөчү болуп саналбайт. Ар бир турак жай жана/же турак жай эмес жайдын ээси анын керектөөчүсү болуп саналат.

(Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 17-ноябрындагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

19-статья. Шериктиктин жалпы чогулушунун ыйгарым укуктары

Шериктиктин жалпы чогулушу аны башкаруунун жогорку органы болуп эсептелет.

Төмөндөгүдөй маселелерди чечүү:

(1) уставды бекитүү жана ага өзгөртүүлөр киргизүү;

(2) шериктиктин башкармасын жана төрагасын жана зарыл учурда текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүн шайлоо жана ээлеген кызматынан бошотуу;

(3) башкарманын ар жылдык отчетун бекитүү;

(4) жылдык бюджетти бекитүү;

(5) шериктиктин жалпы мүлкүн күтүүгө кетүүчү жылдык чыгымдардын 10

процентинен ашкан суммага кредит алууга макулдук берүү;

(6) жалпы мүлктү көрктөндүрүү боюнча жумуштарды өткөрүүгө байланыштуу капиталдык сарптоолорду бекитүү;

(7) табигый кырсыктын кесепетинен шериктиктин имараты 50 проценттен ашпаган көлөмдө зыянга учураганда же бузулганда, аны калыбына келтирүү;

(8) жалпы чыгымдарын эсебине төлөмдөрдү мөөнөтүндө төлөбөгөндүгү үчүн неустойкаларды белгилөө;

(9) жылдык бюджетте каралбаган атайын салымдарды бекитүү;

(10) шериктиктин жалпы мүлкүн жеке же юридикалык жактын (башкаруучунун) башкаруусуна өткөрүп берүү жөнүндө чечим кабыл алуу, ошондой эле башкаруучу шериктикке көрсөтүүгө тийиш болгон кызматтардын тизмесин аныктоо;

(11) түзүлүүчү келишимдердин шарттарын кароо жана кабыл алуу;

(12) жалпы мүлктү пайдалануунга чек коюуларды киргизүү;

(13) шериктиктин ишин токтотуу шериктиктин жалпы чогулушунун гана компетенциясына таандык кылынат.

Эгерде уставда башкача каралбаса, шериктиктин мүчөсүнүн менчигинде болгон ар бир имарат жайга шериктиктин чогулушунда бирден добуш берилет. Эгерде имарат жай бирден көп адамга таандык болсо, алар кандай добуш берүү жөнүндө макулдашууга тийиш. Эгерде макулдашууга жетишилбесе, алар калыс калды деп эсептелет.

Эгерде шериктиктин жалпы чогулушуна добуш берүүчүлөрдүн кеминде 51 проценти катышса, ал чечим кабыл алууга ыйгарым укуктуу деп эсептелет.

Шериктиктин жалпы чогулушунун чечими шериктиктин чогулушка катышкан мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат, ушул статьянын (1), (6), (7), (10), (11), (12) жана (13)-пункттары боюнча чогулушка катышкандардын 75 процентинин добушу, ал эми (5)-пункту боюнча чечим кабыл алуу үчүн шериктиктин бардык мүчөлөрүнүн макулдугу талап кылынат.

Добуштар бирдей болуп калган учурда, шериктиктин төрагасынын добушу чечүүчү добуш болуп эсептелет.

Жалпы чогулуштун ушул статьяга ылайык кабыл алынган чечими бардык менчик ээлери, анын ичинде себебине карабастан чогулушка келбей калган менчик ээлери үчүн да милдеттүү болуп саналат.

Шериктиктин жалпы чогулушу башка маселелерди да өз кароосуна алууга укуктуу. Шериктиктин мүчөлөрүнүн (алардын ишенимдүү адамдарынын) чогулушуна катышкандардын кеминде 20 процентинин талабы боюнча чечимдерди кабыл алуу жашыруун добуш берүү аркылуу жүргүзүлөт.

(Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 17-ноябрындагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

20-статья. Шериктиктин чогулуштарын өткөрүүнүн мөөнөттөрү

Шериктиктин жалпы чогулушу башкарма белгилеген мөөнөттө жылына кеминде бир жолу өткөрүлөт. Кезексиз чогулуштар башкарманын чечими боюнча, эгерде текшерүү комиссиясы болсо, анын талабы боюнча, же шериктиктин мүчөлөрүнүн кеминде 10 процентинин добушунун демилгеси боюнча чакырылат.

Башкарма шериктиктин мүчөлөрүнө шериктиктин чогулушун өткөрүү жөнүндө кат жүзүндө билдирүү жөнөтөт, ал шериктиктин ар бир мүчөсүнө тил кат алуу менен же почта аркылуу жөнөтүү (заказдык кат) түрүндө тапшырылат. Билдирүү жалпы чогулуш өткөрүлгөнгө чейин кеминде 10 күн калгангандан кечиктирилбестен жөнөтүлөт.

Жалпы чогулушту өткөрүү жөнүндө билдирүүдө:

- чогулуш өткөрүлө турган жер жана анын убактысы;
- чогулуштун күн тартиби көрсөтүлөт.

Жалпы чогулуш күн тартибинде билдирилбеген маселелерди талкууга алып чыгууга укуксуз.

Кворум жок болгон учурда, башкарма чогулуш өткөрүлө турган жаңы жерди жана анын убактысын белгилейт. Жаңыдан белгиленген чогулуш мурда болбой калган жалпы чогулуштан 48 сааттан кийин жана 30 суткадан кечиктирилбестен чакырылууга тийиш.

Эгерде шериктиктин мүчөсүнүн жалпы чогулушка катышууга мүмкүнчүлүгү жок болсо, ал ишенимдүү адамына ыйгарым укук бере алат. Ишенимдүү адамдар чогулушта төрагалык кылуучуга чогулуш башталганга чейин көрсөтүлүүгө тийиш. Ишеним кат берилген күндү көрсөтүү менен кат жүзүндө түзүлүүгө жана ага имарат жайлардын бардык менчик ээлеринин колу коюлууга тийиш. Ишеним каттын күчүнүн мөөнөтү ишеним катта көрсөтүлгөн күндөгү чогулуш өткөрүлгөн биринчи күндөн кийин же андан кийинки күнү аяктайт.

Шериктиктин ушул статьяга ылайыксыз өткөрүлгөн чогулушунда кабыл алынган чечимдер жараксыз болуп эсептелет.

21-статья. Шериктиктин башкармасы жана төргасы

Башкарма шериктикке чогулуштардын аралыгында жетекчилик кылат жана шериктиктин мүчөлөрүнөн гана турат. Башкарманын мүчөлөрү 2 жылдык мөөнөткө шайланат. Башкарманын сандык курамы жана милдеттерди жүзөгө ашырышынын тартиби шериктиктин уставы тарабынан аныкталат. Башкарма ушул Мыйзамга жана уставга ылайык жалпы чогулуштун гана компетенциясы болуп эсептелгенден башка, шериктиктин бардык ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырат. Шериктиктин төрагасы ишеним катсыз сотто, арбитражда, мамлекеттик жана башка органдарда шериктиктин өкүлү болууга укуктуу.

22-статья. Шериктиктин текшерүү комиссиясы

Шериктик 2 жылдык мөөнөткө, шериктиктин ишинин ар кандай чөйрөсүн финансылык текшерүү үчүн шериктиктин мүчөлөрүнөн турган текшерүү комиссиясын түзө алат. Ал шериктиктин башкармасынын ар жылкы отчету жана башкарма тарабынан берилген бюджет боюнча корутунду чыгарат. Башкарманын мүчөлөрү жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү текшерүү комиссиясынын мүчөлөрү боло алышпайт. Комиссия шериктиктин жалпы чогулушуна отчет берет.

23-статья. Шериктиктин мүчөлөрүнүн укуктарын жана таламдарын коргоо

Эгерде шериктиктин жалпы чогулушунун, башкармасынын, төрагасынын же

текшерүү комиссиясынын чечими ушул Мыйзамга же Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарына, уставга карама- каршы келсе, анда шериктиктин ар кандай мүчөсү сотко кайрылууга укуктуу.

24-статья. Шериктиктеги талаштарды чечүү

Шериктик менен анын мүчөлөрүнүн ортосундагы, ошондой эле шериктик менен башка гражданардын жана юридикалык жактардын ортосундагы талаштар мыйзамда белгиленген тартипте чечилүүгө тийиш.

25-статья. Жылдык бюджет

Ар бир финансылык жылга башкарма шериктиктин жыл сайын болуучу чогулушуна бекитүү үчүн жалпы мүлктү күтүү жана аны иштетүү боюнча күтүлгөн чыгымдарды жабуу үчүн жетиштүү болгон жылдык бюджетти, ошондой эле ар бир финансылык жыл үчүн финансылык отчет берет. Жылдык бюджетке имаратты капиталдык оңдоону жүргүзүү, өзгөчө жагдайлар же башка максаттар үчүн пайдаланылган, шериктиктин мүчөлөрү тарабынан бекитилген резервдик фондуну түзүү үчүн статья киргизилиши мүмкүн.

26-статья. Имараттардын менчик ээлеринин жалпы чыгымдарды тартышы

Имарат жайлардын менчик ээлери шериктиктин жалпы чыгымдарын
өздөрүнүн жалпы мүлктөгү үлүшүнө жараша тартууга милдеттүү. Аны төлөө ай сайын уставда каралган тартипте жүргүзүлөт. Турак жай эмес имарат жайлардын менчик ээлери тарабынан жалпы мүлктү шайкеш эмес пайдалануу байланыштуу сарптоолор бул менчик ээлери тарабынан алардын эсебинен жабылат. Имарат жайларга таандык жалпы мүлктү жекече пайдалануу байланыштуу менчик ээлеринин чыгымдары бул менчик ээлери тарабынан жабылат.

Шериктиктин жалпы мүлкүн пайдалануудан алынган кирешелер шериктикке таандык болот жана ушул Мыйзамга жана шериктиктин уставына ылайык шериктиктин иштөө максаттарында пайдаланылат.

27-статья. Менчик ээлеринин өз милдеттерин аткарышын камсыз кылуу боюнча шериктиктин укуктары

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине жана шериктиктин уставына ылайык шериктик жалпы чыгымдарды төлөө боюнча төлөмдөрдү кечиктиргендиги үчүн неустойка белгилей алат, анын суммасы карыздын жалпы суммасынын 30 процентинен ашпоого тийиш.

Менчик ээлери өз милдеттенмелерин аткарбаган учурда шериктик менчик ээсине бул милдеттенмелерди аткаруу, уставда жана граждандык мыйзамдарда белгиленген төлөмдөрдү жана неустойкаларды төлөбөгөндүгү үчүн компенсациялоо талабын коюуга укуктуу. Шериктик сотко кайрылууга укуктуу.

28-статья. Күрөө жана ипотека

Имарат жайлардын менчик ээлери өздөрүнүн имарат жайларын күрөөгө берүүгө же Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине жана башка мыйзамдарына ылайык ипотекалык күрөөнү жол-жоболоштурууга укуктуу. Шериктик төмөндөгүдөй учурларда:

(1) ипотеканын заты болуп эсептелген имарат жайдын менчик ээси жалпы чыгымдарды төлөө боюнча 60 күндөн ашык карыз болгондо;

(2) жалпы мүлктү камсыздандыруу өзгөртүлгөндө жана токтотулганда;

(3) ушул Мыйзамдын 27-статьясына ылайык шериктик тарабынан сотко кайрылуу чечими кабыл алынганда кредиторго, имарат жайды күрөө же ипотека катарында кармоочуга токтоосуз түрдө кат жүзүндө билдирүү жөнөтөт.

Имарат жайга болгон өзүнүн укугун ишке ашырууга шериктиктин ниеттенүүсү жөнүндө кабарлаган билдирүүдөн кийин 30 күндүн ичинде ипотека боюнча кредитор аталган имарат жай боюнча карызды түзгөн шериктикке тиешелүү болгон төлөмдөрдү жүргүзө алат. Ипотека боюнча кредитор шериктике төлөмдөрдү төлөгөндө, ошондой эле зарылдыгына жараша аталган имарат жай боюнча кийинки төлөмдөрдү төлөгөн учурда шериктик аталган имарат жайга карата андан аркы чараларды колдонуудан өзүн токтотот.

(Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 17-ноябрындагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

V бөлүм. Күтүү жана оңдоо

29-статья. Жеке менчик имарат жайларды күтүү

Имарат жайдын ар бир менчик ээси колдонуудагы ченемдерге ылайык имарат жайды өзүнүн эсебинен күтүүгө тийиш. Имарат жайды күтүү башка имарат жайга же жалпы мүлккө зыян келтирилбестен жүргүзүлүүгө тийиш.

30-статья. Жалпы мүлктү күтүү

Шериктик жалпы мүлктү күтүүнү шериктиктин жылдык бюджетине ылайык камсыз кылат. Эгерде жалпы мүлктүн абалын текшерүү, аны оңдоо же элементтерин алмаштыруу жүргүзүлсө, аларга баруу имарат жайдын ичинде жүргүзүлсө, алдын ала билдирүү алгандан кийин менчик ээси шериктиктин өкүлдөрүнүн имаратка киришин камсыз кылууга милдеттүү. Шериктик жалпы мүлктү күтүүнү камсыз кылуу боюнча жумуштарды аткаруунун натыйжасында имарат жайдын менчик ээсине келтирилген зыяндын ордун толтурат.

Жалпы мүлктү күндөлүк жана капиталдык ремонттоолор имараттарды куруу жана пайдалануу боюнча ченемдик документтерде белгиленген мөөнөттөрдө, ошондой эле үй ээлеринин жалпы чогулушунун чечими боюнча жүргүзүлөт.

(Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 17-ноябрындагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

31-статья. Имарат жайды өркүндөтүү жана кайра пландаштыруу

Эгерде бул жумуштар жалпы мүлккө же имараттын структуралык бүтүндүгүнө

таасир тийгизбесе, имарат жайдын менчик ээси шериктиктин макулдугусуз эле имарат жайды өркүндөтүү же кайра пландаштыруу боюнча жумуштарды жүргүзө алат. Жалпы мүлккө жана имараттын бүтүндүгүнө таасир тийгизген өркүндөтүү жана кайра пландаштыруу боюнча ар кандай жумуштар шериктик тарабынан жактырылууга тийиш. Өркүндөтүү жана кайра пландаштыруу боюнча бардык жумуштар архитектура жана курулуш иштери боюнча мамлекеттик башкаруу органдары менен макулдашуу боюнча тиешелүү ченемдерге ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

32-статья. Жанаша турган имарат жайлардын ортосундагы, ошондой эле имарат жайлар менен жалпы мүлктүн ортосундагы чек араларды өзгөртүү

Жанаша турган имарат жайлардын ортосундагы чек араны өзгөртүү ушул имарат жайлардын менчик ээлеринин өз ара макулдашуусу боюнча жүргүзүлөт, мындай өзгөртүү жалпы мүлккө же имараттын бүтүндүгүнө таасир тийгизгенде гана шериктиктин макулдугу талап кылынат. Чек аралардын мындай өзгөртүлүшү, ошондой эле жалпы мүлктөгү үлүштөрдү тиешелүү өзгөртүү шериктиктин документтеринде көрсөтүлөт. Имарат жайлар менен жалпы мүлктүн ортосундагы чек араларды өзгөртүү шериктиктин документтерине шериктиктин мүчөлөрүнүн жана курулуш ченемдери менен эрежелеринин талаптарына ылайык 75 процентинин макулдугу менен тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин гана жүргүзүлөт.

(Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 17-ноябрындагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

33-статья. Жалпы мүлккө же башка имарат жайларга зыян келтирүү

Эгерде имарат жайдын менчик ээси же ушул менчик ээсинин атынан чыгып жаткан башка адам жалпы мүлккө же башка ээликтеги имарат жайга зыян келтирсе, ал аларга келтирилген зыяндын ордун толтурууга милдеттүү.

(Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 17-ноябрындагы N 152 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

34-статья. Шериктиктин жалпы мүлкүнө зыян келтирүү тобокели

Жалпы мүлккө зыян келтирүү тобокелин имарат жайлардын бардык менчик ээлери тартышат.

35-статья. Камсыздандыруу

Имарат жайларды камсыздандыруу алардын менчик ээлери тарабынан жүргүзүлөт. Жалпы мүлктү камсыздандыруу шериктик тарабынан жүргүзүлүшү мүмкүн.

Жалпы мүлк зыянга учураганда же бузулганда камсыздандыруунун ордун толтуруу шериктикке төлөнөт. Эгерде шериктиктин мүчөлөрү ушул Мыйзамга ылайык шериктикти жоюу үчүн добуш беришпесе, камсыздандыруу боюнча келип түшкөн бардык каражаттар биринчи кезекте жалпы мүлктү калыбына келтирүүгө же кайра курууга пайдаланылат. Шериктикти жоюу процессинде камсыздандыруу боюнча келип

түшкөн каражаттар шериктиктин банктагы эсептеринде сакталат жана биринчи кезекте алардын имарат жайларга болгон таламдарына ылайык ипотекалар боюнча кредиторлорго төлөөгө чыгымдалат. Жоюудан кийин калган сумма имарат жайлардын менчик ээлеринин жалпы мүлктөгү үлүшүнө жараша алардын тескөөсүнө өтөт.

VI бөлүм. Турак жайдын менчик ээлеринин шериктештигин ишин токтотуу

36-статья. Шериктиктин ишин токтотуу

Шериктик төмөндөгү учурларда:

(1) ушул Мыйзамдын 19-статьясында белгиленген тартипте - шериктиктин мүчөлөрүнүн чечими боюнча;

(2) ар кандай табигый кырсыктын кесепетинен имарат 50 проценттен ашык зыянга учураганда же бузулганда - шериктиктин ушул Мыйзамдын 19-статьясына ылайык кабыл алынган чечими боюнча;

(3) мыйзамда белгиленген тартипте соттун чечими боюнча жоюлушу мүмкүн.

Шериктикти жоюуда шериктиктин карыздарды тындыруудан кийин калган мүлкү шериктиктин мүчөлөрүнүн ортосунда алардын жалпы мүлктөгү үлүшүнө жараша бөлүштүрүлөт. Шериктикти жоюу шериктикти түзүү сыяктуу тартипте эле катталат. Шериктик жоюлганда имарат жайлардын менчик ээлери менчиктин башка түрүн тандап алууга укуктуу. Эгерде мындай чечим алар тарабынан кабыл алынбаса, анда жалпы мүлк аларга жалпы үлүштүк менчик укугунда таандык болот.

VII бөлүм. Турак жайдын менчик ээлеринин шериктештигин жергиликтүү бийлик органдары менен өз ара мамилелери

37-статья. Жергиликтүү бийлик органдары

Шериктиктер жергиликтүү бийлик органдары менен келишимдик негизде өз ара аракеттенет.

Бийликтин жергиликтүү органдары келишимдердин негизинде шериктиктерге уюштуруучулук, техникалык, материалдык колдоо жана өзүнүн имараттарын же имаратын шериктикке кайра уюштурууну каалаган топторго көмөк көрсөтөт же шериктиктерди түзүүнү кубаттаган башка чараларды көрүшөт.

VIII бөлүм. Турак жайдын менчик ээлеринин шериктиктеринин ассоциациялары

38-статья. Шериктиктердин ассоциациялары

Шериктиктер өздөрүнүн ишин координациялоо, жалпы таламдарды билдирүү жана коргоо жана башка коммерциялык эмес иштин максаттарында ассоциацияларга биригүүгө укуктуу. Ассоциацияларды түзүү жана алардын иши мыйзамдарга жана ассоциациянын уставына ылайык жүзөгө ашырылат.

Бишкек шаары
2008-жылдын 25-апрели N 65

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

Кыргыз Республикасынын администрациялык-аймактык түзүлүшү тууралуу

1-глава. Жалпы жоболор
2-глава. Администрациялык-аймактык түзүлүш маселелерин чечүүдө мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары
3-глава. Администрациялык-аймактык бирдиктердин жана калктуу конуштарды атоо, кайра атоо, эсепке алуу жана каттоо

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын администрациялык-аймактык түзүлүшүнүн (мындан ары - администрациялык-аймактык түзүлүш) түшүнүгүн, принциптерин, администрациялык-аймактык түзүлүшүнүн маселелерин чечүүнүн тартибин, администрациялык-аймактык бирдиктерди түзүүдө жана жоюуда, алардын чегараларын аныктоодо жана өзгөртүүдө, администрациялык-аймактык жана аймактык бирдиктерди эсепке алуу жана каттоо маселелерин, ошондой эле администрациялык-аймактык түзүлүшкө байланышкан башка маселелерди чечүүдө мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын аныктайт.

1-глава. Жалпы жоболор

1-берене. Ушул Мыйзамда колдонулган негизги түшүнүктөр

Ушул Мыйзамда төмөнкү негизги түшүнүктөр колдонулат:

Кыргыз Республикасынын администрациялык-аймактык түзүлүшү - бул натыйжалуу мамлекеттик башкарууну жана жергиликтүү өзалдынча башкарууну уюштуруу максаттарында аймактарды администрациялык-аймактык бирдиктерге бөлүштүрүү;

администрациялык-аймактык бирдик - бул мамлекеттик бийлик же жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары тиешелүүлүгүнө жараша мамлекеттик башкарууну же өзалдынча башкарууну жүзөгө ашыруучу, өз ичине бир же бир нече калктуу конуштардын жана башка калк отурукташпаган аймактарды камтыган, мыйзам тарабынан аныкталган аймактар;

калктуу конуштар - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте уюштурулган шаарлар, шаар тибиндеги кыштактар, айылдар жана башка калктуу конуштар;

калктуу конуштардын категориялары - мыйзамда белгиленген белгилүү статуска ээ болгон администрациялык-аймактык бирдиктердин жыйындысы;

область - жергиликтүү коомчулуктун кызыкчылыктарын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын компетенцияларын эске алуу менен мамлекеттик

башкаруу жүзөгө ашырылуучу областтык маанидеги шаарлардын аймактарын, ошондой эле ушул областын аймагында жайгашкан райондордун аймактарын бириктирүүчү администрациялык-аймактык бирдик;

район - жергиликтүү коомчулуктун кызыкчылыктарын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын компетенцияларын эске алуу менен мамлекеттик башкаруу жүзөгө ашырылуучу, ушул райондун белгиленген чектеринде жайгашкан айылдарды, кыштактарды жана/же райондук маанидеги шаарларды бириктирүүчү администрациялык-аймактык бирдик;

шаар - бул жергиликтүү коомчулук Кыргыз Республикасынын Конститу-

циясында жана мыйзамдарында белгиленген тартипте жергиликтүү өзалдынча башкарууну жүзөгө ашыруучу республикалык, областтык жана райондук маанидеги шаарлар, ошондой эле шаар тибиндеги поселок түрүндөгү админстрациялык-аймактык бирдик;

айылдык округ - бул жергиликтүү коомчулук Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана мыйзамдарында белгиленген тартипте жергиликтүү өзалдынча башкарууну жүзөгө ашыруучу бир же бир нече айылдан турган администрациялык-аймактык бирдик;

шаар тибиндеги поселок (поселок) - бул аймагында экономикалык маанилүү объекттери (өнөржай ишканалары, курулуштар, темиржол станциялары ж.б.) жайгашкан, ошондой эле эгерде бул калктуу конуштар ыңгайлуулуктардын белгилүү деңгээлине жетишсе, калкынын саны 2 миң адамдан кем эмес болсо, дарылык мааниге ээ жерлерде жайгашкан калктуу конуш;

айыл - ыңгайлуулуктардын белгилүү деңгээлине жетишкен, калкынын саны 50 адамдан кем эмес, айыл чарба өндүрүшүндө алектенишкен жана алардын үй-бүлөө мүчөлөрү калктын санынын жарымынан көбүн түзгөн калктуу конуш.

2-берене. Администрациялык-аймактык түзүлүштүн түшүнүгү

Администрациялык-аймактык түзүлүш - бул натыйжалуу мамлекеттик башкарууну жана жергиликтүү өзалдынча башкарууну уюштуруу, мыйзамдуулукту жана укук тартибин камсыз кылуу, Кыргыз Республикасынын жарандарынын эркиндиктерин, укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын ишке ашыруу максаттарында Кыргыз Республикасынын аймагынын администрациялык-аймактык бирдиктерге бөлүнүшү.

3-берене. Администрациялык-аймактык түзүлүштүн негизги принциптери

Администрациялык-аймактык түзүлүш төмөнкү принциптерге негизделет:

Кыргыз Республикасынын аймагынын бирдиктүүлүгү жана ажыратылгыстыгы;

жалпы мамлекеттик кызыкчылыктар менен тийиштүү аймакта жашаган калктын кызыкчылыктарынын шайкештиги;

мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын өз ыйгарым укуктарын тийиштүү администрациялык-аймактык бирдиктердин чекараларынын чегинде жүзөгө ашыруусу;

администрациялык-аймактык бирдиктердин өнүгүүсүнүн тең салмактуулугу

жана комплекстүүлүгү;

бир кыйла ири администрациялык-аймактык бирдиктердин аймактарынын курамына бир кыйла кичирээк администрациялык-аймактык бирдиктердин аймактарынын кошулуусу;

администрациялык-аймактык бирдиктердин укуктук статусун алардын багыттарына, жергиликтүү өзгөчөлүктөргө, социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээлине жана башка факторлорго ылайык аныктоо;

администрациялык-аймактык түзүлүш маселелерин чечүүдө ачык-айкындык жана коомдук пикирди эске алуу.

4-берене. Администрациялык-аймактык бирдиктер

Администрациялык-аймактык бирдик мамлекеттик бийлик же жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары бир же бир нече калктуу конуштардын же башка калк отурукташпаган аймактардын чектеринде мамлекеттик башкарууну же өзалдынча башкарууну жүзөгө ашырган алардын аймактарынан турат.

Администрациялык-аймактык бирдиктерге:

область;

район;

шаар;

айылдык округ кирет.

Область - бул жергиликтүү коомчулуктун кызыкчылыктарын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын компетенцияларын эске алуу менен мамлекеттик башкаруу жүзөгө ашырылуучу областтык маанидеги шаарлардын аймактарын, ошондой эле ушул областын аймагында жайгашкан райондордун аймактарын бириктирген администрациялык-аймактык бирдик.

Район - бул жергиликтүү коомчулуктун кызыкчылыктарын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын компетенцияларын эске алуу менен мамлекеттик башкаруу жүзөгө ашырылуучу, ушул райондун белгиленген чектеринде жайгашкан айылдарды, кыштактарды жана/же райондук маанидеги шаарларды бириктирген администрациялык-аймактык бирдик.

Шаар - бул жергиликтүү коомчулук Кыргыз Республикасынын Конститу-

циясында жана мыйзамдарында белгиленген тартипте жергиликтүү өзалдынча башкарууну жүзөгө ашыруучу республикалык, областтык жана райондук маанидеги шаарлар, ошондой эле шаар тибиндеги поселоктор түрүндөгү администрациялык-аймактык бирдик.

Айылдык округ - бул жергиликтүү коомчулук Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана мыйзамдарында белгиленген тартипте жергиликтүү өзалдынча башкарууну жүзөгө ашыруучу бир же бир нече айылдан турган администрациялык-аймактык бирдик.

Тийиштүү мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын компетенциясынын мейкиндиктик чектерин аныктоо максаттарында ар бир администрациялык-аймактык бирдик үчүн аталышы, чегарасы жана администрациялык борбору белгиленет.

Республикалык маанидеги шаарлардын аймагы жарандардын социалдык-

маданий жана тиричиликтик керектөөлөрүн канааттандырууга, укук тартибин жана мыйзамдуулукту сактоого байланышкан чечимдердин аткарылышын ургалдуу уюштуруу максаттарында зарылдыгына жараша өз алдынча администрациялык-аймактык бирдик болуп эсептелбеген райондорго бөлүнөт.

5-берене. Калктуу конуштар

Жарандардын туруктуу жашоочу орду болуп эсептелген, жарандардын турмуш-тиричилигин камсыздоо үчүн зарыл керектүү турак жайы жана курулуштары, өзүнүн аталышы жана тийиштүү тартипте аныкталган аймактык чектери бар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте эсепке алынган жана катталган Кыргыз Республикасынын аймагынын калк тыгыз отурукташкан бөлүгү калктуу конуш болуп саналат.

Калктуу конуштар шаардык жана айылдык болуп бөлүнөт.

Шаардык калктуу конуштарга шаарлар (республикалык, областтык жана райондук маанидеги, шаар тибиндеги поселоктор), айылдыкка - алардын администрациялык баш ийүүсүнө карабастан, айылдар кирет.

Убактылуу маанидеги жана калкынын курамы туруктуу болбогон же кызматтык багыттагы объекттер болуп саналган, анча чоң эмес конуштар (токойчулардын үйлөрү, талаа стандар, метеостанциялар, жол оңдоочулардын үйлөрү, алыскы жайыттардагы чабан үйлөрү ж.у.с.), ошондой эле жалгыз үйлөр өз алдынча калктуу конуш болуп эсептелбейт жана чарбалык, администрациялык жана аймактык жактан байланышкан калктуу конуштардын эсебине киргизилет.

Калктуу конуштар жашаган калкынын санына жана өнүгүү деңгээлине, өндүрүшүнүн жана социалдык-маданий инфратүзүмүнүн адистештирилгенине жараша белгилүү категорияларга кирет.

Тийиштүү администрациялык-аймактык бирдикти башкарууну жүзөгө ашыруу ыйгарым укугу берилген мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өзалдынча башкаруунун органдары жайгашкан калктуу конуштар администрациялык-аймактык бирдиктердин администрациялык борбору болуп саналат.

6-берене. Калктуу конуштардын категориялары

Мамлекеттик өзгөчө мааниге ээ же өнүккөн өндүрүштүү жана социалдык инфратүзүмдүү, калкынын саны 250 миң адамдан кем болбогон республикалык маанидеги администрациялык, экономикалык же маданий борбор болуп саналган калктуу конуш республикалык маанидеги шаар категориясына киргизилиши мүмкүн. Мындай шаарлар да жергиликтүү өзалдынча башкарууну уюштуруунун өзгөчө ыкмасы белгилениши мүмкүн. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары башка калктуу конуштардагы жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарынан айырмаланышы ыктымал жана алардын мамлекеттик бийлик органдары менен мамилелери өзгөчө мүнөзгө ээ болот.

Республикалык маанидеги шаардын статусу мыйзам менен аныкталат.

Администрациялык, экономикалык жана маданий борбор болуп саналган, өнөржай ишканалары, коммуналдык чарбасы жана турак жай фонду бар, өнүккөн

окуу, маданий-агартуу, дарылоо жана соода мекемелерине ээ, калкынын саны 20 миңден кем болбогон калктуу конуш областтык маанидеги шаар категориясына киргизилиши мүмкүн.

Администрациялык, экономикалык жана маданий борбор болуп саналган, өндүрүштүк жана социалдык инфратүзүмгө, өнүккөн окуу, маданий-агартуу, дарылоо жана соода мекемелерине ээ, калкынын саны 10 миң адамдан кем болбогон калктуу конуш райондук маанидеги шаар категориясына киргизилиши мүмкүн.

Аймагында экономикалык маанилүү объекттер (өнөржай ишканалары, курулуштар, темиржол станциялары ж.б.) жайгашкан, ошондой эле эгерде бул калктуу конуштар ыңгайлуулуктардын белгилүү деңгээлине жетишсе, калкынын саны 2 миң адамдан кем болбосо, дарылык маниге ээ жерлерде жайгашкан калктуу конуштар шаар тибиндеги поселоктордун категориясына киргизилиши мүмкүн.

Өзгөчө учурларда калкынын саны азыраак, бирок администрациялык, экономикалык жана маданий борбор болуп саналган жана андан аркы экономикалык өсүшү жана калкынын саны көбөйүшү жакынкы келечекте боло турган калктуу конуштар тийиштүү маанидеги шаарлар, шаар тибиндеги поселоктор категориясына киргизилиши мүмкүн.

Ыңгайлуулуктардын белгилүү деңгээлине жетишкен, калкынын саны 50 адамдан кем болбогон, айыл чарба өндүрүшүндө алектенишкен жана алардын үй-бүлөө мүчөлөрү калктын санынын жарымынан көбүн түзгөн калктуу конуштар айыл категориясына киргизилиши мүмкүн. Айылдын курамында кыштактар жана конуштар уюштурулушу мүмкүн.

Өзгөчө учурларда алыс жана баруу кыйын болгон, калкынын саны аз конуштар айыл категориясына киргизилиши мүмкүн.

7-берене. Аймактык бирдиктер

Мамлекеттик бийликтин же жергиликтүү өзалдынча башкаруунун органдары түзүлбөгөн калктуу конуштар, ошондой эле пайдалануунун атайын режиминдеги аймактар (коруктар, улуттук парктар, заказниктер, тарыхый эстеликтердин жана жаратылыш эстеликтеринин аймактары, коргонуу маанисиндеги аймактар жана башкалар) аймактык бирдиктер болуп саналышат.

8-берене. Администрациялык-аймактык бирдиктерде аймактык өнүктүрүүнү пландоо

Администрациялык-аймактык бирдиктердин чектеринде Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген тартипте, түзүлгөн социалдык, экономикалык, экологиялык, шаар куруу жана башка шарттарды комплекстүү эске алуунун негизинде калктуу конуштарды жана жалпы эле администрациялык-аймактык бирдиктерди өнүктүрүүнү пландоо жүзөгө ашырылат.

2-глава. Администрациялык-аймактык түзүлүш маселелерин чечүүдө мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары

9-берене. Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктары

Жогорку Кеңештин компетенциясына:

- администрациялык-аймактык бирдиктерди түзүү жана жоюу;
- алардын администрациялык борборлорун белгилөө жана которуу;
- администрациялык-аймактык бирдиктердин чегараларын белгилөө жана өзгөртүү;
- калктуу конуштардын категорияларын аныктоо;
- администрациялык-аймактык бирдиктердин аталыштарын жана кайра аталыштарын бекитүү кирет.

10-берене. Өкмөттүн ыйгарым укуктары

Өкмөт:

- Жогорку Кеңешке администрациялык-аймактык бирдиктерди жана калктуу конуштарды түзүү жана жоюу, алардын администрациялык борборлорун белгилөө жана которуу, чегараларын белгилөө жана өзгөртүү, калктуу конуштардын категорияларын, администрациялык-аймактык бирдиктердин жана калктуу конуштардын аталыштарын жана кайра аталыштарын аныктоо тууралу сунуштарды киргизет;
- Жогорку Кеңешке калктуу конуштарды республикалык, областтык жана райондук маанидеги шаарлардын категориясына киргизүү тууралу сунуштарды киргизет;
- Өкмөттүн алдында администрациялык-аймактык түзүлүш боюнча комиссия түзөт;
- Өкмөттүн алдындагы администрациялык-аймактык түзүлүш боюнча комиссиянын корутундуларынын негизинде тийиштүү жергиликтүү кеңештердин пикирин эске алуу менен Жогорку Кеңешке Кыргыз Республикасынын администрациялык-аймактык түзүлүш маселелери боюнча сунуштарды киргизет.

11-берене. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын ыйгарым укуктары

Областтын жергиликтүү мамлекеттик администрациясы:

- тийешелүү жергиликтүү кеңештердин пикирин эске алуу менен, өкмөткө тийиштүү областтын чектеринде администрациялык-аймактык бирдиктерди жана калктуу конуштарды түзүү жана жоюу, алардын чегараларын белгилөө жана өзгөртүү, алардын администрациялык борборлорун белгилөө жана которуу, калктуу конуштардын категорияларын, алардын аталыштарын жана кайра аталыштарын, ошондой эле алардын аталыштарынын транскрипцияларын аныктоо боюнча сунуштарды киргизет;
- ушул беренеге ылайык райондордун жергиликтүү мамлекеттик администрацияларынын сунуштарын карайт.

Райондун жергиликтүү мамлекеттик администрациясы тийешелүү жергиликтүү кеңештердин пикирин эске алуу менен, областтын жергиликтүү мамлекеттик администрациясына тийиштүү райондун чектеринде администрациялык-аймактык бирдиктерди жана калктуу конуштарды түзүү жана жоюу, алардын чегараларын белгилөө жана өзгөртүү, алардын администрациялык борборлорун белгилөө жана которуу, калктуу

конуштардын категорияларын, администрациялык-аймактык бирдиктердин жана калктуу конуштардын аталышын жана кайра аталышын, ошондой эле алардын аталыштарынын транскрипцияларын аныктоо боюнча сунуштарды киргизет.

12-берене. Жергиликтүү кеңештердин ыйгарым укуктары

Жергиликтүү кеңештер:

- жергиликтүү жамааттын пикирин эске алуу менен өкмөткө тийешелүү жергиликтүү өзалдынча башкаруунун чектеринде администрациялык-аймактык бирдиктерди, калктуу конуштарды түзүү жана жоюу, алардын чегараларын белгилөө жана өзгөртүү, администрациялык борборун белгилөө жана которуу, калктуу конуштардын категорияларын, администрациялык-аймактык бирдиктердин жана калктуу конуштардын аталышын жана кайра аталышын аныктоо, ошондой эле алардын аталыштарынын транскрипцияларын өзгөртүү боюнча сунуштарды киргизет;
- ушул Мыйзамдын 11-беренесине ылайык областтын же райондун жергиликтүү мамлекеттик администрациясына өз сунуштарын киргизет.

13-берене. Кыргыз Республикасынын администрациялык-аймактык түзүлүш маселелерин кароо үчүн зарыл керектүү документтер жана материалдар

Кыргыз Республикасынын администрациялык-аймактык түзүлүш маселелерин кароо үчүн Өкмөт Жогорку Кеңешке:

- киргизилип жаткан сунуштун максатка ылайыктуулугунун тийиштүү негиздемесин жана сунуштамасын, өзгөртүлчү аймактын өлчөмү, ушул аймакта жашап жаткан калктын саны, негизги ишканаларынын, мекемелеринин жана уюмдарынын тизмеги, алардын өндүрүштүк көрсөткүчтөрү, ар биринде иштегендердин саны, жергиликтүү өкүлчүлүктүү жана аткаруучу органдардын түзүмү жана штаттык саны, кайра уюштурууга байланыштуу алардагы өзгөрүүлөр жөнүндө маалыматтарды, аталышынын жана кайра аталышынын маселелерин, ошондой эле маселени маңыздуу чечүү үчүн керектүү бардык башка маалыматтарды жана каралып жаткан маселе боюнча тийиштүү жергиликтүү кеңештердин пикирлерин камтыган сунуштаманы;
- администрациялык-аймактык бирдиктердин жаңы чегаралары, маселени маңыздуу чечүү үчүн мааниси бар башка географиялык маалыматтар көрсөтүлгөн схемалык картаны. Картага өкмөттүн өкүлү, ошондой эле аймакты кабыл алуучу жана өткөрүүчү өкүлчүлүктүү жана аткаруучу органдардын жетекчилери кол коюшат, коюлган колдор мөөрлөр менен ырасталат;
- жүргүзүлүп жаткан кайра түзүүлөрдүн жана кайра атоолордун илимий калысбаасынын жана экономикалык эсептөөлөрүнүн актысын тапшырат.

3-глава. Администрациялык-аймактык бирдиктердин жана калктуу конуштарды атоо, кайра атоо, эсепке алуу жана каттоо

14-берене. Администрациялык-аймактык бирдиктерди жана калктуу конуштарды атоо жана кайра атоо

Администрациялык-аймактык бирдиктерди жана башка калктуу конуштарды атоо жана кайра атоо жалпы мамлекеттик кызыкчылыктарды, географиялык, тарыхый, улуттук, турмуш-тиричиликтик жана башка шарттарды эске алуу менен "Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жүзөгө ашырылат.

15-берене. Администрациялык-аймактык бирдиктерди жана калктуу конуштарды эсепке алуу жана каттоо, аларды эсептик маалыматтардан чыгаруу

Өзүнө бекитилген аймагы жана анда туруктуу жашаган калкы бар администрациялык-аймактык бирдиктер жана калктуу конуштар эсепке алынууга жана каттоого алынууга жатат.

Администрациялык-аймактык бирдиктерди жана калктуу конуштарды эсепке алуу жана каттоого алуу, ошондой эле аларды эсептик маалыматтардан чыгаруу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүргүзүлөт.

Шаарлардын, кыштактардын же айылдардын курамына кошулган жана алардын бөлүгү болуп калган калктуу конуштар, ошондой эле тургундары кетип калган же жер которуп кетишкен конуштар өзалдынча администрациялык-аймактык бирдик статусун жоготушат жана эсептик маалыматтардан чыгарылып салынат.

Администрациялык-аймактык жана аймактык бирдиктерди эсепке алуу жана каттоо үчүн көрсөтүлүүчү документтердин тартиби жана тизмеги Өкмөт тарабынан аныкталат.

16-берене. Администрациялык-аймактык жана аймактык бирдиктердин статистикалык эсеби

Администрациялык-аймактык жана аймактык бирдиктердин статистикалык эсебин администрациялык-аймактык жана аймактык бирдиктерин эсепке алуу маалыматтарынын негизинде мамлекеттик статистика органдары жүргүзүшөт.

17-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши

Ушул Мыйзам жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Ушул Мыйзам күчүнө кирген учурдан тартып айылдык кеңештердин администрациялык-аймактык бирдиктери айылдык округдардын администрациялык-аймактык бирдиктери болуп эсептелсин.

Өкмөт бир айлык мөөнөттүн ичинде өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

"Кыргыз ССРинин администрациялык-аймактык түзүлүшүнүн маселелерин чечүүнүн тартиби жөнүндө" Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жылдын 22-сентябрындагы N 1808-X Указы (Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ведомосттору, 1981-ж., N 18, 151-ст.) күчүн жоготту деп таанылсын.

Бишкек шаары
2007-жылдын 4-майы N 67

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ
Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө

(Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 26-февралындагы N 16
2009-жылдын 15-июлундагы N 214 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен бекитилген мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ар бир адамдын кайрылуу укугун жүзөгө ашырууга байланышкан маселелерди, ошондой эле мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана кызмат адамдарына жарандардын кайрылууларын кароо тартибин укуктук жактан жөнгө салууга багытталган.

1-статья. Ушул Мыйзамда пайдаланылуучу негизги терминдер

Ушул Мыйзамда пайдаланылуучу негизги терминдер төмөндөгүлөрдү билдирет:

1) жарандын кайрылуусу (мындан ары - кайрылуу) - жазуу жүзүндө же оозеки түрдө баяндалган сунуш, арыз, даттануу;

2) сунуш - мыйзамдарды жана башка ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын иштерин жакшыртуу, мамлекеттин жана коомдун ишинин экономикалык, саясий, социалдык маданий жана башка чөйрөлөрүнүн маселелерин чечүү боюнча жарандын сунуштарын камтыган кайрылуу;

3) арыз - жарандын өзүнүн конституциялык укуктары менен эркиндиктерин же башка адамдардын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашырууга көмөк көрсөтүү тууралу жарандын өтүнүчүн камтыган кайрылуу, же болбосо мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын бузулушу, ошондой эле аталган органдардын жана кызмат адамдарынын ишиндеги кемчиликтер жөнүндөгү билдирүү;

4) даттануу - жарандын анын бузулган укуктарын жана эркиндиктерин же мыйзамдуу кызыкчылыктарын же болбосо башка адамдардын укуктарын, эркиндиктерин же мыйзамдуу кызыкчылыктарын калыбына келтирүү жөнүндөгү өтүнүчүн камтыган кайрылуу;

5) жекече кайрылуу - бир жарандын кайрылуусу;

6) жамааттык кайрылуу - эки же андан ашуун жарандын кайрылуусу, жарандардын атынан уюмдардын кайрылуусу, ошондой эле митингдердин жана жыйналыштардын резолюциялары;

7) кызмат адамы - бийлик өкүлүнүн иш-милдеттерин туруктуу, убактылуу же атайын ыйгарым укуктар боюнча жүзөгө ашыруучу же болбосо мамлекеттик органдар же жергиликтүү өзалдынча башкаруу органында уюштуруучу-тескөөчү, администрациялык-чарбалык милдеттерди аткаруучу адам.

2-статья. Жарандардын кайрылуулары менен иштөөнүн негизги принциптери

Мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын жарандардын кайрылууларын кароо боюнча иштеринин негизги принциптери төмөндөгүлөр болуп саналат:

1) адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо;

2) мыйзамдуулук, демократиялуулук, жеткиликтүүлүк;

3) кайрылууларды кароонун милдеттүүлүгү;

4) кайрылуулардын өз убагында каралышы, калыстыгы жана толуктугу;

5) кайрылууларды караган учурдагы жарандардын теңдиги;

6) кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн жеке жоопкерчилик;

7) кайрылууларды кароонун контролго алынуусу жана отчеттуулугу.

(Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 26-февралындагы N 16 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

3-статья. Жарандардын кайрылуулары жөнүндөгү мыйзамдар

Жарандардын кайрылуулары жөнүндөгү мыйзамдар Кыргыз Республикасынын Конституциясынан, ушул Мыйзамдан, Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларынан жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларынан турат.

4-статья. Жарандардын кайрылууга болгон укугу

1. Кыргыз Республикасында ар бир жаран мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына өзү же өзүнүн өкүлү аркылуу кайрылуу укугуна ээ.

2. Ушул статьянын 1-бөлүгүндө аталган органдар, алардын кызмат адамдары жарандардын сунуштар, арыздар жана даттануулар менен кайрылуу укугунан ажыратууга же алардын мындай укугун чектөөгө акысы жок.

3. Жашы жетелек же аракетке жөндөмсүз адамдардын кызыкчылыктарындагы арыздарды жана даттанууларды алардын мыйзамдуу өкүлдөрү, ошондой эле көзөмөлдүк жана камкордук органдары берүүгө укуктуу.

4. Эгерде Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында же эларалык келишимдерде башкача каралбаса, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар ушул Мыйзамга ылайык кайрылуу укугунан пайдаланышат.

5. Жарандардын белгиленген тартипте газеталардын, журналдардын, телекөрсөтүү, радио жана башка жалпыга маалымдоо каражаттарынын редакцияларынан, түз телефон байланышы боюнча келип түшкөн кайрылуулары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Мыйзамда каралган тартипте жана мөөнөттөрдө каралат.

6. Жарандар кайрылууга болгон укугун эркин жана ыктыярдуу ишке ашырышат. Жарандардын кайрылуу укугун жүзөгө ашыруусу башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин бузбоого тийиш.

7. Жарандардын кайрылууларын кароо акысыз жүзөгө ашырылат.

5-статья. Ушул Мыйзамдын күчүнүн чеги

Ушул Мыйзамдын күчү жарандардын төмөндөгүлөрдөн башка бардык кайрылууларына жайылтылат:

1) ойлоп табуулар, ачылыштар, тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен регламенттелүүчү рационализатордук сунуштар менен байланышкан кайрылуулардан;

2) кылмыш-жазык жана жарандык сот өндүрүшү, администрациялык укук бузуулар жөнүндөгү иштер боюнча өндүрүш тартибинде каралуучу кайрылуулардан;

3) коммерциялык уюмдардын жана коомдук бирикмелердин жамааттарынын ичиндеги мамилелерден улам келип чыккан, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдери, алардын уставдары жана жоболору менен жөнгө салынуучу кайрылуулардан;

4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген кароонун башка тартиби каралган кайрылуулардан.

6-статья. Жазуу жүзүндөгү кайрылууга коюлуучу талаптар

1. Жаран өзүнүн жазуу жүзүндөгү кайрылуусунда жазуу жүзүндөгү кайрылуусун жөнөткөн мамлекеттик органдын же жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын аталышын, же болбосо тийиштүү кызмат адамынын аты-жөнүн, же болбосо тийиштүү адамдын кызмат ордун, ошондой эле өзүнүн фамилиясын, атын, атасынын атын (эгерде атасынын аты болсо), жооп жөнөтүлүүгө тийиш болгон дарегин милдеттүү түрдө көрсөтөт, сунушунун, арызынын же даттануусунун маани-маңызын баяндайт, өзүнүн колун коет жана күнүн көрсөтөт.

2. Жарандын арызы, даттануусу негиздүү болууга тийиш. Зарыл болгон учурда аларга жарандын далилдерин тастыктоочу документтер тиркелет.

7-статья. Жарандарды өздөрүнүн кабыл алуусу

1. Мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын кайрылуулардын маани-маңызы боюнча чечим кабыл алууга ыйгарым укуктуу кызмат адамдары жана жетекчилери жарандарды жумасына бир жолудан кем эмес өздөрү кабыл алууну өткөрүүгө милдеттүү.

2. Кабыл алуу белгиленген жана жарандарга кабар берилген күндөрдө жана сааттарда өткөрүлөт.

3. Өздөрү кабыл алуу учурунда жаран өзүнүн инсандыгын күбөлөндүргөн документин көрсөтөт.

4. Оозеки кайрылууда айтылган маселе өзү кабыл алуу учурунда чечилбесе кайрылуу жаран тарабынан жазуу жүзүндө баяндалышы мүмкүн жана ушул Мыйзамда белгиленген тартипте катталууга жана каралууга тийиш.

5. Эгерде кайрылууда аларды чечүү ушул мамлекеттик органдын, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын компетенциясына кирбеген маселелер камтылса, жаранга каякка жана кандай тартипте кайрылуу керектиги тууралу түшүнүк берилет.

6. Эгерде жаранга кайрылууда коюлган маселелердин маани-маңызы боюнча

жооп берилсе, өзү кабыл алуунун жүрүшүндө анын кайрылуусун андан ары кароодон баш тартылышы мүмкүн.

7. Республиканын алыскы региондорунан келишкен жарандар кезексиз кабыл алынуу укугуна ээ. Кабыл албай коюуга жол берилбейт.

(КР 2008-жылдын 26-февралындагы N 16, 2009-жылдын 15-июлундагы N 214 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

8-статья. Жазуу жүзүндөгү кайрылууну кароонун мөөнөттөрү

1. Жазуу жүзүндөгү кайрылуу мамлекеттик органга, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органына же кайрылууда коюлган маселелерди чечүү компетенциясына кирген кызмат адамына келип түшкөн учурдан тартып бир күндүн ичинде милдеттүү түрдө катталууга тийиш.

2. Мамлекеттик органга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына же компетенцияларына ылайык кызмат адамына келип түшкөн жазуу жүзүндөгү кайрылуу жазуу жүзүндөгү кайрылуу катталган күндөн тартып 30 күндүн ичинде каралат.

3. Жарандын кайрылуусун чечүү үчүн атайын текшерүүлөрдү (экспертизаларды)жүргүзүү, кошумча материалдарды суратып алуу же болбосо башка чараларды көрүү зарыл болгон учурларда даттанууларды чечүү мөөнөттөрү демейдегиден башкача тартипте узартылышы мүмкүн, бирок ал 30 күндөн ашпайт. Бул жөнүндөгү чечим мамлекеттик органдын же жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын жетекчиси, кызмат адамы же болбосо ага ыйгарым укук берилген адам тарабынан кабыл алынат жана арыз ээсине жазуу жүзүндө билдирилет.

4. Жазуу жүзүндөгү кайрылууда коюлган маселелерди чечүү бир нече мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын же кызмат адамдарынын компетенциясына тиешелүү болгон учурда кайрылуунун көчүрмөсү катталган күндөн тартып беш күндүн ичинде тийиштүү мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына же тийиштүү кызмат адамдарына жөнөтүлөт.

(КР 2009-жылдын 15-июлундагы N 214 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

9-статья. Жарандардын жазуу жүзүндө келип түшкөн кайрылууларын кароо тартиби

1. Жарандардын кайрылуулары почта менен же болбосо өзү бериши мүмкүн.

2. Жарандар мамлекеттик, расмий же Кыргыз Республикасынын элдеринин башка кайсы тилинде болсун кайрылууга укуктуу. Жарандардын жазуу жүзүндөгү кайрылууларына жооптор кайрылуунун тилинде берилет. Кайрылуунун тилинде жооп берүүгө мүмкүн болбогон учурда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик же расмий тили пайдаланылат.

3. Жарандардын кайрылуулары мамлекеттик органдын же жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын жетекчисинин өзү тарабынан каралат. Аларды андан ары кароонун тартиби жетекчи тарабынан белгиленет.

4. Жазуу жүзүндөгү кайрылуулар, эгерде алар каралса, аларда коюлган маселелер боюнча зарыл чаралар көрүлсө жана жарандарга ушул Мыйзамдын 8-статьясында

көрсөтүлгөн мөөнөттөрдө жооп берилсе, чечилди деп эсептелинет.

5. Эгерде текстте башкача эскертилбесе, жамааттык кайрылууга карата жооп кайрылууда биринчи көрсөтүлгөн жарандын дарегине жөнөтүлөт.

6. Эгерде кайрылуунун текстин окууга мүмкүн болбосо, анда аталган кайрылууну карап жаткан жетекчи же адам кайрылуунун маңызын жана жүйөлөрүн тактоо жана билүү үчүн (эгерде арыз берүүчүнүн фамилиясын жана почта дарегин окууга мүмкүн болсо) арыз берүүчүнү чакырат. Ошону менен бирге арызды карап жаткан жетекчи же адам арыз берүүчү менен байланыша албай калса, кайрылууну андан ары кароо токтотулат, бул тууралу арыз берүүчүгө жазуу жүзүндө билдирилет.

7. Соттун чечимине даттанган кайрылуу соттун бул чечимине даттануунун тартибин түшүндүрүү менен кайрылууну жөнөткөн жаранга кайра кайтарылат.

8. Жарандын аты-жөнү жана жооп жөнөтүлүүгө тийиш болгон почта дареги көрсөтүлбөгөн жазуу жүзүндөгү кайрылуусу тоголок кат деп таанылат жана каралууга жатпайт.

9. Жаран өзүнүн жазуу жүзүндөгү кайрылуусунан баш тарткан учурда ушул Мыйзамдын 14-статьясынын 1-бөлүгүнүн 6-пунктуна ылайык мындай кайрылууну карап жаткан мамлекеттик органдын, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын кызмат адамы кайрылууда жарандардын укуктарын, эркиндиктерин жана (же) мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузуу тууралу маалыматтар камтылган учурларды кошпогондо, ал боюнча өндүрүштү кыскартуу жөнүндө чечим кабыл алат.

(Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 26-февралындагы N 16 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

10-статья. Кайра кайрылуулар

1. Жаңы жүйө-далилдер же жаңы ачылган жагдайлар келтирилген кайра кайрылуулар (оозеки жана жазуу жүзүндөгү), эгерде алар боюнча текшерүүлөрдү жыйынтыктоочу толук материалдары болсо жана жарандарга ушул Мыйзамда белгиленген тартипте жооптор берилсе, каралууга жатпайт. Жаңы жүйө-далилдер же жаңы ачылган жагдайлар ушул Мыйзамда каралган тартипте каралууга тийиш.

2. Жаран кайрылууну кароонун натыйжасы боюнча алынган чечимге канааттанбаган учурда ал чечимге сот тартибинде даттанууга укуктуу.

11-статья. Жарандын кайрылуусуна байланыштуу анын коопсуздугунун кепилдиктери

1. Өзүнүн укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын же болбосо башка адамдардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын калыбына келтирүү же коргоо максатында мамлекеттик органга, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органына же кызмат адамына аталган органдардын же кызмат адамынын ишин сындап кайрылганына байланыштуу жаранды же болбосо анын жакын туугандарын куугунтуктоого тыюу салынат.

2. Мамлекеттик органга, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органына же кызмат адамына кайрылганына байланыштуу жаранды же болбосо анын жакын туугандарын куугунтуктоо кызмат адамдарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык

жоопкерчиликке кириптер кылат.

3. Кайрылууну караганда кайрылууда камтылган маалыматтарды, ошондой эле жарандын жеке турмушуна тиешелүү маалыматтарды анын макулдугусуз жарыя кылууга жол берилбейт.

12-статья. Кайрылууларды караган учурдагы кызмат адамдарынын укуктары жана милдеттери

1. Кайрылууну кароо компетенциясына кирген мамлекеттик бийлик органынын же жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын жетекчиси же кызмат адамы төмөндөгүлөргө укуктуу:

1) жазуу жүзүндөгү кайрылуу мамлекеттик башка органдын, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын же башка кызмат адамынын кароосуна жөнөтүлгөндө, зарыл болгон учурда аталган органдардан же кызмат адамынан жазуу жүзүндөгү кайрылууну кароонун жыйынтыгы жөнүндөгү документтерди жана материалдарды суратып алууга;

2) калкка, эмгек жамааттарына жана жалпыга маалымдоо каражаттарына жарандардын кайрылуулары менен иштөөнүн абалы жөнүндө маалымат берүүгө;

3) жазуу жүзүндөгү кайрылууда уят-сыйытсыз же болбосо мазактап кордогон сөздөр айтылса, кызмат адамынын, ошондой эле анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн өмүрүнө, ден соолугуна жана мүлкүнө коркунуч туудурса, кайрылууну анда коюлган маселелердин маани-маңызы боюнча жоопсуз калтырууга жана кайрылууну жөнөткөн жаранга бул тууралу билдирүүгө.

2. Органдар жана кызмат адамдары төмөндөгүлөргө милдеттүү:

1) жарандардын кайрылуулары жөнүндө ушул Мыйзамда жана башка Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларында белгиленген талаптарды сактоого;

2) кайрылууну кароого кабыл алууга же болбосо аны тиешелүү жактарга жөнөтүүгө, же болбосо арыз ээсине анын кимге кайрылуусун түшүндүрүүгө;

3) кайрылууну маани-маңызы боюнча ушул Мыйзамда белгиленген мөөнөттө кароого, анда баяндалган фактыларга калыс баа берүүгө, алардын аныктыгын текшерүүгө;

4) жарандардын укуктарын, эркиндигин, мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузган укукка жат аракеттерди (аракетсиздикти) четтетүү боюнча токтоосуз чара көрүүгө;

5) зарыл болгон учурда кызматкерлерди кайрылууда камтылган маалыматтарды текшерүү үчүн ал жакка жөнөтүүгө;

6) кайрылуу боюнча жүйөлүү жана негизделген чечим кабыл алууга;

7) жарандарга кароонун натыйжасы жана ал боюнча кабыл алынган чечим жөнүндө жазуу жүзүндө билдирүүгө;

8) мамлекеттик, кызматтык же мыйзам тарабынан коргоого алынуучу жашыруун сырды кошпогондо, кайрылууну караган органдардын жана кызмат адамдарынын расмий суроо-талаптары боюнча кайрылууларды кароо үчүн мааниси бар актыларды, башка документтерди жана материалдарды берүүгө;

9) кайрылуулар четке кагылган учурда четке кагуунун жүйөсүн милдеттүү түрдө көрсөтүүгө, даттануу тартибин түшүндүрүүгө;

10) аракеттерине даттанылган кызмат адамдарына даттанууларды жөнөтүү

учурларына жол бербөөгө;

11) мамлекеттик органдарга, башка уюмдарга, кызмат адамдарына кайрылгандыгына байланыштуу жарандардын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарынын, эркиндиктеринин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын кысымга алынышына тыюу салууга.

13-статья. Кайрылуу боюнча чечим

1. Кайрылуунун жыйынтыктары боюнча төмөндөгүдөй чечимдердин бири кабыл алынат:

1) кайрылууну толук же жарым-жартылай канааттандыруу жөнүндө;

2) кайрылууну канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө;

3) коюлган маселелерди чечүү жана аныкталган укук бузууларды четтетүү боюнча чараларды көрүү жөнүндө.

2. Кайрылуу боюнча чечим конкреттүү укук актыларга шилтеме жасоо менен жүйөлүү болууга, ага карата даттануунун тартибин көрсөтүүнү камтууга тийиш.

3. Кайрылууну кароонун натыйжалары жөнүндөгү кабар менен бирге арыз ээсине, кайрылуунун өзүн кошпогондо, андан келип түшкөн документтердин түп-нускасы кайтарып берилет.

14-статья. Кайрылууну караган учурдагы жарандын укуктары Жана жоопкерчилиги

1. Кайрылууну караган учурда жаран төмөндөгүлөргө укуктуу:

1) кайрылуунун катталган күнү жана номери тууралу оозеки же жазуу жүзүндө маалымат алууга;

2) кайрылууларды кароого байланыштуу болгон материалдар менен, ал башка жарандардын укуктарын канчалык козгой тургандыгына жана мамлекеттик жашыруун сырларды, коммерциялык жана (же) башка мыйзам менен корголуучу жашыруун сырды коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына карама-каршы келбегендей деңгээлде таанышууга;

3) кайрылууну карап жаткан адамга өзүнүн далилдерин айтууга;

4) коллегиалдуу органдын кайрылууну карашына түздөн-түз же өзүнүн өкүлдөрү аркылуу катышууга;

5) кайрылууну кароонун натыйжалары жөнүндө белгиленген мөөнөттө жазуу жүзүндө жооп алууну талап кылууга;

6) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кайрылуунун администрациялык жана (же) сот тартибинде каралышына байланыштуу кайрылуу боюнча кабыл алынган чечимге же аракетке (аракетсиздикке) даттануу менен кайрылууга;

7) кайрылууну кароону токтотуу жөнүндөгү арыз менен кайрылууга.

2. Жарандын жалаа жабуу мүнөздөгү материалдарды, башка адамдардын ар-намысын жана кадыр-баркын кордогон жана ишкердик беделине шек келтирген сөздөрдү камтыган кайрылууну берүүсү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартууга алып келет.

(КР 2009-жылдын 15-июлундагы N 214 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

15-статья. Кайрылууларды кароо тартибинин сакталышына контроль жүргүзүү

Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары жана кызмат адамдары өзүнүн компетенциясынын чегинде кайрылууларды кароо тартибинин сакталышына контролду жүзөгө ашырышат, келип түшкөн кайрылуулардын мазмунун талдашат, жарандардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу таламдарын бузуунун себептерин өз убагында аныктоо жана жоюу боюнча чара көрүшөт.

16-статья. Жарандардын кайрылуулары жөнүндө мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жоопкерчилик

Жарандардын кайрылуулары жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузгандыгы үчүн 4-статьянын 1-бөлүгүндө аталган органдардын жетекчилери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

17-статья. Кайрылууларды кароо менен байланышкан чыгымдар

Эгерде жаран кайрылууда билип туруп жалган маалыматтарды көрсөтсө, кайрылууну мамлекеттик органдын, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын же кызмат адамынын кароосуна байланыштуу кеткен чыгымдар соттун чечими боюнча ошол жарандын эсебинен өндүрүп алынышы мүмкүн.

18-статья. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

2. "Жарандардын сунуштарын арыздарын жана даттанууларын кароонун тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1995-жылдын 5-июлундагы N 8-1 Мыйзамы күчүн жоготту деп таанылсын.

Бишкек шаары
2006-жылдын 28-декабры N 213

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө

1-ГЛАВА. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР
2-ГЛАВА. ООЗЕКИ ЖЕ ЖАЗУУ ЖҮЗҮНДӨГҮ СУРОО-ТАЛАПТЫН НЕГИЗИНДЕ МААЛЫМАТ БЕРҮҮ
3-ГЛАВА. МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДЫН ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗАЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН ИШТЕРИ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТЫ ЭЛГЕ ЖАРЫЯЛОО
4-ГЛАВА. МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДЫН ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗАЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН ДОКУМЕНТТЕРИНЕ ЖАНА МАТЕРИАЛДАРЫНА ТИКЕЛЕЙ ЖЕТҮҮНҮ КАМСЫЗ КЫЛУУ
5-ГЛАВА. МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДЫН ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗАЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН ЖЫЙНАЛЫШТАРЫНЫН ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮГҮН КАМСЫЗ КЫЛУУ
6-ГЛАВА. МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДЫН ЖЕ ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗАЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН КАРАМАГЫНДА ТУРГАН МААЛЫМАТТАРДЫН ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮҮГҮН УЮШТУРУУ
7-ГЛАВА. УШУЛ МЫЙЗАМДЫ ИШКЕ АШЫРУУНУН КЕПИЛДИКТЕРИ
8-ГЛАВА. КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР

1-ГЛАВА. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1-статья. Ушул Мыйзамдын максаттары

Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү укугун жүзөгө ашырууну жана коргоону камсыз кылуу, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын иштеринде маалыматтардын толук ачыктыгына, маалымдуулугуна жана айкындыгына жетишүү ушул Мыйзамдын максаттары болуп саналат.

2-статья. Ушул Мыйзамды колдонуу чөйрөсү

1. Ушул Мыйзам жеке жана юридикалык жактардын мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүүлөрүнө байланышкан мамилелерди жөнгө салат.

2. Ушул Мыйзамдын жоболоруна ылайык маалыматтарды берүү боюнча милдеттер бардык мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына жүктөлөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын конституциялык жана башка мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын

Президентинин жарлыктарына ылайык, туруктуу негизде уюшулган, мыйзам чыгаруу, аткаруу же соттук мамлекеттик бийликтердин иш милдеттерин жүзөгө ашырууга ыйгарым укук берилген, ошондой эле толугу менен республикалык бюджеттен каржыланган, милдеттүү түрдө аткарылуучу чечимдерди кабыл алууну жана аларды жүзөгө ашырууну камсыз кылган уюмдар, ошондой эле борбордук мамлекеттик органдын ишмилдеттерин же ишмилдеттеринин бир бөлүгүн жүзөгө ашыруучу аймактык бирдик же түзүмдүк бирдик мамлекеттик органдар катары таанылат.

Өкүлчүлүктүү, аткаруучу-тескөөчү жана башка жергиликтүү маанидеги иштерди чечүү үчүн жергиликтүү жамааттар тарабынан түзүлгөн органдар, ошондой эле жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын ишмилдеттерин же иш милдеттеринин бир бөлүгүн жүзөгө ашыруучу аймактык бөлүм же түзүмдүк бирдик жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары катары таанылат.

"Мамлекеттик орган" жана "жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы" терминдери ар кандай мекемени, анын толугу менен же жарым-жартылай республикалык же жергиликтүү бюджеттен каржыланган аймактык бөлүмчөсүн же түзүмдүк бирдигин жана мамлекеттик бийликти же жергиликтүү өзалдынча башкаруунун ишмилдеттерин аткаруу менен байланышпаган саламаттыкты сактоо, билим берүү мекемелерин, маалыматтык, статистикалык, консультациялык, кредит берүү боюнча мекемелери да камтылат.

3. Ушул Мыйзамдын күчү төмөнкүлөргө жайылтылбайт:

жарандар мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына сунуштар, арыздар жана даттануулар менен кайрылганда келип чыгуучу мамилелерге;

мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын башка мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүүсүнө байланышкан мамилелерге;

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аны алуу чектелген маалыматтарды берүү менен байланышкан мамилелерге.

3-статья. Маалыматка жетүү эркиндигинин кепилдиктери Жана принциптери

Ар кимге мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын карамагындагы маалыматтарга жетүү укугу кепилденет.

Жалпыга жеткиликтүүлүгү, объективдүүлүгү, өз убагында берилиши, ачыктыгы жана ишенимдүүлүгү маалыматка жетүү эркиндигинин негизги принциптери болуп саналат.

Мамлекет ар кимдин маалыматты издөө, алуу, изилдөө, өндүрүү, берүү жана таратуу укуктарын коргойт.

Маалыматка жетүүгө жана таратууга чектөөлөр мыйзамдарда гана белгиленет.

4-статья. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын ишинин ачыктыгы, айкындыгы Жана маалымдуулугу

1. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу

органдарынын иштери ачык, айкын жана маалымдуу болуп саналат.

2. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын иштери жөнүндө маалыматтар жалпыга жеткиликтүү болуп саналат. Ушул Мыйзамдын 5-статьясында көрсөтүлгөндөн башка учурларда мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүүгө ар кандай чектөөлөрдү коюуга тыюу салынат.

3. Маалыматты берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим ушул Мыйзамдын 15-статьясында каралган негиздер боюнча гана жүйөлөнүүгө жана негизделүүгө тийиш.

4. Маалыматка жетүүгө чектөө коюуга негиз болгон чечим менен таныштыруудан баш тартуу мүмкүн эмес. Мыйзамга ылайык жеткиликтүүлүгү чектелиши мүмкүн болгон маалыматтарды камтыган документтердин жана материалдардын андай маалыматтарды камтыбаган бөлүктөрүндө гана берилет.

5-статья. Маалыматтарга жетүүгө чектөөлөр

1. Мамлекеттик жашыруун сырга киргизилген маалыматтар, ошондой эле купуя маалыматтар жетүүгө чектөө коюлган маалыматтар катары таанылат.

Маалыматтарды мамлекеттик жашыруун сырларга кошуу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жашыруун сырлар жөнүндө мыйзамдарына ылайык ишке ашырылат.

Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын кызматтык сырларын камтыган, ошондой эле мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын карамагында турган башка адамдардын мыйзам менен корголуучу жашыруун сырларын камтыган маалыматтар купуя маалымат катары таанылат.

2. Ушул мыйзамдын максаттарында мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын кызматтык жашыруун сырларынан турган купуя маалыматтар катары төмөнкүлөр таанылат:

1) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын ишинин коопсуздугун камсыз кылуунун уюштуруу-техникалык эрежелерине гана таандык болгон маалыматтар;

2) жабык угуулар менен жыйналыштардын конкреттүү мазмунун, ошондой эле жабык кеңешме өткөрүүдө же добуш берүүдө кызмат адамынын жеке позициясын чагылдырган маалыматтар;

3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жеке турмуштук сырларга, коммерциялык, кесиптик сырларга жана жашыруун сырдын башка түрлөрүнө кирген маалыматтар башка адамдардын мыйзам менен корголгон жашыруун сырларынан турган купуя маалыматтар болуп саналат. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары, эгерде аларга мыйзам менен белгиленген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга байланыштуу белгилүү болгон башка адамдардын жашыруун сырларынан турган купуя маалыматтарды ачыкка чыгарса Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчилик тартат.

6-статья. Маалымат берүү ыкмалары

1. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын маалыматтарды берүүлөрүнүн негизги ыкмалары төмөнкүлөр:

1) тийиштүү материалдарды жарыялоо жана таратуу;

2) жеке жана юридикалык жактарга алардын суроо-талаптарынын негизинде маалыматтарды берүү;

3) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын иши жөнүндө маалыматтарды элге жарыялоо;

4) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын документтерине жана материалдарына тикелей жетүүнү камсыз кылуу;

5) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын ачык жыйналыштарына тикелей жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу.

2. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары өз иши жөнүндө калкты кабардар кылуу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка ар кандай ыкмаларды да колдонууга укуктуу.

3. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын өз иши жөнүндө маалыматтарга жетүүнүн ыкмаларынын бирин камсыз кылуусу башка ар кандай мыйзамдуу ыкма аркылуу маалымат берүүдөн баш тартууга негиз боло албайт.

2-ГЛАВА. ООЗЕКИ ЖЕ ЖАЗУУ ЖҮЗҮНДӨГҮ СУРОО-ТАЛАПТЫН НЕГИЗИНДЕ МААЛЫМАТ БЕРҮҮ

7-статья. Маалымат тууралу суроо-талап жөнөтүүнүн формалары

1. Мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарына маалымат тууралу суроо-талаптар төмөнкү формада жөнөтүлүшү мүмкүн:

- оозеки тикелей же телефон аркылуу кайрылуу;
- тикелей берүү, почта, чабарман менен же электрондук байланыш каналдары аркылуу берилген жазуу жүзүндөгү суроо-талаптар.

2. Суроо-талапка жооп ошол суроо-талап жөнөтүлгөн формада жүзөгө ашырылат.

3. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын карамагында турган документ бир нече тилде болгон учурда, ал документ маалымат сураган адам кайрылган тилде берилүүгө тийиш.

8-статья. Маалымат берүү жөнүндө оозеки кайрылуу

1. Маалымат алуу үчүн оозеки кайрылганда же телефон аркылуу кайрылганда тийиштүү маалымат оозеки берилет.

2. Маалымат берүүгө жазуу жүзүндө суроо-талап жөнөтүү зарылдыгын жокко чыгаруучу кыскача маалымдамалар оозеки берилет. Маалымат берүүгө жоопкерчиликтүү адам суроо-талаптын негизин түзгөн суроолор боюнча сураган адамдарга оозеки кепкеңеш берүүгө милдеттүү эмес.

3. Эгерде суроо-талапка оозеки жооп аны сураган адамды толук

канааттандырбаса, ага жазуу жүзүндө суроо-талап жөнөтүүнүн тартиби, ошондой эле ушул Мыйзамдын жоболоруна ылайык маалымат алуунун башка ыкмалары түшүндүрүлөт.

4. Ар бир оозеки кайрылуу журналга (катталууга) тийиш, анда кайрылуунун автору, телефон номери, үй дареги, кайрылган күнү жана убактысы, кайрылуунун предмети же маселеси, ошондой эле кайрылуу боюнча жооп берген мамлекеттик же муниципалдык кызматкер жөнүндө маалымат көрсөтүлөт.

Журналдын формасы жана аны толтуруунун тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

9-статья. Жазуу жүзүндөгү суроо-талаптын формасы жана мазмуну

Жазуу жүзүндөгү суроо-талапта милдеттүү түрдө төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

а) суроо-талапты алуучу мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын аталышы жана (же) анын кызмат адамынын фамилиясы;

б) жарандар үчүн - фамилиясы, аты-жөнү, туулган жылы, жашаган жери (почта дареги); юридикалык жактар (алардын филиалдары жана өкүлчүлүктөрү) үчүн - юридикалык жактын (анын филиалдарынын жана өкүлчүлүктөрүнүн) толук аталышы, башкаруу органынын жайгашкан жери (почта дареги), юридикалык жак катары каттоодон өткөндүгү жөнүндө маалымат, жазуу жүзүндөгү суроо-талапка кол койгон адамдын фамилиясы жана кызматы;

в) суроо-талаптын кандай маалымат берилиши керек экени жөнүндө так ой жүгүртүүгө мүмкүндүк берүүчү предмети.

Суроо-талап жөнөткөн адам өз суроо-талабынын себебин түшүндүрүүгө милдеттүү эмес. Маалымат сураган адам суроо-талапка өзүнүн байланыш телефонунун номерин, ошондой эле анын ою боюнча суроо-талапты аткарууга көмөк көрсөтүүчү башка маалыматтарды кошууга укуктуу.

Мамлекеттик орган жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы маалымат берүүгө карата суроо-талаптардын типтүү бланктарынын формаларын иштеп чыгат жана алардын мамлекеттик орган жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы жайгашкан жерлерде жана байланыш бөлүмдөрүндө жеткиликтүү болушун камсыз кылат. Маалымат берүү жөнүндө суроо-талап бланкынын арткы бетинде бланкты толтуруу тартибинин түшүндүрмөсү, ошондой эле маалымат берүүнүн мөөнөтү, аны алуунун жана ага акы төлөөнүн тартиби көрсөтүлөт.

Суроо-талаптын маңызын түзүүдө бардык зарыл документтердин же материалдардын дайындарын так көрсөтүү талап кылынбайт. Эгерде суроо-талаптын маңызы тактоону талап кылса, жооп даярдоого жоопкер адам өз демилгеси боюнча байланыш телефону аркылуу өтүнүч ээсинен суроо-талаптын предметин тактоого укуктуу. Байланыш телефону жок болгон учурда жооп даярдоого жоопкер адам суроо-талаптын маңызын өзалдынча тактайт.

Маалымат берүү жөнүндө суроо-талап жаран тарабынан почта, чабарман, электрондук байланыш каналдары аркылуу жөнөтүлүшү же мамлекеттик органга жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органына өзү тикелей бериши мүмкүн.

10-статья. Жазуу жүзүндөгү суроо-талаптарга жооп берүү мөөнөтү

Жазуу жүзүндөгү суроо-талаптарга жооп даярдоо эки жумалык мөөнөттө жүзөгө ашырылат.

Суроо-талапка жооп берүү мөөнөтүн эсептөө мамлекеттик орган жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы суроо-талапты алган күндөн тартып башталат жана суроо-талапка жоошу почта байланыш бөлүмүнө же автордун өзүнө, же анын чабарманына же өкүлүнө берген же электрондук байланыш каналдары боюнча жөнөтүү катталган күнү аяктайт.

Эгерде ушул Мыйзамдын талаптарына ылайык суроо-талап башка мамлекеттик органга жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органына кайра жиберүүгө муктаж болсо, суроо-талапка жооп берүү мөөнөтүн эсептөө ушул Мыйзамга ылайык маалымат берүүгө милдеттүү башка мамлекеттик орган же жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы суроо-талапты алган күндөн башталат.

Эгерде эки жумалык мөөнөттө суроо-талапка жооп даярдоо мүмкүн болбосо, кийинкиге жылдыруунун себебин көрсөтүү менен бул тууралу суроо-талап жиберген адамга билдирилет. Кийинкиге калтыруу эки жумалык мөөнөттөн ашпоосу тийиш.

Суроо-талапка ушул статьяда белгиленген мөөнөттө жооп бербөө же жооптун мөөнөтүн узартуу жөнүндө кабарландырбоо суроо-талапка жооп берүүдөн баш тартуу катары каралат.

11-статья. Жазуу жүзүндөгү суроо-талапты кароо жана канааттандыруу тартиби

1. Маалымат берүү жөнүндө ар бир суроо-талап мамлекеттик орган жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары тарабынан төмөнкүлөрдү көрсөтүү менен каттоого алынат:

- суроо-талап алынган күн;
- суроо-талап жөнөткөн адам жөнүндө маалыматтар;
- суроо-талаптын кыскача мазмун-маңызы;
- жооп даярдоого жоопкер адамдын аты-жөнү жана кызматы;
- маалымат берүүдөн баш тартуунун жүйөсү (эгер ал болсо);
- суроо-талапка жооп даярдоонун акысынын (эгер акы төлөө зарыл болсо) өлчөмү;
- суроо-талапты башка мамлекеттик органга жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органына кайра жөнөтүү жөнүндө маалыматтар;
- суроо-талап түзгөн адамга жооп жөнөтүлгөн күн;
- суроо-талапка жооп даярдоонун негизги этаптарын чагылдырган башка маалыматтар.

2. Маалымат алуу жөнүндө суроо-талап катталгандан кийин, ал жооп даярдоого жоопкер адамга жиберилет. Жооптуу адам зарыл документтерди жана материалдарды издеп табат, алардын көчүрмөсүн алат жана жооп берүү үчүн документтердин топтомун түзөт.

3. Маалымат алуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү суроо-талапка берилген жооп кызыкдар адамдын ошол эле суроо-талап боюнча кайталап кайрылуусунун зарылдыгын болтурбоо үчүн толук мүнөздө болушу керек. Суроо-талапты аткаруучу ушуну менен бирге маалымат алууга кызыкдар адамга талап кылынган документтерди жана

материалдарды колдонуунун тартиби жөнүндө кепкенеш берүүгө милдеттүү эмес.

4. Суроо-талапка берилген жооп өзүнө төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

1) суроо-талаптын кыскача мазмун-маңызы, берилүүчү документтердин тизмеси, суроо-талапты аткаруучунун фамилиясы жана кызмат орду, жоопко кол коюлган күн камтылган жооптуу кызмат адамынын суроо-талашы аткаруу жөнүндө көрсөтмөсү;

2) эгерде андай маалымдамалар же тексттердин бөлүгү суроо-талапты канааттандыргыдай маалыматтап турса жана документтердин тексттеринин ордуна аларды берүүгө суроо-талашын мүнөзүнө ылайык жол берилсе, берилүүчү документтердин тексттери же болбосо алар же документтердин тексттеринин бир бөлүгү жөнүндө маалымдамалар;

3) чыгымдалуучу материалдардын жана маалыматтык кызмат көрсөтүүлөрдүн наркынын прейскуранты, ошондой эле суроо-талап жөнөткөн адам жашаган калктуу конуштун аймагында турган, жарандардын укуктарын коргоону жана аларды маалыматтык жана китепканалык тейлөөнү, ушул Мыйзамдын негизинде аларга маалымат берүүнү жүзөгө ашыруучу негизги мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын аталыштарынын тизмеси жана байланыш маалыматтары.

12-статья. Маалымат алуунун кошумча кепилдиктери

1. Эгерде мамлекеттик органда жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органында ушул Мыйзамга ылайык суратылган документтер жана материалдар болбогон жана болушу милдеттүү болбогон учурда бул тууралу сураган адамга билдирилет.

2. Эгерде суратылган документтер башка мамлекеттик органда же жергиликтүү өзалдынча башкаруу органында болуусу милдеттүү болсо, анда суроо-талап ошол суроо-талапка жооп берүүгө милдеттүү тийиштүү органга кайра жөнөтүлөт. Эгерде суроо-талапта байланыш телефону же башка байланыш каражаттары жөнүндө маалыматтар көрсөтүлгөн болсо, суроо-талапты аткаруучу сураган адамга суроо-талапты кайра жөнөткөндүгү жөнүндө билдирет жана бул тууралу жазуу жүзүндөгү суроо-талапка белги коет.

3. Эгерде суратылган документтер элге жарыя кылынган болсо, анда суроо-талашы аткаруучу өзү берген жоопто маалыматты элге жарыя кылуунун тийиштүү булагына шилтеме кылууга акылуу. Ошону менен бирге суроо-талапка берилген жоопто милдеттүү документтерден тышкары маалыматты элге жарыя кылуунун тийиштүү булагынын дайындары көрсөтүлөт.

13-статья. Маалымат берүүгө байланышкан чыгымдар

1. Жарандардын жана уюмдардын суроо-талаптарына жоопторду даярдоо мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары тарабынан, ушул статьянын 3-пунктунда көрсөтүлгөндөн башка учурларда, акысыз жүзөгө ашырылат.

2. Маалымат берүү жөнүндө жазуу жүзүндө суроо-талап жиберген адам суроо-талапка берилген жоопту жеткирүү боюнча почтанын кызматына атайын белгиленген акы төлөйт.

3. Маалымат берүү жөнүндө 5 беттен ашкан көлөмдөгү документтерди жана материалдарды же алардын бөлүктөрүн көчүрмөлөөнү талап кылган суроо-талаптар үчүн тийиштүү көчүрмөлөө кызматына алардын өздүк наркынан ашпаган акы төлөөнү карайт. Көчүрмөлөө кызматынын наркынын бирдиктүү прейскуранты жана аларды төлөө шарты Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары калктын социалдык жактан корголбогон категориясына кирген адамдарды маалымат алгандыгы үчүн акы төлөөдөн бошотууга укуктуу.

14-статья. Байланыш каналдары аркылуу тексттик билдирүүлөр түрүндө маалымат берүү жөнүндө суроо-талаптар

1. Байланыш каналдары аркылуу тексттик билдирүүлөр түрүндө түшкөн маалымат берүү жөнүндө суроо-талаптар мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын тийиштүү техникалык мүмкүнчүлүктөрү болсо документтерди тийиштүү формасында жиберүү аркылуу канааттандырылат.

2. Эгерде суроо-талап электрондук почта менен алынган болсо, анда суроо-талапка берилүүчү жооп маалымат сураган адамдын электрондук почтасынын дарегине жиберилет. Эгерде суратылган документтин электрондук варианты жок болсо, анда маалымат ушул Мыйзамдын жоболоруна ылайык башка формада жана маалымат алуунун башка ыкмалары менен берилет. Суроталапка берилген жоопко суратылган документтердин файлдары тиркелиши мүмкүн же документтер менен материалдардын жеткиликтүү ааламдык түйүндөрдөгү электрондук версияларына айкын жана так шилтемелер көрсөтүлүшү мүмкүн.

3. Эгерде маалымат берүү тууралу суроо-талап факс менен алынса, суроо-талапты канааттандыруу үчүн талап кылынган документтердин көлөмү тоскоолдук кылбаса, ага жооп факс менен жөнөтүлүшү мүмкүн. Башка учурда ушул Мыйзамдын жоболоруна ылайык жоопто суроо-талап боюнча башка формада жана башка ыкмалар менен маалымат алуунун тартиби көрсөтүлөт.

4. Электрондук почта же факс боюнча алынган суроо-талапка берилген жоопту каттоо жана даярдоо жазуу жүзүндөгү суроо-талаптар үчүн каралган тартипте жүзөгө ашырылат.

15-статья. Суроо-талап боюнча маалымат берүүдөн баш тартуунун негиздери

1. Суроо-талап боюнча маалымат берүүдөн төмөнкү негиздер болгон учурда баш тартылышы мүмкүн:

1) суратылган маалыматтар мыйзамдардын жана ушул Мыйзамдын 5-статьясынын негизинде алууга чек коюлган маалыматтардын категориясына киргизилген документтердин бөлүктөрүндө камтылса;

2) суроо-талап ушул Мыйзамдын 9-статьясында каралган талаптарды бузуу менен түзүлсө;

3) бир эле маселе боюнча ошол адамдын суроо-талабы борбордук органдын же анын ведомстволук бөлүмүнүн кароосунда турса, ошондой эле мамлекеттик органда

жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органында же алардын ведомстволук бөлүмдөрүндө тийиштүү документтер болбосо жана ушул Мыйзамдын талаптарына ылайык алардын болушу милдеттүү болбогон учурларда.

2. Мамлекеттик орган жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы кайта суроо-талап түшкөнгө чейин 3 айлык мезгилге тете убакытта ошол эле адамга суроо-талап боюнча берилген маалыматка дээрлик дал келген суроо-талап боюнча маалыматты берүүдөн баш тартууга укуктуу.

3. Маалымат берүүдөн баш тартуу төмөндөгү маалыматтарды камтууга тийиш:

1) маалымат берүүдөн баш тартууга негиз болгон Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерине конкреттүү шилтемелер көрсөтүлгөн жүйөө;

2) маалымат берүүдөн баш тартууга карата даттануунун ыкмалары жана тартиби.

3-ГЛАВА. МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДЫН ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗАЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН ИШТЕРИ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТЫ ЭЛГЕ ЖАРЫЯЛОО

16-статья. Расмий маалыматтарды берүү

1. Расмий маалымат элге жарыялоо аркылуу берилет. Расмий маалыматты алууну камсыз кылуунун башка ыкмалары кошумча түрдө каралышы мүмкүн.

2. Расмий маалыматтарды берүү төмөнкүлөрдү жарыялоо аркылуу жүргүзүлөт:

1) белгиленген жарыялоо тартибин жана мөөнөттөрүн сактоо менен ченемдик укуктук актыларды;

2) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын учурдагы чечимдери жана расмий окуялары жөнүндө маалыматтарды;

3) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын иш жыйынтыктары жөнүндө ар жылдык баяндамаларын;

4) башка маалыматтык материалдарды.

17-статья. Учурдагы чечимдер жана расмий окуялар жөнүндө маалыматтарды элге жарыялоо

1. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары төмөнкүлөргө тиешеси бар расмий маалыматтарды элге жарыялайт:

1) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын жетекчилеринин кызматка киришүүсүнө же кызматтан бошотулушуна;

2) Кыргыз Республикасынын республикалык жана жергиликтүү бюджеттерин, ошондой эле мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын бюджеттерин кабыл алууга, республикалык жана жергиликтүү салыктардын жана жыйымдардын, анын ичинде коммуналдык жана башка төлөмдөрдүн өлчөмдөрүн жана төлөө тартибин өзгөртүүгө;

3) мамлекеттик же муниципалдык менчикте турган мүлктүк объекттерди башкаруу боюнча укуктук актыларды кабыл алууга;

4) жер ресурстарын бөлүштүрүүгө байланышкан укуктук актыларды кабыл алууга;

5) толугу менен же жарым-жартылай четөлкөлүк юридикалык жактын менчигинде

турган объекттерди курууга байланышкан укуктук актыларды кабыл алууга;

6) эларалык келишимдерди түзүүгө жана аларды аткаруунун жүрүшүнө;

7) адамдардын өмүрүнө жана денсоолугуна коркунуч келтирген өзгөчө кырдаалдарды жоюу үчүн көрүлгөн чараларга.

2. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары жалпыга маалымдоонун басылмалык, аудиовизуалдык каражаттарын жана калкты жалпы кабардар кылуунун башка ыкмаларын пайдалануу менен учурдагы чечимдер жана расмий окуялар жөнүндө башка маалыматтарды коомчулукка жеткирүүгө укуктуу.

18-статья. Иштин жыйынтыктары жөнүндө ар жылдык баяндамалар

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин өлкөдөгү иштердин абалы жөнүндө Кыргыз Республикасынын элине ар жылдык кайрылуусун, Кыргыз Республикасынын Конституциялык Сотунун конституциялык мыйзамдуулуктун абалы жөнүндө жана Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү иштердин абалы жөнүндө баяндамаларын элге жарыялоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан камсыз кылынат.

2. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары отчеттук мезгил ичиндеги өз иштери жөнүндө баяндамаларды элге жарыялайт, аларда отчеттук мезгил ичинде социалдык-саясий, экономикалык жана маданий чөйрөлөрдө болуп өткөн өзгөрүүлөрдүн динамикасы, атап айтканда төмөнкүлөр: бюджеттик каражаттарды чыгымдоо, республикалык бюджетке жана жергиликтүү бюджетке салыктык түшүүлөрдүн булактары жана көлөмү, рыноктун айрым секторлору боюнча өндүрүштүн жана керектөөнүн көлөмү, ички жана тышкы инвестициялардын көлөмү, кылмыштуулукка каршы күрөшүү, саламаттыкты сактоо, калктын миграциясы, экология, ошондой эле иштердин башка маанилүү багыттары чагылдырылат.

19-статья. Маалыматтык материалдарды элге жарыялоо

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аткаруу бийлик органдарынын түзүмү жана алардын иштөө тартиби жөнүндө топтолгон маалыматтык материалдарды элге жарыялайт. Топтолгон маалыматтык материалдарда мамлекеттик бийлик органдарынын түзүмдөрүнүн сыпатталышы, анын ичинде алардын негизги ыйгарым укуктары жана тескөөчү иштери, ошондой эле жетекчи кызмат орундарын ээлеген кызматкерлердин фамилиялары, алардын жумушчу телефоидору, кызматтык даректери, калк менен иштөө режими камтылат.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү же анын тапшыруусу боюнча башка аткаруу бийлик органы тарабынан маалымдама (жыйнак) түрүндөгү расмий маалыматтык материалдарды элге жарыялоо каржыланат. Ушул статьянын 1-пунктунда көрсөтүлгөн маалыматтардан тышкары расмий маалымдама басылмаларда башка мамлекеттик органдардын иш чөйрөсү, аталыштары жана даректери, ошондой эле коомдук бирикмелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, юридикалык консультациялар, нотариустар, китепканалар, окуу жайлары, коммуналдык кызматтар, ишинин максаты жарандардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын коргоо,

тейлөө болуп саналган жана башка уюмдар жөнүндө маалыматтар камтылат. Расмий маалыматтык басылмалардын кайра басыла турган мөөнөтү аларда камтылган маалыматтардын актуалдуулугунун сакталып турушуна жараша эсептелет. Маалымдамалардын нускасы мурдагы басылышында таратылган санына негизделүү менен аныкталат. Маалымдамалар жалпыга маалымдоонун басылма каражаттарын чекене сатуу түйүндөрүндө жеткиликтүү болууга тийиш.

20-статья. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын маалымат таратууну камсыз кылуу боюнча милдеттери

1. Мамлекеттик орган жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы төмөнкүлөр камтылган маалыматтарды жыл сайын жана жеткиликтүү формада элге жарыялоого милдеттүү:

1) өздөрүнүн ишмилдеттери жана алар жүзөгө ашыруучу маселелер, ыйгарым укуктары, милдеттери жана жылдык бюджети;

2) мамлекеттик орган жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын тизмеси жана сыпатталышы;

3) ушул мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын аракеттерине жарандар жана уюмдар пайдаланышы мүмкүн болгон суроо-талаптарды же даттанууларды карап чыгуунун жана канааттандыруунун тартиби, ошондой эле кайрылган адамдардын суроо-талаптарынын, даттанууларынын же башка аракеттеринин болжолдуу үлгүсү;

4) материалдарды документтөө тутуму, мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын карамагындагы маалыматтардын түрлөрү жана формалары, маалыматтын категориялары жөнүндө маалыматтар жана маалымат жөнүндө суроо-талапты тариздөө жол-жоболорунун сыпатталышы;

5) башкаруу органдарынын жана алардын жетекчилеринин ыйгарым укуктарынын жана милдеттеринин сыпатталышы жана алардын чечимдерди кабыл алуу жол-жоболору;

6) мамлекеттик орган же жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары тарабынан өздөрүнүн ишмилдеттерин аткарышы жөнүндө маалыматтарды камтыган жетектеме, эрежелер, жыйнактар жана колдонмолор;

7) жарандар жана уюмдар алардын жардамы менен ушул мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын саясатын түзүүгө же ыйгарым укуктарын аткарышына таасир этүүчү же өз пикирлерин билдирүүчү ар кандай механизмдер же жолжоболор;

8) жарандардын жана уюмдардын мамлекеттик органга жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органына келип түшкөн кайрылуулары тууралу, андай кайрылууларды карап чыгуунун жыйынтыктары жана көрүлгөн чаралар жөнүндө жалпыланган маалыматтарды;

9) мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын карамагындагы жалпы пайдалануудагы маалымат тутумдарынын, маалымат банктарынын, реестрлердин, регистрлердин тизмеги, ошондой эле жарандарга жана уюмдарга көрсөтүлүүчү маалыматтык ресурстардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеги;

10) мамлекеттик органдын же жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын жетекчилеринин жана расмий өкүлчүлүктөрүнүн расмий визиттери жана иш сапарлары тууралу маалыматтар;

11) мамлекеттик орган жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы уюштуруучу расмий ишчаралар, анын ичинде жыйналыштар, жолугушуулар, брифингдер, коллегиялар жөнүндө маалыматтар;

12) мамлекеттик орган жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы уюштуруучу расмий ишчараларда кабыл алынган чечимдер жөнүндө маалыматтар;

13) мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын иш пландары жөнүндө маалыматтар;

14) мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын жетекчилеринин жана ыйгарым укуктуу адамдарынын расмий билдирүүлөрүнүн жана сүйлөгөн сөздөрүнүн тексттери;

15) мамлекеттик орган жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы иштеп чыккан максаттуу жана башка программалардын, концепциялардын долбоорлору жөнүндө маалыматтар;

16) тапшырыкчысы же аткаруучусу мамлекеттик орган жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы болгон максаттуу жана башка программалар жөнүндө маалыматтар: программалардын аталышы, максаттары жана негизги милдеттери, тапшырыкчылары жана негизги аткаруучулары, ишке ашыруу мөөнөттөру жана күтүлгөн натыйжалары, каржылоонун көлөмү, аларды жүзөгө ашыруунун жүрүшү;

17) мамлекеттик орган жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы тарабынан бюджеттин аткарылышы жөнүндө маалыматтар;

18) мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын катышуусу менен жүзөгө ашырылуучу долбоорлор жана ишчаралар боюнча техникалык жардамдардын (көмөктөшүүлөрдүн) каражаттарынын чыгымдалышы жөнүндө маалыматтар;

19) аналитикалык баяндамалар, иш жөнүндө отчеттор, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын иштери жөнүндө маалымат мүнөзүндөгү баяндамалар;

20) мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын компетенциясына кирген чөйрөлөрдөгү кырдаалды жана алардын өнүгүү динамикасын мүнөздөгөн негизги көрсөткүчтөр жөнүндө маалыматтар;

21) мамлекеттик орган жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы тарабынан даярдаган болжолдоолор;

22) мамлекеттик орган жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы тарабынан чогултулган жана иштелип чыгылган расмий статистикалык маалыматтарды;

23) мамлекеттик орган жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы тарабынан өткөрүлүүчү ачык конкурстар, аукциондор, тендерлер, экспертизалар жана башка ишчаралар жөнүндө маалыматтар, анын ичинде:

- аларды өткөрүү шарттары;

- аларга жеке жана юридикалык жактардын катышуу тартиби;

- мамлекеттик же муниципалдык муктаждыктар үчүн товарларды берүүгө (иштерди аткарууга, кызмат көрсөтүүгө) конкурстарды өткөрүү үчүн конкурстук комиссиялардын курамдары;

- конкурстук комиссиялардын жыйналыштарынын протоколдору;

- мамлекеттик орган жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы тарабынан кабыл алган чечимдерге даттануунун тартиби;

24) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жана мамлекеттик орган жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы тарабынан кароого кабыл алынуучу арыздардын формалары;

25) мамлекеттик орган жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы тарабынан алардын компетенцияларынын чектеринде жүргүзгөн текшерүүлөрдүн жана мамлекеттик органда жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органында жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыктары жөнүндө маалыматтар;

26) калкты жана аймактарды чукул кырдаалдардан коргоонун абалы, алардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө, болжолдонгон жана пайда болгон чукул кырдаалдар жөнүндө, алардан калкты коргоонун ыкмалары жана жолдору жөнүндө маалыматтар, ошондой эле мыйзамдарга ылайык мамлекеттик орган жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы тарабынан жарандарга жана уюмдарга жеткирилүүгө тийиш болгон башка маалыматтар;

27) мамлекеттик орган жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы тарабынан башка жеке жана юридикалык жактар менен түзгөн жарандык-укуктук мүнөздөгү келишимдердин тизмеги;

28) жарандар ушул мамлекеттик органга жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органына мамлекеттик жана муниципалдык кызматка киргени жөнүндө маалыматтар:

жарандардын мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кирүү тартиби;

мамлекеттик кызматтын бош мамлекеттик кызмат орундарынын, муниципалдык кызматтын бош муниципалдык кызмат орундарынын тизмеги;

мамлекеттик кызматтын бош мамлекеттик кызмат ордун, муниципалдык кызматтын бош муниципалдык кызмат ордун ээлөөгө талапкерлерге карата кесиптик даярдык талаптары;

мамлекеттик кызматтын бош мамлекеттик кызмат ордун, муниципалдык кызматтын бош муниципалдык кызмат ордун ээлөөгө карата конкурстардын шарттары жана жыйынтыктары;

29) мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын башка мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары, коомдук бирикмелер, саясий партиялар, кесиптик бирликтер жана башка уюмдар, анын ичинде эларалык уюмдар менен өзара аракеттенүүлөрү жөнүндө маалыматтар;

30) мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын, алардын четөлкөлөрдөгү өкүлчүлүктөрүнүн, аймактык органдарынын, аларга караштуу уюмдардын жетекчилери жөнүндө маалыматтар (фамилиясы, аты-жөнү, өмүр баяндык маалыматтары - көрсөтүлгөн адамдар менен макулдашуу боюнча);

31) мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын түзүмдөрү, алардын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн милдеттери жана ишмилдеттери жөнүндө маалыматтар, почта дареги, маалымдама кызматтарынын телефондору жана даректик реквизиттери, анын ичинде электрондук почта дареги, алардын кызматкерлеринин саны жана эмгек акы фондунун көлөмү;

32) мамлекеттик органга жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органына караштуу уюмдар жөнүндө маалыматтар: уюмдардын тизмеги, алардын почта жана

юридикалык даректери, телефондору; алар аткаруучу милдеттердин жана ишмилдеттердин тизмеги, аларды түзүү, кайра түзүү жана жоюу жөнүндө маалыматтар, алардын кызматкерлеринин саны, иштеринин негизги көрсөткүчтөрү, эмгек акы фондунун көлөмү;

33) мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын жарандардын жана уюмдардын кайрылуулары менен иштөө боюнча бөлүмдөрүнүн телефондору жана даректик реквизиттери, анын ичинде почта дареги, электрондук почта дареги, ал бөлүмдөрдүн иштөө тартиби жөнүндө маалыматтар;

34) мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын четөлкөлөрдөгү өкүлчүлүктөрүнүн тизмеги, телефондору жана даректик реквизиттери, анын ичинде почта дареги, электрондук почта дареги;

35) мамлекеттик орган жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы ишине катышкан эларалык уюмдардын тизмеги;

36) мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын Кыргыз Республикасынын эларалык келишимдерин жана эларалык кызматташтык программаларын жүзөгө ашырууга катышуусу тууралу маалыматтар.

21-статья. Жалпыга маалымдоо каражаттарында расмий маалыматтарды таратуу

1. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын басмасөз кызматтары, ошондой эле калк менен маалыматтык иш алып барууга жооптуу кызматкерлери жалпыга маалымдоо каражаттарынын редакцияларын мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын иши жана чечимдери жөнүндө маалыматтар жана материалдар менен жабдууга милдеттүү.

2. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары кайрылуу, жазуу, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын ишинин актуалдуу маселелери боюнча алардын позицияларын расмий түшүндүрүүлөр менен жалпыга маалымдоо каражаттарында жигердүү катышкан кызматкерлерди кубаттоого милдеттүү.

4-ГЛАВА. МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДЫН ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗАЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН ДОКУМЕНТТЕРИНЕ ЖАНА МАТЕРИАЛДАРЫНА ТИКЕЛЕЙ ЖЕТҮҮНҮ КАМСЫЗ КЫЛУУ

22-статья. Тикелей жетүүнү камсыз кылуу формалары

Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын документтерин жана материалдарын тикелей алуу:

1) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын расмий маалыматтарынын фонддору;

2) расмий маалыматтардын китепканалык фонддору;

3) маалымат базалары аркылуу камсыз кылынат.

23-статья. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу

органдарынын расмий маалымат фонддорунун коомчулукка жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу

1. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары расмий маалыматтардын жалпыга жеткиликтүү фонддорун түзөт.

2. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын расмий маалымат фонддоруна жеткиликтүүлүк жарандарды аларды тийиштүү орган жайгашкан жерде түздөнтүз өздөрүн таанышпыруу жолу менен камсыз кылынууга тийиш.

3. Укуктук актылар, башка документтер жана материалдар расмий маалымат фондуна киргизилет жана аларга кол коюлган же тийиштүү документтерди жана материалдарды кароого байланышкан актыларга кол коюлган күндөн тартып, бир жумадан кечиктирилбестен таанышуу үчүн жеткиликтүү болуп калат.

4. Купуя маалыматтардын сакталышын камсыз кылуу үчүн ал документтер менен материалдардын жеткиликтүүлүгү чектелген бөлүгүн аныктоочу экспертиза жүргүзүлөт. Документтер менен материалдардын купуя маалыматты камтыбаган бөлүктөрү тийиштүү документке кол коюлган күндөн тартып бир жумадан кечиктирилбестен таанышуу үчүн даярдалууга жана жеткиликтүү болууга тийиш. Коомчулукка тааныштыруу үчүн даярдалган документте же материалда эксперттин фамилиясы жана кызмат орду көрсөтүлөт.

5. Документтер менен материалдарды алууну камсыз кылуу максатында таанышуу үчүн тиешелүү мамлекеттик органда жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органында көктөмөлөр, ошондой эле документтер менен материалдардын көзөмөлдүк нускалары бар көктөмөлөр түзүлөт. Көктөмөдөгү документтер менен материалдар хронологиялык тартипте жайгаштырылат. Таанышуу үчүн түзүлгөн көктөмөлөрдө камтылган документтер менен материалдар кеминде айына бир жолу тизмелөөдөн өткөрүлөт. Зарыл документтерди издөөнү ыңгайлаштыруу үчүн тизме көктөмөлөрдө жайгаштырылат. Документтер менен материалдардын көктөмөлөрүнүн тизмесинин маалыматтары каталогдорго бириктирилиши мүмкүн.

6. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары көктөмөдө камтылган документтер менен материалдардын сакталышын камсыз кылуу боюнча чараларды көрүүгө жана алардын жеткиликтүүлүгүнө карата талаптарды белгилөөгө милдеттүү.

7. Көктөмөлөр менен иштөө үчүн документтер менен материалдардан үзүндүлөрдү алууга, ошондой эле алардан көчүрмө жасоого мүмкүндүк берүүчү шарттары бар атайын орундар жабдылат. Документтер менен материалдарды көчүрүүгө берүүнүн шарттарын жана тартибин тиешелүү мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары белгилейт.

24-статья. Расмий маалыматтын китепканалык фонддоруна жеткиликтүүлүгү

1. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары өздөрүнүн карамагында турган расмий баяндамаларды, маалыматтык материалдарды, расмий маалымдама басылмаларын жана башка документтер менен материалдарды китепканаларга жөнөтөт.

2. Алынган документтер менен материалдардын негизинде Кыргыз Республикасынын китепканаларында расмий маалыматтардын жалпыга жеткиликтүү фонддору түзүлөт.

25-статья. Маалымат базаларына жеткиликтүүлүгү

1. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын расмий маалыматтарынын маалымат базасын бириктирген расмий маалыматтардын борбордоштурулган автоматташтырылган маалымат тутумун иштеп чыгуу жана кармап туруу боюнча ишчараларды жүзөгө ашырат.

2. Расмий маалыматтар тутуму Кыргыз Республикасынын аймагында колдонулган ченемдик актылардын толук тизмегин жана текстери бар маалымат базасын камтуусу тийиш. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары документтер менен материалдардын электрондук версияларынын жеткиликтүү болушун уюштурат.

3. Расмий маалыматтар тутуму ааламдашкан санариптик тармактарды пайдалануучулар үчүн жеткиликтүү болуусу тийиш. Расмий маалыматтардын борбордоштурулган автоматташтырылган маалымат тутумунда камтылган документтер жана материалдар менен акысыз таанышуу жана акысыз электрондук көчүрүп алуу камсыз кылынат. Расмий маалыматтардын борбордоштурулган маалымат тутумуна киргизилген документтердин жана башка маалыматтардын электрондук версияларынын ишенимдүүлүгүнө тиешелүү мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары жоопкерчиликтүү болот.

4. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары маалымат базаларын пайдалануунун негизинде маалымат берүү жөнүндө суроо-талаптарды аткаруу ишине келишимдик негизде адистешкен уюмдарды тартууга укуктуу. Адистешкен уюм тарабынан камсыз кылынуучу маалыматтын тууралыгына, толук мүнөзүнө жана ушул Мыйзамдын башка талаптарынын аткарылышына мамлекеттик орган жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы жоопкерчиликтүү болот. Ушул Мыйзамга ылайык берилүүгө тийиш болгон, суратылган документтер жана материалдар адистешкен уюмда жок болгондо суроо-талап боюнча маалымат берүүнү мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын ушуга жооптуу кызмат адамы камсыз кылат.

5-ГЛАВА. МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДЫН ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗАЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН ЖЫЙНАЛЫШТАРЫНЫН ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮГҮН КАМСЫЗ КЫЛУУ

26-статья. Жыйналыштардын ачыктыгы

1. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын жабык жыйналыштарынан башка жыйналыштары коомчулук үчүн ачык болуп саналат.

2. Жыйналыштардын ачыктыгы тиешелүү жыйналыштарга катышууга билдирме

берген жарандардын аларга катышууларына мүмкүнчүлүк берүү менен кепилденет.

3. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын жабык жыйналыштары ушул Мыйзамдын 5-статьясына ылайык маалыматтарынын жеткиликтүүлүгү чектелүү болуп саналган маселелерди талкуулоо учурунда өткөрүлөт.

27-статья. Коомчулукту жыйналыштарды өткөрүү жөнүндө кабарландыруу

1. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары ай сайын жыйналыштарды өткөрүү планын, жыйналыштардын күн тартибин, ошондой эле аны өткөрүү күнүн, убактысын жана ордун көрсөтүү менен жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялайт.

2. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары өздөрү жайгашкан жерде маалымат такталарын жабдыйт, анда жыйналыш күнүнө чейин бир жумадан кечиктирбестен анын күн тартиби, убактысы, ошондой эле жыйналышты өткөрүүнүн ачык же жабык режими жөнүндө маалымат жайгаштырылат. Жыйналыш жабык режимде өткөрүлгөн учурда маалымат тактасында жыйналышка коомчулукту кирүүсүн чектөөгө негиз болгон чечим жайгаштырылат.

28-статья. Жыйналыштарга катышууну уюштуруу

1. Кыргыз Республикасынын жараны, Кыргыз Республикасынын юридикалык жагынын өкүлү мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын жыйналыштарына катышууга укуктуу. Жыйналыштарга жарандардын жана (же) юридикалык жактардын өкүлдөрүнүн катышуусун камсыз кылуу максатында мамлекеттик органда же жергиликтүү өзалдынча башкаруу органында тийиштүү жыйналышка катышууну каалагандарды жазуу жүргүзүлөт. Келүүчүлөр жөнүндө маалыматтын жазылуусу жана анын инсанын тастыктаган документтин болушу жыйналышка кирүүгө негиз болуп саналат. Жазууда жарандын фамилиясы, аты-жөнү, ал эми юридикалык жактын өкүлү үчүн - фамилиясы, аты-жөнү, юридикалык жактын аталышы, ошондой эле, ээлеген кызматы камтылууга тийиш. Башка маалыматтарды же документтерди көрсөтүүнүн кажети жок.

2. Жыйналыштарды өткөрүү залында келүүчүлөр үчүн орундар жабдылат. Келүүчүлөр үчүн орундардын саны жазылгандардын санына жараша эсептелет, бирок алар үчүн орундардын жалпы саны мамлекеттик бийликтин аткаруу органдарынын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын жыйналыштарында бештен аз болбоого, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана жергиликтүү өзалдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын жыйналыштарында ондон кем болбоого тийиш. Келүүчүлөрдүн сандык чектөөсү ашып кеткенде жана алардын кимдир-бирөө келбей калган учурда жыйналышка катышуу артыкчылыгына, биринчиден, жыйналышта кабыл алынуучу чечим укуктарына жана эркиндиктерине түздөнтүз тийиштүү болушу мүмкүн болгон жарандар, экинчиден, бул органдын жыйналыштарына мурда катышпаган же башка жазылгандардан көбүрөөк катышпаган жарандар, үчүнчүдөн, жыйналышка катышууга башкалардан мурда

жазылган жарандар ээ болушат.

3. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары тиешелүү орган жайгашкан жердеги башка орунжайларда орнотулган телекабылдагычтарга түз трансляциялоо аркылуу жыйналыштардын жеткиликтүүлүгүн кошумча уюштурууга укуктуу.

29-статья. Келүүчүлөрдүн жыйналыштарга катышуу тартиби

1. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын жыйналыштарына келүүчүлөрдүн катышуу тартиби тиешелүү мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын иш регламентинде аныкталат. Жыйналышка катышуунун белгиленген тартибин бузган учурда төрагалык кылуучу эреже бузуучуга эскертүү жасайт, ал эми кайталап эреже бузган учурда аны жыйналыш залынан сыртка чыгарып жиберет.

2. Жыйналышка катышып жаткан келүүчүлөр жазууларга, ошондой эле эгерде бул жыйналышты өткөрүүгө тоскоолдук кылбаса, фотосүрөт тартууга, аудио- жана көрмөжазууларды жүргүзүүгө укуктуу.

6-ГЛАВА. МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДЫН ЖЕ ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗАЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН КАРАМАГЫНДА ТУРГАН МААЛЫМАТТАРДЫН ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮҮГҮН УЮШТУРУУ

30-статья. Маалыматты алууга көмөктөшүү боюнча уюштуруу чаралары

1. Маалыматка жеткиликтүүлүктү уюштуруу үчүн мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын түзүмүндө адистешкен кызмат түзүлөт, ага белгиленген тартипте тиешелүү ишмилдеттер жана ыйгарым укуктар берилет, же аталган ишмилдеттерди жана ыйгарым укуктарды аткаруу мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын түзүмүндөгү башка кызматка же бөлүмгө, же конкреттүү кызмат адамына жүктөлөт.

2. Маалымат сураган адамдарды маалымат менен камсыз кылуу боюнча ишмилдеттер тийиштүү мамлекеттик орган жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы жөнүндө жоболордо аныкталууга тийиш.

3. Маалымат сураган адамдарды маалымат менен камсыз кылуу боюнча ишмилдеттерди жүзөгө ашыруу боюнча иштерди аткаруучу адистешкен кызматтардын, бөлүмдөрдүн, кызмат адамдарынын укуктары, милдеттери жана жоокерчилиги ушул кызматтар жана бөлүмдөр жөнүндө белгиленген тартипте бекитилген жоболордо жана кызматтык нускоолордо белгиленет.

4. Маалыматка жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу боюнча ишмилдеттерди жүзөгө ашырууга мамлекеттик органдын же жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын ыктыярына жараша келишимдик шарттарда маалыматтык кызматтарды көрсөтүү боюнча ишти жүзөгө ашыруучу уюмдар тартылышы мүмкүн. Бул уюмдардын дайындары: уюмдун атылышы, почта дареги, телефон номери жана факс номери, электрондук почта дареги, тармактык дареги жалпыга жеткирилүүгө тийиш.

5. Маалымат алуу жөнүндө суроо-талаптарды аткаруу эрежелери мамлекеттик

орган жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органы тарабынан ушул Мыйзамга ылайык белгиленет.

6. Ушул статьянын 5-пунктунда көрсөтүлгөн эрежелерде маалыматтын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча милдеттер жүктөлгөн тийиштүү уюмдардын, кызматтардын, бөлүмдөрдүн аталышы жана иштөө режими; же кызмат адамдары жөнүндө кабарлар; берилүүчү маалыматтын категориялары, аны берүүгө байланышкан кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрү (анын ичинде автоматташтырылган маалымат тутумуна жетүүнүн тартиби), бул кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөөнүн тартиби жана жеткиликтүүлүктүн башка шарттары камтылууга тийиш.

31-статья. Автоматташтырылган маалымат тутумдарындагы маалыматтардын жеткиликтүүлүгүн уюштуруу

1. Автоматташтырылган маалымат тутумдарындагы маалыматка жетүү укугун камсыз кылуу үчүн мамлекеттик органдар же жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары:

- аталган тутумдарды жалпы пайдалануудагы байланыш тармактарына туташтырат жана бул тармакка туташкан жарандар жана уюмдар чектөөсүз жеткиликтүү болушу үчүн маалыматтарды мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органынын расмий серверине (сайтына, порталына) жайгаштырат;

- жарандар жана уюмдар үчүн жетүүлөрүнө жеңил болгон жерлерде: мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик жана муниципалдык китепканалардын, почта бөлүмдөрүнүн жайларында жана мыйзамдарда аныкталган башка жерлерде жалпы пайдалануудагы тармактарга туташылган абоненттик пункттарды түзүшөт;

- суроо-талаптарды алуу жана суралган маалыматты берүү үчүн электрондук почта дареги бөлүнүп көрсөтүлөт;

- расмий серверде (сайтта, порталда) жайгаштырылган маалыматтардын мазмунуна, ишенимдүүлүгүнө жана толук болушуна жоопкер болот.

2. Компьютердин жардамы менен түзүлгөн жана телекоммуникациялык каналдар боюнча берилүүчү документтерде ушул документтер үчүн белгиленген бардык дайындар милдеттүү түрдө көрсөтүлүүсү тийиш. Маалымат электрондук түрдө берилген учурда анын ишенимдүүлүгү электрондук санариптик колтамга менен же мыйзамдарда белгиленген тартипте башкача электрондук ыкма менен ырасталат.

32-статья. Маалыматка жетүүнү камсыз кылуу боюнча мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын милдеттери

1. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары төмөнкүлөргө милдеттүү:

- маалыматка жетүү укугун жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон уюштуруу-техникалык жана башка шарттарды түзүүгө;

- ушул Мыйзамга ылайык берилүүгө тийиш болгон маалыматтарды камтыган расмий документтерди, алар кабыл алган актыларды, ошондой эле өздөрү укук

мураскери болуп саналган мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын актыларын белгиленген мөөнөт ичинде сактоого;

- берилүүчү маалыматтардын ишенимдүүлүгүн жана толуктугун, аны берүүнүн белгиленген мөөнөттөрүнүн жана шарттарынын сакталышын камсыз кылууга;

- расмий документтерди элге жарыялоонун мыйзамдарда белгиленген тартибин сактоого.

2. Эгерде берилген маалыматтар так эмес же толук эмес маалыматтарды камтыса, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары маалыматты сураган адамдын жазуу жүзүндөгү жүйөөлүү арызы боюнча, мүмкүн болушунча кыска мөөнөттө, бирок арызды алгандан тартып жети жумушчу күндөн кечиктирбестен, берилген маалыматтарды тактоого же толуктоого милдеттүү.

3. Мамлекеттик органдар же жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары өздөрү жалпыга жеткирүүгө милдеттүү болгон расмий документтердин реестрин жүргүзүшөт. Реестр ар бир чыгарылган документтин аталышын, кабыл алынган күнүн, номерин жана аны элге жарыялоо жөнүндө маалыматты камтуусу тийиш. Рестрди жүргүзгөн органдар бул реестрге карата башка милдеттүү талаптарды белгилей алышат.

7-ГЛАВА. ШУЛ МЫЙЗАМДЫ ИШКЕ АШЫРУУНУН КЕПИЛДИКТЕРИ

33-статья. Уюштуруу кепилдиктери

Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары:

- өздөрүнүн курамында калкка маалыматты берүүнү түздөнтүз камсыз кылуу милдеттери жүктөлгөн түзүмдүк бөлүмдөрдү уюштурушат жана жооптуу адамдарды дайындашат;

- ушул Мыйзамдын жоболорун жүзөгө ашыруунун тартиби жаатында, анын ичинде маалыматтарды берүү жөнүндө суроо-талаптын маңызын, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын иштөө режимин, расмий маалымат фонддору менен таанышуу тартибин тактоо жаатында телефон аркылуу акысыз кыскача маалымдамаларды берүү мүмкүнчүлүгүн уюштурушат.

34-статья. Ушул Мыйзамды ишке ашыруу жөнүндө коомчулукка маалымдоо

1. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары калк арасында жалпыга маалымдоо каражаттарынын жардамы менен маалыматтарды алуунун ушул Мыйзамда берилген мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруунун тартиби жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзөт.

2. Жалпыга маалымдоо каражаттарында ушул Мыйзамдын талаптарын аткаруунун натыйжалары жөнүндө тийиштүү мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары тарабынан даярдаган баяндамалар жыл сайын жарыяланат.

35-статья. Маалымат берүүдөн баш тартууга даттануу

Жооптуу адамдын маалымат берүүдөн баш тартуусуна, ошондой эле жооптуу адамдын ушул Мыйзамдын талаптарын бузган башка аракеттерине жана чечимдерине, маалыматты сураган адамдын тандоосу боюнча, жогору кызмат адамына, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменине) же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сот тартибинде даттанууга болот.

36-статья. Маалымат берүү боюнча милдеттерди бузгандыгы үчүн жоопкерчилик

Маалымат берүү боюнча милдеттерди аткарбагандыгы же ойдогудай аткарбагандыгы үчүн күнөөлүү адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кылмыш-жаза, администрациялык, жарандык, тартипке келтирүү же материалдык жоопкерчиликке тартылат.

8-ГЛАВА. КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР

37-статья. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.
2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү үч айлык мөөнөттө:
- мыйзам актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирүү боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна сунуштарды киргизсин;
- ушул Мыйзамдан келип чыккан уюштуруу чараларын чечүүгө багытталган сунуштарды Кыргыз Республикасынын Президентинин кароосуна киргизсин;
- өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин;
- министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин жана администрациялык ведостволордун жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын ченемдик укуктук актыларынын ушул Мыйзамга ылайык келтирилишин камсыз кылсын.
3. Жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары ушул Мыйзамдан келип чыккан зарыл чараларды көрсүн, ошондой эле өздөрүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

III. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ЖАРЛЫКТАРЫ

Бишкек шаары, Өкмөт Үйү
2007-жылдын 8-майы ПЖ N 240

"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жна жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын карамагындагы маалыматтарга ээ болуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жүзөгө ашыруу тууралу

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын карамагындагы маалыматтарга ээ болуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жүзөгө ашыруу, Кыргыз Республикасынын жарандарына маалыматты анык, толук жана өз убагында берүү, ошондой эле мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын ишинде маалыматтык толук ачыктыкка, маалымдуулукка жана тунуктукка жетишүү максатында токтом кылам:

1. Министрликтер, мамлекеттик комитеттер, администрациялык ведомстволор, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары жана башка мамлекеттик органдар:

- өзүнүн курамында калкка маалыматтарды тикелей берүү боюнча функцияларды бекитип берүү менен түзүмдүк бөлүмдү аныктасын же аталган функцияларды аткарууну түзүмдөгү башка кызматтарга же бөлүмдөргө жүктөп жана аталган ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн жооптуу адамдарды дайындасын;
- телефон боюнча кыска маалыматтык аныктамаларды берүүнү, анын ичинде расмий маалыматтар фонду менен таанышуу тартибине жана иштөө режимине тиешелүү аныктамаларды берүүнү уюштурсун;
- жалпыга маалымдоо каражаттарынын жардамы менен маалымат алуунун аталган Мыйзам менен берилген мүмкүнчүлүктөрүн жүзөгө ашыруунун тартиби жөнүндө калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн;
- аталган Мыйзамдын талаптарынын аткарылышынын натыйжалары жөнүндө докладды жыл сайын жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыяласын.

2. Ушул Жарлыктын 1-пунктунда камтылган иш-чараларды финансылоо каралган каражаттардын чегинде жүргүзүлсүн.

3. "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын карамагындагы маалыматтарга ээ болуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жоболорун сактоо жана аткаруу үчүн жекече жоопкерчилик мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын жетекчилерине жүктөлсүн.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Жарлыкка ылайык келтирсин.

5. Бул Жарлыктын аткарылышына контролдук кылуу милдети Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын уюштуруу иштер жана мамлекеттик башкаруу саясаты бөлүмүнө жүктөлсүн.

6. Бул Жарлык жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Бишкек шаары, Өкмөт Үйү
2008-жылдын 10-июну ПЖ N 203

Айылдык округдардын, поселкалардын жана райондук маанидеги шаарлардын башчыларын көрсөтүүнүн жана шайлоону өткөрүүнүн тартиби жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана "Жергиликтүү өзалдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, ошондой эле республиканын жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарын башкарууну андан ары демократиялаштыруу жана ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында токтом кылам.

1. Айылдык округдардын, поселкалардын жана райондук маанидеги шаарлардын башчыларын көрсөтүүнүн жана шайлоону өткөрүүнүн тартиби жөнүндө тиркелген Жобо бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өзалдынча башкаруу иштери боюнча Улуттук агенттик менен бирдикте ушул Жарлыктан келип чыккан уюштуруу жана башка маселелерди чечсин.

3. Бул Жарлыктын аткарылышына контролдук кылуу милдети Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын уюштуруу иштер жана мамлекеттик башкаруу саясаты бөлүмүнө жүктөлсүн.

4. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президентинин
2008-жылдын 10-июнундагы N 203 Жарлыгы менен бекитилген

Айылдык округдардын, поселкалардын жана райондук маанидеги шаарлардын башчыларын көрсөтүүнүн жана шайлоону өткөрүүнүн тартиби жөнүндө
ЖОБО

I. Жалпы жоболор
II. Айылдык округдардын, поселкалардын, райондук маанидеги шаарлардын башчысынын кызмат ордуна талапкерлерге коюлган талаптар
III. Айылдык округдардын, поселкалардын жана райондук маанидеги шаарлардын башчысынын кызмат ордуна талапкерлерди макулдашуунун тартиби
IV. Шайлоону уюштуруунун тартиби
V. Шайлоону өткөрүү тартиби

I. Жалпы жоболор

1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, "Жергиликтүү өзалдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерин жүзөгө ашыруу максатында иштелип чыккан

жана айылдык округдардын, поселкалардын жана райондук маанидеги шаарлардын башчыларын көрсөтүүнүн жана шайлоо өткөрүүнүн тартибин аныктайт.

2. Айылдык округдардын, поселкалардын жана райондук маанидеги шаарлардын башчыларын шайлоо ушул Жободо белгиленген тартипте көрсөтүлгөн талапкерлердин ичинен жашыруун добуш берүү жолу менен тийиштүү жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан жүргүзүлөт.

II. Айылдык округдардын, поселкалардын, райондук маанидеги шаарлардын башчысынын кызмат ордуна талапкерлерге коюлган талаптар

3. Айылдык округдардын, поселкалардын, же райондук маанидеги шаарлардын башчысынын кызмат ордуна жогорку билимдүү жана мамлекеттик же муниципалдык кызматта кеминде эки жылдык иш стажысы бар Кыргыз Республикасынын аракетке жөндөмдүү жараны талапкер боло алат.

Жасаган кылмышы үчүн соттуулугу бар, ал мыйзамда белгиленген тартипте тындырылбаган же алып ташталбаган Кыргыз Республикасынын жараны айылдык округдун, поселкалардын, же райондук маанидеги шаарлардын башчылыгына шайланышы мүмкүн эмес.

III. Айылдык округдардын, поселкалардын жана райондук маанидеги шаарлардын башчысынын кызмат ордуна талапкерлерди макулдашуунун тартиби

4. Райондук мамлекеттик администрациянын башчысы - акими айылдык округдардын, поселкалардын жана райондук маанидеги шаарлардын башчысынын кызмат ордуна көрсөтүлгөн талапкерлерди облустук мамлекеттик администрациянын башчысы - губернатор жана Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өзалдынча башкаруу иштери боюнча Улуттук агенттик менен макулдашат.

5. Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өзалдынча башкаруу иштери боюнча Улуттук агенттик аким сунуш кылган талапкердин документтерин мыйзамдын талаптарына ылайык келишин иликтейт жана өз чечими жөнүндө акимге жазуу жүзүндө маалымат берет, макул болбогон учурда жүйөөлүү жооп кайтарат.

6. Облустук мамлекеттик администрациянын башчысы - губернатор же Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өзалдынча башкаруу иштери боюнча Улуттук агенттик көрсөтүлгөн талапкер менен макул болбогон учурда аким жаңы талапкерди көрсөтөт.

IV. Шайлоону уюштуруунун тартиби

7. Айылдык округдардын, поселкалардын жана райондук маанидеги шаарлардын башчыларын шайлоону Кыргыз Республикасынын Президенти дайындайт жана ал Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгында каралган мөөнөттө жүргүзүлөт.

8. Айылдык округдардын, поселкалардын жана райондук маанидеги шаарлардын башчылары альтернативдик негизде райондук мамлекеттик администрациянын башчысы - аким көрсөткөн талапкерлердин ичинен 4 жылдык мөөнөткө жашыруун добуш берүү жолу менен тийиштүү жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан шайланат.

9. Айылдык округдардын, поселкалардын жана райондук маанидеги шаарлардын башчыларын шайлоо айылдык округдардын, поселкалардын жана райондук маанидеги шаарлардын башчылары мөөнөтүнөн мурда бошотулган учурда "Жергиликтүү өзалдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган тартипте жүргүзүлөт.

10. Жергиликтүү өзалдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органынын аппаратына шайлоону уюштуруунун бардык жол-жоболук маселелери, ошондой эле добуш берүү үчүн кабиналарды, шайлоо бюллетендерин, добуш берүү үчүн жайды, урналарды даярдоо жана шайлоону өткөрүү менен байланышкан башка маселелер жүктөлөт.

V. Шайлоону өткөрүү тартиби

11. Айылдык округдардын, поселкалардын жана райондук маанидеги шаарлардын башчыларын шайлоо күнү тийиштүү кеңештин төрагасы депутаттардын кворуму болгон учурда сессияны ачат. Ал күн тартиби боюнча сунуш киргизет.

Күн тартиби бекитилгенден кийин кеңештин төрагасы башчынын кызмат ордуна көрсөтүлгөн талапкерлер боюнча акимге же анын өкүлүнө сөз берет. Тийиштүү кеңештин депутаттары талапкерлердин кыскача программаларын угууга укуктуу.

Андан кийин кеңештин төрагасы добуш берүү өткөрүү үчүн эсептөө комиссиясынын сандык курамы жөнүндө сунуш киргизет. Сандык курам макулдашылгандан кийин депутаттар эсептөө комиссиясынын мүчөсүнө кошуу үчүн депутаттардын ичинен талапкерлер боюнча сунуш киргизет. Андан кийин добуш берүү жолу менен эсептөө комиссиясынын курамы бекитилет.

12. Түзүлгөн эсептөө комиссиясы өзүнүн биринчи уюштуруу жыйналышын өткөрөт, анда эсептөө комиссиясынын төрагасы шайланат. Уюштуруу жыйналышы протокол (N 1) менен таризделет жана сессиянын бекитүүсүнө киргизилет. Эгерде сессияга катышып жаткан депутаттардын көпчүлүгү ачык добуш берүү жолу менен аны жактап добуш берсе, протокол бекитилди деп эсептелет.

13. Эсептөө комиссиясынын экинчи жыйналышында добуш берүү үчүн бюллетендердин формасы бекитилет, ал да протокол (N 2) менен таризделет жана сессиянын бекитүүсүнө киргизилет.

14. Айылдык округдардын, поселкалардын жана райондук маанидеги шаарлардын башчыларынын кызмат ордуна талапкерлер бюллетенге киргизилет, алар жашыруун добуш берүү үчүн депутаттарга кол койдуруп таркатылат.

15. Добуш берүү өткөрүлгөндөн кийин эсептөө комиссиясы добуш берүүнүн жыйынтыгын чыгарат. Добуштар жалаң гана эсептөө комиссиясынын мүчөлөрү тарабынан ачык жана маалымдуу эсептелет, ал добуш берүү үчүн жайда тынымсыз жүргүзүлөт.

Эсептөө комиссиясынын мүчөлөрү пайдаланылбай калган бюллетендерди кайра эсептейт, аларды жокко чыгарат жана бул туурасында добуш берүүнүн жыйынтыгынын протоколуна (N 3) жазат.

Жараксыз бюллетендер эсептелет жана өзүнчө топтолот жана бул туурасында добуш берүүнүн жыйынтыгынын протоколуна (N 3) жазылат. Добуш берүүчүнүн эрк билдирүүсүн аныктоо мүмкүн болбогон, жергиликтүү өзалдынча башкаруунун тийиштүү органынын мөөрү жок же бюллетень бекитилген формага ылайык келбесе,

жараксыз болуп саналат.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы протокол (N 3) менен таризделет, анда толтурулган бюллетендердин жалпы саны, анын ичинде таратылгандары, ошондой эле добуш берүүдөн кийин урнаны ачканда чыккан бюллетендер көрсөтүлөт. Ошол эле протоколго тигил же бул талапкер үчүн берилген "макул" жана "каршы" добуштардын саны көрсөтүлөт.

Добуштарды эсептөөнүн натыйжасы боюнча добуш берүүнүн жыйынтыгы аныкталат, ал протоколго (N 3) жазылат, ал жергиликтүү кеңештин сессиясынын бекитүүсүнө киргизилет.

16. Бардык түзүлгөн жана бекитилген протоколдор эсептөө комиссиясынын төрагасы тарабынан тийиштүү жергиликтүү кеңештин төрагасына өткөрүп берилет. Жергиликтүү кеңештин төрагасы шайлоонун жыйынтыгын жарыялайт жана жеңип чыккан талапкердин фамилиясын атайт.

17. Айылдык округдардын, поселкалардын жана райондук маанидеги шаарлардын башчыларын шайлоо, эгерде ага тийиштүү жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн экиси катышса, болду деп эсептелет.

18. Тийиштүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгүнүн добушун алган талапкер шайланды деп эсептелет.

19. Жергиликтүү кеңештин сессиясынын шайлоо жөнүндөгү протоколунун жана чечиминин көчүрмөсү, ошондой эле башка документтердин көчүрмөлөрү Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өзалдынча башкаруу иштери боюнча Улуттук агенттиктин дарегине кийин белгиленген үлгүдөгү кызматтык күбөлүктөрдү толтуруу менен маалыматтар базасын түзүү үчүн жиберилет.

20. Шайланган айылдык округдардын, поселкалардын жана райондук маанидеги шаарлардын башчыларына облустук мамлекеттик администрациянын башчысы - губернатор салтанаттуу кырдаалда кызматтык күбөлүктөрдү тапшырат.

21. Айылдык округдардын, поселкалардын жана райондук маанидеги шаарлардын башчылары шайланбай калган учурда райондук мамлекеттик администрациянын башчысы - аким тийиштүү жергиликтүү кеңеште белгиленген тартипте макулдашуудан өткөн ошол эле же башка талапкерди кайталап көрсөтүүгө укуктуу.

22. Айылдык округдардын, поселкалардын жана райондук маанидеги шаарлардын башчылары райондук кеңештин депутаттары тарабынан кайрадан шайланбай калган учурда райондук мамлекеттик администрациянын башчысы аким облустук мамлекеттик администрациянын башчысы - губернатор менен макулдашуу боюнча аталган жергиликтүү кеңеште мөөнөтүнөн мурда шайлоо дайындоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине өтүнүч кылат.

23. Айылдык округдардын, поселкалардын жана райондук маанидеги шаарлардын башчылары жергиликтүү кеңештин депутаттарынын ичинен шайланган учурда ал жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын үч күндүк мөөнөттө токтотууга милдеттүү.

24. Айылдык округдардын, поселкалардын жана райондук маанидеги шаарлардын башчылары ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулганда шайлоо өткөргөнгө чейин башчынын милдетин анын орунбасары аткарат.

IV. ТОКТОМДОР

Бишкек шаары
2007-жылдын 29-июну N 1997-III

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ
Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун
жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби жөнүндө
типтүү жобону бекитүү тууралу

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши токтом кылат:

Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобо бекитилсин (тиркелет).

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин
2007-жылдын 29-июнундагы N 1997-III токтому менен бекитилген

Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин
ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу
ТИПТҮҮ ЖОБО

I. Жалпы жоболор
II. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин жер-жерлерде башкаруу
III. Ижарага берүү
1. Тооруктарды өткөрүү тууралуу жалпы жоболор
2. Аукцион
3. Конкурс
4. Түз берүү
5. Келишим жана келишимди мамлекеттик каттоодон өткөрүү
IV. Акча каражаттарын бөлүштүрүү
V. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин натыйжалуу пайдалануну контролдоочу мамлекеттик орган
N 1 тиркеме. Арыз
N 2 тиркеме. Билдирүү (документтерди каттоо жана кабыл алуу жөнүндө)
N 3 тиркеме. Арыз ээлерин (талапкерлерди) Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча Протокол
N 4 тиркеме. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча аукцион өткөрүүнүн жыйынтыктары жөнүндө Протокол
N 5 тиркеме. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча конкурс өткөрүүнүн жыйынтыктары жөнүндө Протокол
N 6 тиркеме. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижаралоонун типтүү келишими
N 7 тиркеме. Ижарага берилген жерлердин экспликациясы

Ушул Типтүү жобо Кыргыз Республикасынын Жер кодексине жана Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине ылайык иштелип чыккан, Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин берүү, башкаруу боюнча укук мамилелерин жөнгө салат жана аларды берүү тартибин жана шарттарын аныктайт.

I. Жалпы жоболор

1. Ушул Типтүү жободо колдонулуучу түшүнүктөр:

- Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижаралоо - айылдын, поселкалык кеңештердин аткаруу органы тарабынан жер участогун ижарачыга айыл чарба максатында пайдалануу укугу менен белгилүү бир акыга белгилүү мөөнөткө берүү;
- ижарачы - Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунан жер участкасын ижарага берүүчүдөн белгиленген тартипте ижарага алган Кыргыз Республикасынын жеке же юридикалык жагы;
- аукцион - тооруктун түрү, мында эң чоң суммадагы ижара акысын сунуштаган катышуучу жеңүүчү деп таанылат;
- экинчи жеңүүчү - аукциондо экинчи чоң өлчөмдөгү ижара акысын, ал эми конкурста конкурстун жеңүүчүсүнөн кийинки эң жакшы шарттарды сунуштаган катышуучу;
- арыз ээси (талапкер) - тооруктарга катышуу каалоосун билдирген юридикалык жана жеке жак;
- жер-пландоо зонасы - Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жер участкаларын башкаруунун жана берүүнүн бирдиктүү ыкмасы белгиленген аймак (жана тиешелүү түрдө анда жайгашкан Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун бардык жер участкалары);
- чет элдик жактар - Кыргыз Республикасынын Жер кодексине ылайык ушундай деп таанылган жеке жана юридикалык жактар;
- конкурс - тооруктун түрү, мында конкурстук комиссиянын корутундусуна ылайык эң жакшы шарттарды сунуш кылган катышуучу жеңүүчү деп таанылат;
- лот - пайдалануу укугу тоорукка коюлуп жаткан жер участогу;
- аз камсыз болгон үй-бүлөлөр жана жарандар - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте берилген жакыр үй-бүлөлөрдүн жана жарандардын социалдык паспорту бар үй-бүлөсүнүн жан башына жыйынды кирешеси керектөөнүн гарантияланган минималдык деңгээлинен (КГМД) ашпаган үй-бүлөлөр жана жарандар;
- талап болбогон жер участкалары - бул Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун суроо-талапка ээ эмес жерлери;
- аукционду уюштуруучу - жергиликтүү кеңештин аткаруу органы (айыл өкмөтү);
- Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин пайдалануунун келечек планы (мындан ары - Келечек план) - жергиликтүү калктын таламдарын максимум эске алуу менен Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин экономикалык жактан максаттуу, сарамжалдуу, натыйжалуу пайдалануунун узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү келечегин аныктоочу план;

- түз берүү - Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин жеке жана юридикалык жактарга тоорук өткөрбөстөн, түз сүйлөшүүлөр жолу менен берүү ыкмасы;

- социалдык багыттагы субъектилер - жергиликтүү жана республикалык бюджеттердин эсебинен каржылануучу, иш аракеттери саламаттык сактоого, айыл калкын иш менен камсыздоого, билим берүүгө, тарбиялоого (ооруканалар, мектептер ж.б.), социалдык камсыздоого, жарандардын коомдук талаптарын канааттандырууга багытталган уюмдар;

- тооруктар - Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүүнүн аукциондук, конкурстук түрү;

- катышуучу - тооруктарга катышуу үчүн белгиленген тартипте катталган жеке же юридикалык жак;

- Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фонду - мамлекеттик менчикте турган жана айыл чарба жерлеринен түзүлгөн (жайытты кошпогондо) жер участкалары.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин башкарууну ушул Типтүү жобого ылайык жүргүзүшөт.

3. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлери милдеттүү түрдө жерди натыйжалуу пайдалануу жана бардык агротехникалык талаптарды сактоо шартында кыска мөөнөттүү ижарага 5тен 7 жылга чейинки мөөнөткө, орто мөөнөттүү ижарага - 10 жылга чейин жана узак мөөнөттүү ижарага 50 жылга чейин берилет.

Фонддун сугат айдоо жер участкалары кыска мөөнөттүү гана ижарага берилет.

4. Келечек планда калктуу конуштардын жерлерин кеңейтүү үчүн аныкталган Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлери кыска мөөнөттүү гана ижарага берилет.

5. Айылдык, поселоктук кеңештин аймагында жеке жана юридикалык жактарга ижарага берилүүчү Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жер участкаларынын ижарасынын так мөөнөттөрү жана өлчөмдөрү тиешелүү айылдык, поселоктук кеңештер (мындан ары жергиликтүү кеңеш) тарабынан белгиленет.

6. Чет элдик жактарга Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлери берилбейт.

7. Ижарага берүүчү ижарачынын макулдугу менен келишимде ижара акысынын өлчөмүн өзгөртүү шартын карай алат, бирок бир жылда бир жолудан көп эмес.

8. Жер комиссиясынын чечимине макул болбогон учурда аукциондун же конкурстун катышуучусу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте сот органдарына кайрыла алат.

II. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин жер-жерлерде башкаруу

9. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин башкаруу Келечек планды иштеп чыгуу аркылуу ишке ашырылат.

10. Келечек план графикалык жана текстик бөлүктөрдөн турат.

11. Келечек пландын текстик бөлүгү Келечек планды түзүп жаткан учурга карата Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин пайдалануунун

абалы тууралуу маалыматты камтыйт, атап айтканда:

- Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин жалпы саны жөнүндө (жер участкаларынын саны, алардын аянты, жерлердин түрлөрү);

- пайдаланылып жаткан жер участкалары жөнүндө (жер пайдалануучуларды, жердин түрлөрүн жана алардын жер участкаларынын өлчөмдөрүн, пайдалануу мөөнөттөрүн, ижара акысынын өлчөмүн көрсөтүү менен);

- пайдаланылбай жаткан жер участкалары жөнүндө (жерлердин түрлөрү боюнча пайдаланылбай келген себептерин мөөнөттөрүн көрсөтүү менен);

- калктуу конуштарды кеңейтүү үчүн резервге коюлган жер участкалары.

Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин пайдалануу тууралуу маалыматтын негизинде төмөнкү иш-чаралар жүргүзүлөт:

- айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн тоорук (аукцион же конкурс) аркылуу жер участкаларын алуу керектөөлөрүн, мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо;

- Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин түз берүү аркылуу берүү үчүн жер пайдалануучулардын айрым категорияларынын: аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн жана жарандардын, социалдык багыттагы субъекттердин, мамлекеттик асыл тукум чарбалардын, үрөнчүлүк чарбалардын, тажрыйба-селекциялык жана эксперименттик чарбалардын керектөөлөрүн аныктоо;

- калктуу конуштарды келечекте өнүктүрүү үчүн Фонддун жерлерин шарттуу аныктоо.

12. Ушул Типтүү жобонун 11-пунктунда көрсөтүлгөн иш-чараларды өткөргөндөн кийин Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлери төмөнкү жер-пландоо зоналарына бөлүнөт:

- аукцион аркылуу берилүүчү экономикалык жактан кызыктырган жерлердин зонасы;

- конкурс аркылуу берилүүчү инвестицияларды талап кылуучу жерлердин зонасы;

- талап болбогон жерлердин зонасы.

13. Жер-пландоо зоналарынын чегинде мамлекеттик үрөнчүлүк, асыл тукум чарбаларына жана жергиликтүү кеңеш тарабынан аныкталуучу башка субъекттерге түз берүү жолу менен талап болбогон жерлерден ижарага берилүүчү жерлер да аныкталышы мүмкүн.

14. Жергиликтүү кеңеш ошол айыл өкмөттүн аймагындагы социалдык багыттагы субъекттерге жана жакыр үй-бүлөлөргө жана жарандарга Келечек пландын жер-пландоо аймактарына ылайык экономикалык жактан кызыктырган жерлердин аймагынан түз берүү аркылуу Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жер участокторун бергенге укуктуу.

Мында бериле турган жерлердин жалпы аянты Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин бардык жеринин 20 процентинен ашпашы керек.

15. Келечек пландын графикалык бөлүгү картографиялык материал түрүндө жер-пландоо зоналарын көрсөтүү менен түзүлөт.

16. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин пайдалануунун келечек планы айыл өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыймылсыз мүлккө болгон укукту каттоо боюнча мамлекеттик агенттиктин жана Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай

министрлигинин жергиликтүү органдарынын адистерин тартуу менен иштелип чыгат жана жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилет.

17. Жергиликтүү кеңеш кароого киргизилген Келечек план менен макул болбогон учурда жергиликтүү кеңеш аны толуктап иштеп чыгууга жиберүүгө же ага өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү менен бекитүүгө укуктуу.

Келечек план жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилгенден кийин Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жер участкаларын берүү ушул Типтүү жобонун 52, 59-пункттарында каралгандан башка учурларда, бул документ менен аныкталган укук режимине так ылайыкта жүргүзүлөт.

18. Жергиликтүү кеңеш жыл сайын айыл өкмөтүнүн башчысынын Келечек планды аткаруу, Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлери үчүн ижара акыдан каражаттардын түшүүсү жана пайдаланылышы тууралуу отчетун угат.

III. Ижарага берүү

19. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлери ижарага тоорук аркылуу жана түз берүү аркылуу берилет.

20. Тооруктар аукцион же конкурс түрүндө өткөрүлөт.

21. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүү максатында айыл өкмөтү 7 кишиден кем эмес Жер комиссиясын түзөт, анын курамына 3 кишиден кем эмес жергиликтүү кеңештин депутаттары кирет:

- Айыл өкмөтүнүн башчысы Комиссиянын курамына кызматы боюнча кирет;

Жер комиссиянын курамына ошондой эле айыл башчылары, коомчулуктун жана коомдук уюмдардын өкүлдөрү киргизилиши мүмкүн.

Жер комиссиясынын курамына кирген депутаттардын ичинен комиссиянын төрагасы шайланат.

Айыл өкмөтүнүн, поселкалык, шаар башкармалыгынын катчысы Жер комиссиясынын катчысы болуп дайындалат.

Райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын өкүлү Жер комиссиясынын отурумдарына байкоочу катары катышууга укуктуу.

22. Жер комиссиясынын курамы жана иш регламенти жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилет.

23. Жер комиссиясы:

- лотторду түзөт;
- ижара акысынын баштапкы же болбосо туруктуу өлчөмүн белгилейт;
- конкурстун шарттарын аныктайт;
- кепилдик төлөмдүн өлчөмүн белгилейт;
- лоттордун чек араларын аныктайт;
- ар бир лот боюнча баштапкы ижара акысынын өлчөмүн белгилейт;
- ар бир лот боюнча ижара мөөнөтүн аныктайт;
- ар бир лот боюнча аукциондун "арымынын" өлчөмүн белгилейт;
- ижара акысын төлөөнүн түрүн жана мөөнөттөрүн аныктайт;
- тооруктардын жыйынтыгынын протоколуна кол коет;
- ушул Типтүү жободо белгиленген башка функцияларды жүзөгө ашырат.

24. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин берүү боюнча

тооруктарга талапкер катары төмөнкүлөр катыша алышпайт:

- Жер комиссиясынын мүчөлөрү;
- аукциончу.

1. Тооруктарды өткөрүү тууралуу жалпы жоболор

25. Тооруктарга катышуу үчүн жеке жана юридикалык жактар ушул Типтүү жободо белгиленген формада арыз (N 1 тиркеме) беришет жана ушул Типтүү жобонун 28-пунктунда каралган документтерди берет.

Тооруктарга катышуу тууралуу арызды арыз ээсинин (талапкердин) өзү же ыйгарым укуктуу өкүлү аркылуу берет.

26. Жер комиссиясынын катчысы берилген арыздарды, ошондой эле ушул Типтүү жобонун 28-пунктунда каралган документтерди кабыл алат жана атайын журналга каттайт.

Арыздарды жана башка документтерди кабыл алуу тооруктарды өткөрүүгө беш иш күнү калганда токтотулат.

27. Катчы (акциондун, конкурстун) тоорукка катышууга арызды жана бардык зарыл документтерди кабыл алгандан кийин арыз ээсине күнүн жана каттоо номерин көрсөтүү менен документтерди алгандыгы жөнүндө билдирүү (N 2 тиркеме) берүүгө милдеттүү.

Тоорукка катышуудан баш тартууну кабыл алуу жана каттоо ушул пунктта белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

28. Тоорукка катышуу үчүн төмөнкү документтер берилет:

- аукционго, конкурска катышууга арыз;
- инсандын ким экендигин күбөлөндүрүүчү документтин көчүрмөсү же өкүлдүн ыйгарым укуктарын күбөлөндүрүүчү документ;
- кепилдик төлөмдү төлөгөндүгү жөнүндө квитанциянын көчүрмөсү;
- Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага алган учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык жер салыгын төлөө тууралуу кепилдик кат же милдеттенме.

Конкурска катышуу үчүн жеке жана юридикалык жактар жогоруда көрсөтүлгөн документтерден тышкары конкурстун шарттары боюнча өз сунуштарын кол коюп, чапталган конвертке салып беришет.

Юридикалык жактар уюштуруу документтеринин нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн, ошондой эле юридикалык жактын таламын жактаган жактардын ыйгарым укуктарын тастыктоочу документтерди кошумча беришет.

29. Катчы ушул Типтүү жобонун 28-пунктунда көрсөтүлгөн бардык документтерди кабыл алат жана аларды Жер комиссиясынын кароосуна киргизет.

30. Талапкерлердин арыздары жана документтери Жер комиссиясы тарабынан каралат. Арыздарды жана документтерди кароонун жыйынтыгы боюнча Жер комиссиясы арыз ээлерине (талапкерлерге) тоорукка катышууга жол берүү жөнүндө чечим кабыл алат, ал тууралуу протокол түзүлүп (N 3 тиркеме), анда бардык жол берилген арыз ээлеринин (талапкерлердин), ошондой эле ушул Типтүү жобонун 31-пунктуна ылайык тоорукка катышууга жол берилбеген арыз ээлеринин тизмеси көрсөтүлөт.

31. Төмөнкү учурларда арыз ээсинен (талапкерден) арыз кабыл алынбашы мүмкүн:

- арыз тоорук өткөрүү жөнүндө билдирүүдө көрсөтүлгөн арыздарды кабыл алуу мөөнөтү өтүп кеткенде берилгенде;

- арыз ээсинин (талапкердин) атынан кайрылууга ыйгарым укугу жок адам тарабынан арыз берилгенде;

- тоорук өткөрүү жөнүндө билдирүүдө жарыяланган тизме боюнча зарыл болгон документтердин бардыгы берилбесе же болбосо берилген документтер тиешелүү түрдө таризделбесе.

Кабыл алынбаган арыз жана документтер арыз ээсине (талапкерге) кабыл алуудан баш тартуунун себебин көрсөтүү менен кайтарылып берилет.

32. Конкурска катышуу үчүн кепилдик төлөм Жер комиссиясы тарабынан баштапкы ижара акысынын өлчөмүнүн 5 процентинен 10 процентине чейинки өлчөмдө белгиленет, ал эми аукционго катышуу үчүн кепилдик төлөмдүн өлчөмү баштапкы ижара акысынын өлчөмүнүн 15 процентинен 30 процентине чейинки өлчөмдө белгиленет.

33. Талапкер тоорукка бир канча лот боюнча катышкан учурда, кепилдик төлөмү ар бир лот боюнча төлөнөт.

34. Кепилдик төлөмдү төлөөдө кепилдик төлөмдү төлөгөндүгү жөнүндө квитанция берилет.

35. Кепилдик төлөм төмөнкү учурларда кайтарылып берилбейт:

- жеңүүчү тооруктун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол коюудан баш тартканда;

- жеңүүчү Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерин ижаралоо келишимин түзүүдөн баш тартканда.

36. Калган учурларда кепилдик төлөм:

- тоорукка катышуудан баш тартуу жөнүндө арыз берген убактан тартып;

- тоорук бүткөн убактан тартып;

- тоорук өткөн жок деп таанылгандан тартып 5 жумуш күнүнүн ичинде кайтарылууга тийиш.

37. Тооруктун жеңүүчүсү менен ижара келишимин түзгөндө кепилдик төлөмдүн суммасы ижара акысынын суммасына кошулат.

2. Аукцион

38. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин аукцион аркылуу ижарага берүү Келечек планга ылайык жер-пландоо зоналарынын чегинде аукцион аркылуу берилүүгө тийиш болгон экономикалык жактан артыкчылыктуу жерлер катары аныкталган жерлер боюнча жүргүзүлөт.

39. Аукционго коюлуп жаткан ар бир жер участкасы өз алдынча лот болуп түзүлүшү керек.

40. Аукционго коюлуп жаткан лоттун төмөнкүдөй маалыматты камтыган кеңири баяндамасы болууга тийиш:

- лоттун номери;

- жер участкасынын жайгашкан жери (контурдун аталышы);

- участканын аянты жана жердин түрлөрүнүн курамы гектар менен;
- ижара акысы;
- баштапкы ижара акысынын өлчөмү (мында баштапкы ижара акысынын өлчөмү жер салыгынын өлчөмүнөн 20 проценттен кем эмес жогору болушу керек);
- аукциондун "арымы";
- ижара акысын төлөөнүн түрү жана мөөнөттөрү;
- сервитуттардын болушу же жоктугу.

41. Айыл өкмөтү аукционду өткөрүүгө 30 күн калганда жалпыга жеткиликтүү жерлерде Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча аукцион өткөрүлөөрү тууралуу маалыматтык билдирүүнү таркатууга милдеттүү, анда:
- лоттордун тизмеси алардын контурларынын баяндамасы менен;
- аукционду өткөрүү шарттары, күнү, орду;
- ар бир лот боюнча баштапкы ижара акысынын өлчөмү;
- кепилдик төлөмдү төлөөнүн өлчөмү жана тартиби;
- ижара акысын төлөөнүн түрү жана мөөнөттөрү, индексациялоо жөнүндө шарттар;
- ар бир лот боюнча аукциондун "арымы";
- арыздарды жана документтерди кабыл алууну баштоо жана аяктоо күнү;
- аукционго катышуу үчүн берилүүчү документтердин тизмеси;
- аукциондун суроолору боюнча кошумча маалымат алууга мүмкүн болгон жердин дареги көрсөтүлөт.

Муну менен бирге айыл өкмөтү маалыматтык билдирүүнү айылдык жыйындарда, жыйналыштарда айтып, жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялай алат.

42. Аукциондун "арымы" Жер комиссиясы тарабынан баштапкы ижара акынын 10 процентинен 20 процентине чейинки өлчөмүндө белгиленет. Аукциондун "арымы" аукцион бүткөнгө чейин бирдей болот.

2.1. Аукционду өткөрүү

43. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүү үчүн айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан аукционду алып баруучу дайындалат.

44. Аукцион лоттун аталышын, негизги мүнөздөмөлөрүн, баштапкы ижара акысын жана аукциондун "арымын" аукционду алып баруучу жарыялагандан башталат.

45. Аукциондун катышуучуларына номери коюлган билеттер берилет, алар кезектеги бааны жарыялагандан кийин билеттерди көтөрүп турушат.

Ар бир кийинки баа учурдагы бааны "аукциондун арымын" жогорулатуу менен белгиленет. Кезектеги бааны жарыялагандан кийин аукционду алып баруучу анын көз карашы боюнча билетти биринчи көтөргөн аукциондун катышуучусунун билетинин номерин атайт. Андан кийин аукционду алып баруучу аукциондун "арымына" ылайык кийинки бааны жарыялайт.

46. Эгер кезектеги бааны үч жолу жарыялагандан кийин катышуучулардын бири дагы андан жогору бааны сунуш кылбаса, акыркы бааны сунуш кылган катышуучу жеңүүчү деп жарыяланат.

47. Аукциондун жеңүүчүсү аукцион өткөрүлгөн күнү аукциондун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол коюуга тийиш (N 4 тиркеме). Протоколго ошондой эле аукционду алып баруучу, Жер комиссиясынын мүчөлөрү кол коюшат.

Протоколдо төмөнкү маалыматтар келтирилет: ижара акысынын баштапкы жана акыркы өлчөмү, жер участкасын ижаралоо келишимине кол коюу боюнча тараптардын милдеттенмелери, лоттун номери, ижара мөөнөтү ж.б. Аукциондун жыйынтыгы жөнүндө протоколдун көчүрмөсү аукциондун жеңүүчүсүнө берилет.

48. Эгер аукциондун жеңүүчүсү аукциондун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол коюудан баш тартса, Жер комиссиясы экинчи жеңүүчүгө протоколго кол коюуну сунуш кылат. Эгер аукциондун экинчи жеңүүчүсү аукциондун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол койсо, ал аукциондун жеңүүчүсү деп таанылат.

49. Протоколдун негизинде аукциондун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол койгондон тартып 10 иш күндүн ичинде айыл өкмөтү менен ижарачынын аукциондун жеңүүчүсүнүн ортосунда жер участкасын ижаралоо келишими (N 6 тиркеме) түзүлөт.

50. Төмөнкү учурларда аукцион өткөн жок деп эсептелет:

а) бир катышуучу катышса;

б) ушул Типтүү жобонун 48-пунктунда каралган учурда экинчи жеңүүчү аукциондун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол коюудан баш тартса;

в) баштапкы ижара акысын үч жолу жарыялагандан кийин аукциондун бир да катышуучусу билет көтөрбөсө.

51. Ушул Типтүү жобонун 50-пунктуна ылайык белгилүү бир лот боюнча аукцион өткөн жок деп таанылган учурда ошол лот боюнча экинчи аукцион дайындалат.

Экинчи аукцион өткөрүүдө Жер комиссиясы баштапкы ижара акысынын өлчөмүн төмөндөтүүгө укуктуу, бирок 15 проценттен көп эмес.

Эгер экинчи тоорук ушул Типтүү жобонун 50-пунктунун "а" пунктчасына ылайык өткөн жок деп таанылганда, Жер комиссиясы жер участкасын экинчи тооруктун жалгыз катышуучусуна берүү тууралуу чечим кабыл алууга укуктуу.

52. Аукционго катышканга талапкерлер жок болуп экинчи аукцион өткөн жок деп таанылганда Жер комиссиясы жер участкасын конкурс аркылуу берүүгө укуктуу.

3. Конкурс

53. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин конкурс аркылуу ижарага берүү Келечек планга ылайык жер-пландоо зоналарынын чегинде конкурс аркылуу берилүүгө тийиш болгон жакшыртуу үчүн инвестицияларды талап кылуучу жерлер катары аныкталган жерлер, ошондой эле ушул Типтүү жобонун 52-пунктуна ылайык башка жерлер боюнча жүргүзүлөт.

54. Айыл өкмөтү конкурсту өткөрүүгө 30 күн калганда жалпыга жеткиликтүү жерлерде Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча конкурс өткөрүлөөрү тууралуу маалыматтык билдирүүнү таркатууга милдеттүү, анда:

- лоттун номери;
- жер участкасынын жайгашкан жери (контурдун аталышы);
- участканын аянты жана жердин түрлөрүнүн курамы гектар менен;

- конкурстун шарттары, анын ичинде ижара акысынын өлчөмү;
- ижара мөөнөтү;
- сервитуттун болушу же жоктугу;
- арыздарды жана документтерди кабыл алууну баштоо жана аяктоо күнү;
- конкурска катышуу үчүн берилүүчү документтердин тизмеси;
- конкурстун суроолору боюнча кошумча маалымат алууга мүмкүн болгон жердин дареги көрсөтүлөт.

Муну менен бирге айыл өкмөтү маалыматтык билдирүүнү айылдык жыйындарда, жыйналыштарда айтып, жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялай алат.

55. Конкурс Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүү методу болуп саналат, анда ижарачы конкурстун шарттары менен аныкталган тиешелүү милдеттерди өзүнө алат.

Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун ижарачысына коюлган талаптарга ылайык Жер комиссиясы конкурсту төмөнкүдөй жолдор менен өткөрө алат:

- конкурстун шарттарынын бири катары ижара акысынын өлчөмүн аныктоо (баштапкы ижара акысы аныкталат, ижара акынын өлчөмү жана ижара акыны төлөөнүн түрү, мөөнөттөрү боюнча эң жакшы шарттарды сунуш кылган катышуучу жеңүүчү деп таанылат);
- конкурстун шарттарынын бири катары ижара акысын аныктабоо (ижара акысы туруктуу, ижара акыны төлөөнүн түрү, мөөнөттөрү боюнча эң жакшы шарттарды сунуш кылган катышуучу жеңүүчү деп таанылат). Мында ижара акынын баштапкы өлчөмү тиешелүү жерлерге жер салыгынын өлчөмүнөн төмөн болушу мүмкүн эмес.

56. Төмөнкү учурларда конкурс өткөн жок деп эсептелет:
- бир катышуучу катышса;
- ушул Типтүү жобонун 48-пунктуна ылайык экинчи жеңүүчү ижара келишимине кол коюудан баш тартса.

57. Белгилүү бир лот боюнча конкурс өткөн жок деп таанылган учурда, ошол лот боюнча экинчи конкурс дайындалат.

Экинчи конкурсту өткөрүүдө Жер комиссиясы конкурстун шарттарын өзгөртүүгө укуктуу.

58. Эгер экинчи конкурс бир гана катышуучу катышкандыктан өткөн жок деп таанылса, анда жер участкасы ага экинчи конкурстун шарттарында берилет.

59. Экинчи конкурс катышуучулардын жоктугунан өткөн жок деп таанылса, жер участкасы түз берүү жолу менен берилиши мүмкүн.

3.1 Конкурс өткөрүү

60. Маалыматтык билдирүүдө белгиленген убакытта Жер комиссиясынын отурумунда конкурстун катышуучуларынын катышуусу менен берилген арыздардын тизмеси жарыяланат. Арыз (арыздар) берилбеген учурда Жер комиссиясы конкурсту өткөрүүнү жагдайды аныктаганга чейин токтотуп турат.

61. Берилген арыздардын тизмеси жарыялангандан кийин конкурстун катышуучуларынын катышуусу менен арыздарды ачуу жүргүзүлөт.

62. Конкурстун жеңүүчүсү Жер комиссиясынын мүчөлөрү тарабынан жөнөкөй көпчүлүк добуш берүү жолу менен аныкталат жана андан кийин конкурстун

жыйынтыгы ачык жарыяланат.

Жер комиссиясынын чечимине ылайык конкурс боюнча эң жакшы шарттарды сунуш кылган катышуучу конкурстун жеңүүчүсү болуп таанылат.

Добуштар тең болгон учурда Жер комиссиясынын төрагасынын добушу чечүүчү болуп эсептелет.

63. Жер комиссиясынын отуруму, эгер ага мүчөлөрүнүн жалпы санынын кеминде үчтөн экисинен кем эмеси катышса мыйзамдуу болот.

64. Эгер эки же андан көп катышуучулардын конкурстун шарттары боюнча сунуштары бирдей жана эң жакшы болуп калса, анда арызды мурда берген конкурстун катышуучусу жеңүүчү деп таанылат.

65. Конкурстун жыйынтыгы боюнча Жер комиссиясы протокол түзөт (N 5 тиркеме), анда төмөнкүдөй маалымат камтылат:

- Жер комиссиясынын отурумга катышкан мүчөлөрүнүн тизмеси;
- конкурстун катышуучулары жөнүндө маалыматтар жана алардын сунуштары;
- конкурстун жеңүүчүсү.

Протоколго Жер комиссиясынын отурумга катышкан бардык мүчөлөрү, конкурстун жеңүүчүсү кол коюшат. Протоколдун көчүрмөсү конкурстун жеңүүчүсүнө берилет.

66. Протоколдун негизинде конкурстун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол койгондон тартып 10 иш күндүн ичинде айыл өкмөтү менен ижарачынын конкурстун жеңүүчүсүнүн ортосунда жер участкасын ижаралоо келишими (N 6 тиркеме) түзүлөт.

Ушул Типтүү жобонун 66-пунктунда белгиленген мөөнөттө жеңүүчүнүн күнөөсү боюнча ижара келишими түзүлбөсө, ал Жер комиссия тарабынан жер участкасын ижаралоо келишиминен баш тартуу катары каралышы мүмкүн.

67. Жеңүүчү протоколго же келишимге кол коюудан баш тарткан учурда Жер комиссиясы ошол эле арыздардын арасынан экинчи жеңүүчүнү аныктайт.

68. Жеңүүчү же экинчи жеңүүчү протоколго же келишимге кол коюудан баш тарткан учурда ал ошол лот боюнча экинчи конкурска катышуу укугунан ажырайт.

4. Түз берүү

69. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага тоорук менен эмес, түз сүйлөшүүлөр жолу менен берүүнүн субъекттери төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

- ошол айыл өкмөттүн аймагындагы аз камсыз болгон үй-бүлөлөр жана жарандар;
- Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун бош калган жерлерин, ошондой эле ушул Типтүү жобонун 59-пунктунда каралган жерлерди ижарага алууну каалаган жактар;
- мамлекеттик асыл тукум чарбалар, үрөнчүлүк чарбалары, тажрыйба-селекциялык жана эксперименттик чарбалар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган өлчөмдө;
- социалдык багыттагы субъекттер.

70. Эгер жергиликтүү кеңештер тарабынан башкасы каралбаса, Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин социалдык багыттагы субъекттерге

берүү түз сүйлөшүүлөр жолу менен жүргүзүлөт.

4.1. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин социалдык багыттагы субъекттерге ижарага берүү

71. Жер участогун ижарага алууга талапкер болгон социалдык багыттагы субъектилер айыл өкмөтүнө уюштуруу иш кагаздарынын көчүрмөлөрү (уставдын, жобонун ж.б. күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү) тиркелген арыз беришет.

72. Жер комиссиясы арыздарды жана ушул Типтүү жобонун 71-пунктунда каралган тиешелүү документтерди карайт, андан кийин Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлери ижарага бериле турган социалдык багыттагы субъекттердин тизмесин түзөт.

73. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин социалдык багыттагы субъекттерге берүүдө ижара акысы жер салыгынын өлчөмүндө белгиленет, ал эми ижара мөөнөтү 5 жылдан ашпоого тийиш.

4.2. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун бош калган жерлерин, ошондой эле ушул Типтүү жобонун 59-пунктунда каралган жерлерди ижарага берүү

74. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун бош калган жерлерин ижарага берүү Келечек планга ылайык тиешелүү жер-пландоо зоналарынан, ошондой эле ушул Типтүү жобонун 59-пунктунда каралган жерлерден жүргүзүлөт.

75. Бул жер участкаларына талапкер жактар айыл өкмөтүнө арыз беришет.

76. Жер комиссиясы арыздарды карайт жана бул жерлерди ижарага берүүнүн шарттары боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт, мында жергиликтүү кеңеш тарабынан ижара акыны төлөө боюнча жеңилдиктер белгилениши мүмкүн.

4.3 Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин мамлекеттик асыл тукум чарбаларга, үрөнчүлүк чарбаларына, тажрыйба-селекциялык жана эксперименттик чарбаларга ижарага берүү.

77. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин мамлекеттик асыл-тукум чарбаларга, үрөнчүлүк чарбаларына ижарага берүү Келечек планга ылайык тиешелүү жер пландоо зоналарынан жүргүзүлөт.

78. Бир айылдык, поселоктук кеңеш боюнча мамлекеттик асыл тукум чарбаларына, үрөнчүлүк чарбаларына берилүүчү Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жер участкалары Келечек планда каралууга тийиш.

5. Келишим жана келишимди мамлекеттик каттоодон өткөрүү

5.1. Келишим

79. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жер участкасын ижарага алуу укугун берүүнүн түрүнө (тоорук, түз берүү) карабастан айыл өкмөтү ижарачы

менен жазуу түрүндө бирдей күчкө ээ үч нускада жер участкасын ижаралоо келишимин түзөт.

80. Фонддун жерлерин ижаралоо келишими Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлүүгө тийиш.

81. Ижара келишиминде негизги шарттар, анын ичинде ижара төлөмдөрүн төлөөнүн мөөнөттөрү, ошондой эле ижара акысын индексациялоонун шарттары жана өзгөрүп кеткен учурда кайра кароо шарты менен жылдык жер салыгынын өлчөмү камтылууга тийиш.

82. Ижара келишими боюнча милдеттенмелерди аткарууну камсыз кылуу үчүн ижарага берүүчү ижарачы менен күрөө келишимин түзүүгө укуктуу.

83. Ижара акысы мезгили менен же бир жолу төлөнүүчү белгилүү суммадагы төлөм же/жана (натуралай) айыл чарба продукциясы/жемиши түрүндө төлөнүшү мүмкүн.

84. Төмөндөгүдөй укук бузуулар тууралуу жазуу түрүндөгү эскертүү чыккандан кийин 30 күндүк мөөнөттө ижарачы аларды жойбосо, жер участкасын ижаралоо келишими сот тартибинде бузулушу мүмкүн:

- жер участкасын ижара келишиминин шарттарын орчундуу бузуу менен пайдалануу;
- жер участкасын максаттуу багытына ылайык пайдаланбоо;
- кыртыштын асылдуулугун орчундуу начарлатуу;
- келишимде белгиленген төлөө мөөнөтүндө ижара акысын төлөбөө;
- ижара келишиминде белгиленген милдеттенмелерге ылайык жер участкасына инвестициялоо боюнча милдеттенмелерди аткарбоо.

85. Ижарага алынган жер участкасы башка жактарга ижарага берилиши мүмкүн эмес.

86. Ижарага алынган жер участкасына болгон укук ипотека келишиминин заты боло албайт.

IV. Акча каражаттарын бөлүштүрүү

87. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин тоорук жана түз берүү аркылуу ижарага берүүдөн түшкөн каражаттар, ошондой эле кайтарылбаган кепилдик төлөмдөрдүн суммалары тиешелүү жергиликтүү бюджетке түшөт.

Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин пайдалангандыгы үчүн ижара акылардан чогултулган суммадан аларды жакшыртуу боюнча иш-чараларды аткаруу үчүн багытталуучу каражаттын өлчөмү айылдык кеңештер тарабынан аныкталат.

V. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин натыйжалуу пайдалануну контролдоочу мамлекеттик орган

88. Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин натыйжалуу пайдалануунга контролдоочу мамлекеттик орган болуп Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлиги эсептелет. Ал, ушул жерлерди башкарууга, атап айтканда Келечек планды түзүүгө, тоорук өткөрүүгө,

аталган жерлерди башкаруу боюнча башка иш-чараларга усулдук жардам көрсөтөт.

89. Жергиликтүү кеңештердин аткаруу органдары квартал сайын милдеттүү түрдө Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигинин райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгына Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин пайдалануу боюнча отчет беришет. Отчеттун түрү Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлиги тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

90. Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигинин райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгына Кыргыз Республикасынын Кыймылсыз мүлккө укукту каттоо боюнча Мамлекеттик агенттигинин жергиликтүү органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бирге комиссиялык түрдө:

- Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун бош калган жерлеринин өлчөмдөрүн ар бир контур боюнча өзүнчө айыл өкмөттөрү, поселкалык башкаруулар, район боюнча такташат жана жер участкаларынын өлчөмдөрүн жана жер участкасы канча убакыт пайдаланылбагандыгын көрсөтүү, тастыктоочу документтерди (актыларды) түзүү менен алардын бош калган себебин аныкташат;

- алынган маалыматтардын негизинде Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин айыл чарба айлануусуна тартуу, сугат тармактарын, скважиналарды, насостук станцияларды калыбына келтирүү жана жогорку натыйжалуулукта пайдалануу, жерлерди пайдалануга тоскоол болуп жаткан себептерди жоюу боюнча комплекстүү иш-чаралардын планын иштеп чыгат, мында жергиликтүү ресурстарды пайдалануну жана өзүнчө республикалык бюджетти эске алуу менен конкреттүү иш-чараны жүргүзүү үчүн зарыл болгон каражаттардын өлчөмүн аныкташат.

91. Жеке жана юридикалык жактардын тооруктарды өткөрүү, түз сүйлөшүүлөр аркылуу берүү боюнча даттануулары Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигинин райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгы тарабынан каралат, алар айылдык, поселоктук кеңештен даттанууну кароо жана өз компетенциясынын чегинде же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген соттук тартипте чечим кабыл алуу үчүн зарыл болгон бардык документтердин көчүрмөлөрүн талап кылууга укуктуу.

Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин
ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби тууралуу Типтүү жобого
N 1 тиркеме

А/ө башчысы

_____

_____

(ижарачынын фамилиясы, аты-жөнү)

_____

(паспорт боюнча маалыматтар: серия, номери,

_____

качан, ким тарабынан берилген)

_____

(юридикалык жактын аталышы, юридикалык дареги)

АРЫЗ

Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун N _____ лот боюнча жер участкасына ижара укугун сатуу боюнча тоорукка (аукцион/конкурс) катышууга уруксат берүүнүздү суранам.

Тиркелүүчү документтердин тизмеси:

1) _____

2) _____

3) _____

4) _____

Арыз ээсинин колу _____

_____

(фамилиясы, аты-жөнү)

_____ жылдын "_____" _____

Арыз берген күнү жана каттоо номери _____ жылдын "____"_____

_____

(арызды кабыл алган адамдын кызмат орду)

_____

_

(арызды кабыл алган адамдын кызматы, фамилиясы, аты-жөнү, колу,)

Эскертүү. Жер участогун жалпы биргелешкен пайдалануга алган учурда арызга жер участогунун өлчөмдөрү аныкталуу менен ижарачылардын тизмеси тиркелет.

Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби тууралуу Типтүү жобого

N 2 тиркеме

БИЛДИРҮҮ

(документтерди каттоо жана кабыл алуу жөнүндө)

_____ жылдын "_____" _____ _____

(жылы) (күнү) (айы) айыл өкмөтү

Каттоо номери _____

1. _____

(талапкердин, жеке жактын фамилиясы, аты-жөнү, паспорт N

_____

юридикалык жактын аталышы)

Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун лот _____,

аянты _____ га болгон жер участкасын ижарага алуу үчүн тоорукка (аукцион, конкурс) катышууга арыз кабыл алынды. Жер участкасынын орун алган жери _____

(орун алган жеринин жазылышы)

2. Тоорук (аукцион, конкурс) 200 _____ ж. "_____"_____ N _____ кабинетте _____ имаратында

(жайгашкан жери толук жазылат)

дареги боюнча өткөрүлөт.

3. Арыз менен бирге ошондой эле төмөнкү документтер кабыл алынды:

_____

_ _____

Талапкердин арызын кабыл алууга жана каттоого жооптуу адамдын фамилиясы, аты-жөнү, ээлеген кызматы жана колу

_____

колу

Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби тууралуу Типтүү жобого

N 3 тиркеме

ПРОТОКОЛ N _____

_____ жылдын "_____" _____

(күнү) (айы)

арыз ээлерин (талапкерлерди) Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча __ _____

тоорукка катышууга жол берүү жөнүндө

Комиссиянын курамы:

Төрага _____

Катчы _____

Комиссиянын мүчөлөрү _____ _____

Арыздардын саны _____, анын ичинде

аукционго _____,

конкурска _____.

Тоорукка катышууга жол берилген арыз ээлери (талапкерлер) (Ф.А.Ж):

1. _____

2. _____

3. _____

Тоорукка катышууга жол берилбеген арыз ээлери (талапкерлер) (Ф.А.Ж.):

1. _____ _____ (жол бербөөнүн себебин көрсөтүү менен)

2. _____ _____ (жол бербөөнүн себебин көрсөтүү менен)

3. _____ _____ (жол бербөөнүн себебин көрсөтүү менен)

Жер комиссиясынын төрагасы _____

Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби тууралуу Типтүү жобого N 4 тиркеме

ПРОТОКОЛ N _____

_____ жылдын "_____" _____
жылы (күнү) (айы)

Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча аукцион өткөрүүнүн жыйынтыктары жөнүндө

Аукционду уюштуруучу: _____

Аукционду алып баруучу: _____

Жеңүүчү: _____

Экинчи жеңүүчү: _____

Бул лот боюнча аукционго катышкандардын саны: _____

Лоттун номери _____, аянты _____га, анын ичинде айдоо _____га, анын ичинде сугат айдоо _____га, көп жылдык өсүмдүктөр _____ га, чабындылар _____ га.

Ижара мөөнөтү _____
(сан жана жазуу түрүндө)

Баштапкы ижара акысы _____
(сан жана жазуу түрүндө)

Ижара акысынын акыркы өлчөмү _____
(сан жана жазуу түрүндө)

Тоорукту уюштуруучу _____
(Ф.А.Ж.) (колу)

Аукционду алып баруучу _____
(Ф.А.Ж.) (колу)

Аукциондун жеңүүчүсү _____
(Ф.А.Ж.) (колу)

Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби тууралуу Типтүү жобого

N 5 тиркеме

ПРОТОКОЛ N _____

_____ жылдын "_____" _____
жылы (күнү) (айы)

Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун
жерлерин ижарага берүү боюнча конкурс өткөрүүнүн
жыйынтыктары жөнүндө

Комиссиянын курамы: _____
Төрага _____
Катчы _____
Комиссиянын мүчөлөрү _____
Жеңүүчү: _____
Экинчи жеңүүчү: _____

Лоттун номери _____, аянты _____га, анын ичинде айдоо _____га, анын ичинде сугат айдоо _____га, көп жылдык өсүмдүктөр _____га, чабындылар _____га.

Бул лот боюнча берилген сунуштардын саны: _____

Катышуучу	Сунуш
Конкурстун жеңүүчүсү	
Экинчи жеңүүчү	
Ж.у.с.	

Ижара мөөнөтү _____
(сан жана жазуу түрүндө)

Ижара акысы _____
(сан жана жазуу түрүндө)

Ижара акыны төлөөнүн түрү жана мөөнөтү _____
(сан жана жазуу түрүндө)

Конкурстук комиссиянын төрагасы _____
(Ф.А.Ж.) (колу)

Конкурстук комиссиянын катчысы _____
(Ф.А.Ж.) (колу)

Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби тууралуу Типтүү жобого
N 6 тиркеме

Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү
фондунун жерлерин ижаралоонун
ТИПТҮҮ КЕЛИШИМИ

_____жылдын "_____"_____ _____ айылы (шаары)
(датасы)

Биз, _____
(башчынын аты-жөнү
_____
_
айылдык, поселоктук кеңештин аталышы)

мындан ары бир тараптан - "Ижарага берүүчү" деп аталуучу жана экинчи тараптан _____
_____
(жер участогун ижарага алуучунун аты-жөнү,
юридикалык жактын аталышы)

мындан ары "Ижарачы" деп аталгандар төмөндөгүлөр жөнүндө Келишим түздүк:

1. Келишим заты

1.1. Ижарага берүүчү Ижарачыга тиркелген жер экспликациясына ылайык ушул келишимге тиркелген пландын (картанын) 1: _____ масштабындагы чектерде көрсөтүлгөн _____ га жерди, анын ичинде тиркелген жердин баяндамасына ылайык жердин түрлөрү боюнча ижарага _____ жылдык мөөнөт менен жылга чейин берет.

2. Ижара акысы

2.1. Ушул келишимдин 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер участкасын пайдалангандыгы үчүн Ижарачы жыл сайын (же башка макулдашылган мөөнөттөрдө) Ижарага берүүчүгө сом өлчөмүндө ижара акысын графикке ылайык төлөп турууга милдеттенет.

2.2. Ижара акыны төлөө боюнча милдеттенме бузулганда Ижарачы төлөмдүн кечиктирилген ар бир күнү үчүн өз убагында төлөнгөн сумманын 0,5 процент өлчөмүндө айып төлөйт.

2.3. Ижара акысынын өлчөмү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурда, бирок жылына бирден көп эмес жолу өзгөртүлөт.

3. Ижарачынын укуктары жана милдеттери

3.1. Ижарачы төмөндөгүлөргө укуктуу:

- ижарага алган жер участкасында өз алдынча чарба жүргүзүүгө;
- ижарага алынган жер участкасынын асылдуулугун жана абалын жакшыртуу боюнча мелиоративдик жана башка иштерди өз каражатынын эсебинен жүргүзүүгө;
- мамлекеттик жана коомдук керектөөлөр үчүн ижарага алынган жерлерди алып койгон учурда кыртыштардын асылдуулугун жогорулатууга жумшаган жана кеткен чыгымдарга, алалбай калган пайданы да кошуп компенсация алууга;
- ижарага алынган жер участкасында жайгашкан жалпыга таралган пайдалуу кендерди чарбанын керектөөлөрү үчүн белгиленген тартипте пайдалануга;
- ижарага алынган жер участкасында белгиленген тартипте сугат, кургатуу, маданий-техникалык жана башка мелиоративдик иштерди жүргүзүүгө;
- Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жер участкасын ижаралоо укугун салым катары киргизүүгө.

3.2. Ижарачы төмөнкүлөргө милдеттүү:

- ижарага алган жер участкасын белгиленген максатка ылайык натыйжалуу пайдалануга;
- ижараланган жер участкасында жана ага жакын жайланышкан аянттарда өзүнүн чарбачылыгынын натыйжасында экологиялык абалдын начарлашына жол бербөөгө;
- ижарага алынган жерлерди натыйжалуу пайдалануу жана өндүрүштүн жаратылышты коргоо технологияларын сактоо, кыртышты эрозиядан, шор басуудан, суу алдында калышынан, сазга айланып кетүүсүнөн, булгануусунан жана башкалардан коргоо боюнча иш-чаралардын комплексин жүзөгө ашырууга;
- башка жер пайдалануучулардын, жаратылышты пайдалануучулардын укуктарын, ошондой эле суу, токой жана башка жаратылыш объекттерин пайдалануу тартиптерин бузбоого;
- өзүнүн чарбачылык ишинин натыйжасында жердин сапатынын жана экологиялык абалдын начарлап кетишине байланыштуу чыгымдарды, алалбай калган пайданы толук көлөмүндө Ижарага берүүчүгө жана жерди аралаш пайдалануучуларга төлөп берүүгө;
- Ижарага берүүчү жерди пайдалануу жана коргоо боюнча мамлекеттик контролдоо органдарына участкага эркин киришин камсыз кылууга;
- жер участкасын пайдалангандыгы үчүн ижара акысын жана башка төлөмдөрдү өз убагында төлөөгө;
- келишим аяктагандан кийин жер участкасын келишим күчүнө кирген мезгилде кандай болсо, ошондой абалда Ижарага берүүчүгө өткөрүп берүүгө.

4. Ижарага берүүчүнүн укуктары жана милдеттери

4.1. Ижарага берүүчү төмөнкүлөргө милдеттүү:

- жерди пайдалануу жана коргоо боюнча Ижарачынын иштерине контроль жүргүзүүгө;
- жер участкасында курулган мелиоративдик, рекультивациялык, жакшыртылган

жерлерди, коргоочу токой өсүмдүктөрүн отургузуу, эрозияга каршы жана башка объекттердин ишке киришин кабыл алууга катышууга;

- Ижарачынын чарбалык ишинин натыйжасында жерлердин сапатынын жана экологиялык абалдын начарлашынан келип чыккан чыгымдардын ордун толтуртууга;

- колдонуудагы мыйзамдар өзгөргөн учурда Ижарачынын макулдугу боюнча келишимге зарыл болгон өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө;

- ушул келишимдин шарттарын жана жер, жаратылыш коргоо мыйзамдарын бузууга алып келген Ижарачынын иштерин токтотууга.

4.2. Ижарага берүүчү төмөнкүлөргө милдеттүү:

- келишим катталган мезгилден тартып _____ мөөнөттүн ичинде келишимдин шарттарына жана милдеттерине ылайык келгендей абалда жер участкасын Ижарачыга өткөрүп берүүгө;

- Ижарачынын өз алдынча чарба жүргүзүүсүнө керектүү шарттарды түзүп берүүгө жана жер участогун натыйжалуу пайдаланышына жолтоо болбоого;

- Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин абалына контроль жүргүзүүгө;

- эгерде келишимдин шарттарына карама-каршы келбесе, Ижарачынын чарбалык ишине кийлигишпөөгө;

- эгерде Ижарачы каза болуп калса, ижара мөөнөтү бүткөнгө чейин анын бир мураскору менен берген арызы боюнча ижара келишимин кайра түзүүгө;

- Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин абалын жакшыртууга жана жерлерди өздөштүрүүгө кеткен Ижарачынын чыгымдарын толук же жарым-жартылай ижара мөөнөтү бүткөндөн кийин төлөп берүүгө.

5. Келишимге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн, ошондой эле аны бузуунун тартиби

5.1. Төмөндөгүдөй укук бузуулар тууралуу жазуу түрүндөгү эскертүү чыккандан кийин 30 күндүк мөөнөттө ижарачы аларды жойбосо, жер участкасын ижаралоо келишими сот тартибинде бузулушу мүмкүн:

а) жер участкасын ижара келишиминин шарттарын орчундуу бузуу менен пайдалануу;

б) жер участкасын максатына ылайык пайдаланбоо;

в) жер участкасын кыртыштын асылдуулук катмарынын бузулушуна, экологиялык кырдаалдын начарлашына алып келген жолдор менен пайдалануу;

г) келишимде белгиленген төлөө мөөнөтүндө ижара акысын төлөбөө;

д) кыртыштын асылдуулугун орчундуу начарлатуу;

е) ижарага берүүчүнүн келишимдин шарттарын аткарбоосу;

ж) конкурстун шарттарына ылайык жер участкасын жакшыртуу боюнча милдеттенмелерди аткарбоо;

з) тараптардын ижара акынын өлчөмүн индексациялоо боюнча макулдашууга жетишпөөсү.

Эки тараптын айыл чарба талаачылык жумуштары башталганга чейин же бүткөндөн кийинки жазуу жүзүндөгү макулдугу боюнча же соттук тартипте ушул келишим өзгөртүлүшү же мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн.

Фонддун жерлерин ижаралоо келишимин бузуу айыл чарба талаачылык жумуштары башталганга чейин, түшүмдү жыйнагандан кийин жүргүзүлөт.

6. Тараптардын жоопкерчилиги

Тараптардын ар бири Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык ушул келишимдин шарттарын бузгандыгы үчүн жоопкерчилик тартат.

7. Талаш-тартыштарды чечүүнүн тартиби

7.1. Ушул келишим боюнча мүмкүн болуучу бардык талаш-тартыштарды тараптар сүйлөшүүлөр жолу менен чечүүгө аракет кылышат.

7.2. Эгерде макулдашууларга жетишилбесе, талаш-тартыштар сот тартибинде чечилет.

7.3. Башка шарттар _____

7.4. Келишим юридикалык бирдей күчкө ээ болгон үч нускада түзүлдү. Бир нускасы Ижарага берүүчүдө, экинчиси - Ижарачыда калат, үчүнчүсү Мамкаттоонун жергиликтүү органына берилет.

7.5. Тараптардын юридикалык даректери жана банк реквизиттери:

Ижарага берүүчү Ижарачы

_____ _____

_____ _____

_____ _____

Колдору:

Ижарага берүүчү Ижарачы

_____ _____

(колу) (колу)

М.О.

Келишим _____ районунда 200__-жылдын "___" _____ катталды.

Каттоо номери _____

М.О.

Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби тууралуу Типтүү жобого

N 7 тиркеме

Ижарага берилген жерлердин

ЭКСПЛИКАЦИЯСЫ

_____
_
(аталышы же ижарачынын фамилиясы, аты-жөнү)

Жалпы аянты, га	Анын ичинде			
	Бардык айдоо аянт	анын ичинде	көп жылдык	чабындылар
		сугат	кайрак	өсүмдүктөр

_____
_____

М.О.

Бишкек шаары, Өкмөт Үйү
2005-жылдын 6-майы N 177

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ
Жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участокторун
берүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу

Жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участокторун берүүнүн бирдей тартибин белгилөө максатында, Кыргыз Республикасынын Гражданд ык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин талаптарына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участокторун берүүнүн тартиби жөнүндө тиркелген жобо (мындан ары - Жобо) бекитилсин.

2. Жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участокторун берүү компетенциясына кирген тийиштүү атайын укуктуу органдар жогоруда көрсөтүлгөн иштерди аткарууда Жобонун талаптарын катуу сакташсын.

3. Бул токтом жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялансын.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2005-жылдын 6-майындагы N 177 токтому менен бекитилген

Жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участокторун
берүүнүн тартиби жөнүндө
ЖОБО

(КР Өкмөтүнүн 2005-жылдын 30-июнундагы N 276
токтомунун редакциясына ылайык)

1. Жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участокторун берүүнүн тартиби жөнүндө жобо (мындан ары - Жобо) Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин жана жер боюнча укуктук мамилелерди жөнгө салуучу башка нормативдик укуктук актылардын талаптарына ылайык иштелип чыкты жана бош жерлер болгон шартта жер участокторун жеке менчик турак үй куруу үчүн акысыз берүүнүн тартибин жөнгө салат.

2. Жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участогу калктуу конуштардын башкы пландарына ылайык, ал эми ал жок болсо - облустун, шаардын, райондун башкы архитектору менен макулдашылган башкы пландардын схемасына ылайык берилет.

3. Жер участокторун берүү боюнча иштерди жүргүзүү жана уюштуруу тийиштүү атайын укуктуу орган түзүүчү комиссия тарабынан ишке ашырылат, анын компетенциясына жогоруда көрсөтүлгөн максаттар үчүн жер участогун берүү кирет.

4. Берилчү объект болуп тийиштүү аймакта жайгашкан жана менчикке берилиши мүмкүн болгон жер участоктору эсептелет.

5. Жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участокторун берүүнүн өлчөмүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тийиштүү өкүлдүк органдары аныкташат.

6. Жеке менчик турак үй куруу үчүн берилчү жер участоктору үчүнчү жактардын укуктарынан бош болушу жана жарандык-укуктук бүтүмдөрдү жүргүзүү үчүн чектөөсүз болууга тийиш.

7. Жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участогун алуу укугу Кыргыз Республикасынын төмөнкүдөй жарандарына таандык:

- ошол администрациялык-аймактык бирдиктин аймагында Бишкек жана Ош шаарлары үчүн 3 жылдан, калган аймактар үчүн 1 жылдан кем эмес жашагандар;
- Кыргыз Республикасынын (бүткүл) аймагы боюнча мурда жеке менчик турак үй курууга берилген жер участогу жоктор;
- турак жай аянты белгиленген санитардык нормаларга жана талаптарга жооп бербеген жарандарды эсепке албаганда, менчик турак жайы (үйү, квартирасы) жоктор;
- кийинки 5 жылдын ичинде сатуу-сатып алуу, алмашуу, тартуулоо ж.у.с. бүтүмдөрүн түзүп, менчигинде турган турак жайды үчүнчү жактарга берүү менен өзүнүн турак жай шарттарын начарлатуучу жарандык-укуктук иштерди жасабагандар.

8. Жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участогун алуу үчүн талапкер адам тийиштүү атайын укуктуу органга төмөнкүдөй документтерди тапшырат:

- аныкталган формадагы арыз;
- ким экенин билдирүүчү документтин көчүрмөсү;
- кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча атайын укуктуу мамлекеттик

органдын анын менчик укугундагы турак жайы же жеке менчик турак жай куруу үчүн мурда берилген жер участогу жоктугу тууралуу маалымкаты;

- эмгек китепчесинин көчүрмөсү (эгер болсо);

- эмгек ишмердүүлүгүн жүргүзүп жаткан учурда иштеген жеринен өтүнүч (жарандын каалоосу боюнча берилет);

- атайын укуктуу мамлекеттик органдын жумушсуздук статусу бар экенин ырастаган маалымкаты;

- турак жай шарттарын текшерүү актысы (жеке же биргелешкен менчик турак жайы бар болгон учурда);

- жашаган жеринен үй-бүлөсүнүн курамы жөнүндө маалымкат.

(КР Өкмөтүнүн 2005-жылдын 30-июну N 276 токтомунун редакциясына ылайык)

9. Жеке менчик турак үй курууга жер участогун алуу үчүн тийиштүү атайын укуктуу органдарга документ тапшырган Кыргыз Республикасынын жарандары, ошондой эле документтерди берүүчү органдар алардын тууралыгы үчүн жоопкерчилик тартышат.

10. Жер-жерлердеги тийиштүү атайын укуктуу органдар тапшырылган документтерди кароо үчүн төмөнкүдөй курамдагы комиссия түзүшөт:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү жана өкүлчүлүк органдарынын өкүлдөрү (комиссиялардын теңтөрагалары);

- архитектура боюнча мамлекеттик органдын өкүлү;

- кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча жергиликтүү мамлекеттик органдын өкүлү.

Атайын укуктуу органдын чечими менен комиссиянын курамына коомчулуктун өкүлдөрү кириши мүмкүн.

11. Кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча жергиликтүү мамлекеттик органдын өкүлүнүн милдетине төмөнкүлөр кирет:

- жер участогунун документте белгиленген чегараларга жана аянттарга туура келишин натурасында текшерүү;

- жеке менчик турак үй куруу үчүн берилчү жер участокторунун чегараларын чектеш жер участокторунун менчик ээлери же пайдалануучулары менен макулдашуу;

- сервитуттар же башка чектөөлөр бар же жок экенин текшерүү.

12. Архитектура боюнча мамлекеттик органдын өкүлүнүн милдетине төмөнкүлөр кирет:

- комиссиянын заседаниелерин өткөрүү үчүн керектүү материалдарды жана документтерди даярдоо;

- бекитилген курулуш куруу документтерин, курулуштук нормаларды жана эрежелерди эске алуу менен участоктун чегараларын аныктоо;

- санитардык, өрткө каршы жана башка кызматтарга бөлүп берүү белгиленип жаткан жер участогун пайдалануунун шарттары жана инженердик-техникалык камсыздоо тармактарына кошуунун шарттары жөнүндө суроо жиберүү;

- алынган маалыматтардын негизинде жер участогун пайдалануунун мүмкүндүктөрү жөнүндө жалпыланган техникалык корутунду түзүү.

13. Жеке менчик турак үй куруу үчүн бөлүп берүү белгиленген ар бир жер участогу боюнча маалыматтык пакет түзүлөт, ага төмөнкүлөр кирет:

- жер участогу жайгашкан орун (дареги), кадастрлык номери (эгер болсо);

- жер участогунун планы анын чегараларын, сервитуттар колдонулуучу

чегараларын чийүү менен;

- инженердик коммуникациялардын ар кыл түрлөрүнө кошуунун шарттары жана болжолдуу наркы жөнүндө жалпыланган корутунду.

14. Комиссия Кыргыз Республикасынын жарандарынан жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участогун берүү жөнүндө түшкөн өтүнүчтөрдү жана аларга кошулган документтерди аныкталган тартипте изилдейт жана жер участогун берүү же жер участогун берүүдөн баш тартуу тууралуу чечим чыгарат.

15. Комиссия убактылуу негизде, бирок айына 1 жолудан кем эмес иштейт. Комиссиянын утурумдук иштерин жеке менчик үй куруу үчүн жер участогун берүү компетенциясына кирген атайын укуктуу органдын туруктуу негизде иштөөчү тийиштүү кызматтары аткарышат.

16. Кыргыз Республикасынын жарандарына жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участоктору тапшырган арыздарына ылайык кезегине жараша ирет менен берилет.

17. Комиссиянын чечими тийиштүү протокол менен таризделет, ал атайын укуктуу органдын жер участогун бөлүп берүү жөнүндө чечимин даярдоого жана жер участогуна жеке менчик укук жөнүндө мамлекеттик актыны тариздөөгө негиз болот.

18. Жеке менчик турак үй куруу үчүн берилген жер участогун чегарасы натурасында (жеринде) аныкталганга жана жер участогуна укукту күбөлөндүрүүчү документ жана турак үйдүн макулдашылган долбоору берилгенге чейин өздөштүрүүнү баштоого тыюу салынат.

19. Жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участогун аныкталган тартипте акысыз алган Кыргыз Республикасынын жараны беш жыл бою аны башкага берүү боюнча жарандык-укуктук бүтүм түзүүгө укуксуз.

Бишкек шаары, Өкмөт Үйү
2008-жылдын 10-октябры N 573

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ
Кыргыз Республикасынын республикалык, облустук маанидеги шаардык кеңештеринин жана райондук кеңештеринин аппараттарынын типтүү түзүмдөрүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-аракетин өркүндөтүү максатында "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Төмөнкү тиркелгендер бекитилсин:

- республикалык маанидеги шаарлардын шаардык кеңештеринин аппараттарынын типтүү түзүмү жана штаттык саны;

- облустук маанидеги шаарлардын шаардык кеңештеринин аппараттарынын типтүү түзүмү жана штаттык саны;

- райондук кеңештердин аппараттарынын типтүү түзүмү жана штаттык саны.

2. Республикалык, облустук маанидеги шаардык кеңештердин жана райондук кеңештердин төрагаларына эмгек акы тиешелүү жергиликтүү бюджеттердин

каражаттарынын эсебинен төлөнө тургандыгы белгиленсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча улуттук агенттигине (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын финансы жана кредит саясаты бөлүмүнө, уюштуруу-инспектордук иштер жана региондук мониторинг бөлүмүнө жүктөлсүн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 10-октябрындагы
N 573 токтому менен бекитилген

Республикалык маанидеги шаарлардын
шаардык кеңештеринин аппараттарынын
ТИПТҮҮ ТҮЗҮМҮ ЖАНА ШТАТТЫК САНЫ

N п\п	Кызматтардын аталышы	Ош шаары	Бишкек шаары
1	Аппарат жетекчиси	1	1
2	Бөлүм башчысы	2	4
3	Башкы адис	3	10
4	Жетектөөчү адис	4	5
5	Башкы бухгалтер	1	1
6	Жетекчинин катчысы	1	1
	Бардыгы	12	22

Эскертүү. Кызматтык автомобиль болсо шаардык кеңештин чечимдерин айдоочунун бир штаттык бирдиги киргизилиши мүмкүн, ал эми кассирдин милдетин аткаруу жетекчинин катчысына жүктөлөт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2008-жылдын 10-октябрындагы N 573 токтому менен бекитилген

Облустук маанидеги шаарлардын
шаардык кеңештеринин аппараттарынын
ТИПТҮҮ ТҮЗҮМҮ ЖАНА ШТАТТЫК САНЫ

N п\п	Кызматтардын аталышы	Калктын саны 30 миң адамга чейинки шаарлар үчүн штаттык бирдиктердин саны	Калктын саны 30 миңден 60 миң адамга чейинки шаарлар үчүн штаттык бирдиктердин саны	Калктын саны 60 миңден ашуун адамга чейинки шаарлар үчүн штаттык бирдиктердин саны
1	Жооптуу катчы	1	1	1
2	Башкы адис	1	1	1
3	Жетектөөчү адис	1	1	2
4	Адис		1	1
	Бардыгы	3	4	5

Эскертүү Шаардык кеңештин чечими менен иш кагаздарын жүргүзүүчү катчынын бир штаттык бирдиги, кызматтык автомобиль болсо - айдоочунун бир штаттык бирдиги киргизилиши мүмкүн.

Шаардык кеңештин бухгалтердик эсебин жана отчеттуулугун жүргүзүүнү мэриянын башкы бухгалтери ишке ашырат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2008-жылдын 10-октябрындагы N 573 токтому менен бекитилген

Райондук кеңештердин аппараттарынын
ТИПТҮҮ ТҮЗҮМҮ ЖАНА ШТАТТЫК САНЫ

N п/п	Кызматтардын аталышы	Штаттык бирдиктердин саны
1	Жооптуу катчы	1
2	Башкы адис	1
3	Жетектөөчү адис	1
	Бардыгы	3

Эскертүү. Райондук кеңештин чечими менен иш кагаздарын жүргүзүүчү катчынын бир штаттык бирдиги, кызматтык автомобиль болсо - айдоочунун бир штаттык бирдиги киргизилиши мүмкүн.

Райондук кеңештин бухгалтердик эсебин жана отчеттуулугун жүргүзүүнү райондун мамлекеттик администрациясынын башкы бухгалтери ишке ашырат.

Бишкек шаары, Өкмөт Үйү
2009-жылдын 19-июну N 386

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ
"Жайыттар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын
Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу

"Жайыттар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3 жана 6-беренелерине ылайык, жайыттарды башкаруу, пайдалануу жана жакшыртуу системасын өркүндөтүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Жайыттардын чек араларын белгилөө боюнча мамлекеттик комиссия тиркемеге ылайык курамда түзүлсүн.

2. Төмөнкү тиркелгендер бекитилсин:

- Жайыттардын чек араларын белгилөө боюнча мамлекеттик комиссия жөнүндө жобо;

- Жайыттардын чек араларын белгилөө боюнча облустук жумушчу топтор жана жергиликтүү комиссиялар жөнүндө жобо;

- Жайыт пайдалануу үчүн акы төлөөнү белгилөө тартиби жөнүндө типтүү жобо;

- Жайыт билетинин типтүү формасы.

3. Жергиликтүү мамлекеттик администрация башчылары бир айлык мөөнөттө жайыттардын тышкы чек араларын белгилөө боюнча жергиликтүү комиссияларды түзүшсүн.

4. Кыргыз Республикасынын райондорунун жана облустарынын мурдагы колхоз жана совхоздоруна узак мөөнөттү пайдалануу берилген (1999-жылдын июнуна чейин), башка райондордун жана облустардын администрациялык аймагында жайгашкан жайыт участоктору мындан ары жайыттардын чек араларын белгилөө боюнча иштер аяктаганга чейин ошол райондордун жана облустардын карамагында калаары белгиленсин.

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 4-июнундагы N 360 "Жайыттарды ижарага берүүнүн жана пайдалануунун тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 1-пунктун экинчи-төртүнчү абзацтары алып салынсын;

- 2-5-пункттар күчүн жоготту деп табылсын;

- аталган токтом менен бекитилген Жайыттарды ижарага берүүнүн жана пайдалануунун тартиби жөнүндө жобо, мал чарбачылык багытындагы чарбакер субъекттер үчүн жайыт участокторун ижаралоо жөнүндө келишимдин формасы, башка максаттар үчүн жайыт участокторун ижаралоо жөнүндө келишимдин формасы күчүн жоготту деп табылсын.

6. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

7. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын агроөнөр жай комплекси жана жаратылышты пайдалануу бөлүмүнө жүктөлсүн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2009-жылдын 19-июнундагы N 386 токтому менен бекитилген

Жайыттардын чек араларын белгилөө боюнча
мамлекеттик комиссиянын
КУРАМЫ

Кыргыз Республикасынын айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министри, Мамлекеттик комиссиянын төрагасы;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча мамлекеттик агенттиктин директору, Мамлекеттик комиссиянын төрагасынын орун басары.

Мамлекеттик комиссиянын мүчөлөрү:

Кыргыз Республикасынын айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министринин орун басары;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо

жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттиктин директорунун орун басары;

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча улуттук агенттигинин директорунун орун басары (макулдашуу боюнча);

Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигинин Жайыттар департаментинин директору;

"Кыргызгипрозем" жер жайгаштыруу боюнча Кыргыз мамлекеттик долбоорлоо институтунун директору.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2009-жылдын 19-июнундагы N 386 токтому менен бекитилген

Жайыт билетинин
ТИПТҮҮ ФОРМАСЫ

_____ АВ
000001 айыл өкмөтү, район

ЖАЙЫТ БИЛЕТИ N _____
20____жылга

Аты-жөнү _____
(Жайыт пайдалануучу)
Берилген күнү: 20___жылдын "____" _____
Жайыттар: кышкы _____
жазгы _____
жайкы _____
күзгү _____
Маршрут 1) _____
2) _____
3) _____

Жайытка чыккан мал башынын саны жана
малды вакцинациялоо жөнүндө маалыматтар

Малдын түрү	Саны	1 мал	Сумма (сом)	Малды вакцинациялоо
	башына акы төлөө (сом)		жөнүндө маалыматтар	
Уй				

Топоз	
Кой-эчки	
Жылкы	
Бардыгы:	

Сумма: _____

Жазуу менен

Жайытты пайдаланганы үчүн акы төлөгөндүгү жөнүндө квитанция тиркелет.

Аянты _____ га болгон жогоруда аталган жайыттарга _____ баш сандагы мал жаюуга уруксат берилет.

М.О. Жайыт комитетинин төрагасы: _____

_____

Аты-жөнү

М.О. Айыл өкмөтүнүн башчысы: _____

_____

Аты-жөнү

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2009-жылдын 19-июнундагы N 386 токтому менен бекитилген

Жайыттардын чек араларын белгилөө боюнча
облустук жумушчу топтор жана жергиликтүү
(райондук) комиссиялар жөнүндө
ЖОБО

1. Облустук жумушчу топ Мамлекеттик комиссия тарабынан жайыттардын чек

араларын белгилөө боюнча маселелерди чечүү үчүн түзүлөт.

2. Облустук жумушчу топ өзүнүн ишин "Жайыттар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын башка нормативдик укуктук актыларына, ошондой эле ушул Жобого ылайык жүзөгө ашырат.

3. Облустук жумушчу топтун курамы 7 адамдан кем эмес болуш керек, ага облустун мамлекеттик администрация башчысынын тиешелүү орун басары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча мамлекеттик агенттиктин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттиктин, Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана кайра иштетүү министрлигинин райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктарынын өкүлдөрү кирет.

4. Облустук жумушчу топтор төмөнкүлөргө ыйгарым укуктуу:

- жергиликтүү (райондук) комиссиялар чече албаган, жайыттардын чек араларына таандык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы талаш-тартыштарды кароого;

- Мамлекеттик комиссияга жергиликтүү (райондук) комиссия тарабынан аныкталган жайыттардын чек араларын белгилөө боюнча материалдарды берүүгө;

- Мамлекеттик комиссия тарабынан жүктөлгөн башка ыйгарым укуктарды ишке ашырууга.

5. Жайыттардын чек араларын белгилөө боюнча жергиликтүү (райондук) комиссиялар райондордун мамлекеттик администрациялары тарабынан 7 адамдан кем эмес санда түзүлөт, анын курамына төмөнкүлөр кирет:

жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ар бир чектеш аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу-тескөө органынын башчысы;

райондун тиешелүү аймагында иш жүргүзгөн жайыт пайдалануучулар бирикмесинин өкүлдөрү;

айыл округдарынын жер жайгаштыруу боюнча адистери;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча мамлекеттик агенттиктин жер жайгаштыруу боюнча райондук башкармалыгынын тиешелүү адистери.

6. Жергиликтүү (райондук) комиссиялар райондордун чектеш аймактарынын жайыттарынын чек араларын белгилөө боюнча талаш маселелерди чечүү үчүн райондордун чектеш мамлекеттик администрацияларынын биргелешкен чечими менен түзүлөт.

7. Жайыттардын чек араларын белгилөө боюнча жергиликтүү (райондук) комиссия өзүнүн ишинде "Жайыттар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын башка нормативдик укуктук актыларын, ошондой эле ушул Жобону жана "Кыргызгипрозем" жер жайгаштыруу боюнча Кыргыз мамлекеттик долбоорлоо институту иштеп чыккан сунуштарды жетекчиликке алат.

8. Жергиликтүү (райондук) комиссиялар төмөнкүлөргө ыйгарым укуктуу:

- жайыттардын чек араларын белгилөөгө жана Мамлекеттик комиссиянын бекитүүсүнө берүүгө;

- жайыттардын чек араларына тиешелүү жайыт пайдалануучулардын ортосундагы талаш-тартыштарды каттоого;

- айыл округунун жайыттарынын чек араларын аныктоо менен байланышкан

башка ыйгарым укуктарды ишке ашырууга.

9. Жергиликтүү (райондук) комиссиянын уюштуруу, методикалык жана башка жактан камсыздоо иштери тиешелүү райондун мамлекеттик администрациясы тарабынан жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2009-жылдын 19-июнундагы N 386 токтому менен бекитилген

Жайыттарды пайдалануу үчүн акы белгилөө тартиби жөнүндө
ТИПТҮҮ ЖОБО

1. Жалпы жоболор
2. Мал башы үчүн акы төлөөнү аныктоо тартиби
3. Жайыттарды пайдалануу үчүн кирешелерди бөлүштүрүү

1. Жалпы жоболор

1. Жайыттарды пайдалануу үчүн акы белгилөө тартиби жөнүндөгү ушул типтүү жобо (мындан ары - Жобо) "Жайыттар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине ылайык иштелип чыккан жана мамлекеттик менчиктеги жайыттарды (мамлекеттик токой фондунун жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын жайыттарынан тышкары) пайдалануу үчүн акы белгилөө тартибин аныктайт.

2. Жобо жайытка кирүүгө уруксат берилген малдын санына жана түрүнө жараша жайыт пайдалануу үчүн акы белгилөөдө бирдиктүү мамилелерди түзүүгө багытталган.

3. Жайыт пайдалануу үчүн акы төлөөнүн өлчөмү жайыттын аянт бирдигинин оптималдуу жүктөмүн, алардын инфраструктурасынын абалын, ошондой эле алардын продуктуулугун, алыс жайгашкандыгын жана башка факторлорду эске алуу менен жыл сайын белгиленет жана жайыт пайдалануу боюнча ар жылдык пландарга киргизилет жана тиешелүү жергиликтүү кеңештер тарабынан бекитилет.

4. Жайыт жерлерин пайдалануу укугуна акынын өлчөмү жыл сайын ар бир жайыт системасы үчүн жана жайыт пайдалануунун ар бир түрүнө жараша жер салыгынын базалык ставкасынан төмөн эмес белгиленет.

2. Мал башы үчүн акы төлөөнү аныктоо тартиби

1. Мал башы үчүн акынын өлчөмүн аныктоо төмөнкү этаптардан турат:

Биринчи этап. Жайыт комитети жергиликтүү Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин башкаруусуна өткөрүп берилген айыл округунун жалпы жайыт аянтын аныктайт (түшүндүрмө эскертүүдө берилген).

Экинчи этап. Жайыт комитети Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин мүчөлөрү жана айылдык кеңеш менен макулдашуу боюнча жайыттарды пайдалануудан түшкөн кирешенин жалпы суммасын аныктайт. Кирешенин суммасы Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин кирешеге болгон муктаждыгын, айыл өкмөтүнүн бюджетин,

жайыттардын кирешелүүлүгүнүн финансы-экономикалык көрсөткүчтөрүн жана финансылык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша жайыт пайдалануучулар үчүн акы төлөө мөөнөтүнүн кабыл алгылыктуулугун эске алуу менен аныкталат. Кирешенин суммасын аныктоодо төмөнкүлөр эске алынат:

- жайыттарды жана алардын инфраструктурасын кармоого жана башкарууга кеткен сарптоолор (жолдор, мал айдап өтүүчү жолдор, көпүрөлөр, сугаруучу жайлар, сууга чөмүлтүүчү бактар ж.б.);

- Жайыт комитетинин операциялык чыгымдары.

Кирешенин суммасы бардык чогултулган максаттуу кирешени түзүү аркылуу же максаттуу кирешени гектарга келтирүү жана аны жайыттын жалпы аянтына көбөйтүү жолу менен аныкталышы керек (аныктама эскертүүдө берилген).

Үчүнчү этап. Жайытка киргенге уруксат берилген ар түрдүү малдын санын мал ээлеринен жана фермерлерден келип түшкөн бардык билдирмелерди эсептөө аркылуу аныктоо.

Төртүнчү этап. Ар түрдүү малдын санын "мал башынын шарттуу санына" айландыруу малдын ушул түрү жайыт тоюттарын тиешелүү керектөөсүн эске алуу менен аныкталат. Бодо мал жана топоздор үчүн чоң жана жаш малга ажыратуу сунушталат. Кой-эчкинин козу-улактары эсепке алынбайт. Малды "Мал башынын шарттуу санына" айландырып эсептөөнүн төмөнкүдөй коэффициенттери боюнча жүргүзүлөт:

Малдын түрү	Шарттуу саны
Чоң бодо мал/топоздор	1
Жаш бодо мал/топоздор	0,7
Кой-эчки	0,2
Жылкы, эшек	1
Төө	1

Жалпы "мал башынын шарттуу саны" жайыттын оптималдуу жүктөмүнөн ашык болсо жайыт комитети Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин мүчөлөрү менен макулдашылган жол-жоболорду колдонуу менен мал жаюуга уруксат берилген малды чектөөгө милдеттүү.

Бешинчи этап. Жайыт пайдалануу үчүн "мал башынын шарттуу саны" боюнча төлөмдүн өлчөмүн аныктоо (аныктама эскертүүдө берилген).

Алтынчы этап. Малдын түрү боюнча жайыты пайдалануу үчүн төлөмдү кайра эсептөө (кайра эсептөө эскертүүдө берилген).

2. Төлөмдүн көрсөтүлгөн суммасы жайыт сезонунун бардыгына төлөнөт (малчыларга акы төлөөнү эске албастан).

3. Жайыттарды пайдалануу үчүн кирешелерди бөлүштүрүү

1. Жайыттарды пайдалануу үчүн акы төлөө жайыт комитети тарабынан жыл сайын аныкталат, жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилет жана жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планында көрсөтүлөт.

2. Жайыттарды пайдалануу үчүн акынын жайыт комитетинин үлүшүн түзүүчү бөлүгү жайыт жана жайыт инфраструктурасын кармоого, жакшыртууга жана өнүктүрүүгө жумшалат.

3. Жайыттарды пайдалануу үчүн акынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун үлүшүн түзүүчү бөлүгү жергиликтүү бюджетке багытталат.

Эскертүү:

1. Мисалы, айыл округунун жалпы 12641 гектарга барабар болгон жайыт жери бар.

2. Жайыт комитети болгон 12641 гектар жайыт жеринен 200000 (эки жүз миң) сом алууну пландаштырууда, башкача айтканда ар бир гектардан 16 сомдон.

3. Мисалы, жайыт жерлерге чыгарылуучу малдын саны:

- чоң бодо мал жана топоздор - 716 баш;
- жаш бодо мал жана топоздор - 523 баш;
- кой жана эчки - 4872 баш;
- жылкы - 262 баш жана төө - 9 баш.

4. Малдын түрүн "мал башынын шарттуу санына" айландыруу төмөнкү схема боюнча аныкталат:

Малдын түрү	Саны	Кайра эсептөө коэффициенти	Мал бирдиги
Чоң бодо мал/топоздор	716	1	716
Жаш бодо мал/топоздор	523	0,7	366
Кой-эчки	4872	0,2	974
Жылкы, эшек	262	1	262
Төө	9	1	9

Жайытка чыгарылуучу "мал башынын шарттуу саны" 2328 башты түздү.

5. Жайыт пайдалануу үчүн төлөмдүн өлчөмү кошулган максаттуу кирешени "мал башынын шарттуу санына" бөлүү аркылуу аныкталат. Кайра эсептөөдө бар "шарттуу мал" үчүн төлөмдүн өлчөмү 86 сомду түзөт.

6. Жайыт пайдалануу үчүн малдын түрлөрү боюнча төлөмдү кайра эсептөө жайыт пайдалануу үчүн төлөмдү "шарттуу малдын" коэффициентине көбөйтүү аркылуу төмөнкүдөй схема боюнча жүргүзүлөт:

Малдын түрү	Шарттуу саны	Жайыт пайдалануу үчүн төлөм
"Шарттуу мал"	1	86
Чоң бодо мал/топоздор	1	86
Жаш бодо мал/топоздор	0,7	60
Кой-эчки	0,2	17
Жылкы, эшек	1	86
Төө	1	86

Бишкек шаары, Өкмөт Үйү
2007-жылдын 23-октябры N 514

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ
Түрткү берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен каржылоонун тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу

"Бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 35-статьясына ылайык Кыргыз Республикасында түрткү берүүчү (үлүштүк) гранттарды бөлүштүрүү тартибин өркүндөтүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Түрткү берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен каржылоо тартиби жөнүндө тиркелген жобо бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги түрткү берүүчү (үлүштүк) гранттардын аталган механизмин киргизүү боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү уюштурсун.

3. "Түрткү берүүчү (үлүштүк) гранттардын механизмин киргизүү боюнча чаралар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 27-сентябрындагы N 614 токтому күчүн жоготту деп табылсын.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын финансы жана кредит саясаты бөлүмүнө жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жүктөлсүн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2007-жылдын 23-октябрындагы N 514 токтому менен бекитилген

Түрткү берүүчү (үлүштүк) гранттардын
эсебинен каржылоо тартиби жөнүндө
ЖОБО

1. Жалпы жоболор жана аныктамалар
2. Максаттар жана милдеттер
3. Долбоорлорду даярдоо процесси
4. Консультациялык жана маалыматтык кызматтар
5. Долбоорлорду тандап алуу
6. Грант берүүнүн тартиби
7. Грантты пайдалануу боюнча контроль жана отчеттуулук

Бул Жобо "Кыргыз Республикасында бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык иштелип чыккан.

1. Жалпы жоболор жана аныктамалар

Түрткү берүүчү (үлүштүк) грант - бюджеттик каражаттарды, мамлекеттик артыкчылыктуу программалар жана долбоорлор боюнча каражаттарды натыйжалуу

чыгымдоого түрткү берүү, жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин көбөйтүү жана жергиликтүү киреше булактарын алда канча толук мобилизациялоо максатында республикалык бюджеттен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына акысыз, кайтарымсыз жана конкурстук негизде берилүүчү трансферттер.

Капиталдык чыгымдар - негизги капиталды алууга (сатып алуу, КУРУУ) негизги каражаттарды реконструкциялоого, техникалык кайра жабдууга, капиталдык өндоого чыгымдар.

Инвестициялык долбоор (мындан ары - долбоор) - капиталдык чыгымдардын социалдык-экономикалык максатка ылайыктуулугун, көлөмүн жана ишке ашыруу мөөнөтүн, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана белгиленген тартипте бекитилген стандарттардын тартибине (нормаларга жана эрежелерге) ылайык иштелип чыккан керектүү долбоордук-сметалык документтердин негиздемеси, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги бекиткен Долбоорлорду даярдоо жана баалоо боюнча нускамасына ылайык аткарылган жана ар кандай жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары жана аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары тарабынан түрткү берүүчү (үлүштүк) гранттарды алуу үчүн бериле турган инвестицияларды өздөштүрүү боюнча практикалык иш-аракеттердин баяндамасы.

Арыз берүүчү - түрткү берүүчү (үлүштүк) гранттарды алууга долбоор (билдирме) берген, ар кандай жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы жана аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органы.

Грант алуучулар - түрткү берүүчү грант алууга долбоору тандоодон өткөн, ар кандай жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы жана аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органы.

Грант алууга макулдашуу - грант алуучу менен грант берүүчү тарабынан кол коюлган, грант берүүнүн шарттары жөнүндөгү документ.

Бюджеттик камсыздуулук - бир жашоочуга эсептелген кирешелер көлөмү, ал тийиштүү аймактын экономикалык өнүгүшүнүн деңгээлине негизденип, бир жашоочу эсептелген бюджеттик кызмат көрсөтүүнүн наркына таасир тийгизүүчү калктын катмарындагы айырмачылыктарды, социалдык-экономикалык, климаттык, географиялык жана башка объективдүү факторлорду жана шарттарда эске алуу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын бюджети тарабынан алынышы ыктымал.

2. Максаттар жана милдеттер

Түрткү берүүчү (үлүштүк) гранттарды түзүүнүн булагы республикалык бюджеттин каражаттары, ошондой эле эл аралык уюмдардын гранттары болуп саналат.

Түрткү берүүчү (үлүштүк) грант (мындан ары - грант) аймактардын турмуш-тиричилигин камсыз кылуу системасын калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча артыкчылыктуу долбоорлорду каржылоого, муниципалдык ишканаларды, билим берүү, саламаттык сактоо, маданият, турак жай-коммуналдык, айыл жана суу чарбасы мекемелерин жана башка объекттерди калыбына келтирүүгө жана өнүктүрүүгө жумшалат.

Гранттар тең каржылоо, жергиликтүү бюджеттердин эл аралык финансылык

институттар, донорлор жана ӨЭУлар каржылаган долбоорлордун мобилизацияланган ресурстарына толуктоо түрүндө берилет.

Артыкчылыктуу долбоорлорго элет жериндеги алыскы райондордун калктуу конушунун көпчүлүк тургундары үчүн жеткиликтүү болгон объекттерди реабилитациялоо боюнча инвестициялык долбоорлор кирет, ал төмөнкүдөй тартипте:

- мектептер;
- мектепке чейинки уюмдар;
- медициналык мекемелер;
- коммуналдык чарба объекттери;
- маданият объекттери;
- спорттук комплекстер менен жайлар.

3. Долбоорлорду даярдоо процесси

Грант алуу үчүн билдирме арыз берүүчүнүн аманат өлчөмдөрүн көрсөтүү менен берилет. Курулуштары бүтпөгөн объекттер боюнча аткарылган иштердин актылары, төлөм тапшырмалары жана кошумча каражаттарды алуу жөнүндө зарыл документтер берилүүгө тийиш.

Арыз берүүчү долбоордун жалпы суммасынан 10 дон 60 %га чейинки өлчөмдө долбоорду жүзөгө ашырууга өз салымын салууга милдеттүү, анын ичинен кеминде 50 пайызы акчалай каражат, калганы материалдар же эмгек ресурстары түрүндө болууга тийиш. Арыз берүүчүнүн салымы долбоорду жүзөгө ашырууга тийиштүү топтор боюнча (республикалык, облустук, райондук маанидеги шаарлар жана айыл өкмөттөрү) орточо көрсөткүчтөн алынган пайызда жергиликтүү башкаруу органынын бир тургунуна эсептелген бюджеттик камсыздуулуктун деңгээлин эсепке алуу менен аныкталат.

Бюджеттик камсыздуулуктун деңгээли 300 пайыз жана андан жогору болсо - арыз берүүчүнүн салымы кеминде - 60 пайыз; 100 пайыздан 300 пайызга чейин болсо - арыз берүүчүнүн салымы кеминде 20 пайыздан 60 пайызга чейин; бюджеттик камсыздуулуктун деңгээли 100 пайызга жетпесе (дотациялык регион болсо) - салым 10 пайыздан 20 пайызга чейин.

Бюджеттик камсыздуулуктун деңгээли Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан аныкталат.

Берилген билдирмелер Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин (мындан ары - Комиссия) тарабынан тиешелүү каттоо номерин ыйгаруу менен түрткү берүүчү (үлүштүк) грантты алуу долбоорлорун каттоо формасына ылайык катталат.

Грантты алуу долбоору Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги бекиткен Долбоорлорду даярдоо жана баалоо боюнча нускаманын талаптарына ылайык таризделет жана Комиссияга документтердин зарыл топтому менен берилет.

Зарыл учурда Комиссия Арыз берүүчүдөн кошумча маалыматты жана документтерди талап кылууга укуктуу.

Долбоорлорду даярдоо жана баалоо боюнча нускама, райондук жана облустук комиссиялардын, түрткү берүүчү (үлүштүк) грантты алууга билдирмелерди кароо боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Комиссиясынын курамы жана иши жөнүндө жобо Кыргыз Республикасынын финансы министринин

буйругу менен бекитилет.

4. Консультациялык жана маалыматтык кызматтар

Арыз берүүчүлөргө каражаттарды алуунун жана алынгандарды пайдалануунун жол-жоболорун түшүндүрүү боюнча жардамдашууну, окутуучу тренингдерди жана семинарларды өткөрүүнү, ошондой эле долбоорду ишке ашыруунун бардык этаптарында маалыматтык колдоону жана контролдоону Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин атынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Экономиканы өнүктүрүүнүн мамлекеттик фонду жана эл аралык уюмдардын өкүлчүлүктөрү жүргүзүшөт.

5. Долбоорлорду тандап алуу

Райондук жана облустук комиссиялардын иштеринин натыйжалары боюнча түрткү берүүчү (үлүштүк) грант формасында долбоорлорду тең каржылоого ресурстарды бөлүү жана тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын каражаттарынан алынган анын көлөмдөрү жөнүндө чечим протокол түрүндө алынат.

Эгерде долбоор бүтө элек курулуш менен байланыштуу болсо, инвестицияларга керектөөлөрдү тартылган булактардан каржылоону эсепке алуу менен бюджеттик жылга пландашылган бүтө элек иштердин көлөмүнө айкын баа берүү менен бекемделиши зарыл.

Долбоорду тең каржылоо документтер (аткарылган иштер жана чыгымдардын наркынын маалымкат, аткарылган иштерди кабыл алуу жөнүндө актылар, төлөм тапшырмалары, башка инвесторлор тарабынан талап кылынган көлөмдө которулган каражаттардын алынышы жөнүндө башподрядчынын (подрядчынын) эсебинен көчүрмөлөр) берилгенден кийин жүргүзүлөт. Долбоор жамааттык уюмдар тарабынан төгүлгөн взносторду ырастаган милдеттенме каттар менен коштолууга, ошондой эле объектини эксплуатациялоонун каржылоо жана андан ары башкаруу пландарын камтууга тийиш.

6. Грант берүүнүн тартиби

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Комиссиясы тарабынан долбоорлордун тизмеси тандоодон жана бекитүүдөн өткөндөн кийин Грант алуучу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Экономиканы өнүктүрүүнүн мамлекеттик фондуна акчалай аманаттын өз үлүшүнүн эсебинде каражаттын болушу жөнүндө банктан көчүрмөнү берет.

Комиссиянын чечиминин натыйжасы боюнча Грант алуучу менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Экономиканы өнүктүрүүнүн мамлекеттик фондунун ортосунда Грант алууга макулдашуу түзүлөт.

Республикалык бюджеттен бөлүнүүчү түрткү берүүчү (үлүштүк) гранттын максималдуу суммасы бир долбоорго 1,5 млн. сомду түзөт.

Грант алуучу өз аманатын өздөштүргөндөн жана аткарылган иштердин көлөмү ырасталгандан кийин Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казначылыгы подрядчылар менен эсептешүү үчүн каражатты которот.

Суралган суммага жана талап кылынган көлөмгө ылайык, грант долбоордун тибине жараша бөлүктөр менен берилет. Каржылоонун айрым бөлүктөрү Макулдашууга ылайык долбоордун иш жүзүндө аткарылышы боюнча отчет Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Экономиканы өнүктүрүүнүн мамлекеттик фондуна тапшырылгандан кийин берилет.

7. Грантты пайдалануу боюнча контроль жана отчеттуулук

Түрткү берүүчү (үлүштүк) гранттын эсебинен Грант алуучу жүргүзгөн иштердин жүргүзүлүшүнө контроль Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Экономиканы өнүктүрүүнүн мамлекеттик фондуна жүктөлөт. Грант алуучунун эсебине келип түшкөн жана 2 айдын ичинде пайдаланылбаган каражаттар Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казначылыгы тарабынан чакырылып алынат.

Иштер аяктагандан кийин Грант алуучулар төмөнкүлөрдү даярдайт жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Экономиканы өнүктүрүүнүн мамлекеттик фондуна жиберет:

- корутунду финансылык отчетту, ал эсептеги каражаттар жөнүндө банктагы көчүрмөсүн, аткарылган иштерди кабыл алуу жөнүндө актыларды, акча каражаттардын кыймылы жөнүндө маалымкатты, сатылып алынган товарларга, кызмат көрсөтүүлөргө эсеп-фактураны жана башка зарыл документтерди камтыйт;
- аткарылган иштер жана чыгымдардын наркынын маалымкатын.

Объекттерди кабыл алууну Мамлекеттик кабыл алуу комиссиясы жүргүзөт, анын курамы " Курулушу аяктаган объектилерди пайдалануга кабыл алуу. Негизги жоболор" КР 12-03-00 СНиПи менен аныкталат. Объектини кабыл алуу актысынын бир нускасы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине берилет.

Ушул Жобонун шарттары аткарылбаган жана объекттер боюнча иштерди аткарууну текшерүүнүн убагында тартип бузуулар аныкталган учурда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Макулдашууну бузууга, төлөмдөрдү токтотууга жана Макулдашууну бузуучудан пайдаланган акча каражаттардын ордун толтурууну талап кылууга укуктуу.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Экономиканы өнүктүрүүнүн мамлекеттик фондунун адистери төмөнкүлөргө текшерүүлөрдү жүргүзүшөт:

- объекттерди курууга же реконструкциялоого бөлүнгөн каражаттарды пайдалануунун максаттуу багытталышына;
- Грант алуучунун билдирмесине жана Макулдашууга ылайык белгиленген иш-чаралардын аткарылышына.

Объектиде аткарылган иштердин сапатына, алардын долбоорлоо-сметалык документтерге шайкештигине контроль жана алынган үлүштөрдү максаттуу пайдалануу үчүн жоопкерчилик объектин курулушунун заказчысына (Грант алуучу) жүктөлөт.

Зарыл учурда Грант алуучу техникалык көзөмөлдү жүргүзүү үчүн тийиштүү ишмердик түрүнө укугу бар адис-куруучуларды келишимдик негизде долбоорлордун сметаларында ушул максатка каралган каражаттардын эсебинен же Грант алуучунун башка булактарынын эсебинен акы төлөө менен тартуусу мүмкүн.